


Жээнбай Түрк
Күлөнбек уулу

# ТООП





**Жээнбай Түрк КҮЛӨНБЕК уулу** – 1949-жылы 5-февралда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу ордоцүнүн Күркүрө-Кайыңды ороонундо зергердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1962-жылы эле «Кышкы кеч» аттуу алгачкы ырын жазып, А.С.Пушкиндин, С.А.Есениндин ырларын кыргызчалап, поэзия дүйнөсүнө кадам таштайт. Орто мектепти аяктаганга чейин, 1966-жылы ырларынан, аңгеме, повестинен турган чакан жыйнагын даярдап койгон.

Жээнбай Түрк Күлөнбек уулу эмгек жолун Жети-Өгүз райондук социалдык камсыздоо бөлүмүндө инспекторлук кызматты аркалоодон баштап, 1968–1970-жылдары аскердик кызматын өтөйт. 1970–1971-жылдары граждандык коргонуунун райондук штабынын начальниги, Ысык-Көл областтык социалдык камсыздандыруу башкармалыгынын башкы ревизор-инспектору, комсомолдун баштапкы уюмунун секретары кызматтарында иштейт. Айылдык Кеңешке депутат, соттун заседатели болгон.

1971-жылы облустун «Ысык-Көл правдасы» гезитинин кабарчысы болуп иштөө менен публицистика жаатында эмгектенүүсүн баштайт. Ошол эле жылы Пржевальск пединститутунун орус тили жана адабияты факультетине, үч жылдан кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетине өтүп, 1982-жылы аяктайт. 1993-жылдарга чейин Тоң райондук «Эмгекчил», Түп районунун «Эл үнү» (мурдагы «Коммунисттик эмгек»), кийин «Жети-Өгүз жаңылыгы», Ысык-Көл областтык «Ала-Тоо таңы» (азыркы «Ысык-Көл кабарлары») гезиттеринде бөлүм башчы, жооптуу катчы кызматтарында иштеген. 1993-жылдан тартып республикалык коомдук-саясый «Кыргыз руху», эл аралык «Заман Кыргызстан», «Дил», 2003-жылдан тартып өлкөбүздүн тунгуч «Кыргыз Туусу» гезитинин Ысык-Көл областы боюнча өз кабарчысы болуп иштөө менен кыргыз публицистикасынын майданында байсалдуу эмгектенип келет.

Жээнбай Түрк Күлөнбек уулу көп кырлуу калемгер – акын, жазуучу, публицист. Алгачкы, «Эки жолоочу» чыгармалар жыйнагы (аңгемелер, новелла, легенда) 1985-жылы, «Көз ирмем» (ырлар, 1998-ж.), «Асылым» (проза, 1999-ж.) китептери анын эки жанрдын бирдей чебери, дасыккан калемгер экенин ырастаган.

Ал эми кийинки жылдары жазган «Атамуун» романы, «Анастасия», «Жымжырт дүйнө», «Кайтпас жол» повесттери, «Кыргыз күндөлүгү» эсселер түрмөгү жана 2004-жылы ыр менен жазылган «Тагай бий» тарыхый драмасы авторду журчтулугубузга калбаат калемгер катары тааныткан.

Жээнбай Түрк 1982-жылдан тартып жаш калемгерлердин «Тескей күүлөрү», «Каркыра», Каракол шаарындагы Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин алдындагы «Закым» адабий ийримдерин уюштуруп, жетектеп, бир нече жыл Кыргызстан Жазуучулар союзунун Ысык-Көл областы боюнча жооптуу катчысы болуп иштеген мезгилинде жаш калемгерлерди өстүрүүдө, адабиятты пропагандалоодо өтөлгөлүү иштеди.

Ж.Түрк 1976-жылдан тартып СССР Журналистер союзунун, 1996-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.

Жээнбай Түрк Күлөнбек уулу

# ТООПИР

*Тандалмалар*



«Турар»
Бишкек 2009

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 96

**Күлөнбек уулу Жээнбай Түрк.**
К 96 Тоопир: Тандалмалар. – Б.: «Турар», 2009. – 352 б.

ISBN 978–9967–444–17–1

Автордун «Тоопир» жыйнагы «Проза: Аңгемелер» жана «Поэзия: Аура» аттуу эки китептен турат. Аларда автордун соңку мезгилде жазылган тандалма чыгармалары топтолгон.

Кыска, нускалуу аңгемелерде да, иргелген маржандай адеми ырларда да калемгердин жанотунан сыгылып чыккан адамдык орошон ой-дүйнөсү, улуттук дөөлөттөргө каныккан атуулдук ар-намыс, мекенчилдик, махабат сыяктуу түбөлүктүү темалар козголуп, жупуну, бирок өзүнө гана мүнөздүү көркөм сөз менен чебер баяндалат.

К 4702300100 – 09

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

© Күлөнбек уулу
Жээнбай Түрк, 2009.

ISBN 978–9967–444–17–1

# КАЙРАТМАН КАЛЕМДЕШИМ

Түбү ийги чыгармачылыктын түмөн түйшүктүү жолунда рухий да, турмуштук да жапачылыкта боз торгойдой арып-азганына карабай, узак жылдар бою анын ач-суугуна тиштене чыдап, болгондо да чыгармаларын басма-басылмаларда жарыялап, аз да болсо каниет алууга мүмкүндүгү кененирээк борбор калаадан алыс, элет жеринде жалгыз-жарымдап, күнүгө тынбай узанган калемгерлерибиз накта кайратмандар эмей эмне. Алардын турмуш оорчулугуна, чыгармачылыктын оор жүгүнө майышып, ал тургай сынып калгандары да болот. Алдына улам бийик да, узак да максат коюп, бөрү тилдүү калемин күнүгө жанып, курчутуп, кажыбай сапар улагандар гана акыры жеңиштин сересине жетпей койбойт. Ошондой, кайратман, бүгүн ооматка жетип тургандардын бири – калемдешим Жээнбай деп билемин.

Аны менен мындан отуз жылдай илгери, ал «Тескей кайрыктары» адабий ийримин уюштуруп, элеттик калемгерлерди жетектеп жатканында, мен Жазуучулар союзунун Ысык-Көл областы боюнча жетекчиси катары барып таанышкан элем. Ошондо эле Жээнбай проза менен поэзиянын, журналистиканын да кадыресе калыптанган чебери катары купулума толгон эле. Кийин анын республикалык, эл аралык гезиттердеги заманбап макалалары, жылдыздуу ырлары, акылгөй аңгемелери менен байма-бай таанышып жүрдүм. Өзү өзгөлөрдөй өнтөлөй чуркап, атак-наам кубалай арабөк китептерди үстөккө-босток чыгаруу-

га азгырылбаганы менен да өзгөчөлөнө алды. Аз болсо да саз жазууну көздөп, өз бийиктигин, өз СӨЗүн талбай изденди. Жалакайлык кылып айнып, чыгармачылык изденүүнүн таштак жолунда ташыркап кеткен жок. Жашоо-турмуштун, тагдыр-жазмыштын маңдайына жазып койгон көптөгөн оорчулуктарын да, чыгармачылыктын убайлуу жапачылыктарын да татыктуу жеңе алды. Акырында ийгилик жылоолоду. Чакан болсо да эки китеби чыгып (замандын, каражаттын каат мезгилинде), көптөгөн аңгеме, ырлары гезит беттеринде жарык көрүп, калбаат калемгер болгонунда токсонунчу жылдардын орто ченинде Жээнбайды кашкөй калемгерибиз Мурза Гапаров экөөлөп Жазуучулар союзуна сунуштадык. Дароо кабыл алынды. Көрсө, Мукебиз да анын алгачкы аңгемелер жыйнагына баш сөз жазып, кийинки чыгармачылыгына көз багып жүргөн экен. Демек, Жээнбай М.Гапаровдой кара сөз залкарынын алкоосуна арзыган. Андай батага бардык эле калемгерлер татый албайт.

Ж.Түрктүн акындык ак абийири, жазуучулук таза жандили ыр-дастандарынан да, аңгеме-драмасынан да ачык сезилип турат. Мейли, маржан сымал ырларындабы, же карапайым кара сөзүндөбү көкүрөк каккан курулай кыйкырык – пафостуулук, айгайлап «мен!» деп акылдуусунуп мактанмайы жок, жөнөкөй гана пенделик, бирок бийик ойлорун жупуну сөздөр менен жеткиликтүү айта билет. Турмуштагы урунттуу учурларды кыраакылык менен байкай билип, жан-дилге жугумдуу тил менен баяндап, кенен акыл тегеретип, окурманда жакшы ниет жаратпай койбойт. Адам баласын жакшылыкка үндөө, жалган дүйнө-жазмышка терең карап, көрпенделикке алдырбастан абийирди аттабай ак тутунуп, аруу жашоосуна шыпаа болуу калемгердин башкы парзы эмеспи. Жээнбай ошондой оро-шон ойлорго жан жолдош, эгедер акын, жазуучу. Демек, алган багыты ак, пир туткан дөөлөттөрү бийик, туура. Ага «Балжан», «Тоопир», «Анастасия», «Асылым», «Дулдул»

ж.б. аңгемелерин, «Ата жолу», «Кайран эл», «Насыйкат», «Мендей бардыр», «Уйкучу балама», «Сыр дүйнө» сыяктуу ырларын далил тартса болот. Калемгердин көпчүлүктү элдик дөөлөттөргө, улуттук уңгуга үндөөдөгү заманбап позициясына журтчулук 2004-жылы Каракол шаарындагы К.Жантөшев атындагы музыкалуу драма-театрында коюлган «Тагай бий» драмасында күбө боло алды.

Жашынан эле калем кармап көп түйшөлгөнү менен Жээнбай чыгармачылыкка, СӨЗгө өтө жоопкер, урматтоо менен мамиле жасаган калемгерлерден. Жашоо-турмуштун оомал-төкмөлөрүн, ар бир айткан аваздуу сөзүн жүрөгүнөн кызыл шоонадай өткөрүп, астейдил гана үн катат, эч кимге таңуулабайт. Кай бир акын сөрөйлөрдөй: «мен – акынмын!» деп көкүрөгүн муштабастан жөнөкөй, бирок чыгармачыл пенде катары сөз кудуретин чебер колдонуп, ой дүйнөсүн аяр ачкандыгы менен ал ар адамга жакын, түшүнүктүү. Ага китебин окуп, ой-дүйнөсүнө аралашкан окурман өзү күбө болор.

Айта кетүүчү нерсе – чыгармачылыктын поэзия, проза, публицистика өңдүү «үч китин» бирдей аркалагандар өтө сейрек. Ал эми аларды ийги да, түшүмдүү, туруктуу да бирдей алып кеткендер өтө чанда. Жээнбай Көл өрөөнүндөгү гана эмес, жалпы журтчулугубуздагы ошондой – орошон калемгерлердин алдыңкы катарында.

Ж.Түрк кийинки жылдары «Атамуун» романын, «Жымжырт дүйнө», «Кайтпас жол» повесттерин жазып бүтүп калган экен, сааты келгенде алар да жарык көрүп, колубузга тийип калар. Демек, калеми кадыресе такшалып, ойлору калың тартып, алдындагы далай дабандарга белсенип турган учуру экен. Тилектери кабыл болсун! Улуу СӨЗдү улаган көлдүк чыгаан манасчыларыбызды айтпаганда да кечээки эле Мукай, Касымалы, Түгөлбай, бүгүнкү адабиятыбыздын алдыңкы сабындагы Абдылда Белеков, Аман Саспаев, Омор Султанов, Эрнис Турсунов окшогон көлдүк калемгер агаларынын акылгөй сөзүн, кайратман калемин

каржалтпай учугун улап алар Жээнбайдай иниси бар экендигине канагат кылалык.

Алтымыш жашына артына келген «Тоопир» китеби Жээнбайдын чыгармачылыгына пир болуп, алгы иштерине ысык дем-кубат берсин.

***Орозобек АЙТЫМБЕТ,***
***Кыргыз Эл жазуучусу***

# ТООПИР

## I

## ПРОЗА

# ТООПИР

Ал түнү бою уктабады: оюна ар нерселер келет; чабалактайт, айласы кеткенде улам ордунан шашкалактап туруп барып, ашканадан «сеп» этип келет... кайра кыйналгансыйт. Жок дегенде, бир аз чырм этип алайын деп, өзүн өзү кыйнап көздөрүн жумат, болбойт. Жүрөгү алып учуп, көз алдына эмнелер гана келбеди. «Бул жалгыздыктан болсо керек?» – деп ойлоду. Чет мамлекетте он күнчө жүрсө: аны келинчеги күтүп атып, эртелеп алган жолдомосунун кезеги келип, «кечикпейин, артымдан келер» деген ойдо, бир күн мурда көлдөгү «Эколог» деген пансионатка өзү жалгыз кете бериптир.

«Даамы жагымдуу болгону менен бал татыгансып туруп, күчтүү неме го?» – деген ойго келди, четтен ала келген сырты коздолгон, жалпак бөтөлкөнүн түбүнө түшкөнүн эми байкап.

Башы деңгиреп, салмактанат. Таң атарга дагы кенен эки саатча убакыт бар экен. Таң сүрө электе жогорку органдагы досу Кулжабай өзү телефон чалмак. Тик учма, автомат… дегендерин экинин бири болуп жүргөн классташ жердеши Дардаң даярдамак. Бардыгын мындан жарым айча убакыт мурда эле макулдашып коюшкан.

«Чорти возми! Кой, чырм этип алайын» – деп кобуранып, бүкүлү бойдон, эч нерсе жамынбастан, атыры буруксуган мамык төшөгүнө кулады. Эртеңки казатын ойлой берип мээси чарчаганбы, же… жанагы жалпак бөтөлкөнүн жайгарганыбы, айтор, баягы бала кезинде-

гидей, башы жаздыгына тиери менен эле корулдаганга өттү…

… Бах! Эмне деген керемет!? Бишкектин чаң-чуң, кыжы-кужу менен уу-чуу көчөсү бир заматта көздөн кайым болду; алар, түбүнөн бери дапдаана көрүнгөн көк кашка көлдүн үстүндө баратышат. Учактын үнү деле билинбейт. Аппак куулардын жоон тобу алардын алдынан учуп өттү. Канаттары тим эле шуулдайт. Үстүндө үзүк-үзүк ак чууда булуттар каалгыйт. Жанатан өтө алыстай сезилген, чокулары асман тиреген акбаш тоолор эми улам жакындап, күн нуруна жалтыраган мөңгү-муздары даана көрүнө баштады. Тик учма ылдыйлаган сайын: аска-зоолордун боорлорундагы жылга-жыбыттардын арасынан кандайдыр бир сырдуу көк түтүн ийрелеңдеп, асманга созулуп келатты. Бадалдарды аралап кыбыр-сыбыр жандыктар жүргөнсүйт.

– Бул кай жер? – деп эки жагын каранды. Кулжабай менен Дардаң достору деле эчтемеден камаарабай, жыргап отурушат. Колдорунда таманы созулган узун-узун фужерлер. Ичинде кечээ өзү четтен ала келген балтатым, саргыч ичкилик мелт-калт. Анын жагымдуу жытын, кулкунду куйкалабай жылма кеткени менен, бал татып туруп, бир заматта бардыгын унуткарып бажактаткан күчүн айтып, биринен бири өтүп макташат.

Тигинде, ичи бошогон жалпак бөтөлкөсү чалкасынан түшүп жатат. Боорундагы чаптама, түстүү кагазына көзү түштү, тиштерин арсайтып, кыргыздын кадимки ак илбирси көздөрүнөн жалын чачып, тиктеп турган экен.

– Кудая тобо!? – деп жакасын кармангандай болду. Келме келтирейин деди эле, эмне дээрин билбей тили булдуруктады. – …Булар кайдан келип калышкан? Тигинде: эбак көздөрү бу дүйнөдөн өтүп кеткен чоң атасы менен чоң энеси, көп жылдар мурда Оогандан сөөгү келген айылдашы, ал эмес мындан бир эле жума мурда Кум-Төрдө зоодон учуп өлгөн кошунасы Абдукахар да жүрөт, сөөктөрү эбак

сонот болгон атасы менен энесин ээрчип. – Ой, оңбогур! – деп кыжынып койду. – Мас болуп алып, энесин эчен сабап, атасына да колу тийди эле, деле эчтеме болбогонсуп баратканын кара?!

Тигилерде: «Силер кайдан?» деген деле сөз жок; башынан аралашып кошо жүргөнсүп, «артыбыздан ээрчигиле?» дегенсип алдыга басышты. Артын караса, баягы эки досу дале калбай келатышат. Эч камаарашпайт, кызып алышыптыр го, өзү деле мастай темтеңдейт. «Аа, мен да кечээ бир жалпакты бошотподум беле» – деп күнөөсүн дароо мойнуна алды.

Алар болжолу көп эле жылга-жыбыттар менен караган-бутактарды аралап, зоокалуу бийик-бийик белдерди ашкандай болду, бир убакта кең жайык, көк шиберлүү айдыңга келишти. Чөбү белден буралат. Тоонун түркүн түс гүлдөрү суктанган көздөрдү биринен бирине ала качып, аңкыган жыттарга тойбой, эс-мас. Тигинде: мүйүздөрү он эки айры бугулар менен маралдар, өгүздөй-өгүздөй болгон аркар-кулжалар, жапайы эчки-текелер, татынакай элик-текелерин ээрчип, өз-өзүнчө үйүр тобун бузбай, бейкапар оттоп жүрүшөт.

Ушунча жашка келгени, мындай ажайып дүйнөнү алгач көрүп түгөтө албай, делдиреп калганбы, бир кезде аны белгисиз күчтүү колдор топтой томолотуп келип, кежигесинен темир кыпчуурдай илип, бийик секичеде отурган сакалчандын алдына алып барып, төмөн ныгырып тизе бүктүрдү.

– Чыныңды айт?! – деп кирилдеди, текемаарак бакылдаган чоочун үн, – буга чейин канча кайберен канына забын болдуң?!

– Ме…мен, – деп, актанганча болбой, жанагы колдойгон катуу колдор аны төбө чачынан мыкчып, жүзүн өйдө каратты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Заматта денесин ымыр-чымыр тер басып, муундары шалактап, каректери эки жакка тегеренип кетти: бет маңдайында мүйүзү кемин-

де эки кулач келген, кызгылт-куба сакалы киндигине жеткен сур теке отурат; азыр анын өпкө-боорун куушура сүзчүдөй акырайган көздөрүн канталатып.

Тумчугуп, деми кысыла баштады… Алыстан тынбай бирдемеси чырылдайт…

…Оонап, чалкасынан түшкөндө, элдир-селдир эсине келди. «Мен кайдамын? Бу өңүмбү же түшүмбү?» … Башы эңгиреп, денеси нылдай жер тартып, жабышкан көздөрүн дароо ачалбай бир топко жатты.

Көмкөрөсүнөн жаткан бойдон уктап, жаздыгына тумчугуп, боргулданып терден калганын, телефондун токтобой чырылдаганынан удаа эшиктин коңгуроосунан улам өз үйүндө жатканын далайда барып сезип, кыйналып ордунан туруп, сендиректей басып барып эшигин ачса, кечээ эле көлгө эс алууга кеткен деген колуктусу маңдайында аны муңайым тиктеп турат.

– И кайдан?

– Э, ботом! Жок дегенде өөп койсоң болбойбу, эрим өңдөнүп? Не магу…

Эри эми телефонго чуркады: – Да, ооба …и-и… уктап кетипмин …и-и-и… ой, кайдагы катындар… жапжалгыз болчумун… мына, аяшың азыр келип кирип атат, билбейм кайдан келгенин…

Келинчеги сырттан киргени тилин тартпады. Тигинин телефондон ким менен эмне жөнүндө сүйлөшкөнүнө маани деле бербеди. Бирок кийинки сөзүн угуп калды да, эрине атырылып бир тийди:

– Аңчылык-маңчылыгыңды токтот!

– Эмне болуп кетти анчалык?

– Азыр кийиктин бооз убагы, аларга тийүүгө болбойт, убал деп өзүң айтчу элең го? Же придумать этип атамбы?

– Аныңа ты права. Бирок бу сапар жалаң эркегин терип, тандап атабыз да.

– Какая разница!? Природаны зашищать кылбай эле адни браконьерлер чогулупсуңар да.

– Ии, кийик атып келген биз – браконьербиз, алардын этин деликатес деп тамшанып жеген – силер кимсиңер, я?! Же мен не правмынбы?

– Не надо! Мы адна сатана дечи, бирок бу сапар тилимди алып, тиги райондоруңдагы балдарыңа эле званить кылып койчу, кудай деп каалаганыңды өзүлөрү үйгө чейин жеткирип беришет, креслолору үчүн…

– Не угаваривай, жена? Убада кылып койдум. Безеленбечи просто…

– Как ишо безеленбейм. Жаман түш көрдүм. Беспокоится этип Иссык-Кульдан келбедимби, бир ночь араң чыдап…

– Э, койчу, сон-монуңду…

Телефон кайрадан шыңгырады. Бир гана ооз: «Макул, азыр мына чыгып атам» деген жооптордон кийин, үй ээси аялынын чолок жаш чыгарганына карабай, арыдан-бери кийинип, кечээтен камдап койгон сумкасын асынып, кылчайбастан сыртка аттап-буттап чыгып кетти.

Эшик алдында «Мерседес» күтүп турган экен, дароо учак жайга зымырашты. Жолдоката үч дос: анын түндө көргөн мистикалык шумдуктуу окуяларга айланган түшүн талкуулашып, шаардын четиндеги аэропортко жеткенче каткырышып, далайдан берки буктарын чыгарган тамашанын кучагында калышты. Ал жерде бардыгы алдын-ала убадалашкандай шайма-шай даярдыкта экен, алар жетери менен, ай-буйга келбей шашылыш жолго чыгышты. Тик учманы жеке басар ээлеген үчөө арадан анча деле көп убакыт өтпөй айтылуу Аркар-Тоонун ак мөңгүлүү чокуларын чарк айланып, жандуунун жүрөгүн титиреткен гүр-шар доошу менен, буга чейин топ-тобунан ажырабай бейжай жүргөн кайберендердин тамтыракайын чыгарып, бир тигил зоого, бир бул зоого корголотуп, алдастатты.

Аңчылыктын кумарына улам тереңдеп батып, сырткы дүйнөдөн ажырап, кандайдыр бир туңгуюкка житип баратканын байкабаган үчөөнүн колдорундагы тез атманын

тытыраганы мотордун күрүлдөгүнөн бирде угулса, көбүнчө угулбай, бу жарык дүйнөгө кайберен болуп жаралып калганына күнөөлүүдөй, аркар-кулжалары менен эчки-текелери аралашып, удургуп, ары-бери качкандарына да карабай, асмандан ажалдын «кара жамгыры» тынымсыз жаап, ак кар бетин кызыл канга боёп, тик учма тегерене берди.

– Болду… кайталы!? – деген учкучтардын кыйкырган-дарына жооп берилбеди. Тээ алыстан чубалган кара булуттун удургуп, тездик менен бери жылып келатканын байкаган учкуч:

– Тезинен кетпесек болбойт! Тоолорду туман басып баратат, – деп чебелектеди.

Азезилдей азгырма аңчылыктын кумары кызып алгандан кийин, ээлигип калган пендемдин көзү тирүүсүндө тойбос белем?! Кайберен болсо да, бу жарык дүйнөгө бир гана жолу келип-кетер алар сыяктуу жаныбар экендиги да үчөөнүн эсинен таптакыр чыгып кетиптир го?! Ок жеп бийиктен кулаган кийиктер сапырылган ак карлуу тозоңдо бубактанып тээ төмөнгө томолонуп-жумаланып, анан боштукта каалгыгансып учуп барып… «гүп-гүп» эткен дооштор бирде угулуп, бирде угулбай, тыбыраган караандар биринин артынан бири заматта көздөн кайым болуп атты.

Алдын ак чуудадай чубалган коюу туман басып келаткан шиш зоонун чокусунда жанатан бери жансыздай тикесинен турган, эки мүйүзү эки кулачтан кем эместей карт теке гана, көк буурул сакалын кычыраган аяздын сыдырым желине сеңселтип, түк ордунан жылбады.

– Кароол текени сулатмайын кетпейбиз!

– Кана, дорогой, поближе?!

– Ишо…ишо… давай-давай! – Үчөө тең учкучка буйрук бере кыйкырышат. Тик учма шиш чокуга эки жолу жакындап барды. Үчөө тең ок жаадырышты. Теке катып калгандай ордунан жылбайт. Мергендердин жандары кашайды. Тик учма жанагыдан да абыдан жакындап барып

калганда, сасыган жөө тумандан айлана таптакыр көрүнбөй калды Көз ирмемге келгенче, «түрс» эткен доош-тон кийин, ак туман арасынын кара-көк түтүн уюлгуп, анан кызыл жалын бүркков катуу жарылуудан тик аскалар бири-бирине кабыша түшкөндөй жаңырыкты ышкырган муздак шамал арсак-терсек зоокаларды аралап, алда-кайда алып жөнөдү.

Зоокага урунган катуу дооштон кийин, бу дүйнө бүтүп калгансып, жымжырттык өкүм сүрдү. Саңырсыган күйүк жыт сасык жөө туманга аралашып, туш-тушка быркыра-ган майда тетиктер адам канына боёлгон боюнча кызыл жалынга чулганып, каалгый терең капчыгайдын түп-күрүнө түшүп баратты…

*Сүйүү – адамдын канында,*
*ал – бир өмүргө барабар…*
(Автор)

# АСЫЛЫМ

Бала чагыбыз эсиңдеби, Асыл? Ал кез унутулбайт экен го… Эх! Эми ойлосом, мектептеги курактан өткөн жыргал жок экен.

Эстеп көрчү. Экөөбүз коңшу айылдын мектебинен барып окучу эмес белек. Анда жашоо-турмуштун бүгүнкүдөй тумандаган түйшүгү менен биздин эмне ишибиз бар: ой-санаабызда улам эртең боло турган сабактар, бат эле чоңойсок экен, бир окууга өтсөк, анан жомоктогудай сонун турмуш жөнүндө кыялданабыз.

Ошол, мектепти бүтөөр жылдын акыркы айларынын бири болсо керек. Экзамендер башталганча тоого барып келели деп, эртеңки келаткан дем алыш күнгө убадалаштык.

Ошондогу кубанганымды айтпа! Сабактардан кийин автобуска түшпөй талаа менен жөө келдим атайылап. Түпсүз кыялдарга баттым. Кыялымда кайда гана барып келбедим. Дүйнөнүн төрт бурчун калтырбай түгөл кыдырдым окшойт. А сен мени менен дайыма бирге жүрдүң. Мектепке барганда жалаң көз караш менен сүйлөшүп, бири-бирибизге кандайдыр бир жакындык бардай сезилгени болбосо, өзүнчө жолугуп сырдашканыбыз деле болгон эмес. А кыялымда көп учурда түшүмдө кадимкидей «сырдашып сүйлөшүп жүрчүмүн».

Үйгө түндүн бир оокумунда келдим. Көпкө уктай албадым. Сенин айылың тараптан бирөө чакырып жаткансыйт. Жүрөгүм алып учуп, кайдадыр дегдетет. Сага азыр кайра

баргым келди. Эсиме келе калганда: «... Эртең кезигебиз да...» – деп өзүмдү өзүм сооротом.

Ал күнү кыйналып атып кеч уктагандыкыбы, эртеси уктап калыптырмын.

Чочуп ойгонуп эшикке чуркап чыксам, күн эбак чыгып тыр. Бети-колумду чала-була ымдап алып, энемдин чай ич дегенине болбой, айылдын четиндеги тоого кетчү чоң жолду көздөй чуркадым.

Эмнеге шаштым экен... Сен, мен болжошкон жерге баргандан бир топ убакыт өткөндөн кийин гана келдиң. Дагы, мени күтүп калды го деп буту-бутума тийбей, энтигип чуркап келем.

...Тээ алыстан эле келаткан карааныңды адаттагыдай зыңкыя түптүз басканыңдан таанып, негедир жүрөгүм бир кызыктай туйлап-туйлап, булкуп алды. Эки бетим өзүнөн өзү албырып, ысып чыккансыды. Түндөгүдөй дегдедим.

Сен жалгыз эмес экенсиң. Карааның улам жакындаган сайын «Б» классындагы шакылдак атка конгон Шарый деген кара кызды даана тааныганда көңүлүм муздак суу сепкендей сууй баштады. «Аны эмнеге ээрчитип алган?!» – деп ичимден сага таарына түштүм. Бет маңдай келгенде ал күнөөңдү сезгендей озунуп салам бердиң. Эптеп оозумду кыбыраткан болдум.

Үчөөбүз ээрчишип жолго түштүк.

– Сен бизге таарынбачы, Жекин?

Шарый баягы класстагы көнүмүш адатындай шакылдабай басыңкы унчукту.

Катарлаша калганда кабак алдынан сага көз кыйыгымды салдым. Күнөөлүүдөй жер тиктеп баратыпсың.

– Сага эмнеге таарынмак элем...

– Асылга деле таарынбачы?!. – деп Шарый сени караганда, «булар дагы эмне дегени турушат?» деген ойдо ал экөөнү алмак-салмак тиктеп туруп калыптырмын.

–Чай ичпестен... шашып келсе, эми эле келип алып, дагы эмне дегени турасыңар я?!

– Уктап калсак эмне кылалы...

– Уктап !?. Мен дагы...

Үчөөбүз тең каткырып жибердик.

Тоодо чарбанын сүт-товар фермасы боло турган . Анда Асылдын эжеси саанчы болуп иштээрин укканым бар. Биздин ишенгенибиз да, күнүгө эртең менен эрте сүткө баруучу машинелер эле, эми минтип андан да кечигип, окшошконго жарашкан болуп ээрчишип келатпайбызбы, күнөө кимде экенин билбей.

Жанагы жер караткан таарынычтардын эми бири жок. Мектептеги күндөлүк адатыбызга кантип өтүп кеткенибизди өзүбүз да байкабай калыптырбыз. Класстагы окуяларды сөз талашып улам бирибиз бажырап айтып, талааны жаңырта каткырып, кубалашып ойноп кете бердик. Качан жетебиз менен ишибиз жок. Болжолу жолдун теңине жакындап калганда артыбыздан жолдун буртулдаган боз топурагын буруксутуп, асманга сапырып кичине көгүш автобус жете келди. Ичи толтура жаштар экен. Алар да дем алыш күнү тоого эс алганы баратышкан го?. Таң атпай ызы-чуу болуп ырдашкандардын катарына кошулдук.

Уй ферма күнү-түнү тынбай күрпүлдөп аккан тоо суусунун аркы өйүзүндөгү карагайлуу токойдун далдаасындагы көгөргөн өтөктө экенин билчү элем. Үчөөбүз көпүрөгө жете бергенде берки өйүзгө түшүп калдык. Түз барганда деле болмок. Бирок Асылдын эжеси мени көрсө эмне дейт эле...

Биз жанагинтип жеткенче күн түш болуптур. Карагайчердин калдайган канатынын алдына киргенде; мелтиреген жайлоонун жапжашыл ыраңы, жайдактагы ысыктан калкалаган салкындык менен буркураган жагымдуу жыт; бу жерге жеткенче талыкшый түшкөн дене-боюбузду бир сергитти бейм! Коктунун таманындагы жайкалган көк шиберге узун-туурабыздан суладык. Мен чалкамдан жатып алып асманды тиктейм. Экөөң шыбыраша калып, кыт-

кылыктап күлдүңөр. Анча маани бербедим. Ичимден жай дем алып, жанагы калыбымдан жазбай жата бердим.

Ал күнкү асман күндөгүдөн өзгөчө, боёп койгондой көпкөк болучу. Узун-узун апаппак булуттар ээрчишип, кайдадыр белгисиз жактарга билинер-билинбес жылып баратты. Аларды сыйкырдуу жомоктордогу кейипкерлерге окшоштурдум. Тигиндеги аралчада башына чоң таажы кийген, ак чууда сакалчан калдайган адамдын башы алдыдагы көк деңизди ойлуу да, сүрдүү да карап тургансыды.

– Жекин?!

Капысынан чыккан үндөн улам, жанатан берки кыялсүрөттөрүмдүн быт-чыты чыкты. Ордумдан тура калдым, ал сенин үнүң экен, Асылым. Шарый экөөң жана мен чалабула көргөн бет маңдайдагы жарчанын алдында турупсуңар.

– И, эмне болду?!

– Карачы, мобу зоону, – дедиң сен. Мындай ажайып, кооз ташты биринчи көрүшүм.

– Зоо мындан кадыр эсе бийик болот. Муну жөн гана жарча деп коюшат.

Мен деле көптү көргөн билермандарча сүйлөп койдум.

– Мейли, жарча болсо жарча. Бери чыкпайсыңбы?

– Ой, жигитке тунган экенбиз да. – Шарый шакылдак класстагы баягы көнгөн адатынча сайрай баштады. – Бу бизге караан болот экен десе, мунуң бир жетелетме торпок турбайбы, я, Асылжан?! Хи-хи-хи…

Сен жанагыдай курбуңа кошулуп шарактап кошо күлгөн жоксуң негедир.

Мен намыстангансып аттап-буттап бир заматта жаныңарга жетип бардым. Экөөң тиктешип калыпсыңар. Алмак-салмак карайм.

– Жаңылышасың! – дедиң, Шарыйды тикирее жекире тиктеп (мага дал ушундай сезилип кетти). – Биринчиден, Жекин сен үчүн эмес, мен үчүн келди. Экинчиден, эч качан айбанга теңебей жүргүн. «Өңгөлөрдөн өйдөсүнүп, кем-

сиңткен адам өзүнүн ички дүйнөсүнүн тайыздыгын билдирет» – деп атам айтчу эле…

Мен эмне дээримди билбей, ортоңордо элейип туруп калыпмын. Сенден мындай мамилени күтпөгөн курбуң туттугуп, буулугуп далайга дароо сөз таба албай… эки бети кызарып кетти. Сенин мындай жообуңа мен да аңтаң калдым. Анткени Шарый экөөңдүн достугуң тээ илгери, бармактай кезиңерден бери келаткандыгын көп эле жолу уккамын.

– Акыл айтканыңа чоң рахмат!? – деди Шарый бир кезде какшык аралаштыра кекээрлеп сүйлөп. – Мен бул жерде «третий лишний» турганымды эми сездим. Кош болгула, Кызжибек менен Төлөгөн мырза!?

Титиреңдеген Шарый шакылдак ушуларды заматта быдылдап салып, төмөн түшүп жөнөдү.

– Шарый?! Токто… –

Артынан эки-үч жолу чакырдым. Ал кылчайып да койбоду. Жана, биз бир топ кыйналып атып чыгып келген жолго кайрадан түшүп алып кете берди. Шарыйдын караанын көпүрөдөн өтүп, аркы өйүздөгү ферма тарапка киргенче экөөбүз тең бир орундан жылбай тура бериппиз.

– Эми, айтып барат… – дедим ушул кезде тоонун арасындагы ферманы, андагы саанчы эжеңди эстеп.

– Эжем сен жөнүндө билет, – дедиң камаарабай. Мен жанагыдан бешбетер таң калдым.

– Кандайча?!

– Эжем экөөбүз сырларыбызды жашырышпайбыз.

– Асыл!.. Сен…

Сен кайрылып мени карадың. Көздөрүң бажырайып, жалжылдап бир укмуш! Жүрөгүм булкуп-булкуп алды. Колдорумду майда калтырак баскансыды. Селдее түштүм. Сен тиктеп тура бердиң, жанагы калыбыңдан жазбай. Жок! Сен жөн гана тиктебедиң. Сен мен үчүн жаңы чыккан Ай болуп апаппак ууз нур чачтың. Эки көзүм жылдыз болуп жанды. Жоодураган көздөрүңө арбалып, мен сага жакындай бердим.

Эки жеңи кыска, жука, саргыч жибек көйнөгүңдүн көкүрөгү тирсийип, билинер-билинбес болкулдап, ак саргыл, тоголок жүзүң албырып, жука эриндериң чормоюп…

Ыпысык алакандарым менен жүзүңдөн сыладым. Каршы болбодуң. Сенин да беттериң ыпысык экен. Эки ийниңден аяр кучактап өзүмө тарттым. Кыңк этпедиң. Айдалыҥ нымдалгансып, алакандарым тердеп чыкты. Күнөөлүүдөй, көздөрүңө тике кароодон айбыктым. Акырын башымды ылдыйлатып, кулагымды көкүрөгүңө жакындаттым.

Ох! Буга чейин эч сезбей, туйбай келаткан бир укмуш жагымдуу жыт каңылжарымды өрдөгөндө; буга чейин сүт уйкуда мемиреген балалык баёо сезимим ойгонгондой, бу жарык дүйнөгө эми көзүм ачылгандай, канат бүтүп, кандайдыр бир сыйкырдуу күч мени асманга алып чыгып, каалгытып… кандайдыр бир ажайып дүйнөгө коштоп бараткандай… дагы… дагы… дал ушул турушубуздан таптакыр ажырабай, бөлүнбөй түбөлүккө тура бергим келди. Жүрөгүңдүн түрсүлү катуулагандан катуулап… менин жүрөгүм да атаандашкансып… кош жүрөктүн кагышы биригип токойдогу жымжырттыкты бузуп, алда кайда угулуп жаткансыды.

Сен акырындап жүйүртө басып, анан барып көк шиберге жалпак отуруп, эки бутуңду сундуң. Тизеңден өйдө түрүлгөн көйнөгүңдүн этегин кымырып ылдый тарткан болдуң. Мен эмнегедир белгисиз бир көз караштан сестендим, тарткынчыктап уялдым. Башымды жоон саныңа коюп, чалкалап жаттым. Жанагыдай туптунук көк асманды, адам өмүрүндөй кербен тарткан, кайрылгыс жолдо бараткан ак чуудалуу жомок каармандарын көргүм келди.

Көздөрүм көздөрүңө капысынан кабылды. Негедир жалтанган жок. Эми такыр көрүшпөчүдөй, эң акыркы жолу тиктешип жаткандай карай бердим… карай бердим.

Ушул калыбымда канча жатканымды билбейм, бир кезде жупжумшак алакандарың менен жаактарымды сылагылап келип, эки көзүмдү аяр, жум дегендей, үнсүз, салаа-

ларыңды тийгизип койдуң. Эркиңе моюн сундум. Мемиреп, сенин ажайып жытыңдан искеп түбөлүккө уктагым келди.

Денем жибип, көшүлүп, жаным жыргап, буга чейин эч сезбеген бир укмуш дүйнөнүн эшигин аттадым.

– Жекин…

– М… м…

– Сен мектепти бүткөндөн кийин кайда барасың?..

– Борборго барам. Университетке өтөм. Окуйм. Журналист болуп чыгам…

Мен алдыдагы тагдыр жолумду азыр эки көзүмдү аяр басып турган ыпысык, жупжумшак, жанымды жыргаткан ажайып, жыттуу алакандарың аркылуу көрүп атkансып жобурай берипмин…

– Анан?..

– Анан… Иштейм… анан командировкага барамын.

– Анан?..

– Асыл, а сенчи?

– Менби?.. Мен… Сен сапардан келгенче, сени күтүп, сен келгенче кезерип, жалгызсырап, ыйламсырап, сагынып отура беремин… Хи-хи…

Мен ордумдан кандайча турганымды да байкабай калыпмын. Жанатан берки кыялдарыбыз орундалып, эми эле иш сапарымдан келип, сени боорума бек кысып, кучагымдан такыр чыгарбай өпкүлөгүм, ажайып жытыңдан моокум кандыра жыттагым келди. Сен менин бардык сезимтуюмумду, өзүмө да ээ-жаа бербей баш ийбеген, ээликкен тентек жүрөгүмдүн эч нерседен кайра тартпас дегдөөсүн биле койгонсуп жана өзүң кызыккан жарчаны көздөй чуркадың. Аттап-буттап артыңдан дароо мен жеттим.

– Асылым!. Эми сени эч кимге, эч качан бербейм. Биз бөлүнбөйбүз!

Мен сенин колдоруңдан, мойнуңдан, бети-башыңдан аймалап өпкүлөй бердим. Сен эки көзүңдү чылк жуумп алып эс-мас… Беттерин атайылап бирөөлөр жылмалап

койгонсуган ак саргыл, кызыл күрөң түстөргө толгон, бири-бирин толуктап куюлушкан, жылтырак жар ташка жөлөнүп тура бердиң.

Бир кезде жанагыдай эки көзүмдү жум дегендей, маңжаларың менен тиер-тиймексен болуп, азиздерче аяр сыйпалап келип... Анан, сенин жылуу демиңди, жагымдуу илебиңди сездим... эриндериң ыпысык, жупжумшак... жумулуу көздөрүмө, албырган бетиме, чымыраганcыган эриндериме тие берди, тие берди...

Түш көрүп жаткансыйм.

...Оо, андан бери арадан көптөгөн жылдар өтүп кеткен экен. Адамды мезгил карытканы менен, адам жүрөгүнөн кайталангыс аруу сезимин өчүрө албайт тура.

Негедир чачымды бубак басканда сен эсиме түштүң, Асылым!? Баягы жерге, карагай-чердин арасында сен күтүп тургансып, кандайдыр бир купуя күч жетелеп барды.

Жолдон жан кезикпеди, бардыгы, тоо да,токой да орду-ордунда тургансыйт. А ферма дегениң колхоз тараганда эле жоголгонбу, баягыдай жайлоого көчүп да келбей калыптыр. Ал эмес аркы өйүзгө өтүүчү жалгыз көпүрөнү да суу алып кетиптир.

Акыры издеген жар ташты таптым. Бардыгы ошондогудай, бир кезде балалык азоо жүрөгүмө учкун болуп чачыраган, ааламдын сырдуу от илеби бу жалган дүйнөдө бардыгын көөнөрткөн мезгил адебине да баш ийбей, ал мурдагыдан бетер күчтөнүп, жаңыланып алоолонгондой сезилди. Көзгө көрүнбөгөн сырдуу жип бардыгын – акыл-сезимимди, дене-боюмду, тынымсыз дүкүлдөгөн жүрөгүмдү бая-илгерки, мектептеги курагыма жеткирип, эми сага жолуктурганы улам жакындап жетелей берди.

Тигине, жылмакай таш бетине карандаш учтаган кенедей макинин учу менен оюлуп жазылган тамгалар да ага улам жакындаган сайын көзгө даана ланып көрүнө баш-

тады. Азиздерче таш бетиндеги жазууларды сыйпалап, шыбырап окудум: «Асыл + Жекин». Тамагым буулуп, көзүмдөн жаш тегеренди. Негедир чочуп, эки жагымды карап элеңдедим.

А балким, сен да бул жерде жашынып турба, менин элеңдегенимди тамаша көрүп, күлкүңдү тыя албай алаканың менен оозуңду басып...

Жок... Эч нерсе байкалбайт. Бир кезде, таштын бетине сенин элесиң... жок кадимки сенин өзүң жылмайып чыга келдиң.

– «Асылым!» – Сени тиктеп шыбырай бердим, шыбырай бердим. Акыры буга чейин көкүрөгүмдө бугуп жаткан бугумду чыгарып, бакырып бир ыйлагым келди. Биздин сырды, эң алгачкы жана эң акыркы жолугушуубузду ондогон жылдар бою өз кучагына сактап келген токой жымжырттыгын бузуп, кыйкыргым келди.

...Жооп жок. Токой ичи буга чейин келип-кеткен сансыз пенделердин сансыз тагдырларын кайра башынан божурап баяндагансып,эркелетип соороткондой күңгүрөңгөнсүйт. Сенин ысымың жазылган тамгаларга мелүүндөп бараткан эриндеримди, бетимди тийгиздим. Таш мупмуздак экен...

# КАРА КУУРДАК

Биздин айылда жашы кырктын жоон ортосунан эбак өтүп калган Жолболду аттуу жигит бар. Анын жашаган жери, аралаган эли бир жерде туруктуу болгону менен бала болуп башына жүн чыкканы иштебеген деле мекеме, ишканасы калбады окшойт.

Бир жерде ашып кетсе жарым айча баш көтөрбөй толук иштейт да, анан: «А болду, бу болду… чоңу менен батыша албай койдум»… деп, «Байлай албай жиптен, кармай албай иттен көрүп» баса берип, баягы эртеден-кечке көчө таптамай көнүмүш кызматына өтөт.

Андай болгон соң, анын тапкан-ташынганы кайсы дейсиң? Алты баланын азап-тозогу «жоо келатат!» десе да оңой менен ордунан жылбаган аялынын мойнунда.

Жокемде эмне санаа… табылганын табылгандай, чабылганын чабылгандай ичип-жеп, оокат-соокаттан бейкапар жүрө берет, улам түтүн чыккан үйдү аңдып, сагаалап, өзүнө окшогондор менен карта чабышат. Кээде көк аракка тойгон күнү: «Эй катын! Эмне үчүн тамак жасап койбойсуң?» – деп, деле жыйып-терип, кыйратып койгонсуп опурулганын кантесиң.

Кээде өтө эле ымжам жаны калып, анда андан өткөн мусаапыр жок. Анын ошондогу абалын көрүп, бооруң ооругандан, жашып кеткениңди өзүң да байкабай каласың. Мастыгынанбы, же чынында эле бечеранын тагдыры ошондойбу, айтор, чимкириги чубалганча боздоп мазээңди алат.

– Мен бу жалган дүйнөдө жалгызмын. Жөлөп-таярым жок, – деп кошокчу катындай боздосо, тим эле жанына киши тура албай, сай-сөөгүң сыздайт.

– Көрсө, анысы деле бекер экен. Бир күнү: алыстан иним келиптир, – деп кошуна-колоңдорун түлөөгө чакырып калды.

– Ой, Жолболду, жалгызмын деп жүрчү эмес белең?!

– И бар үчүн келди да…

– Кайда жүрдү эле?

– 25 жылдык аскерде.

– Эми бир жолу келиптирби?

– Ооба, кудайым буюрса, эртең ууга чыгалы деп, деле жанды койбой койду. Же түгөнгөн бала аскерде жүрүп, жедеп эле орус болуп калганбы. Элге уят, азырынча коё тур десем да болбой койду.

Ал эми Жолболдунун аскерден келген иниси экөөнүн эртеси аңчылыкка чыкканын уксаң, тим эле бооруң эзилет.

– Аскерде автомат атып жүргөн неме, а күнү эчки-теке дегенди үйүр-тобу менен сулаткандыр?

– Ой, олжо-буйласы менен куруп калсын… көрсө, окуя мындайча болуптур.

Ага-ини экөө эртеси үрүң-барандан тоого жөнөшөт, же ээрчиткен күлүк тайганы, же айдактаган ити жок. Бада баккан мындайраак тууганынын жалгыз атын сурап алып, бирде Жолболду, бирде Жоробек минип, эңкейишке келгенде учкаша калып, күн бата айтылуу Бадалдуу-Бетке жетишти да, илгертен мергенчилер өргүп жүргөн Бор-Үңкүргө байыр алып, жатып калышты.

– Эми колу-бутту чоёлу, көз байланып да калды, эртең таң сүрө электе Эчкилүүнүн кырында бололу, – деген агасынын айткандарын эп көргөн Жоробек, экөө артына келген азык-аштарынан тамшалагандан кийин тор кашканын токулгасын алып, аны төмөнкү көк майсаңдуу өтөккө аркандап, экөө тең эртелеп жар боорундагы үңкүрдүн бир бурчуна бүкүлү бойдон тоголонушту.

Эртеси бардыгы тең агасы айткандай болду. Экөө Эчкилүүнүн кырына ээрчишип келгенде, айлана али үрүлбүрүл эле. Дымыр эткен жан жок. Экөө шыбырашып сүйлөшөт.

– Мен аркы күнгөйүнө өтөйүн, сен тетиги имерилиштеги тозотто бол.

– Макул байке, кийик көрүнсө үркүтөйүн, алар түз эле күңгөйгө өтүшөт. Анан, калганын өзүңүз билесиз да... же менде мылтык болбосо.. кудай бир берип калгысы бардыр...

Сыртынан жөнөкөй көрүнгөнү менен, ичинен сайлуу мылтыктан буралып жасалган, атасынан калган барданкени асынган Жолболду, жедеп бала чагынан атасын ээрчип аңчылыкка барганда, канын шорголотуп чокко чалабула кактап жеген кийиктин ширин боорун бир заматта көз алдына элестете калып, шилекейин кылк жутуп, шашып-бушуп жогору жөнөдү. Дем басканы аяр, баягы бекерпос Жолболду азыр жок, машыккан мергенчидей тик бетке мышыктай тырмышып чыгып баратты.

Жоробек чек ара аскеринде жүрүп, мындай белдин нечени күнү-түнү дебей ашкан. Бийик зоокалуу тоо-таштын далайын баскан. А төмөн карай жылгаяк тепкенсип эми эле куркурап кирип барат эмеспи.

Өткөн-кеткендер көз алдынан өтүп, ой-кыялдын тунгуюгуна түшүп, алаксый калган неме, жалгыз аяк жолдон чыгып, капталдап кеткенби, айтор, бир кезде ал жарчанын түбүндөгү шагылга оңкосунан кулап, шагыл үстүндө шыркырап жөнөп берди. Канчалык тырмаландаса да такоот берип, токтой турган түрү жок. Бир кезде, көзүң жамандыкты көрбөсүн: бычак мизиндей урчук ташка урунуп, эки бөлүнчүдөй болуп калыптыр. Эмне болсоң ошо бол деп, бир жагына шапа-шупа оонайм деп, эки-үч аласалгандай болду эле, чаң-тополоңго аралашып барып «күп» этип тик чуңкурга барып түштү. Өйдөлөнүп жаткан калыбында, эки көзүн ачпай жылтыратып, эки жагын сыйпалады, былжы-

райт, жылтыратып эки көзүн ачса, кайсы бир балчыкта оонап жатат.

Балээ эми болбодубу, жанагы болжогон тумшуктагы тозотко жетмек түгүл, андан да өтүп кетиптир. Шагыл түгөнгөнчө шырылдап, коктунун таманындагы саздакка сайылып жатканын эми гана түшүндү.

«Байкем кайда? Мен кайдамын? Такыр талаада калат деген ушу го?! Башымды ит тартканда, эмнеге келдим экен? Ай ушул аялымдын тилинен чыкпай жүрүп, жетелеме торпоктой өтөт экемин го, бул дүйнөнүн кызыгын көрбөй. Кийиктин боору менен кара бороң эти куурдакка «беш» дегенинен, анын көңүлүн кыя албай, байкемди азгырып келбедим беле, оома жаным. Эми кантем? Элге таза шерменде болбодумбу?!»

Жоробек тээ бир чай кайнамда барып, оолжуп жатып араң бошонду. Сууга түшкөн чычкандай шөмтүрөп, үстү-башы балчык бойдон барып, борчук ташка шоңшоюп отурду.

Жоробек тоодон учканда, Жолболду болжогон жерине жетип; бута атымдай белде жуушап жаткан топ кийикти көргөндө, чычкан аңдыган мышыктай көздөрүн кызартып, боору менен жылып калган. Азыр кийиктин баарын койчосунан ийрип, чогуусу менен короосуна кийирип, семизин четинен тандап, күн алыстап бирден сойчудай, кудуңдап аябай сүйүндү. Өзгөчө, берирээкте кароолдо тикесинен тик турган, мүйүзү эки кулачтай килейген, семиз, сур теке кызыктырып, кандайдыр бир сыйкырдуу сезим Жолболдуну өзүнө азгырып, тартып тургандай. Анын чоңдугу үйүндөгү картаң уюнун былтыр зоодон учуп өлгөн тай торпогундай бар экен.

– Кой, эмнеси болсо да ушунусун жайлайын. Аталбасам мага шерт, качалбасаң сага шерт, – деп ичинен күбүрөнгөн Жолболду атадан калган сырбараңдын кароолун калдайган сур текенин дал жүрөгүнө болжоп, көпкө мелтирете шыкаалады. Эми болду го деп, машааны соз-

дуктуруп, жайлата чоюп келип, акырын басып калганда: Жоробек чала-була кургангансыганынан, ордунан козголуп, турууга камдана баштаган.

– Тарс! – дегенде, Жоробек селт этип, тоо тарапты тиктеп, селдейип туруп калды бир далайга чырмалган ойкыялынан дароо чыга албай. Бир заматта: агасы жаңы атылган кийиктин ичин жара тартып, боорун булоолонткон бойдон ысык кызыл чоктун коруна канын шорголотуп көөмп, кудуңдап турганы көз алдына элестеп кетти. Аялынын, биякка келер алдында айткандарын эстегенде: анын алдыда келе турган жакшылык жышаанды алдын ала билген кыраакылыгына, ушундай аялды тапкан өзүнө өзү ыраазы да болуп кетти. Бүгүн буюрса үйүнө барат. Кечки тамакта:

«Бах!» – Анын көз алдына кечки тамакта майга куурулган мурч-пияздын укмуштуудай жыты буруксуп, булоолонгон буунун туманы үйдүн ичин үч көтөрүп, тегерек үстөл үстүндөгү жайпак табакта додолонгон кийиктин кара куурдагы: – «Кичүү болсоңор да конок эмессиңерби, силер алгылачы?!» – деп, ага-жеңеси экөө беркилерге илбериңки сый көрсөтүп, эки жагынан каскактап, жетине албай чарк айланып жүрүшкөндөрү кадимкидей элестеди.

Ошол куурдактын жанында ич жылытма, көңүлдү кызытма, айтпас сөздү айттырып, жабык кабакты ачма «мөлмөл» тунук суу шарап турса аккуу моюн шишеде койкоюп. Улам стакан шыңгырата кыдыртып, бала чактан беркини козгоп, бир тууугандык сезим менен жүрөктөрдү элжиретип, ичте жөө тумандай уюп калган букту таркатып… бүгүнкү аңчылык кумарга чейин божурашып, чечекейлери чеч болуп бажактап олтурушса ээ…

Аңгыча капысынан: үстүнөн шыбыр-шыбыр добуш чыгып, мылтык асынган Жолболдунун солдойгон караанын көрүндү.

– Ой, байке, жол болсун! Шыралга… Э, кокуй! Аткан кийигиң кана?

– Кийиги менен курусун. Өлүп кала жаздадым, өх…

– Эмне ошончо эле оор бекен?

– Эмне!? Кайдагы кийикти айтып атасың көрүп койгонсуп?.. Агасы аны жаман көзү менен олурая бир карап алып, бурк этти да, тигиндейрээк барып, жер тиктеп, кандайдыр бир күнөөсү бар немече дулдуюп отуруп алды.

– Ок чыгаргандай болдуңуз го?!.

– ?!… кхм… – Жолболду тамагын жасап какырынып, аны кайра кулк жутуп алды да, кайрадан тамагын кырынып алып:

– Кана, ок чыгарсам? Айдакчым сен болсоң… Айдамак түгүл өзүңдөн дайын жок. Андан көрө тезинен атты току, үйгө түн катпай эрте кетели.

– Ат даяр, байке.

Жолболду мылтыгынын чубалган кайыш боосун жерге тиер-тиймексен сүйрөлтүп, улуусунуп алдыга басты.

– «Айылдагылардын айткандары бекеринен эмес экен го? – деп ойлоду Жоробек агасы жөнүндө, анын артынан ээрчий басып баратып. – Нээтинин тардыгы, өзүмчүлдүгү баягы бала кезимден көргөндөгүдөн өзгөргөн эмес экен го. «Көнгөн адат пенденин башы менен кошо жатат» деген элдин сөзүндө калет жок белем».

Анысын агасы Жолболдунун туюкталган сөзүнөн, жер тиктеген көзүнөн дароо байкады. Агасына эстен кеткис бир сыр көрсөтүүнү ойлоп баратты.

Экөө унаасына жеткенден кийин:

– Байке, сиз үйгө кете бериңиз төмөндө бир досумдукуна кайрыла кетейин, зарыл жумушум бар эле, – деди Жоробек, – а эгер түнөп калсам келиниңизге эскертип койсоңуз эле болду.

– Болуптур, – деген Жолболду инисинин калганына бир чети кубангансып, бир четинен кыжалаттангансып жолуна түштү. Бирок бир нерседен шектенгенсип, алыстап баратып артын кылчак-кылчак каранып алды. Ичинен бушайманга түшүп: «Бу чунак баланын эмне билгени бар?

Болбосо эмнеге калды?» – деп келип кайра: «Жок жерден шектенбейинчи» – деп өзүн өзү жубатты.

Жоробек жолдон чыгары менен бадал-карагайларга далдаланып, агасы кеткен жакты акмалап бир топко күтүп отурду. Жолболдунун карааны коктуга түшүп, көрүнбөй калганда, Жоробек тоодон түшүп келген жолуна кайрылып, өрдө өпкө-өпкөсүнө тийбей алактап, тырмышып атып жана агасы ок чыгарган жерге тез эле жетип баргандай болду.

– Кайран байкем, бу сапар да жээкти чындап бузулган экен.?!

Баягы, кароолдо турган тай торпоктой болгон мүйүзү эки кулач сур текенин дал өзү. Анын этин агасы жакшы эле бышыктап корумдаган экен. Анын айыбын ачкан да дал ошол калжайган эки мүйүзү болбодубу. Ал таштардын арасынан сороюп чыгып турбаса, үрүл-бүрүлдө кынапталып корумдалган текени таппай да калат беле?!

Жолу болуп калса, союшканга жардам берип каламбы, – деп үйүнөн ала чыккан аш бычагынын пайдасы тие турган болду. Келээрде чарыкка тартып, албарстай курчутуп алганы периште болгон экен.

Көп ойлонуп турган жок, бир заматта текенин ичин жарып, терисин этинен ажыратып башын гана терисине туташ калтырып, этин өзүнчө далдалап, агасын күттү. Ал бүгүн түнү менен болсо да кайрылып келет деди.

Жоробек өзү менен өзү сүйлөшүп, бир азга эс алайын деп тыныгып жатканча болбой, караңгы туңгуюктагы жымжырттыкты бузуп, төмөндөн жалгыз аттын анда- санда бышкырганы, ташка урунган такалардын так-так доошу, чабендестин чү-чүлөгөнү улам жакындап, даана угулуп келатты.

«Так өзү. Шашкан экен!» Жоробек текенин жаңыдан сыйрылган чылгый терисин жонуна жамынып, калжайган башын эптеп төбөсүнө коюп, корум таштардын далдасына жашынып, мында келчү жалгыз аяк жолду баштанып, чөк түшүп отурду.

Жолболду азыр аны эмне окуя күтүп турганынан эч бир шек алган жок. Ичинен кыпылдап, мурдунун учунан кыңылдап, кайсы бир обонду билинер-билинбес созуп келе берди. Текеге болжолу беш кадамча жакын келгенде жана күндүз корумдап кеткен таш дөбөнү бир карап алды.Үрүл-бүрүлдөн көзгө тааныш кере-кулач кош мүйүз аркайып даана көрүндү. Көңүлү ого бетер жайлана, камырдан кыл сууругандай иш кылганына маашырлангансып, кош тизгинин жыя кармап, атынын башын кейкейте тартып токтотуп:

– Жатасыңбы маркашка!? – деп жай гана аттан түшмөккө ыктанганда: текенин терисин жамынып чөк түшүп бардыгын байкап демин ичине алып, бүкчүйүп отурган Жоробек уйкудан эми ойгонгонсуп дүмүрөңдөп, төрт аяктай калып, текенин алдыңкы эки бучкагынан чоё тартып, жансыз башын шылкылдатып, эки бөйрөгүн былкылдатып:

– Жатпаганда не кыла-а-а-м, атып сал-с-а-а-ң жам-б-а-а-ш-к-а…– деп жаны эми чыгып бараткансып корулдап, дорулдап, жоон үн менен созуп, күнгүрөнүп барып далайда басылды. Жолболдунун кулагына ал үн тири укмуштуудай жаңырып, тээ асмандын жети катарынан бери угулгандай: эки көзү ымыр-чымыр, кулагы дүңүлдөп, башы зыңылдап чыкты. Колу ээрге карышып, жерге түшүп бараткан буттары кайра аттын жонуна жабышты. Өпкө-жүрөгү алкымына кептелди.

Бир убакта элдир-селдир эсине келдиби, эки жагын элеңдей карады эле көзүнө кандайдыр бир караан-сараандар алиги моюн-башы ары-бери шылкылдаган текени ээрчип, аны тегеренип жүргөнсүдү.

– А-а… О ку-д-д-а-й, сак-та акса-рр-гы-ыл-ба… – деген аянычтуу үн анда-санда үзүл-кесил чыгып, калган сөздөрүн сыртына чыгара албай ичине жуткан Жолболду атына чала-була минген бойдон, өбөктөп ээрине туурасынан өңөрүлгөн бойдон төмөн чапкылап, текирең-таскак менен келген жолуна түштү.

Үйүнө эптеп жеткен Жолболду кеп-сөзгө келбей сулк жыгылды. Азыр жүрүп кетчүдөй, көздөрүн аңтарылтып, кээде безгек болгон немедей калчылдап, кээде чыйрыккансып ыктытып атып, түн ортосу ооп барып араң эсине келди.

Эртеси айылындагы ага-туугандарын, сакалдуу-көкүлдүүлөрүн чакырып, жыл сайын эгиз тууйт деп өзгөчө багып, аяп жүргөн куйруктуу актөбөл кара соолугун союп элге түлөө берип, бата алды.

Алигидей калыбына толук келалбаса да, төшөгүнө оронуп отурган калыбынан жазбаган Жокем кийик атамын деп тоого барып «сыр» көргөнүн түлөөгө келгендерге, бирине-бир, экисине-эки кайталап кайра-кайра айтуудан тажабады.

– Дагы кудай сактаптыр. Кайберендин каргышына кала жаздаган турбайсыңбы?! Түлөөң кабыл болсун! – деп келгендер баталарын берип кете бериштм.

Жоробек жалгыз иниси болгон соң, эртеден-кечке чейин бирин-экиден келе бергендерди узатамын деп жүрүп ал күнү суй жыгылды.

Күүгүмдө гана үйүнө башбакты. Эшикти ачканда эле жагымдуу жыт мурдун өрдөдү. Аялы сур текенин этинен кара куурдак даярдап, жаңы эле чыгарып, булоолонтуп тегерек үстөл үстүнө коюп аткан экен.

– Бах! Кийиктин куурдагы ай! Пияз, мурч кошулуп табы менен кызарта куурулган экен. Шишенин гана жоктугун кара. Бири кем дүйнө деген ушу. Агасы Жолболду да чогуу болгондо андан бешбетер жакшы болбойт беле?! Бала кезден берки баштан өткөргөндөрдү кайра башынан эскерип, рахатка батып…

# КАЛТАР

## (Жан-Жак башкарманын күндөлүгүнөн)

Күүгүмдөнөт жол.

Алдында зыпылдаган темир жорго, жалгыз өзү. Жаштык - мастык. Фараларын жарк эткизди. Жаңы машийне эмеспи, эмне болгон күндө да. Алдыда асфальт жол мелтиреп-жаркырайт; туура чуркап өтүп, жанталашып, караңгы туңгуюктан жарык жакка кайра тартып, чимирилген дөңгөлөктөрдүн тебелендисинде былчыйып, жалпайып тыбырап калып жаткан момолой эмес, адашкан; анда-санда алдыңкы айнектерге жабыша калган майда чымындардан өйдө дал күндүзгүдөй дааналанып көрүнүп барат.

Көңүлү көтөрүлөт ого бетер. Кайсы бир ыр келет жадына. Билинер-билинбес үн чыгарат:

Өзүмө жыргал бу турмуш-а,
Өзгөрүп-өтпөс болсочу-а,
Өмүрдү улап узартып-а,
Жаштыгым б-и-ир кетпес бол-с-о-чу?!

Өзүнө өзү маашыр: бул ырдын сөзүн да, обонун да өзү чыгарган эмеспи. Ананчы! Карамагында канча чүрөктөрү бар; жалгыз анын көзүн карап, оозун тиктеген?! Эмне десе да макул, көзүнүн агы менен тең айланышат.

Антпей көрсүнчү, дароо жеп аткан токочунан айрылышат. Айлыгы аз болгону менен эртеден-кечке таш дүкөндө тикеси менен тик тургандарына да кайыл, «майга көөлөнгөн талкан» курсагы эмес көөнүн да тойгузуп турганда.

Ичинен кудуңдап, эрдемсип да койду, бир ири тоок ферманын жалгыз корозундай эле экенин ойлогондо: «Башкарма дебей эле» короз, болбосо «өндүргүч асыл-тукум кочкор» дегенде, дал үстүнөн түшмөк экен да! Хе… Ой, кайсы дүкөнчү калды, мен «жолун» да, көзүн да ачпаган? Тигинисин – тигинде, анысын – анда… Акчыланып жалынганда, тим эле ошо жерден жан бергиң келет го… У-у-уй!?

А эртеси: «Кайдан көрдүм кара эшек, жолдон көрдүм жоор эшек». Баарынын эле көзүн карап, иттерче куйругун жыттап, артынан ээрчип алсаң, жаның калабы деги?! Анда башкармалык, жетекчилик эмне абийириң – аптракатың калат, я?! Сүр деген бар да…

Кайран өзүм! Эркектана эмесминби, кээ бир абийирсиз кашкалары элдин көзүнчө, кыйшаңдап, же «…астында жаткамын, белин суутуп көңүлүн ачкамын…» дегенсип, мени байкатпай башкарып, муруntuктап, чүлүктөп жетелеп алгысы келип атканын сезгенинде, дароо аны өмүрүмдө биринчи көргөн немедей короздугума салып, «музоо кезинде эле ыргыта сүзчүмүн» бакылдап, керек жерде ата-энесинен бери карабай ашата сөгүп, кабинетимден ит куугандай айдап чыгып, аны экинчи карачу да эмесмин, бу жарык дүйнөдө аялзатынан ошол акыркысы болсо да.

Деги, катындан көп эмне бар?! Бири кетсе, бири анын артында турат. Менчи?! – деп. Анткени аларга да жан керек, жан жыргаткан сөз менен жакшы жашоо керек! Эмне, бу жалган дүйнөдө жалаң эле эркектерди эңсетип аялдардын артынан издетип, чуркатып коюптурбу?! Аялдын жанкумары бир ачылып алса: биздикинен бир канча эсе ашпаса, кемибейт. Айырмасы – алардын тартынчаактыгында. Ой, өзгөчө өзүбүздүн кыргыздардыкы бир кокуй го?! Таанышканча, жолун баштап, бетин ачканча, макулдатуу ушунчалык тозоктун тозогу дейсиң... Аксынып, деле буга чейин эчтеме көрбөгөнсүп тейтеңдеп жиниңди кашайтат, тажаганда кээде: «Кечтим байдын кызынан» дейсиң. Эгер этегин ачып алсаң, анан көрүп ал, өнөрүн! Койнунда жат-

кан эрин сатат, ичинен чыккан баласын унутат. Непада бир жерде эри менен чогуу болуп калсаң, же кокусунан жолугуп калсаң: «Баланча, таанышып кой, бу киши биздин башкарма, же болбосо, кууланып: – …Бу аба, биздин атабыздай, калыс, камкор» – деп кенедей да шек алдырбайт.

Андай учурда, мен ого бетер салават күтүп, кекирейип:

– А, бу бала – күйөө бала го? Азамат! Кх-м, – деп тамагымды жасап, андан бешбетер сүрдүү көрүнүп: – Бу, кызым, жакшы, абийирдүү иштеп жүрөт. Баарыдан мурда – план! Аткарсаң – жерде калбайсың, сыйланасың! – деп бакылдап коём. Бечара бала анын «пландарын» өзүм түздөп, «ата-бажа болуп» жүргөнүмдү кайдан билсин… Эч шек албайт. Ушунчалык макоолугуна таң калам. Тиги ишенген колуктусу, улам-улам көз жазгырып мени, астыртан жал-жал карап, ансайын көздөрүнөн учкундары чачырап атканын деле байкап койсочу?!

– Бечара, – дейм ичимде, – каймагын мен калпып, көк сүтүн ал ичип жүргөнү менен эч иши жок. Кайра менден ийменип турганын кара, мурдуна бок сүйкөсө да анын сасык жытын сезбеген торпоктун…

Анан башка улуттардын ургаачыларындай болобу, бардыгын ачык сүйлөшүп, ачык соодалашасың.

Бир жолу алыскы Шиберге соодага барып калдым, бир нече вагонго көлдүн кыпкызыл алмаларын жүктөп. Буга чейин да көп барып, соода-сатыктын акы-чукусун даана-лап билип алгамын да.

Күркүрөгөн күз мезгили. Эзилген өрүк болбогон соң, алма бузулчу беле, шашпадым. Улам баасын жогорулатып коём. Бир күнү, Владивосток деген шаардан өңү-түсү келишкен сулуу орус келин келип калды. Аны бир көргөндө эле сук артып, сүйлөшкөндө шилекейим чубуруп калды.

Ал менин кыпкызыл, жылтыраган алмама кызыгып, асылып туруп алды. Сураган баасына атайылап макул болбой, андан бешбетер жогорулаттым. Эртесинде ички

сырымды чыгарып, каалаганымды ачык айттым, эмне болсоң ошо болгун деп эски тажрыйбаларыма салып.

– «Фу, – дейт ал, – кечээ эле айтсаң болмок. Анын эмнеси бар экен…» – деп накта оозумду ачпадыбы. Минтип шар кетерин эч күткөн эмесмин да.

Ал менден да өткөн неме экенин жакындашканда даана билдим. Мейманканада жатабыз. Эрди-катындай болуп калдык. Бир-эки сааттын ичинде телефондун жаагы басылбады.

«Бул эмне дегендик?! – деп сурап койдум ичи тарыган эркектана кейиптенгенсип, аны жер каратайын деген ой менен, – сага, кезек күткөндөр аз эмес экен го?!»

«Ну, естественно!» – деп кайра мени жер каратты. Анан анын себебин, аялдын арман-тагдырын баштан-аяк айтып берди.

«Эмнеге корунамын! – дейт. – Мага да жашоо керек. Эрим чоң кызматта. Ал менден жыйырма жаштай улуу. Мага караганда кызматын жанындай көрөт. Айлап жер кыдырып кете берет. Менин жандүйнөм, аялдык махабаткумарым аны кызыктырбайт. Сурабайт да…»

Аялдарга айла жок экен! – дедим. Ошондон кийин баарынан түңүлдүм. Ургаачы аттууга түк ишенбей калдым. Сый-урмат, үй-бүлө, эрим бар да дегенди билбейт турбайбы буларың. Ким айтканы эсимде калбаптыр, бирок: «Аялдын акыл-эси бир жери менен түз байланышып калган…» – деп эң таамай жазганына эми ынанып калдым.

…Зыпылдаган темир тулпар өр талаша бергенде, анын төрт көздүү жарыгынын күчтүү нуру асмандап барып, кайра төмөндөп-түздөлүп, кайчылаш жол нугун кесе берерде утурлап, шашыла жол четине жакын келип кол булгалаган ургаачынын узун көйнөгү булак этти.

Жигиттин кечтен бери «элжиреп» келаткан жүрөгү «шуу» дей түштү.

«Бу эмнеси?! Көрүнчүбү? Албарстыбы? Шашыла тормозду басып, кайра чочуйт, «албарстынын» жанынан шуу өтүп кетейин дегенде:

– Байке! Байке! – деген, жаш келиндин ичке, назик үнү эсине келтиргендей, эки жагын алактап, шашкалактап сыдыра карады. Жолдун четинде бала жетелеген дагы бир караан көрүнгөнсүдү. Бир аз өтүп барып зып токтоду да:

– Кайда?! – деп ачык терезесинен башын чыгарып бакылдаганын өзү да байкабай калды.

– Байке, ала кетсеңиз? – деди, кыңая ачылган эшиктен башын чыгарган айдоочунун мойнуна азыр эле асыла калчудай, жеңил энтиккен, 20–30 жаштын тегерегиндеги болпойгон келин.

– Жалгыз болсоң, ала кетем?!

– Тигинде кайненем, балам бар эле…

– Анда болбойт!

Машийне акырындап ордунан жыла баштаганда, келин эң акыркы үмүтүнөн ажырап бараткансып, ого бетер чыйпылыктады эшигине жабышып:

– Байке, кичине балага убал го? Үшүп да кетти…

– Күйөөң кайда?

– Ж… Жок эле…

Жигит өз ичинде «жым» дей түштү.

– Анын кайда кетти эле?

– Ажырашканбыз…

– Мейли, анда тигилерди чакыр?!

Алар чакыртпай эле өзүлөрү келип калышыптыр.

– И, айланайын, сен кимсиң? Өзүбүздүн эле балдардан го… Өркөнүң өссүн! – Кемпир кобурап-собурап да, жалынып-жалбарып да, темтеңдеп жаңы баскан баланы дегдеңдете жетелеп, машийненин арткы орундуктарына отура баштады.

– Сен бери менин жаныма отур! – деди, менчик аялынан бешбетер жаш келинге буйрук бере сүйлөп.

Жол кайрадан уланды.

Башкарманын айласы кетти. «Кантип бир айласын тапсам?» деген бир гана суроо ээт. «Тигил экөөнүн сүткө түшкөн коңуздай ээрчип алышканын кара. Ушу боюнча эле оозунан

алдырган бөрүдөй кала береби, куру жалак. Өзүнөн өзү кабылган олжону эч качан колумдан чыгарып көргөн эмесмин. Жок, эмне болсо да бир айласын табуу керек?!»

– Кай жерге барасыңар?

– Эмкиден кийинки айылга, байке…

Айдоочу унаасынын ылдамдыгын акырындатты. Алдыга сапар жанагыдан кыскарып, алар айткан айылга бир заматта жетип барып, «калтар түлкүдөн» таптакыр ажырап, калган өмүрүн өксүгөн арманда өткөрчүдөй сезип кетти. «Жок, азыр бир айласын табамын?!»

Жол өр тарта баштаганда машиненин мотору өтө кыйналган бечара жандай күүлдөп, озондоп барып, капысынан үнүн тып басты. Эми жаны чыгып бараткан малдын денесиндей дирт-дирт этип барып, таптакыр токтоду.

– Эх, кайра баштадыбы?! – Айдоочу кейиген түр көрсөтүп, эшигин жиндене шарт ачып, караңгы туңгуюкка чыкты.

– Э, ботом, эмне болуп кетти?! – Артында небересин кучактап бүкчүйүп отурган кемпир унчукту.

– Эй, кыз! – Машиненин арткы эки дөңгөлөгүнө таш койгондон кийин, бет маңдай айнектен көрүнө калып, өзүнүн дүкөнчүсүнө кайрылгансып «бак» этти.

– Бери чыгып, мобу капотту кармап турчу?!

Оюнда эч арамы жок келин ордунан шашыла туруп, айдоочунун жанына дароо жетип барды.

– И, байке, кай жерин кармайын?

Экөө бири-бирине ушунчалык жакын туруп калышканбы, келиндин ууз жыттанган деми башкарманын ансыз да делөөрүп турган демин деңгиретип, тутанып-тутанбай турган коломтого май чачкандай заматта алоолонтуп жиберди. Ай-буйга келтирбей, аны орой кучактап, келиндин борсойгон эрининен бал соргон аарыдай шимирип, ырахат алгысы келип кетти эле, дал ошол учурда ичтен жаш баланын «мамалаган» аянычтуу үнү чыкты.

Тиктешкен көздөр учкундарын чачып, эркектин май баскан быртыйган тоголок манжалары жаш келиндин сунулган колуна жабыша калды.

– Мына, муну өйдө көтөрсөң?

Эркек машиненин капотун өйдө көтөрүп келатып, келиндин оң колун ага алып барып карматты.

Капот салонду көздөй алдыңкы айнекти далдалай тосуп ачылгандыктан анын ичиндегилерге тигил экөө таптакыр көрүнбөй калды. Экөөнүн карааны моторго үңүлүп, анын «бузугун» өтө берилип издеп аткандай сезилди.

Эркек келинди аяр өзүнө тартты. Эч каршылык көрсөтпөдү келин. Эркек, из кубар дөбөттөй аны жыттагылап, акырын гана ууртуна билинер-билинбес эрдин тийгизип койду. Буруксуган укмуш жыттан эркек эңги-деңги абалында шыбырады:

– Азыр бир жерге барып келеличи?..

– Кантип? – келин шыбырады.

– Шылтоо таппайсыңбы? Бат эле келе калабыз да…

Аңгыча салондон кемпирдин тынчсызданган үнү чыкты:

– Э, Анаш?! Эмне болдуңар, ботом? Балаң ыйлап атпайбы…

– Азыр, апа! – келин дароо жетип барып, машиненин арткы эшигин шарт ачты.

– Машинеси жүрчүдөй бекен, балам? Болбосо, жөө деле баса берелиuч, айылга деле жакындап калдык окшойт.

– Жок, апа, азыр оңолот дейт тигил байке.

– И, ошондой эле болсун каралдым. Деле ыманы ысык бала көрүнөт. Үйгө жеткиргенде тамак ичип кетсин.

– Эй, чоң кыз! Бери келип, мобу темирди кармап турчу, мен от алдырып көрөйүн.

Келин жанагыдай тездик менен кайра эркектин жанына жетип барды.

– И кайсыны, байке?

– Мына мобуну. – Эркек эми келинди имере кучактап эрининен ырахаттана соруп-соруп, анан энтиге шыбырады:

– Мен райсооданын башкармасымын. Эмне десең да аткарамын! Сени жанымдан артык көрүп калдым.

– Бат элеби?

– Билбейм. Мурда минтчү эмес элем. Эмне, бир сыйкыр күчүң барбы?

Келин өзүнө өзү маашырлангансып жер карады, дене-бою ысып чыкты. Эркек эрдемсине дагы бир «мамлекетти» оңой жерден өзүнө багындырган баатырларча дардая басып, өз ордуна барып отурду. Ачкычты бир буроо менен моторду дүрүлдөтүп, кайра дароо өчүрдү.

– Оп, балакетиңди алайын! Оң ишиң оң жолуңда деген ушул! – Артта жанатан бери небереси менен алпурушуп олтурган кемпир кубанып, эркекти кайра-кайра алкап атты.

– Чоң кыз, капотту жаап келип, ордуңа отур.

– Мына байке! – Келин дасыккан айдоочунун өнөгүнөн бешбетер, капотту тарс жаап, алдыңкы эшикти шарт ачып, эркектин жанына лып этип чалкалай отурду. Өтө эле шайдооттонуп, көңүлү көтөрүлүп алыптыр.

Андан бирөө сурап аткансып, кемпир өзүнөн өзү сөз баштады:

– Бул, Анаш, менин келиним болот, балам.

Эркек бир нерседен кооптонгонсуп, буржуйган мойнун денеси менен артка жарым-жартылай бургансып, «эмне дээр экен?» дегенсип, кежигесинде отурган кемпирди алая карады.

– Кандайча?

– Э, балам, «мунун эри кайда?» деп таң калып атасың го?.. Эринин жолу болсун… Ал – менин жалгыз балам. Ичкиликке ооп, бөтөлкөнүн түбүнө түшүп кеткен. Эми… жанагы наша, «наркаман» деген айыкпас дартка кабылыптыр. Айыкса болот, көп акча керек дейт, билгендер. Аны табар алым калдыбы, балам. Ушундан көрө тынч жатып алсам болбойт беле. Кудай да мени көрбөйт экен…

Кемпир, ичиндеги көптөн бери бугуп жаткан кара туман бугун чыгаргансып күрсүнүп алды, жеңилдей түшкөнсүдү.

– А уулуңуз азыр кайда?

– Э, балам, кудай алды дейсиңби?! Үйдө жатат согумдай болуп. Жаның кашайганда жаратканды деле каргайт экенсиң. Жалгыз баласын каргаган желмогуз кемпир экен деп жаман көрүп атсаң керек. Анын да туура, бирок балаң жаман чыкса эненин арылбаган шору тура. Жедеп жадап бүткөндө, мобул келиним баласын ээрчитип төркүнүнө кетип калганына эки айдан ашкан. Бир жумадан бери кудасөөгүмдүкүнө баса жатып, ак чачымды, кары жашымды тартуулап атып, келинимди сурап келатамын.

– Ий, апа, аны сизден ким сурап атыптыр, – келин жер тиктеген калыбында күңк этти.

– Айтам, айтса эмне экен?! Бу балам деле эл аралап жүргөн чоң кызматтагы бала көрүнөт. Эмнесин жашырат элем.

– Айта бериңиз? – Эркек кемпирдин жанатан берки айткан сөздөрүн кубаттагандай түр көрсөтөйүн деди. – Мен сооданын баштыгымын. Эгер туура көрсөңүз келин-уулуңузду ишке орноштуруп берейин.

– И, балакетиңди алайын, деле кудай тилегиңди берсин. Андай күн кайда?!

Эркек, жанатан бери ойлогон ою бүгүн ишке ашпай турганына эми көзү жетти. Айткан-дегени дайым дароо аткарылып жүргөн эргулдун маанайы пастай түшкөнүн жаңы тааныштарына эч байкаткысы келбеди. Эртеңкисине жол ачып койгону менен анын качан, кандайча аткарылары али туңгуюк.

«Мен киммин да, булар кимдер?!» деген тентиген ойлор анын башына капысынан өзүнөн өзү келе калды. Менменсинген баягы кекирейген абалга келди.

...Бардыгын бир заматта ушул жерге «төгүп» таштап, алыс-жакыны көрүнбөгөн караңгы туңгуюкка кирип, көздөн кайым болуп, кайра таптакыр кайрылбай житип кеткиси келди...

# АНАСТАСИЯ

...Айылдык адамдар кызык: жайы-кышы дебей баш көтөрбөй иштей беришет... иштей беришет. Жер-суу, мал-сал... дегендей да. Ал эмес, эртеден-кечке жандары тынбайт го, таң аткандан кийин кеч кирип келгенин да байкабай калышат.

Эх, ошентип оокат-тиричилик деп жүрүп, кайран өмүрдүн кылчайбай кетип баратканын, кечээки эсил жаштык күндөрү кайра эч качан кайрылып келбей тургандыгы менен алардын иши деле болбосо керек. Эс алалы, жер кыдырып эл көрөлү, жок дегенде бир жолу курортко баралы деген ой чанда бирөөнө келер. Анын үстүнө Урагановдор жаралганы; жети ата жети муштумунан бери борбордон бир күндүк алыс тоо арасындагы айылдан бир карыш да алыстабай, күнүмдүк көр-тир көр оокатына алаксып, күн өткөрүп келишет. Эми минтип, кыштын кыраан чилдесинде, шаар көрүп келели деп калыптыр.

– Жайында болгондо эмне, биз Крымга путевка алдык беле? – жанатан, кыйратып салгансып, чарбанын башкармасы баш болуп, ага бир айга отпуска бергенин, «ударник» деп жылдык акчасын кошо эсептетип колуна дароо карматканын... жадырап- жайнап, божурап отурган эрине аялы бурк этти.

– Жок дегенде шаарга, атаңкына барып келели?

– Үч балаң менен самсаалап жеткенче...

– Балдарды таштайбыз.

– Ботом кайда?!

– Анастасияныкына таштай турсак кантет. Ашып кетсе бир жумача жүрөбүз. Эмне болмок эле. Жалгыз баласына эрмек деле болот. Азыр барып сүйлөшүп көр, жок дебес… Ырас эле, Анастасия кошунасынын бул сунушуна дароо макул болуптур. А тургай кубанып кетти дейт, аңгыраган үйдө, чычкандай балам менен кийинки күндөрү, негедир ээнсиреп, өлгөн күйөөм түшүмө улам-улам кирип, кыйнады деп.

Түндүн да атаар таңы, кууралдын да келер жыргалы болот тура. Ураганов балдарын кошунасыныкына калтырып, жыл бою жыйган-терген каражатын көйнөктөрүнүн ичине тигилген атайын чөнтөктөрүнө салып, бул айылга жумасына эки гана жолу каттоочу автобуска түшүп, биротоло кайындарына учурашып келгени, дароо жөнөп кетти.

## II

Жакшыны кудайым бир жеринен кемитип коёт экен деген чын го. Күйөөсү жумушунда жүрүп, жол кырсыгынан курман болгонуна быйыл төртүнчү жылдын жүзү болуп калды. Андан калган жалгыз эркеги быйыл бештин тамагын ичип атат. Өзү өңдүү десе – өңдүү, түстүү десе – түстүү дей турган эле келин. Болжолу – отуз бештерге келип калды. Толуп турган учуру. Колунан да, тилинен да келет. Чарбанын эң алдыңкы деген жумушчуларынын бири.

Анастасияны аяштыбы же ага анча деле маани бербей, көңүл бургандар табылбай жаттыбы, айтор, ушунча болуп бул айылда бир да эркектин көзү түшө элек. Анын үстүнө айыл чакан: бардыгы алаканга салгандай байкалып, билинип турат. Бир шыбыш болду дегиче, болду, дароо бардыгы угушат. Ал эмес, түндө кимдин үйүндө ким-

дер конок болгонунан бери, ким-кимге эмне дегенинен бери айылдаштарына дайын.

Мындан да чочулашат. Болбосо, мен эркектанамын деп, бирөөнүн аялы көзүнө кыз көрүнүп, «окураңгандан» кайра тартпагандар толуп атпайбы. Пендебиз да?!

Ана-мына дегенибиз менен, Эгем адам баласын бекеринен эркек-ургаачыга бөлүп жаратыппы?! Анын да өзүнө тиешелүү сыры, оозго аларлык кеби бардыр. Эркек – аялсыз, аял – эркексиз жашай албайт, андай турмуш кызыксыз, бу жашоонун кызыгы – эң башкы максаты ошол деп да айтышат. Башынан өтүп байкагандар анын чындыгы бар экенин тамшанып кеп кылышат.

Мурда Анастасия так ушундай ойлой турган. Эми жашоо-турмушу таптакыр башка болуп калгандай. Аны жанынан артык көргөн баягы күйөөсү жок, бирок эбак сөөгү сөпөт болгон күйөөсүнүн караанына качаңкыга чейин жалынып, ала жипти аттабай жүрө берет? Өмүр бою ак, басмырланып так өткөндүгү кимге?! Анткенде, убакытың тоо суусундай бууракандап ташыган жаштык демиң сени күтүп бир орундан жылбай турабы… Жылдарың зымырык куш го, мезгилиң бир заматта зымырап өтүп кетсе,жалындаган жаштыгыңды таппай армандa калба. Бая күнү, бала-бакырасы, татынакай күйөөсү бар эле бир теңтуш келини айтат: «Ой, эмнеге эле куурайсың – деп, көңүлүнө жаккан, керегиңе жарап, сураганыңды тапкан бирөө жолукса, жүрө бербейсиңби. Эмнең короп кетмек эле, за то көңүлүң ачык жүрөсүң, жесирлер нервный да болуп, андан башка ооруларга чалдыгып да кетишет».

Ал өзү ошондой келин. Жалаң чоңдорго жакын. Ошончолук үзүрүн да көрөт. Мурдуна бок сүйкөсө сезбеген байкуш эри, кайра биз жалаң чоңдор менен тамакташпыз деп, айылдаштарына мактанып, аялынын дасторконунун кенендигине сыймыктанат дейт.

## III

«Теңтушту теңтуш бузат» деп калышат го айылдыктар. Анын да чындыгы барбы деп жүрөмүн. Анастасиянын буга чейин ыйык туткан чеби бир заматта быты-чыты чыкты. Аны, өзү деле байкабай калды. Же сыртынан бирөө тон бычып койгонбу. Мындай боломун деп эч ойлобогондур…

…Аны күндө күтө турган болду. Кандайдыр башка, чоочун дүйнөгө келип калгандай, бир кызык үмүттүү сезимдери козголгондой. Баягыдай күйөөсүнүн арбагы күндө түшүнө кирмек түгүл, оюна да келбей калды. Ал байкуш бүжүрөп… эптеп эле эркек аты бар экен го. Ал эмес эрге окшоп эркелеткенди, жылуу сөз айтып, колуктусунун ажарын ачып делебесин козгогонду…деле билбептир, азыркы күндөрүнө салыштырып ойлосо.

Анастасия жумушунан жаңы эле келип, мешке от жагып, баласын тамактандырып отурганда эшик кагылгандай болду. Беймаал убакта, бул ким болуп кетти экен? Ал болсо кечирээк келет эле. Иштен чыкканы эле ошол, балким, кошуналардан чочуп жүргөндүр...

…Мындан төрт жыл мурда да ушинтип эшик кагылган. Эшик ачык турганын эң жакшы билсе деле ажыкыстанып, кайра-кайра тарсылдатып туруп алганы Анастасиянын итатайын тутултуп, кайдагы-жайдагы шайтанын козгогон. Аңгыча асма бешикте мемиреп уктап жаткан ымыркайы да бакырыкты салып коё берди. Башка чоочун кишиби дейин десе, азырыраак эле үнү тааныш машинеси дүрүлдөп келип, терезенин түбүнө токтогонунан, күйөөсү келгенин билген.

– Жөн эле кире бербейсиңби, кутурбай! – Баласын ички үйүнө жаткырып, оозуна упчу эмизип,тынчытып келсе да улам эшик кагылып, мазесин алганынан, жаңыдан көшүлүп кеткен эмчектегисин да унутуп, кыйкырып жибергенин кийин сезип калды.

Эшикти кыйчылдата, жылдырып ачкан эркек кирип келип эле колуктусун эми көргөнсүп имере тартып, канатын жая кучактап, мойнунан жыттап туруп калды. Чечинбестен, аюудай бүкүлү бойдон томпоюп келип жайган кучагынан, буруксуган бензиндин думуктурган жытынан, деми кыстыгып бараткансыды. Жүрөгү айланып, окшуп жибере жаздады. Жулкулдап, эки колу күйөөсүнүн жакасына жармашты. Эч сөз айтпастан, чаңырып чалкалата түртүп жиберди.

– Сасыбай чыгып кет! Жек көрөм!

– Анастасия, жаным. Эмне болуп кетти?!

– Анткорлонбо! Дагы, эмне болуп кетти, – деп коёт. Ой, шорум-ай, кайсы кара жолтой күнү сага жолуктум экен…

Күйөөсү дел болуп жана кетенчиктеп барып керебетке отурган бойдон эмне дээрин, эмне кылаарын билбей талып калды. «Буга жин тийгенби? Же бузуку сөз укканбы? Сапарга чыгар алдында аялым менен араздашып кетемби…»

– Айланайын Анастасия, айтчы деги…

– Курулай жалынба?! – Буркан-шарканы бир аз дымып баратты. Салааланган көз жашын, алакандары менен шыпырып, көптөн бери жөө тумандай көкүрөгүндө самсып жаткан бугун чыгарып аткансып, бирде басандап бирде катуулап сүйлөнө берди.

– Дайыма ушу, май жыттанып, карала-торала болуп, майланышып, итиркейди гана келтиресиң. Кайран жаштыгым сага корогон. Мендейди сендей маймылга кор кылып койгон тагдырыма гана таарынам да. Эмне деген жигиттер артымдан калбай жүрчү эле. Жогорку билимдүү, менменсингендерин теңсинбей жүрбөйүмбү, секелек жаным. Көрсө, сендей эркек сөрөй, кеңкелестерге мендейлерди буйруп коёт турбайбы…

– Тася, жаным…мени кечирчи, туура – сеники, мен сага тең эмесмин! Мен ата-энемди, бөбөктөрүмдү багамын деп жүрүп окуй албай калдым…болгону шоопурмун.Бирок кеп

анда эмес. Аны келгенде сүйлөшөлүчү, азыр карагай даярдаганга он күнгө кетип баратамын…

– Ошондон ары жоголуп кетер күнүң кайда экен!

Күйөөсү дал болгондой, ооз ачалбай калды. Мындай сөз угарын күтпөсө керек: баласына да, ал эмес бу жарык дүйнөгө да кайыл болгонсуп, башы деңгиреп, кулактары чуулдактарга тунуп, сенделип эшикке чыгып баратканын, ал өзү деле сезбегендей.

Аялы ого бетер жинденип, өткөн-кеткендеринин жержеберине чейин жетип, какылдай берди, ургаачылык тажаалдыгына өтүп. Күйөөсү алардын бирин да уккан жок.

Эшикте шыбыргактатып суу кар жаап турган. Айлана бозоруп, алыстык күндөгүдөй даана көрүнбөйт. Бирде тоңголок, бирде эрип, сууланган асфальт үстү сыйгаланып, баткак жол андан бетер эзиле берди. Ал тоого бара турган жалгыз жолдо машийнесин жин ургандай катуу ылдамдыкта айдап баратты. Тайгаланган дөңгөлөктөр бирде солго, бирде оңго булталактап, бүтүндөй жолду ээлеп илгерилейт. Мотору бирде гүүлдөп, бирде озондоп угулгансыйт.

Шоопурдук көнүмүш адаты менен алдыдагы жолдон көзүн албай баратканcыды, бирок жол көрүнбөдү: бет маңдайында Анастасиянын көк асмандай тунук каректери туңгуюктан чыгып, бүтүндөй жандүйнөсүн ээлеп, жадырапжайнап, нуру чачырай берди… кандайдыр бир жылуулук илеби чексиз ааламга жетелеп, дене-бою магдырагансып… көздөрү шоролонуп, жаактары сууланып баратты.

Эми эле жаман сөздөр менен шыбалып чыкса да, аны жамандыкка кыя албады.

Мындан эки жыл мурда, өңү-түсү сырткы келбетине жарашкан, жоодур көз кызды бир көрүү менен жактырып калып, ошондон түн уйкусунан, күн тынымынан безип жүрүп, бир жумага жетпеген убакыттын ичинде кандайча максатына жеткени – кайра башынан эсине түштү:

«Күч колдонду...» – деп, соттолуп кете жаздаганда үйлөнүп кутулган.

Ыза менен; сампарлаган сарсанаага толгон жигиттин көөдөнү көрүнбөгөн жалынга толуп; күңгүрөнүп сүйлөнүп да,бирөөнү сүйгөнү менен, өзүн сүйдүрө албаган жеке жашоо-турмушунун алгачкы соккусунан майтарылып, жаш баладай солкулдап ыйлап баратканын, андан да бу жарык дүйнөнүн акыркы сааты, соңку көз ирмеми – эң кымбат да, кайталангыс да болоруна көз ачыктык кыла албады...

Сыйгалакта, желге учкан камгактай, калдактап бараткан автомашина айылдан анча узай элек бурулуштан имериле албай жаңыдан гана буралып, бой керип өсүп келаткан, тээ алыстан эле ары-бери өткөн жолоочулардын көз жоосун алган жаш чынар терекке таамай урунду да, күү менен аны тебелеп, сындырып өтүп, жанындагы жарчадан ары учуп, анын түбүндөгү акыр-чикир төгүлгөн аңгекке эки жолу аласалып барып түштү.

Айлана бир заматта чаң-тополоң болду да калды. Аба бензин жыттанып чыкты.

Ийрелеңдеп, тоого чейин созулуп жаткан жолдун акырына чыгуу үчүн, дагы көп убакыт бар болучу.

Карагайчылар шоопурдун жансыз денесин былчыйган кабинадан тозок менен алып чыгышты...

## IV

...Андан бери арадан төрт жыл өтүп кеткенин кара...

Анастасия оор үшкүрүнүп алды. Канчалык жаман көрсө да көзүн ачып көргөн, оозун ачып өпкөн эри, жалгыз баласынын атасы эмеспи. Артында калган туягынын атасыз өсөрүн ойлоп, кээде капалана турган болду. Балким?.. О, жок! Өз атасындай кайдан болсун. Андайлар чанда гана чыгаар.

...Эшик дагы эле тарсылдап атканын аял эми гана эшитти. Кулак түрүп калды. Ошол!

– Кире бериңиз, Арсен Аманович! Биз шаардыктарча күнү-түнү бекинип отурбайбыз.Эшигибиз дайыма ачык.

«Сыпайылыгын көр, канткен менен, чоң шаарда өсүп, жакшы тарбия алган да. Чарбанын башкы агрономдугуна көрүнгөндү эле жибере беришпейт да. Анын башкарма болуп калышы да ажеп эмес. Башкарманын аялы катары...»

Арсен сырттан ачуулуу кирди, бирок анысын аялга билдиргиси келбеди. Мында күнүгө кеч келип, кайра таң заардан элге көрүнбөй кетип жүргөнүнө эки айдан да ашып калды болжолу. Ачыгын айтканда эрди-катындай эле жашап жүрүшөт. Айылдаштары деле даанасын билишпесе керек. Билген күндө эбак уу-дуу кеп чыкмак. Негедир жымжырт.

Арсен Анастасияга биринчи жолуккан түнү эле жагып калган. Кыз кезинен бери эңсеп жүргөнүнө акыры кеч болсо да жеткенине, өзүн өтө бактылуудай сезип жүрөт. Алгач бойдокмун деген, бирок ошол эле замат чындыгын жашыра албады.

Өткөн-кеткенин: жаштыгын, бойдок кезин, окуунун артынан илим-билим аламын деп жүрүп кеч үйлөнгөнүн, анысынын колунан ургаачы катары эч нерсе келбей турганын, ал тургай аял катары эркекти сыйлаганды – кийим-кечесин жууп, үтүктөмөк түгүл, аялдык жөнөкөй наздыктан дайын жок. Жылдызы өчкөн адамдай, таш эстеликтей мисирейип, бир көргөндү дароо иренжитет. Анда анын эмнесине кызыккан? Көрсө, кыздын атасы Арсен окуган айыл чарба институтунда ректор экен да.

Бир жолу ректордун үйүнө жумуш жасаганы курсташтары менен барып калганда, капысынан, ойдо жок жерден анын кызы менен таанышып калбайбы. Анан бара-бара ал экөөнүн байланышы тереңдеп кетип... акыры ректордун кызы ага боюнда болуп калганын айтат. Анда Арсен

окуусун да аяктап калган экен. Эгер дароо аялдыкка албаса, чоң чатак болорун, диплом алмак түгүл, соттолуп да кетерин эскертип коркутат.

Акыры, айласы алты кеткен Арсен, бардыгына макул болот. Алыскы аймактардын бирине жолдомо алып берүүсүн суранат. Ой-тилеги аткарылып, алыскы Бадахшандагы артта калган чарбалардын бириндe башкы агроном болуп эки жылча иштеп калат. «Моло таштан» эми таза кутулдумбу? – деп ичинен кымылдап турганда: кайынатасы айыл чарба министринин биринчи орун басары болуп дайындалыптыр деген кабарды уккандан кийин, бечера Арсендин чыккан күнү кайра баткандай болгон экен…

Арсендин Анастасияга айтып берген таржымалы ушундай. А чындыгында кандай экенин ким билсин. ...Балким, андай деле эместир? …Кандай болгон күндө деле, өзүнүн ички сезим-туюмунда; экөө мындан ары таптакыр ажырашпай тургандай болду.

Анын аныгы бүгүн түнү чечилип калса, кандай жакшы болор эле…

## V

Эмнеси болсо да, бүгүн бардык сырды ачуунун ыгы келип турат. Мени сүйгөнү чын болсо, токтолбой дароо жооп берер, жан дили менен макулдугун билдирер. Антпесе, канчага чейин эле ушинтип уурданып, жашырынып-жамынып жүрө бермекмин?..

Өгүнү бир жолу, эртеби-кечпи, баары бир аялын өз жолуна саларын айткан. Жалынып-жалбарып, көздөрүмдөн алмак-салмак өпкүлөп, калтыраган башкача доош менен; өмүрүндө биринчи жолу чыныгы сүйүүнүн кереметин Анастасиядан сезип, Анастасия аркылуу эркек катары бу жарык дүйнөгө жаңыдан төрөлгөнүн билдирген.

– Эки баландын тагдыры эмне болот? – дегенде: «Айла барбы, тагдырыңа жазылганды көрөт экенсиң да. Жазмышынан бир да пенде кача албас. Мунун бардыгы сен үчүн, улуу махабаттын жеңиши үчүн садага чабылып жатканына сыймыктанышым керек. Көп болсо, партиядан чыгарышар. А балдарым, аман болсо, чоңоюшар… эгер жатынын тартып калышса» – деп,туттуккансып унчукпай калган эле. Бүгүн эмне дээр экен?!

Арсен жана ачууланганcып киргени менен анысы дароо адаттагы жадырап жайнаган мүнөзүнө өттү; үстүндөгү күрмөсүн чечип ыргытып; жоодурап тиктеп, ойго батып турган Анастасияны имерс кучактап; көздөрүнөн, каштарынан…тиер-тийбес ысысык эриндери менен өпкүлөп, алкымынан, моюн-башынан шоркуратып жыттагылай берди...

Аялдын жандүйнөсү эргип, дене-бою кандайдыр бир сырдуу дүйнөгө берилип, эрип баратты…

Бөлмөдөгү жымжырттыкта сааттын бир калыпта «тактук» деген доошу гана угулуп, махабат көлүнө чөмүлгөндөрдүн өткөн күндөрү менен болочок тагдырларын эсептеп, салыштырып жаткандай.

Олпок керебетте отурган экөө азыр бардыгына бейкапар: бу жарык дүйнөдөн чыгып, кайсы бир ажайып, бейиштин жашыл аралына түшүп калышкандай; бири-бирин тиктөөдөн, аймалашып өбүшүүдөн эч качан тажачудай эмес.

Арадан бир топ эле убакыт өтүп кеткенби, үй ичи караңгылана баштаган өңдөнөт. Башын эркектин каруусуна жаздап, белинен эки колдоп кучактап, тууралаңып жаткан Анастасиянын ою онго, санаасы санга бөлүндү.Бир кезде анын коюуланган, кумарлуу көздөрү Арсендин, аны сынай тиктеген , өзүнөн башка эч кимге белгисиз, бир катар купуя сыр каткан,олуттуу көздөрүнө чагылыша түштү. Ага толугу менен берилген аялдын ички: буга чейин айткысы келбей, жашырып жүргөн дагы кандай сыры болду экен?

«Балким, мага чейин дагы канчалаган эркектин алдында эркелеп, дал ушинтип жаткандырсың…»

Аялдын көздөрү: адам буту тийбеген тоо көлүндөй тунук, балалыктын баёо асманындай бейкапар болучу. Ичине арамза ой каткан, бирөөнү алдаган, адамгерчилик деген улуу журтту тебелеген көздөр мындай болбойт. Андай пенденин көздөрү жалтактап, чындыкка тике карай албайт.

– Анастасия, сен чындап эле мени сүйөсүңбү?

– Жанымдан артык көрөм! Ал эмес, ишенесиңби,кээде сени өзүмдөн да аяп, кызганып кетем…кайра өзүмө өзүм таң каламын,кечээги мерес, жибибеген мен – ушинтип, эркектин караанына жалынып, күтүп, зарлап…

– Ишенбейм, аялдар сүйө беришет…

Анастасиянын эриндери кеч күздөгү чыкыроондун түнкү ызгаарында калган жалгыз сары жалбырактай дилдиреп кетти. Эки көзү алайып, анан кайра жумулду. Көздөрүнүн кычыктарынан ысык жаш сыгылып чыкты да, тунук айнек бетине тамган жаандын эки тамчысындай, ийри жол салып, жаагы ылдый төмөн тоголонду. Тумшугун эркектин колтугуна катып, буркурап жиберди. Өлгөн эри тирилип келип, бет маңдайында тургансып, Арсенди мойнунан кучактап, улуп-уңшуп: төрт жылдан бери көкүрөгүн жөө тумандай ээлеген бугун, эч кимге пайдасы жок арманын калтырбай, сыртка чыгарып жаткандай болду.

Солуктап атып, далайда барып басылды. Эсине эми келгенсип, бир кезде башын көтөрдү. Жашыктыгына ыңгайсызданганасып, мелтиреди. Бир жагынан эркек алдында аялдык намысын басынткысы да келбеди.

Эркектин көздөрүн тирмие, тике карады, андан сүйүүнүн, адамдык терендик менен боорукердиктин белгилерин, жок дегенде жылт эткен учкундарын издеди. Негедир алардын жышаанын байкай албады. Эркектин жанагы олуттуу көздөрү эми кыжырлануунун жыландай муздак илебин, уулуу заарын денесине сиңирип алгансып…жанатан

аларга байкалбай сырттан келип, атасынын күрмөсүнө оронуп, үшүгөнүнөн бүрүшүп; жалдырап (дайыма үйгө келгенде: «Шоопур атаңды сагынып атасыңбы, бар, эшикке чыгып ойногун...» – деп жекире караган), жалтак көздөрү менен бирде энесине, бирде энесин имере кучактап отурган; «уятсыз, жаман кишиге» тигип, бурчта тыгылып отурган жетимди ичинен каарып, арбап атканы даана байкалып калды.

Энелик жүрөгү ачышып кетти: «Эмне болуп кетти?! Байкушум ай! Эмнеге келдиң экен бу жарык дүйнөгө. Атасыз бала курусун ай. Туубай эле туна чөксөмчү, же ошондо кошо өлсөмчү. Азыр өз атасы болгондо, тигинтип бурчта жетимсиреп тыгылып отурбайт эле да... Атасы менин ордума, баласын алдына алып, эркелетип отурбайт беле? Аталык жүрөгү элжиребейт беле?!»

– Анастасия, эгер мени чындап эле сүйө турган болсоң, мынабуңду экинчи менин көзүмө көрсөтпө...жогот!

– Кайда?!

Аялды бирөө капысынан оор нерсе менен башка чапкансып, деңгирей түштү. Жүрөгү булкунуп-булкунуп алды. Ал бала – ошол жүрөгүнөн, нак канынан жаралбады беле...

– Ойлон. Кеңеш бералбайм. Бирок айтканым – айткан, дегеним – деген! Экинчи кайталабайын. Мен өз балдарымды таштап, кайдагы бир кеңкелестен жаралган маймылды эркелетмек түгүл, көргүм да келбейт, мойнума жүк кылып, өмүр бою баккым да келбейт. Уктуңбу?!

Эркектин ачуусу ушунчалык келген экен, анын көздөрү чакырайып, жаак булчуңдары карышып, бетинин сары түктөрү чыга түшүптүр. Колунан келсе, эми эле элжиреп, эркелетип отурган аялды эскирген чүпүрөктөй өрттөп, күлүн көккө сапырып, таштандыга ыргытып жиберчүдөй, ордунан тура калып, итиреңдеп кайра отуруп калды.

Анастасиянын айласы кетип барат. Арсен бир таарынып кетсе, экинчи кайрылып келбечүдөй, ошону менен өмүр

бою издеп жүрүп, эми тапкан жалгыз, кымбат бактысынан айрылып калабы? Ичиндеги баласынын тагдыры эмне болот? Анысы да атасыз жетим өсөбү… Жок, анте албайм!

Аял эркектин мойнуна кайрадан колун артып, дел болуп…жыттай берди, жыттай берди…

– Арсен, кымбаттуум, мейли, бардыгы сен каалагандай болсун. Ох, кандай жыттуусуң! Сени жоготкум келбейт…сенден ажырагандан көрө… А бала… балабы? Ооба, тигил сенин балаң эмес. Аны… аны… жоготом! Эртең көрбөйсүң аны… а бу болсо сенин балаң, сенин каның, экөөбүздүн; ыйык, таза махабатыбыздан жаралган…ырас, балдар табылат, алар көп, а сен – жалгызсың мен үчүн, бу жалгыз дүйнөдө…

## VI

…Анастасия бүгүн жалгызсырады. Арсен кечээки бойдон келе элек. Анын ички ой-сезими боюнча, ондой берди болуп, бүгүн кошунасы Урагановдор үч баласын калтырып кетти. Убалы кимге? Бу да болсо – жазмыш.

Аял түндүн бир оокумуна чейин кирпик-көзүн какпады. Төрдөгү керебетте Урагановдордун үч баласы, жердеги төшөктө уулу бейкапар гана уктап жатышат.

«Эмне кылуу керек? Кантем… Ушинтип эле баламдан айрылып каламбы?! Арсенчи? Жо-жок, аны жан билбесин! Андан баш тартууга эми болбой калды! Ал ушундай өлүмгө жаралган. Мен чыдамкаймын.Мен балама кайра жакшылык кылып жатамын, аны атасыз жетимчиликтин, кемсинтүүнүн толгон-токой азап-тозогунан куткарып жатамын. Анымды атасынын арбагы деле сезип, туура чечим кабыл алганыма ыраазы болор. Анткени өгөй атанын, жаңы бүлөнүн чыр-чатагына себепчи, өзү келген бактымдын бажырайып ачылып келаткан гүлүнө түшкөн кара так болгончо, эртелеп жок болгону жакшы эмеспи…

көп болсо бир жума ыйлаармын, каралдымдын караанына зар болормун! А эгер, анын айтканын аткара албай калсам, анда… жо-жок, дүйнөдөгү эң кымбатымдан айрылганча…»

Көчөдөгү кыймыл да басылгандай жымжырт. Аял ордунан ууру мышыкча жылып турду. Орус мешинин алдыңкы күл түшүргүчүнөн чыккан жылт-жулт эткен күңүрт жарык; караңгы бөлмөдө жылып келаткан Анастасиянын сөлөкөтүнүн кара көлөкөсүн, үстү түшкөн көргө кирип бараткан көркоо карышкырдай арбайтып-тарбайтып, тамдын бооруна бирде көрүнүп, бирде жоголуп кетип, адам билбеген, адамдын колу барбаган, бир шумдукту баштоочудай; төрт аяктап жөргөлөп, мештин оозуна улам жакындады.

«Бол, тездет, убагынан кечигип баратасың!..» деген каардуу жоон үн кайдадыр түпкүрдөн буйрук бере угулгандай болду.

Ал карбаластап калды. «Эмнеден баштасам?!.»

Эки чака таш көмүрдү чогуусу менен плита мештин үстүңкү тегерегинен күркүрөтө салды. Баертеңден бери күйүп, кызыл чок болуп, кызып калган меш тез эле гүүлдөп тартып, тутанды.

«Кичине күтө турайын, кокосу көмүргө толгон меш капысынан өчүп калбасын» деген арамза ой менен оттун табынан акырындап кызара баштаган плитанын үстүн бир саамга тиктеп, дел болуп селдее туруп калды.

Эшик тарсылдагансыды. Аялдын калагы колунан ыргып, үй ичи каңгыр-куңгур боло түштү: «Бүттү! Бардыгы ойрон болду. Келип калышты…»

Кулак түрүп калды. Жок. Жымжырттык. Кошунанын улуу баласы ысылаганынан жуурканды тепкилеп, уйкусурап тактайды түрсүлдөтүп атканын билгенден кийин гана жаны жай ала түштү.Бейкапар уктап жаткан балдарды бир топко дел болуп, тиктеп турду. Кошунанын балдарынын кичүүсү чукуранып, тамшанып, анан агасынын

каруусуна жазданып, анын мойнуна мыйтыйган колдорун артып, тынчып калды.

Чиркин дүйнө ай! Бүгүнкү түн алардын кыска өмүрүнүн эң акыркы көз ирмеми экенин алар сезип жатышты бекен?! Кайдан?.. Өзүнүн уулу болсо, энесинин бүтүмүнө макул болгонсуп, бейкапар гана бышылдап, бир калыпта гана дем алып, уктап жатат мемиреп.

«Мындайда ар бир секунд убакыт кымбат, тездетүү керек!..»

Аял орус мешинин түтүн чыккан морун тосуучу темир калакчаны шарт эттирип акырына чейин түртүп, элеңдеп эки жакты караган бойдон, сыртка атып чыкты. Бирөө артынан кубалап келаткансып, эшикти сыртынан шашкалактай жаап, ага жөлөнүп, нес болуп туруп калды.

Жымжырт. Айлана көөдөй капкараңгы.

– Бүттү!.. – Анастасия бул сөздү күңгүрөнүп, шыбырап, кайта-кайта айтты. – Сен үчүн... Жалгыз гана сен үчүн... Эми сен жалгыз гана меникисиң, эми бизге эч ким тоскоол болбойт...

Мээси жанчылып, ал тургай башынын ичи таптакыр бош калгансып ичиркенип, дене бою чыйрыгып, калчылдай баштады. Көздөрүнүн жашы өзүнөн өзү шорголоп... он талаа... Башына эмне келсе – ошону ойлой берди чалды-куйду... аларга ишенип да, ишенбей да кетти; бир туруп – азыр эшикти жулуп ыргытып, бөлмөгө атып киргиси, бир туруп – бардыгына кайыл болуп, башы ооган жакка тентип басып кеткиси келди.

– Жок! Жок! – Анастасия чаңырып, эшиктин туткасын эшик-мешиги менен чогуу жулуп алчудай, аны эки колдоп мыкчый, алынын келишинче карыштыра кармап, тамды чирене тээп, жулкканда эшиктин күүсү менен артка чабылып, далортосу дубалга жабыша түштү.

Ичтен урган таш көмүрдүн иси – тумчуктурма уу түтүнү оозуна толо түштү. Аялдын тамагы буулуп, кыйкылдап-чыйкылдап, кайра эшикти жаба койду.

Анастасия үч бүктөлүп, кечки шыпырындысы алынбаган кир тактайга үстөмөнүнөн бүк түштү...

## VII

Айылдын дагы бир кышкы таңы атты. Адаттагы айыл тиричилиги…

Жалгыз көчөнүн дал ортосу менен таралбаган чачын саксайтып, жакжайган көйнөгүнүн көкүрөгүн да кымтууга шайманы келбей, бирде делдиреген, адамдын боору ооруй тургандай аянычтуу сыздап, эчкирип ыйлап, бирде жомоктордогу коркунучтуу жез тумшуктардай шумдуктуу чаңырып, эки колун эки жакка жайып бараткан жалаңкат көйнөкчөн аял чарбанын кеңсесин көздөй кээде делдектеп, кээде мүдүрүлүп барып, кайра оңолуп, түзөлүп тура калып, кээде чуркай калып баратты.

– Бул соо эмес ой!?

– Анастасия жесир го, я? Акылынан айныганбы, э кудай!…

Ал, айлана-тегерегине кенедей да маани берип, назар салбастан, түз эле башкарманын кеңсесине кирип барды. Анда жалаң чарбанын башкы адистери адаттагы кеңешме жыйынга чогулуп отурушкан эле. Башкы агрономдон башкасы күндө аралашып, көрүп жүргөн аялдын азыркы кебетесин көргөндө, турганы турган, отурганы отурган тейден бир саамга катып калгандай болушту.

«…Э, кудай сактай көр! Шерменде кыла көрбө, кызматымдан жогорулай турганга жакындаганда. Жинди неме го?! Ал менин сынап айткандарымды чын көргөнбү…? Ушуну менен андан кутулам го деп ойлободум беле. Кайдагы бир ит кумар үчүн баласынан кечип…Баласын бир балекет кылганбы…? Андан көрө өзүн кудай алып кетсе, жабылуу аяк жабылуу бойдон калбайт беле…Бирок эмнеден корком!? Баягыдай, бардыгын танып кетпей жаным жокпу… курсагындагы баласычы? Кантип далилдейт. Айбан экен накта!

Мындай немeнин боюна да, тийди-тийбеди дароо бүтө калат экен… Кайнатам укпаса экен…? Анда эле…? Тирүү жүргөнчө …эми партиядан чыгарышат моралдык жактан бузулган, туруксуз деп… анда эле бүттү… башкармалык тургай азыркы кызматымдан айдалам…»

## VIII

…Анастасиянын абалы күн санап начарлай берди. Жүрөктү эзген санаа менен өзүнө өзү жок жерден тилеп алган, катмарланган кападан чүнчүп, пастады. Уктаса да, турса да, алиги каргашалуу түн көз алдына кайра-кайра элестеп келе берет. Эми дагы эки өмүрдү кайталап жашаса да, акталгыс күнөөсү мээсин кара тумандай каптап, бүткүл аң- сезимин туткундап, темир торго салып койгондой.

Анын жалгыз эрмеги: алаксытып күн кечирери, сасык тумандай мээсинде уюп, кетпей калган кайгы-капанын сазынан сээлдетери да алаксытма ичкилик гана болуп калды. Баягы ар ким суктанган Анастасия азыр жок.

Жалжылдаган кумарлуу көздөрү соолуп бараткан кудук оозундай чарасына батып, болтойгон жаактары шимилип, келишкен бели кынжыйып, жакын келгендерге ачкылдын сасыган жагымсыз жыты буруксуп, ар кимдин көңүлүн айнытчу болду. Ал аракеч аял атанды. Анын мындан аркы жашоо-турмушун ичкилик ичип, акыры таптакыр түбүнө жете турган болуп калды окшойт. Баягы каргашалуу түндөн катуу ууланса да аман калганы менен жарым эс болуп калган баласына, өлгөн күйөөсү үчүн чегерилген пенсия-пособиеси колуна тиери менен ошол жерден ичип, жаткан жерине түнөп да калчу болду.

Акчасы түгөнгөндө кийим-кечесин, же үйүндөгү буюмдарын сатат. Анан, үйлөрдү кыдырып сурап ичкенге

отот. Эми андан жакын кошуналары түгүл, айылдаш таанышттары да жаа бою кача баштады. Анын келаткашын көргөндөр дароо дарбазаларын ичинен илгенче шашышат.

## IX

Жамандык жерге жатабы... Алакандай айылдан эч нерсени жашыра албайсың.

Жесирдин агроном менен байланышы да, жек көрүндү баланын азабынан чыккан экөөнүн бүтүмү да... бардыгы оздон-оозго өтүп, сөзгө сөз кошулуп атып, акыры даана-ланып ачыкка чыкты. Ураганов дордун үч баласынын бей-ажал өлүмү үчүн, айылдаштары Анастасияны тим эле тытып жегиси келди...

Эми Анастасия айылга киши өлтүргүч, кандымоюн атанды.

«Мындай шермендени, эркексиз чыдап жашай албаган шуркуяны жыланачтап туруп соттоп, башкаларга сабак болсун деп, айылдын дал ортосуна – көрүнөө жерге асып салыш керек!» – дегендер да болушту.

Райондук прокуратурадан келишти. Тергөө башталды. Ал күнү самогонго ууккан Анастасия сурак бермек түгүл, өлө мастыктан көзүн ачалбай жаткан. Агрономду издешти. Анысы борборго – министрликке жаңы кызматка которулуп кеткенине бир жумача болуп калганын чарбанын башкармасы расмий билдириптир.

Иликтөөнү эртеңкиге калтырышты. Ага чейин, башкы күнөөкөр соолугуп да калар деп ойлошкон. Көбүнчө күндүзү уктап, түнкүсүн арак издеген жесир, түн ортосуна жакын эсине келип, кошунасыныкына кирген. Адаттагыдай, алардын жанын жай алдырбады. Терезесин улам койгулап, уккандын зээнин кейитип ыйлаганынан, үйгө киргизип, аны органдагылар издеп жүргөндөрүн кабарлаш-

кан. Сезип, сестенип деле койгон жок. Урунду-беринди болуп жүрүп, бети-башынан бери деле таза жери калбаптыр шордуунун. Кеп кылганы жалаң ичкилик. Ала турган киши чыгып калса, жашап турган үйүн да сатарын, ортодо кеп арасында кыпчып кетти…

Эртеси кандай окуя болуп кетерин алар кайдан билишиптир. Коңшулар Анастасиянын жыгачтан аштап салган эки бөлмөлүү үйүнүн терезелеринен уюлгуган кара кочкул түтүн бурулдап, абага көтөрүлүп-көтөрүлмөксөн болуп, үйдүн чатырчасын толук чулгап турганын көрүштү.

Эл жабылды. Эшиктери аңкайып ачык калыптыр. Балта-күрөктөрү менен, чакалап суу ташыган айылдыктар үйдүн ичине чубашты.

Өрт эми эле башталгандай. Мешке толтура таш көмүр салынган сыяктанат. Быкшыган түтүн анын гана оозунан чыгып аткандай көрүндү. Бөлмөнүн ортосуна үйүлгөн ар кандай чүпүрөк-чапырактар, сынган-бүлүнгөн отургучтар, ар кандай жыгач буюм-тайымдар… жаңыдан туттанып, чатырап күйө баштагандай.

Келгендер арыдан-бери ала келген сууларын чакалап чачып атып, эми башталган өрттү өчүргөнгө үлгүрүштү.

Ички бөлмөнүн эшиги бек экендигин байкашты. Ичинен илингендей. Тартып көрүштү. Акыры айлалары кеткенде, балталап ачууга аргасыз болушту. Биринчи киргендер селейип, эшик алдынан ары өтө албай туруп калышты. Мурда асма керебет бешик илинип турууучу, шыптагы темир илмекте – катар жип сыйыртмакта Анастасия менен жарым эс баласы катар моюндарынан асылып, ооздору ачылып, көздөрү чакчайып салаңдап турушат.

Сырттан киргендер узун-кыскалуу болуп тизилип, үн чыгарбастан дымырап туруп калышты. Эшиктен удаа жаңыдан кирген бирөө, босогонун түбүндө тикесинен бош турган бөтөлкөнү байкабастан тээп өттү окшойт, ал тоголонгон боюнча, күү менен ички үйдүн керегесине барып урунуп, шалдыр-күлдүр боло түшкөндө, бардыгы

тиги эне-бала өлүктөргө жан кирип, ыргала баштагандай аларга жабыла көздөрүн кадап, эгер бирдеме болуп баратса, дароо сыртка элден мурда чыга каччудай кетенчиктеп, кайра бири-бирин эш тутуп, туруп калышты элеңдешип…

X

…Ички бөлмөнүн төр керегесинин бурчунда илинип турган, көгүш сырга боёлгон жыгач алкактагы айнек алдындагы портрет-сүрөттөгү таза кийинген кыз-жигиттин, үмүттөргө мелт-калт толгон, күлүңдөгөн көздөрү сырттан киргендерге кадалып: «Оо, булар биздин сыйлуу кошуналар менен түбөлүк ажырагыс айылдаш туугандар турбайбы!.. И, эмне болуп кетти?!. Бизди эми көрүп атканcып, босогодо элейип туруп калганыңар кандай… Келгиле, жогору өткүлө, кутмандуу күндүн, куттуу үйдүн мейманы болгула… А турмушту, жашоону, сүйүүнү… айтып жатасыңар го. Кейибегилечи, пендечилик курусунчу… адамдын ары-бери караганча жылт этип өтүп кетчү көз ирмемдик кыска өмүрүндө эмнелер гана болбойт!.. Силер да биздей эртеңкиңерди ойлобой элөөрүп-делөөрүп, бу жалган дүйнөдө түбөлүк жашоочудай болуп, нечен жаңылгандырсыңар…» – деп күңгүрөнгөндөй, уюлгуган түтүндүн ышынан улам сүрөттүн бети улам күңүрттөнүп баратканын кошуналардын бири да байкамак түгүл, сүрөттүн илинип турганына деле анча таңазар салышпады.

…Ал – Анастасиянын күйөөсү экөө үйлөнүү тоюнда түшкөн жалгандагы жалгыз сүрөтү болучу…

# ӨЛҮК КАРЫЗЫ

– Кемел таптаза туруп эле кечээ кечке жуук о дүйнө салыптыр, – деген суук кабар таң атпай жогорку чолок көчөдөн бизге капысынан жеткенде, өзгөчө менин ичим тызылдады.

– «Атаңдын көрү куу дүйнө! – деп түтөдүм ичимде, – эки күндүн бири өлүм деген ушу экен го?! Бу жалган дүйнөгө жаралып келет экенбиз. Ага чейин сенден бирөө сурап коюптурбу: «Сен бу жарык дүйнөгө жаралгың-келгиң келеби, же?..» – деп. Ал эми туулдуңбу-болду, каалайсыңбы-каалабайсыңбы, сен жашоого милдеттүүсүң. Курсагың ачканда, көрөмүн: «Жашабайм!» – деп жатып алганыңды. Кызыл кекиртек үчүн кайда гана барбайсың, эмне гана күндү көрбөйсүң. Бирок пенде байкуштун шордомо бир кемчилиги – өлүп каламын бир күнү ушинтип жүрүп деп бир ойлоп койбойт экен да. Кара жанын аябастан, ден соолугуна карабастан: «Оокат эле оокат, акча эле акча, жейм, ичем келе эле келе» – деп жулунуп-жулкуна эле берет экен, уят-сыйыт, абийир-сыйын мындай жыйыштырып коюп. «Болду, тойдум, жетишет! Бир күнү өлүп калсам- бардыгы жер үстүндө калат...» – деп топук кылып сүйлөгөн бирөөнү көрө элекмин ушунча жашка чыкканы. «Болгон сайын дагы болсо экен дейт экен, кээ бир эки аяктуу бечара киши».

Ичимден ушуларды ойлоп алып, жаным бир кашайды дейсиң. Арыдан-бери кийине калып, Кемелдикине барып көз көрсөттүм.

– Ооруп жүрдү беле?– дейм ал жердегилерден.

– Анысын деле айтчу эмес, – дешти алар.

Эки жагым байкасам, анын өлгөнүнө үзүлүп түшүп, боздоп-ыйлаган деле бирөө байкалбайт. Жалгыз эркек баласы да көрүнбөйт.

– Кайда кеткен? – деп сурайм.

– Командасы менен спорттук мелдешке катышканы Орусияга кетиптир, – деди аталаш туугандарынын бири. Анан жер карап жылмайып ары басты. Бу эмнеси дейм. Жолдо келатып ошол сөз эсиме түштү. Өлгөн Кемел менен кенедейден бир айылда, бир көчөдө ойноп-күлүп чогуу өстүк эле. Анын үстүнө анын жалгыз эркеги менен менин ортончу баламды кол кармаштырып, достоштуруп койгон жайыбызды да эстедим. Жакын көрүп, санаам тынчыбагандан, алардан эки үй бери аталаш туугандарыныкына атайы кайрылдым. Үй ээси бери чыгып келаткан экен, эшик алдынан жолугуп, андан:

– Кабар бердиңерби? – деп сурап калдым.

– Кимге?!

– Кимге болмок эле, баласына да...

– Дареги табылчудай эмес, чунак баланын.

– Э ботом, жердин түбүнө түшүп кетти дейсиңби?! Жакшылап сураштырсаңар, аларды кайда жибергенин бу жердеги чоңдору кантип билишпесин.

– Кайдан, бири Усть-Каменогорскиге кеткен десе, бири жок, алар Романовка деген жерге барабыз деп аткан – дейт.

– Э ботом, СССР дегендин жоголгону качан. Буларың эл аралык чоң мелдешке кетишкен турбайбы, – деп атканымда ар жактан басып келген алардын теңтуш балдарынын бири менин бул айткандарыма көзүнөн жаш чыкканча күлбөспү.

Эмне дээримди билбей, элейип эле туруп калыпмын, эч нерсеге түшүнбөй.

– Мунун эмнеси күлкү?! – дедим бир кезде, анын орунсуз ыкшыганына ачуум келгенинен. Ал ошондо гана эсине келгенсип, мени бир карап алып, анан мостоё калып:

– Э жарыктык, ушуну эмдигиче билбейсизби?! – деп кайра суроо узатат.

– Эмнени?

– Аяш балаңыздын «эл аралык мелдеши» жөнүндө?

– Бу айылда, анан районго, андан облуска чейин барып мектептин балдар-кыздары спорттук мелдештерде жеңип келиптир дегенин угуп жүргөмүн. Эл аралык мелдешин эми угуп атам.

– О кокуй, сиз биздин учкул замандан таптакыр артта калган турбайсызбы?! Кебек балаңыздын спорттук командасы түгүл, мектептеги мугалимдик ишин таштаганы качан.

– Таштаса, эл аралык мелдеште эмне кылып жүрөт анан?!

– Мурда спорттук мелдешке катышып жүрсө, эми алма, өрүк соодалап, акча менен көрдүйнө жыюу мелдешинде жүрөт.

– И, и-и, эми түшүндүм, балам. Бирок байып кеткенин деле байкабадым аяш баламдын. Жок дегенде кийим-кечесин жаңыртпайт. Баягы эле жеңи жыртык чакмак көйнөгү, желкеси сүзүлгөн сары күрмөсү жайы-кышы жонунан түшпөйт, түгөнгөн баланын.

– Э, жарыктык, «чычкан түк күткөн сайын калтырайт» деген кептин төркүнүн бизден мурда сиз жакшы билесиз да.

– Анын ырас, балам. Эмдигиче анын дареги табылбаса, ай түгөнгөн көр оокат ай?! Эми эмне болот, ыя? Акча табат элем деп жүрүп өз атасына жалгыз баласы топурак салбай калабы...

– Атасынын өлгөнүн уккан күндө деле дароо жетип келалбайт го.

– Кантип чыдап турсун чунак бала. Же жердин алыстыгынан үлгүрбөйт дейсиңби.

– Жок, андан деле эмес го.

– Анан эмнеден?

– Өзүңүз ойлоп көрүңүзчү, эки тоннадан ашык алма жыйыптыр элден. Аны бу айылдан жанын кейиткен акча-

га деле баалаган жок. Бирок тыякка барганда анысын жок эле дегенде беш эсеге көбөйтөт эмеспи. Анан, ошончо кызылдай акчаны талаага таштайбы?! Кабар жеткенде деле: «Эми өлөр атам өлүптүр, бир ууч топурак салат элем деп, бир машийне байлыгымдан кол жууй албайм» – деп айтаарын бөркүмдөй эле көрүп турамын.

– Кантип ошентсин?! Эй, жубарымбек, сен айтчы, антип айтарын сен кайдан билесиң, я?!

– Башкасын билбесем да, «битин сыгып, канын жалаган» Кебек зыкымды жакшы билип калгамын. Кантип дебейсизби?

– И, айта бер.

– Бир жылы анын «командасы» менен акча табуу мелдешин өз көзүм менен көргөнү кызыгып барамын деп, бир нече күндүн ичинде эле жанымдан түңүлүп келгемин.

– Ошондой де?..

– Ал азыр акча менен алмадан башканы, экинчи болбогон маселе катары карайт.

– Ата-энеден да, ага-туугандан да артык болуп кетиппи, көрдүнүйөө?!

– Дал ошондой, аксакал. Буга бир далил келтирейин, мынча болду угуп алыңыз.

– И, кана, айтып көрчү?

– Былтыр дал ушул убакта, ал адаттагысындай Алматыда карагат сатып жүргөндө кайнатасы өлдү. Укса да убагында келип топурак салбады. Биз бир тобубуз айылдаш, теңтуш катары алыш-бериш милдетибизден кутулалы деп, кечкурун куран окутканы үйүнө барып калдык. Алар менен биринчи жүз көрүшүп аткан соң деп, алардын атасы өлгөнгө капаланган түр көрсөтүп, ыйламсырап, башыбызды жерге салып, чала-була чолок жаш чыгарып кирсек, экөө деле эч нерсе болбогондой, той берип аткансып, күлүп-жайнап кабыл алышты. Эч нерсе билелек немелер го деп, «капысынан жаман иш болгонун» угузсак:

– О, кокуй, ошо да кеппи?! Өлүмдү карыдан берсин, өлөр кайната өлүптүр, «кайгы жокто кайнатам өлүп» дегендей эле кеп болду. Так соодам кызып турганда кабарлашты. Кабар берген кайнимдин жанында катыным да бар экен. Аным телефонду ала коюп дарылдайт деле: «Атам өлүп калды...» – деп. Капыр, чоң эле катындын аңылдап ыйлаганы жаман экен, ха-ха-ха, ой катын болду дедим, акырын айтып сооротсом деле болбойт. Ачуум келди, кайдан-жайдан чыга калган жиним кармай түшүп: «Токтот! – дедим. – Ыйдын түбү ый болот. Карыган атаң ичээрин ичип, жээрин жеген. А алма, карагат сатып, сени багам деп жүрүп, жапжаш мен өлүп калсам эмне болот, я?! Эси жок катын, андан көрө менин аманчылыгымды тилебейсиңби, жаман жорону баштабай... – деп бир топту божурап келип, акырында жумшарта, үнүмдү пастатып, анан: «Буюрса соода мурда болуп көрбөгөндөй кызып баратат, бир аз күнгө чыдасаң миллион менен барып калам» – деп бир азга унчукпай калдым, эмне дээр экен деп. «Анда мейлиң, мен бу жакка сага кабар жетпей калды деп коёюнбу» – дебеспи, ха-ха-ха деп бакылдап да, каткырып да атты кайран «көкжал» Кекем.

Биз бири-бирибизди карап: «Буларга даба да, айла да жок экен го» дегендей ичтен сызма көз караш менен алектенип, делдейген бойдон: «Өз атасы эмеспи, кызы эмне дээр экен?» деген кыязда аяшыбызды жабыла жалдырап тиктеп калыппыз. Ал деле эринен ашпаса, кем калбаптыр. Жок дегенде, калп да болсо кемшеңдеп, жаш чыкпаган эки көзүн кол жоолугу менен сүрткөнсүп койбойбу?!

– Атаңдын көрү көрдүйнө! Айткан жанагы сөзүңдө калет жок экен, балам, – деп аны далысынан жумшак таптап, эртеден берки аларга өктөмүрөөк сүйлөгөн ашыкча, орунсуз сөздөрүмдү кайра өзүмө кайрып, өзүмдөн кичүүлөрдүн алдынан өтүп аткандай бир жымыйып жер карадым, көздөрүмдү ала качып.

Кемелди жерге берер күн да келди. Ага чейинки эки күндүн ичинде алардын телефон чалбаган жери, сураба-

ган кишиси деле калган жок. Мындай жамандыкты баланын жүрөгү сезет дечү эле, анысын да байкабадык. Андайда түшүнөн чочуса деле тынчсызданып: «Деги ата-эне, бала-бакыра аманбы?!» – деп телефон чалганда билип алмак эле да.

Күн түшкө жакындап бараткanda айылдын молдосу өлүк таажиясын аяктап, казганактап турган калың элге кайрылды:

– О, эл-журт! – деген молдонун ичке үнүн тунжурап тынышап калдык. – Маркум Кемелди чын дүйнөгө узатканы турабыз. Пенде тиги дүйнөгө таза барсын. Кимде кимдин аласасы же бересеси болсо, ушул жерден айтсын! Жашырбасын, кана?...

Эл дымыраган бойдон. Жанатан жаназага турган бойдон, катарыбызды бузбастан ошол жерге жүйүртө басып отуруп калыппыз. Эки жагымды байкасам; четтебирээкте, тээ бала кезден жалаң соода-сатык, бири-бирине аянбай чабыштырып пайда издеген сүткорлук менен ушу жашка келген Кеңеш деген теңтушубуз отурат, эч нерседен капарсыз. Эмнеге унчукпайт деп, анын кечээ эле маркум Кемелге үч соолук кой карыз экенин айтканы эсиме түшө калды. Мал арзандаганда базардан сатып берейин деп улам күтө берип, ушуга келиптир.

– Ой, өз короондо деле койлоруң бар го? – десем:

– Өз короого колум барбай турат, – дейт.

– Эмнеге?

– Ичиндегилери менен үч баш ашык кетип атпайбы, эми туусун да...

– Убал-сооптон да, кудайдан да коркпогон неме экенсиң! А кокус өлүп калсаң же непада Кемел өлүп калса эмне болот? – дегемин ошондо.

– Эй, теңтуш, кимибиз мурда өлөрүбүздү бир кудай гана билер. Кемел болсо менин өмүрүмдү тилеп жүргөндүр.

– А сенчи! Сен анын өлүмүн тилеп жүрөсүң да, оңбогон сүткор! Ырас гана укпадымбы, эми сенин саамыктатып,

бөйрөктөн шыйрак издеген пайдакечтигинди кайда болсо да айта жүрөйүн, – деген жан күйгөндөн чыккан сөздөрүм да өлүк үстүндө эсиме келе калганы ырас гана болду, өлүк карызынан кутултуп, экөөнүн тең бирдей сообуна калайын, деп Кеңеш жакты карасам, ал жанагы бойдон деле эч кебелбей, ордунан жылбастан отурат жер тиктеген бойдон. Балким: «Эми үч баш кой өзүмдө калды» – деп ичинен кымындап, сүйүнүп отурса керек, жакында алар алты башка айланарын эсептеп. Бул ойдон кийин эми чындап ачуум келди.

– «Кемелдин арбагы кечирсин, эгер ашык кетсем»,– деп ичимден күбүрөп келмемди кайталап, анын үстү кызыл дукаба менен толук жабылган табытына тизелеп, акырындап жакындап барып:

– Коё бер, ой коё бер! – деп үнүмдү бийигирээк чыгарып, айлана-чөйрөмдү байкасам, ансыз деле дымырап казганактап турган эл ого бетер дымырап, абдаарып эле баары мени элейип тиктегенсип калгандай.

– Мен эмес, мен эмес... тигине – Кеңештен ал үч коюнду! Ал тигинде отурбайбы! Коё бер мени, мен карыз эмесмин сага, Кеңеш карыз сага, аны өзү айткан, – деп эле күрмөмдүн этегин табыт жапкычтын алдын кошо ууччтай кармап жулкулдата бердим, кайра-кайра бакылдап.

Эл дүргүй түштү. Элге кайрылып, өлүк карызын сурап турган молдо теспесин шарактатып, күбүрөп-сүбүрөп келме келтирип атат тынбай. Капталымдан ачуу бакырган үн чыкты капысынан. Карасам – Кеңеш сүткор. Эки жагында топтошуп отурган элди көзүнө илбей аттап-буттап баратыптыр, ай-уйга келбей...

# КАНЖОЛ

Бул жерди бекеринен эл: ары-бери өткөн жарым-жартыларды, өзгөчө жөө-жалаңдап, тентип-тербип жүргөн бечаралардын нечени өз ажалын тапкан каргашалуу өрөөн; «кандуу өрөөн» же акыры, кийинки кезде айлана-чөйрөгө кеңири белгилүү болуп калган «кандуу дөбөгө» алып бара турган «кандуу жол» деп аташпайт. Андан бери канча убакыт өткөнү деле белгисиз. Ал жөнүндө атадан улам балага өтүп келаткан бир уламыш кепти да атамдан укканым бар. Анын башкы каарманы, балким, анын атасы, демек, менин чоң атамдыр. Анткени ал киши да жигит кезинде ушундай бир окуяны атасынан укканын айтып бериптир да.

... Ал жигиттин жер кезип жолго чыкканына бүгүн үч күн болот. Сырт кийиминин тамтыгы кеткендиктен ар кайсы жеринен кызаңдап эти көрүнөт. Башында көрпө тери малакай, колунда бир топ эле салмактуу четин таяк. Кайда, кимге баратканын өзү деле билбейт. Ары-бери өткөндөр жедеп таптап бүткөн жолдун нугун ээрчип жүрө берди. Ичинен ойлогон илгери үмүтү менен таттуу кыялындагы бейиштей сонун көрүнүш эми-эми алдынан кучак жая тосуп ала тургансып шашат. Аны эшик алдында кыркалай тизилген желеге татынакай кулундарын байлап, маал-маалы менен жылаажын үндүү коңгуроолуу бээлерин саап, гүш-гүш саба бышкан доошу туш-туштан даана угулуп турган жумурткадай аппак боз үйлөрдүн ордуна – томсоргон таштак талаалар менен бозоргон бөксө тоолор

түгөнбөй, биринен сала улам бири ага окшогон тентиген селсаяктардан тажагансып, көңүлсүрөбөгөнсүп, кабагын салган кара-көк асманы түнөрүп тосуп алып жатты.

Бир топтон бери оозуна наар албаган жигит улам белестен-белеске эңкейген сайын илээлеп, кадамы мындан үч күн мурдагыдай эмес;көздөрүнөн чыбырчыктап «чаар чымын» учуп, жарык дүйнө ал үчүн караңгылап бараткандай. Жаны жер тартып, азыр эле ысык кумга чалкасынан түшүп, эч ойгонбогон тынч уйкуга кеткиси келет. Ичи кабышкандан өзөгү үзө тартып, таңдайы катат. Куудурап, кесилген эриндерин колдоюп калган тили менен жалаган болот.

«Эми, дагы, тээтиги ээрдей белести ашайын. Балким...» – деп үмүттөндү ал ичинен.

Күн шашке болуп калгандай болжолу. Жигит белестин белине чыга бергенде, алдынан сенделген караан көзүнө чалдыкты. Бүкүрөйгөн жонунан бөлтөйгөн түйүнчөк көрүнүп-көрүнбөй келет. Өтө эле улгайып калганданбы же жашоо-турмуштун таш боор кучагында кыпчылып калган өзүнө окшогон бир куу тумшукпу, айтор, алдынан чыккан алгачкы жолоочунун сырткы көрүнүшү өзүнүкүнөн төмөн болбосо, артык эместей көрүндү. Ийри-буйру шилби таягына улам өбөктөй калып, анан эптеп аяк шилтеген болот.

– Ассалоомалейкум?! – жигит карынын алдынан кыя өткүсү келбей үн катты.

– Ээ, бар бол, айланайын...

Илең-салаң сүйрөлө жер тиктеп келаткан, бириндеген агала сакал абышка чочугансып кобурап, жерден чыга калгансыган жигиттин саламына адаттагыдай жооп менен алик албастан элейип, таягына эңкее эки колдоп ыктап туруп калды. Ичинде коoптонгон ар кандай, карама-каршы ойлорго кептелди.

Жигит бая күндөн бери бир да тирүү жанга жолукпай, акыры, эбак эле өлгөн атасын кайра көргөнсүп, андан бирөө такып сурап аткансып:

– Мен бир шордуу жетиммин, ата?! Бул дүйнөдө жалгызмын. Жанды багаар бир айла табылабы деп силер тарапка чыктым эле.

– О, түбүң түшкөн шум дүйнө! Алакандай элди өз журтунан ажыратып, ушинтип тентитмек белең?! – деп абышка кимдир бирөөгө наалат айткансып, өксүп-өксүп алды.

Жигит боз чаңы буртулдаган жалгыз аяк жолдон чыга, тигиндейрээк барып, куму эшилген дөбөчөгө көчүк басты. Эки көзү алиги чалдын түйүнчөгүнөн өтөт. «Сенделген немении түйүнчөгүн аңтарып көрсөмбү? Ичинде эмне болду экен... Кудай билет, анын ичинде тамшанар бирдеме бар экенин...Болор-болбос көрдүйнөдүр...»

– О, шордуу жолоочу! – Чал сүйрөлгөн кыска, жарытпаган арышы менен беш-алты кадам аттап-аттай электе, оюна капысынан бир нерсе түшө калгансып токтой калып, артына кылчайып:

– Тилимди алсаң – мындан ары барба, кайра тарт! – деп калтыраган оң колунун алаканын серепчилеп, шорологон көздөрүн күндүн нурларынан калкалай үнүн көтөрө чыгарды.

– И, – деп мурдунун учунан «мыңк» этти жигит чалдын кебине эми гана маани берген түр менен.

– Мени менен жүр, экөөбүз бири-бирибизге караан-бутак бололу, балам. Бу жакты эл бекеринен «кандуу жол, кандуу дөбө» деп айтышпайт тура.

– Жок, укпапмын. Эмнеси, кандуу дегени?

– Тээтиги бел-дөбөдөн тирүү жан пендеси өтө албай көркоого жем болуп атыптыр.

– Аны да көрө жатармын. Акыры башка келе турган бир өлүм го.

– Кой, антип кыска ойлобогун. Жаш экенсиң, бардыгы алдыда.

Жигит чалдын сөздөрүнүн маанисине анча деле таназар салбагансып ордунан тура, сапарын улантты.

– Тил албадың го? Жаштыгыңа салып эрдемсинбегин. Андай эле баргың келсе, бир азга күт. Азыр жаналгычтын жем издеп чыгаар убагы. Алыстан байкайлы, балким, ал төмөндөп жер которуп кетээр...

– Көп болсо бир бөрүдүр?! ...Ажалым болсо – өлөрмүн, азабым болсо – көрөрмүн.

– Сактансаң сактаармын, – дейт жараткан. Сен сөз манисине түшүнбөгөн кандай баласың, деги? – Жанатан үлдүрөп, бир караганга жүдөө, алсыз көрүнгөн чалга капысынан сыйкыр күч киргендей опурулуп, үнү өктөм чыгып, өмүрүндө бир көргөн жигитке сес көрсөткөнсүп бир тийди.

Жигит атасынан кагуу жеген жаш баладай сакалдуу кишиден тартына, адебин сактап, негедир өзүнөн өзү кичирейип, бужүрөгөнсүп жер карап туруп калды.

– Жанатан бери эмнени жобурап атамын.?! Эрдемсинген сендей эси жоктордун нечени кан кускан бөрүгө жем болуп, баңги баштары мүлжүнүп, шагыраган сөөктөрү тигинде жатпайбы, катыгүн!

Жигиттин дене-бою дүркүрөй түштү. «Селт» этип ордунан тура калайын деди. Бирок козголуп барып тим болду. Оозу аңкайып ачылды.Чалдын эки бет болуп каткан жүзүнө, жыртак кызыл көздөрүнөн шорголоогон жашы салааланып, токтобой бириндеп кубарган сакал-мурутун аралап, жука кымтылган эриндери билинер-билинбес титирегенсип, жонунан алган бөлтөгөй түйүнчөгүнүн үстүнө эки-үч бүктөлүп, калтырап-титиреп атып, араң дегенде отурганына чейин – ар бир кыймылын ката кетирбей карап отурду.

«Ал эмне, карышкырбы? Кантип эле кара башыл кишиге кол салсын? Бир итке алым жетпей эмне болупмун?!» деген сыяктуу суроолор башын тумандатып, бул оюн чалга айткысы келсе да ооз ачпады. Тек гана кеберсиген эриндерин тиштегенсип кымтып тим болду. Жанатан бери аңдыган түйүнчөктүн ичинде ал жей турган эчтеме жок экен-

дигине эми чындап көзү жетти. Түйүнчөктө нан болгондо, чал өлүп баратса да анын үстүнө отурмак эмес.

Жигит оор үшкүрүнүп, ыңгыранып ордунан турду да, четин таягына өбөктөй, эки колунун үстүнө ээгин таяп, карыяны бир саамга ойлуу тиктеп турду. Негедир чалдын жүзүнөн аталык мээрими төгүлгөнсүйт. Бала өз атасын эч качан көрбөсө деле, эми аны жедеп карыганда, өлөр алдында биринчи жолу көрүп тургандай элестетти.

– «Өз ажалыңа өзүң себепчи болбой атаңдын тилин бир жолу алып койчу, балам» – деп өтүнүп, суранып атканстды. Жигит чалдын оту өчүп, алсыз нурун чачып, тээ тереңден билинер-билинбес жылтылдаган көздөрүнөн ушуларды окуду.

Кайдандыр алыстан – ар бир эле пенде уга бербегендей, кандайдыр бир сырдуу доош кулагына жаңырып, анын жигиттигин, байыркы ата-бабасынан бери канында ойноп, укумдан-тукумга өтүп келаткан жоокердик эрөөлгө чакырып, анын баарыдан бийик турган ар-намысын козгоп сыначудай, жигит капысынан сергилең тартып, салмактуу четин таягын мыкчый кармап жерге ныгыра басып:

– Ие, ата! Бир көк иттен коркуп жолумдан кайра тартсам – менин тукум экендигим кайсы?! – деп зоңк этти. Эки канатын бычак мизиндей орок тумшугу менен тарап, азыр туу чокудан калдайып учуп чыгып, төмөндө бугуп жаткан көк жалга капысынан кол салчу тоо бүркүтүндөй олбурлуу денесин керип-чоюп, кең далысын күйшөп-күйшөп алып, жигит элдин үрөйүн учурган «кандуу дөбө» тарапка ыкчам кадам таштады.

Ал уламдан-улам чалдын көз кырынан узап алыстап баратты. Басканы жанагыдан тыңдай. Анын карааны арылаган сайын, бу дүйнөгө жаңылып убактылуу келген дагы бир пенде өз жанына зыяндан башка кенедей да пайда алып келбеген убактылуу азап-тозоктон өз ыктыяры менен тезирээк кутулууга шашып бараткандай көрүндү, бардыгын

байкап, көзүнүн курчу жеткенче жигиттин ар бир кадамын жалдырап тиктеп берки кырда кала берген чалга.

Чалдын эки көзү ого бетер шоролонуп, караан электенип бирде көрүнсө, бирде кароолонуп көрүнбөй да калат. Тамагы буулуп, карт жүрөгү чебеленет.

Жанатан чалдан уккан киши жегич «көк дөбөт» жөнүндөгү жүрөк титиреткен укмуштар жигиттин кулагында жаңырып, тишин шакылдаткан шумдуктуу жаныбар эки көзүн чычаладай кызартып, жүндөрүн үрпөйтүп, азыр эле «ар-р» деп, салаңдаган кара тумшуктан секирип түшүп, алдын торочудай элестеп кетти, жан-жагына көз кырын салып, кадамын кере-кере таштап, алдын аяр байкап бараткан жигит.

Ал салаңдаган урчуктан да өттү. Белге өр тартып улам жакындады. Капталдагы жыбыт-жылгалуу чуңкур беттен түшкөн көк дөбөттүн карааны кылактап бирде көрүнсө, бирде көрүнбөй, улам кыр-белге жакындап келатканын эми гана дааналап байкады. Аңгыча куйругун чатына кыпчып, үксүйгөн башын жерге салып, жонун күржүйткөн «көк ит» туураланып тура калды.

Так өзү! Нечен жер кезген шордуунун алсыз денесин кажып, ээн-жайкын башын мүлжүп, жедеп пенденин таттуу, ысык канына татыгып калган күрсүйгөн бөрүнүн азыркы түрү кадимки карышкырдан башкача эле, дайыма киши канын ичип, этин жегенденби: анын эки көзү кыпкызыл, төрт аягы бириге калып тартайган, жоон-жолпу денеси күлтүлдөп, деле эч нерседен тартынчу түрү жок. Узун тумшугун созуп аны көздөй келаткан жандын жытын сезип, улам жакындап келаткан жанжүрөктүн дүрс-дүрс урган доошунан бери дааналап угуп, адаттан тыш чочулагансып, бир паска мелтейип туруп калды. Киши карааны бүт тулку бою менен даана көрүнгөндө, ал арткы эки бутуна таянып, чокчоюп отуруп, тумшугун асманга созду.

Жигит элдин буга чейин жедеп жүрөк үшүн алган жаналгычтын алдын тосуп, аны күтүп отурганын дароо

көрдү. Чочуган жок. Бир кулач келген арык далысын үңкүйтүп, оор четин таягы менен балпайган жылаңач аяктарын салмак менен тең шилтеп, жан алгычына жалтанбастан улам жакындайт.

Эки күндөн бери жолу болбогон көкжалдын эки бөйрөгү кабышкансып, бөрү тукумуна мүнөздүү ич майын жеп бир жерге турбай, тумшугуна эмне илинсе да кайра тартпай турган кези болчу. Жаңы олжосу анын оозуна жакындаган сайын, ал андан качкан түр көрсөтүп кан жолдон буйтап алаксытып, көзүн будамайлап четке чыга берип, тушуна келген кезде, адаттагы ыкмасына салып, капысынан капталдан качырып, салмактуу денеси менен баса жыгылып, моюн тамырынан шамшардай жалаңдаган курч тиши менен шылый жарып, анан жайбаракат булоолонгонго беленденип күтүп калганын жигит анча деле элес алып чочулабады. Жанагы калыбынан жазбай илгерилей берди.

Кишинин оор дем алганы, жүрөк кагышы бөрүнүн сак кулагына улам дааналанган сайын бөгүп, эки арткы аягын жыйрып, эки алдыңкы бутун бошураак кармап, аткан октой секирип, жеминин дал кекиртегине асылганы ыңгайлашып даярданып калды. Акырын тумшугун созуп, кызыл чоктой кызарган көздөрүн тикирейтти: кишинин кансөлү жок кумсарган жүзү, сыртынан арыктагандан тыртайыңкы көрүнгөнү менен сөөк-саактуу, таштай буржуйган булчуңдуу денеси, бу сапар жырткычтын көзүнө башкачараак көрүнүп, аны бир азга болсо да тынчсыздандырып, чочулатты окшойт, денесин жыйрып кетенчиктегенге мажбур болду. Андан да анын колундагы узун, жоон четин таягы каршылашканын сулата чапчудай өтө сүрдүү көрүндү.

Киши анын тушуна келгенде дөбөт ордунан аяр козголуп, эки кулагын тикчийтти. Экөө тең тиктешкен бойдон селейишти. Жырткыч көнгөн адатынча кере карыш азууларын көрсөтүп угулар-угулмаксан ырылдады. Адам

көздөрү бир балээни сезгенсип чөйчөгүндө чакырайып, колу-буттарынын булчуңдары түйүлүп ташка айланып, тарамыштары болот зымдай тартылгандан тартылып, чыңалгандан чыңала берди.

Карышкыр куу бөрүчүлүгүнө салып, боору менен жылып жакындайт. Эки аяктуу адамзатынын кол башындай жүрөгү кызыл чоктун ортосуна түшкөнсүп, адаттагыдан башкача тыбырап, туйлап, капаска жаңыдан түшкөн эркин куштай чебеленди. Денеси чыпылдап муздак терге нымдашып, көздөрү өзүн көздөй боортоктоп жылып келаткан «көк иттен» башканы көрбөдү. Көз ирмемдик аралыкта жырткыч тууралана, эки арткы бутуна бир заматта тура калып, секирип боюна асылаарда жигит шамдагайлык менен бир капталына буйтап, кериле четин таягы менен бөрүнү белге туштап шилтеп калды.

«Карс» деген туюк дooштон кийин четин таяк эки бөлүнүп түштү. Бөрүнүн бели кайкалап барып очорулган өңдөнүп, кайра оңолуп четке ойт берди.

– «Шашканымдан алдырып коё жаздадым, – деп ойлоду кишинин ички сезими, – ит жандуу айбандардын өлө турган жери тумшугу эмес беле? Ажалым жете турган күн келет деген ушу экен го?»

Ал колунда калган жарты таягын эки башынан эки колдоп мыкчып, бөрүнүн кайрадан кол салышын күттү. Тигинин анте турган деле түрү байкалбайт, эч нерсе болбогонсуп эки алдыңкы колун алдыга сунуп, узун тумшуктуу үрпөйгөн көгүш башын жерге созо салып, арткы эки шыйрагын жыйрып, чолок куйругун ээн-эркин булайтып коюп комдонуп жатат, кызарган көздөрүн самтыраган жолоочудан албай. Оңой менен алдыра койчу жоо эмес экен го? Буга чейин бир сермегенден чыкчу эмес, кимиси болсо да. Кылычтай тиштери шылып өткөндө корулдап, тыбырап жатып берчү неме тигинтип, андан көзүн албай, айбат көрсөтүп, ал эмес аз жерден өзүнүн териси тескерисинен сыйрылып кала жаздабадыбы...

Кишинин жаалы сыртына эми чыкты белем, жаактары карышып, тиштерин түгөл майдалап туруп азыр түкүрүп салчудай кычырата чайнап, түктөйүп, көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчайып, бейкапарсынып жаткан жаналгычына жакындап жыла берди.

– «Катаал жашоо-турмуштан деле жедеп жадап бүттүм, ушундан көрө...» – деп ойлоду ал ичинен. Бирок кандайдыр бир туюму аны намыстантып чыйралтты. Адам баласы –жер бетиндеги кыбыраган жандын ээси болуп туруп, көк дөбөткө алдырып койгонум болбос, кийинки укум-тукумга тескери сөз кетээр. Жок, антүүгө эч болбос...

Бөрү бир капталына оонап барып, шак бутуна тура калары менен көз ачып-жумганча эки кадамдай жакын барган жигиттин оң жак капталына секирип, араандай ачылган оозу анын тамагына жабышаарда, бөрүнүн мындай амалын алдын-ала билгенсип колундагы тукул таягы менен тумшук талаштыра уруп калды. Жыгач карышкырдын кандуу тумшугун жанып өтүп, чимирилген бойдон кылымдар бою кыртышы кабаттанып, жандууларга кенедей да ырайым кылбай бозоруп жаткан кумдуу чаптын көкүрөгүнө тикенектей сайылды. Эч бир үн да чыкпады. Буга чейин адамдын балдай ширин канына жедеп кынык алган ээн жердин көкжалынын кандуу сапарына чекит койгонсуп, сынык таяк тикесинен сайылган туштан буртулдап асманга көтөрүлгөн болор-болбос боз чаң абага сиңип, заматта жок болду.

Карышкыр канчалык зор, көптүн канын ичкен көкжал болсо да, талуулуу жерине урулган соккуга туруштук бере албай, ийиктей бир тегеренип, буртулдаган чаң-тополоңго аралашып барып чалкасынан түштү. Жигит аны баса жыгылып, эки колунун арбайган шадылуу манжалары бөрүнүн кекиртегине темир кыпчуурдай жабышты. Анын кере карыш оозу аңырайып ачылып, арсайган узун тиштери адатынча шакылдай албай, канга эбак тойгону менен кайра-кайра тилеткен кыпкызыл эки көзү тостоюп,

чанагынан чыга баштады. Төрт аягы жанталашып тыбырап, ороктой учтуу тырмактары абада арбаландаганы менен, тамагы кыйкылдап, кырылдап, жерге мыктап кагып койгонсуп ордунан жыла албады. Жигит карышкырдын оозунан чыккан жан чыдагыс сасык жытты да сезбеди. Карылуу колдору жаналгычтын кекиртегин мыжып кыса берди. Манжалары анын терисинен да өтүп, сөөгүнө жеткендей болду. Бөрүнүн башы шылкыйып, жансыз денеси суналды. Жигит ошондо гана эсине келгенсип, эки колу шалдая түшүп бир жагына кулады. Карышкан манжаларын чыгарууга да дарманы жетпеди.

Жанатан бери дөбөдө бардыгын байкап чочулап, коопттонуп, бирде кайратына келип шерденип, кандайдыр бир туңгуюктагы үмүттүн кучагына батып да отурган чалдын эми эки көзү кубангандан жайнап, куудай сакал-мурутунан ылдый куюлган жашы так төбөдөн тийген күндүн нурларына чагылышып, жылт-жулт этип турду. Ордунан камгактай жеңил тура калганын, өзү да бу сапар байкабай калды. Бирдемелерди ичинен кобурап-собурап таягын сүйрөп, бирөө аны эркине койбой жетелеп жөнөгөнсүп; өпкөсүн кага энтигип, кыйкылдап «кандуу дөбөнү» көздөй шашты.

– О, жараткан Теңирге ыраазымын! Эртеңки күнүбүз бар экен, каргашаны жеңээр, жолубузду ачаар эр-азаматтарыбыз бар экен! Кыргызым өлбөйт! Сендейлер барда...– Чал энтигип да, мүдүрүлүп барып кайра оңолуп да, оюна келгенин сүйлөп баратты...

# ЖАҢЫ КОШУНА

Орто мектепти бүткөндөн кийин окуйм-чокуйм деп борборго кеткени, арадан он чакты жылды аласалдырып, акыры ар кандай себептерден улам айылыма көчүп келгениме эки күн не өттү, не өтпөдү, эл орунга отуруп калган маалда буга чейин баш ийкешип гана учурашып жүргөн кошуналарымдын бири үйгө кирип келди.

– Ассаломалейкум, жаңы кошуна!

– Валекисалам,аксакал! – Китеп окуп отурган элем, ордумдан шып тура калып, аны эшик алдынан каршы алып, шалкы сунган колун кош колдой кармап, анын сакалдуу башы менен өзү башбакканына кубангандай жылмайган болдум.

– Жаңы конушуң кут болсун, иним?!

– Рахмат, байке.

Аялым ал киши менен унчукпастан баш ийкей учурашты да, электроплиткасына сары сыр чайнекти коюп сыртка чыкты. Кошунам төрдөгү кенен олпоктон орун алды.

– Мени таанырсың? – Ал кылыр көзүн кыбыңдатып, кара көк тарткан табактай болгон эки бетине анча жараша бербеген, эртелеп күйгөн арпанын башындай саргайган кылкан мурутун тикчийтип, мени тиктеп алып, анан чалкалап эки бутун сунуп, жайбаракат унчукту.

– И, жакшы тааный албай эле...

– Их, хи, хи... – Ал бир нерсеге ыраазы болгондой, ыкшып күлгөндө, бозоруп бараткан кара күрөң күрмөсүнүн

боорун тиреген борсойгон курсагы бүлк-бүлк этип, башындагы баштапкы түгү кете баштаган саргыч тумагы кыймылдагансып турду. Бир кезде ал оң чөнтөгүнөн гүлдүү жүзаарчысын шашпай алып чыгып, көздөрүнүн кычыктарын басып-басып, мурдун мыкчый кармап, корулдата чимкирип алды да, биз отурган бөлмөнүн ичин түгөл тегерете карап чыгып:

– Эч нерсе эмес, таанышабыз, – деп олуттуу түргө келе калды.

– Ичсеңиз, – аялым куйган карандай чайды тартынгандай коомай сундум.

– Рахмат, айланайын. Кечирип кой, чакырылбай кирип келгениме. Жаңкы түгөнгүрдөн бир аз жутуп койдум эле.

– Эч нерсе эмес, аксакал.

– Мен деле анын артынан түшүп, ээрчип же издеп ичпейм деле.

– Калетсиз сөз...

– Ооба, бүгүн деле капысынан болуп кетти. Жана оңбогон Мутаалы деген элүү жылдыгымды белгилеп аттым эле дейт. Бала кезден моюнча өскөн теңтуш элек. Жок дей албадым. Атасынын көрү, жайнатчу болсоң – жайнат дедим, көздүн тирүүсүндө бир жыргап алалы. И, баса, ал бизди келаткан жекшембинин кечине «Атакенч» ресторанына чакырды. Буюрса, чогуу болобуз. А бүгүн – биздикине. Элчилеп эси жоктук кылып, чачылып-чарпылбай эле үйгө чакырдым. Үй кенен, бир уруу эл жөн эле батат.

– Сиз да элүүгө чыктыңызбы?

– О жок-ай, элүүдөн өткөнүм качан.

Ал биздин карандай чайыбызды анча жактырбагансып, жана эле сунган кытай чыныбызды ошо бойдон колуна албастан четке жылдырып коюп, сары тумагын алып, чачы жок кашка башын кашып, баштаган баянын уланта берди.

– Э-эй, мен көрбөгөн балээ, мен иштебеген кызмат калдыбы?! Бардыгы сыйлашат. Чоң кызматтагылар да биз-

дей эле эки аяктуу, жумуру баштуу киши. Колдогу жемге асмандагы куш да келип конуп, «жеймин» деп торго чалынат эмеспи. Бирок бардыгы тең эле жем чачып коюптур деп келип түшө бербейт. И-и, анын да отход-подходун билиш керек.

Мен кошунамдын оозун аңкайып эле тиктеп калгамын го. Аялым капталымдан нукуганда эсиме келдим.

– Деги сиз азыр кайда иштейсиз?

– Я, – деп ал чукулунан өзүм да байкабай берип алган суроомду жактырбагансып чочуп, сөзүн чукул токтотуп мени тиктеп, унчукпай калды саамга.

– И, азыр деле мурдагы кызматыңыздасызбы дегеним да.

– О кокуй, баягы заман астын-үстүн болгончо колхоздо кампачы, кийин сельподо складчы болуп иштеп түптөнүп алганымдын эми деле байда-батасы тийип атат. И, кудайга тобо, «аккан арыктан суу агат» дейт. Азыркы заман биздейлерге асмандан издегенибиз дал төбөбүздөн биздин короого түшкөндөй эле болду. Канат-бутак деген бар экен, баягы сельпону склад-мыскылады менен, ага кошуп эки чоң дүкөндү эбак менчиктеп алгамын.

– О-у-уй, аксакал, өзүңүзчө эле помещик турбайсызбы?!

– Айтпа, азыр кичине-чоңу дебей бардыгы менин көзүмдү карашат.

– Айыл өкүмөтү дагыбы?

– О кокуй, ошо да кеппи?! Аны кой, райондун акими менин көзүмдү карайт эмеспи. Мен чоңмун дегендин бардыгы табакташпыз. Ал эмес губернатор өзү «улук башын кичик кылып» бул жакка келген сайын мага кайрылып, учурашмайынча кетпейт. Баса, ал мырза менин бир уулумдун өкүл атасы.

Аялым экөөбүз тең кошунанын оозун тиктеген бойдон жалдырап отура берип, убакыттын канча болгонун деле этибар албаппыз. Бир кезде колуктум оозун ачып эстей баштаганда кошунабыз безге сайгандай чочуп кетти:

– Э караңкүн! Такыр унуткан турбайымбы, дал өзүңө бардыгын бажырай бергенимди кара. Күнөө менде кожоюн, кечире көр. Бир тууган деп айтып атпаймбы. «Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт» – дейт. Жүргүлө, айланайындар, эч тартынба, бардыгы тең жетекчилер, сени да кошуп алабыз. Биздин круг башка, баатыр, – деп кошунабыз жанагыдан соолукканбы, шарт ордунан тура жөнөдү. Эшик алдына жеткенде бир нерсени эстегенсип, артына бурула калып: – Дароо бара калгыла. Бул жерде көпкө отуруп калганымды кара, меймандарымдын алды да келип калгандыр, – деп бизден жооп күтпөстөн чыгып кетти.

Биз жаңы кошунабыздын жанатан берки эч күтпөгөн окуясына, түшүбүзгө да кирбеген чакырыгына бир ишенип, бир ишенбей дендароо болуп ордубуздан былк этип улуу кишини артынан узатып чыкпай отура бергенибизди далайдан кийин байкасак керек. Үй ичи караңгыланып, биз бири-бирибизди даана көрө албай баратканда гана кобураша баштадык.

– Бул эмнеси, я? Бу киши бизди бирөөгө жаңылыштыгынан алмаштырып атып жүрбөсүн.

– Балким. Болбосо бул кошуна эмнеге башкалардан бөлүп, жалаң чоңдорго кошуп чакырмак эле дейм да.

– Э мейли, бара көрөлү.

– И, барбай эле коёлучу.Ошо жерден шерменде болуп жүрбөй.

Аялымдын анткенине болбой, жарым сааттын ары-берисинде болгон жакшы кийимдерибизди жонубузга салып, колубузга анча-мынча ачуу-таттуубузду алып, «чакырган жерден калба, өзүң басып барба» деген ылакапты ырым тутуп, бизден бир үйдөн кийинки үч кабат заңгыраган үйдүн босогосун аттадык.

Кудай бетин салбасын! Айлана-тегереги энөө киши тургай төө мингендин да бою жеткистей курчалган короонун ичи, эми бир укмуш! Жалаң кымбат баалуу бир нече жеңил машиналар тизилип турат. Катар салынган майда

үйлөр. Артыраак жагы ашкана, сарайлар окшойт. Эркек-ургаачысы дебей он чактысы кирип -чыгып жүрүшөт. Сырткы түр-түспөлдөрүнө караганда үй кызматчылары көрүнөт.

Аялым экөөбүз дагы туруп калыппыз, эмне кылаарыбызды билбей делдейип. Ары жактан кымбат халат кийген орто жаш курактагы балпайган аксаргыл аял бери басып келип:

– И, айланайындар, келгиле жана Кошукем айткан жаңы коңшусуңар го, – деп шаңк-шаңк эткенде экөөбүз тең жарыша салам берип, негедир бүжүрөй түшүп:

– Ооба, ооба, – деп жибериппиз.

– Киргиле, уялбагыла, – деп ары үйүнөн чыгып келаткан жана биздин үйгө барып аз болсо да бизге эски тааныштай үйүр ала түшкөн кошунабыз бак-бак эткенде, атабызды көргөнсүп аны көздөй бастык. Көңүлүбүз жайлана түшкөндөй.

Ал бизди жетелеп ортобузга түшүп алып, экөөбүздү тең колтуктап үйүнүн жертөлөсүнөн баштап улам өйдөлөп кыдыртып үч кабатын тең көрсөтүп да, жобурап жаагы да басылбай жүргөнчө, анын чакырган улуу урматтуу меймандары да убап-чубап келе беришти. Бардыгы тең чоочун. Чедирейген курсактууларын да, кесирленип биринен бири өйдөсүнгөн ургаачыларын да тааныганыбыз жок.

Эркектерибиз тамак бышканча карта чабышып отурдук. Ичкилик дегени суудай эле акты. Кызматтары чоң болгону менен сүйлөгөндөрү – байлык, бийлик, жеген тамагы жөнүндө. Ошого жараша чөнтөктөрүнөн булактап жалаң эле «көк куйрук» кагаздар чачылат экен. Биринен-бири өтөт. Кыргыздын сомун акча деп деле барктабай калышыптыр. Анткени бийлегендерге деле, ырдагандарга деле кулагына жалаң «көк кагаздарды» сайып кыстарып жатышты. Ал эмес жаңы кошунабыздын урматына деп жасалган кадимки эле торт аукционго коюлуп, анын баа-

сы улам көтөрүлүп атып, акыры миң долларга райондук милициянын начальниги шатыраган кол чабуулардын алдында сатып албаспы.

Мына, жашоо деп ушулардыкын айт. Сыртынан чиренип, чедирейген курсактарын сылап, көчөдө, өзгөчө өз кабинеттеринде сүйлөр-сүйлөмөксөн болуп өтө сүрдүү көрүнүшкөнү менен, аларды аялдары чүлүктөп алган өгүздөрдөй эле каалагандай жетелеп башкарышат экен. Аялдары аларды орусчасынан сөккөндө, бечаралардын кейиптери кудайдын боору ооругандай эле болуп калат экен. Өзгөчө акимдин аялын бардыгы башкача сыйлашат өңдүү. Аны жалаң орусчалап сүйлөгөн кара тултук жаш келин баштады. Улам сырттан кирип-чыгып шыпылдап элди тейлеп жүрдү эле, бир кезде:

– Уважаемый гостилер?! – деп төөнүн көзүндөй болгон рюмкасына куюлган коньягын көтөрүп, элдин көңүлүн өзүнө бура сөз баштап калды: – Бу жерде биздин райондун первая ледиси отурат. Давайте, тостту Канышай Кайкаевнага берели?!

Бир даары ордуларынан тура-тура калышып, улам бири-бирин туурап шатырата алакан чаап атып, акыры бардыгы далайга дуулдап тикеден-тик турушту.

– Мен киргизче не могу, – деп булдурады анысы кол чапкандарга «спасибосун» өтмө катар айтып болгон соң. Сыртынан бир көргөнгө «первая ледиси» кыргыздын эле кызы сыяктанат. Бирок кенедейинен, балдар бакчасында да, кийин мектеп менен жогорку окуу жайында да жалаң орусча окуп тарбия алган шаардык интеллигенттин кызы экенин, өз эне тилин билбей калганы үчүн бардыгына ошол кездеги коммунисттик коом, жогор жакка теминип айрыкча кошоматчыланган «өздөн чыккан жаттар» өзгөчө күнөөлүү экендигин ал жалаң орусчалап сүйлөп, бу жердегилерге өткөн «социализмдин тарыхынын сабактары, анын оң-терс жактары» деген темада жарым сааттык лекция окугандай эле таасир калтырды мага.

Бардыгы эки аягы менен тик туруп, колдоруна стакан-рюмкаларын кармаган боюнча үн чыгарбастан дымырап, мелтейип туруп угушту.

«Биринчи леди» момундай ичкиле дегенсип колундагысын түбүнө чейин шыпкап, «это называется зонтик» деп аны тасмалга көмкөрүп, анан отурду. Беркилер: «Браво! Браво!» – дешип бир дуулдап алышкандан кийин, бардыгы тең азыркы «мировой» тосттун ээсин бир кишидей туурашты.

Аялым экөөбүзгө алар анча деле маани берип көңүл бурушпады. Үйрүлө түшүп шыкаган деле бирөө болбоду. Бардыгы тең биринен бири өтүп керсейишкени мага майдай эле жакты. Антип чочуганым, эгер бирөө-жарымы менин таржымалымды такып калса эмне деп жооп береримди билбей, келгенден кайра кеткенче тикенекке бөлөнгөнсүп кыйпычыктап отурдум.

Биз ал күнкү отуруштан таң алдында тарадык. Бардыгы ичкиликтен темтеңдеп сыртка эптеп чыгышты. Короодо узатар аяктан да жок дешпеди. Тартылган табак-табак эттен деле эч нерсе артпады. Аларга жайылган дасторкондогу үймө-үймө дүйүм берекесинен азыр эчтемеси жок жылан сыйпагансып жайдак калганын көрүп, ар кандай ойго келип, алар үчүн уялдым, намыстандым.

Бардыгын үй ээлери менен кошо жакын кошуна өңдөнүп узатышып жүрүп, акыры бүгүнкү чакырылган меймандардан аялым экөөбүз эле калыпныз. Эми кетели деп бийик дарбазасынан чыга берерибизде, кошунабыз мени сол каруумдан мыкчый кармап, кайра үйүн көздөй сүйрөгөнгө аракеттенгенде:

– Эми бардык сыйыңызга чоң рахмат, – деп анын күрөктөй болгон алаканын каруумдан бошотуп басайын дегиче, ал кайра жабышып:

– Эй, бала, менин ким экендигимди эми байкадыңбы? – деп мастыгынан булдуруктады. Мен кечтен бери тийдикачты ичип, бир көргөн жерде сактанып отурганымдан

анча деле алдырган эмес элем. Ошондой болсо да жогорудагы сөздөрүнөн кийин чапчаң жаным намыстана түшүп:

– Ким болсоңуз да өзүңүзгө буйрусун, – деп жөн-жай гана айтканым ичегиси «түтөп» жаналбай турган немеге, быкшып-түтөп кызый албаган отко май чачкандай болдубу:

– Көзүңдү ач, бала! Сенин прокурорлугуңдан коркот деп турасыңбы? Жиниме тийсең эртең эле айдалып, келген жагыңа кетесиң, жөн жүргүн, көкбаш?! – дебеспи.

Көзүм ачыла түштү бир заматта. Бизди эмнеге чакырганы эми белгилүү болуп чыга келди. Райондун прокуроpу шаардыкы менен орун алмашты деп укканым бар эле. Өзүм юрист болгондон кийин ал кабарды жакшы билем да. Эми эстедим, жаңы келчү менен менин аты-жөнүмдүн да уйкаш болуп калганын үйгө келгенден кийин эстеп алып аялым экөөбүз, андан кийин калган карапайым кошуналар өзүбүзчө чогула калганда боорубуз эзилгенче күлгөн эрмек-тамаша таап алдык.

# ТОСТ

Кадимки эле биздин айылдык Баркалбас райондук билим берүү бөлүмүнө инспекторлук кызматка орношуптур деп угуп калдым. Бири ал кабарды укканы менен анча деле этибарга албай: «И, анын бизге ысык-суугу деле жок» – деп, анын эмнесин айтып жатасыңар дегенчелик тымпыйып тим болушканы менен, биз – өзгөчө бир класста он жыл окуп, бир айылда чоңойгондор таң калып эле тарс жыгылдык.

– Башкалар байкабаса да Баркалбасты биз эң жакшы билебиз го. Мектепти деле эптеп бүтүргөн. Өз атын тыңдап жазалчу эмес да.

– Жок дегенде жогорку билими болсочу.

– А балким, шаарда жүргөндө сырттан окуп бүтүрүп койгондур.

– Э, анын эмнесине таң калгандай. Азыр окубай-чокубай эле көбү «жогорку билимдүү» болуп кетишпедиби.

– Бир кезде баланчанын баласы студент болуптур десе таң калып, аны жогору көрчүбүз. Эмичи? Акчаң болсо болду, студент болмок түгүл...

– Аны кой, илимдин кандидаты, ал эмес докторлор базарда байпак-наски сатып отурбайбы, намыстанбай-этпей эле.

– Анан Баркалбастын кызматына таң каласыңар. Азыркы каргалар – шумкар, качырлар – тулпар болгон өйдөлөнгөн заманда Баркалбас аким болуптур десе деле таң калбаймын.

– «Эшегине жараша – тушагы», «Заманына жараша – ыры» деген ошол. Жердеги кыбыр-сыбырлар асмандап, акылмандар жер караган, ак жүрүп, так сүйлөгөндөр алардын таман алдында тебеленген кокуй заман келди.

– Ал ырас дечи, бирок Баркалбас деле анча жаман жигит эмес, силер ойлогондой. Анын ак көңүлдүк, боорукердик жагы да бар. Кара жини кармаганда «кандан-бектен» да кайра тартпаган карөзгөйлүгүн да көрүп жүрөбүз.

– Эмесе, ошонусунун азабын тарткан бир окуяга кабылыптыр деп көргөн-билгендер айтып келишти. Баркалбас жаңы кызматына киришкендин эртеси эле четки айылдардын бирине ата-энелердин атынан мектепте тийди-качты иштеген чала сабат мугалимдин үстүнөн жазылган арызды ийне-жибине чейин текшерип келгенге жиберишет.

Жазгандардын аты-жөнү жазылбаганы менен окуянын көбү кайсы бир арызчынын оюнан чыгарылганы Баркалбас мектептин деректири менен аңгемелешкен соң дароо белгилүү болуп чыга келет. Бирок күнөөкөр мугалимдин аты-жөнү, кылык-жоруктары, ал эмес сырткы өңү-түсүнөн бери сүрөттөлүп, анын «тишке жумшак жан жыргатма» тамагынан бери толук жазылыптыр.

Аскерден келгенден кийин бир-эки жылча милийсада иштеп, нечендерин камап жакшы эле чоңдоруна жагып жогорулайын деп жанын карч урганы менен, бир жолу бирөөнүн көңүлүн кыйбай «кылт этмеден» кылгырып жүрүп, «жинине тийген» начендигин таанныбай калып, ага тапанча такаганы үчүн ошол эле ишинен куулганына карабастан бир топ кылмыштарды изилдеп бетин ачып жүргөн Баркалбас, бу сапаркы жөн-жай катты текшерүүдө кенедей да кыйналган жок.

Деректир жалпы мугалимдерди өзүнүн кеңсесине чогултуп алып арыз боюнча райондон келген текшерүүчүнү – Баркалбасты аларга тааныштырып, арыздын жөн-жайын кыскача баяндап өттү. Текшерүүчү элеттик мугалимдерге өтө эле сүрдүү көрүндү. Эки ийни кыржыйганы менен

аның мокоол тарткан өңү, коңкогой мурду, кош кабаттанып түйүлгөн кабагы ошондой ойго түрткөндөй. Кээ бирлери аны ичинен өтө ырайымсыз, ташбоор болсо керек деп да ойлошту.

Баркалбас бардыгын тегерете алдыртан көз жиберип карап чыккандан кийин:

– Кана айткыла, бул арыз боюнча ой-пикирлериңерди?! – деп куржуйган эки бутун, эки колун баса отурган узун үстөлдүн алдынан чыгара сунуп, отургучуна чалкалай кекирейди.

– Арызда көрсөтүлгөндөрдүн бардыгы тең туура, – деп ордунан тура калды чепелеңдеп артта отургандардын бири.

– Аттарын деле ачык жазып коюшса болмок. Бу жерде корко турган эчтеме жок.

– Сунушуң?! – деди деректир анын сөзүн бөлүп.

– Сунушум, бул арызда аты ачык көрсөтүлгөн Акмолдоев мугалимдиктен кетсин! Ошол...

– Сиз өзүңүз кимсиз? – Баркалбас ортодон сөзгө аралашты эле:

– Бу жигит биздин профком, – деди деректир.

– А, всё ясна, – деп койду Баркалбас жымыйып. – Бирөөлөр арыз жазса эле дароо иштен айдай турган закүн жок экенин тем боли сиз билишиңиз керек эле, господин профком?!

Отургандар ырас эле дегенчелик Баркалбасты тиктеп элейишти.

– Тагылган күнөөлөрдүн чын-бышыгына жетүү үчүн эмне кылуу керек? Текшерүү керек, туурабы?

– Эң туура, – деп текшерүүчүнүн сөзүн колдогон деректир күнөөкөр Акмолдоевди алып калып, калгандарын таратты.

– И, Акмолдоев мырза, айта бериңиз?

– Эмнени? – Эки көзүнүн алды көлкүлдөгөн, кызыл тумшук жигит кыпындай да күнөөсү жок немедей тикирейди.

– Арызда жазылгандар туурабы?

– Бири да туура эмес. Көралбастыктан, ич тардыктан жазылган арыз. Ошон үчүн аттарын жазышкан эмес. Мен алардын ким экенин эң жакшы билем.

– Акмолдоев, сиз сабагыңызга кириңиз, звонок бериле турган убакыт болуп калыптыр, – деп деректир саатын караганча, анын гана буйругун күтүп тургансып коңгуроо үнү жаңырды.

Деректир сыртынан аларды бирөө тыңшап тургансып ордунан жылма туруп жыла басып, азыр эле ушул жерден чыккан кызыл тумшук мугалимдин артынан чыгып барып, кыңайта ачылган эшикти жаап кирип Баркалбастын жанына отургучун жылдырып келип, жан-жагын бир сыйра каранып алды да, үзүл-кесил сүйлөп шыбырай:

– Сизге бардыгын айтып коюшум керек, – деди анын сыр жашырбас эң жакын кишисиндей чекеси чекесине тие жаздагандай бет маңдай отургандан кийин.

– Эмнени?

– Бардыгын...

– Эми дагы эмненин башын кылтыйтканы турасыз? Же мени эч нерсе билбейт дейсизби?!

– Жо-жо-жок, жаман ойлобоңуз. Айтайын дегеним таптакыр башка.Сизге алдын-ала эскертип коюшум мен үчүн парз.

– Кулагым сизде, кана айтып көрүңүзчү?!

– Эмесе мындай, элдин жазганы туура. Мен деле Акмолдоевден жадап кутулалбай жүрөм.

– Андай болсо приказ чыгарып эле кетирбейсизби, элдин баарынын башын оорутпай.

– Аны кетирсем анын артынан мени деле жоготушат. Азыркы заманда отуз-кырк жылдык стажыңа да карабайт. Бардыгын акча менен «шапке» чечип калган.

– Деги эмне дегени турасыз?! Буйтактатпай кыскартып, дааналап айтыңызчы?...

– Анда угуп туруңуз, азыр Акмолдоевдин «ташы өйдө кулап» турган убак, кайнагаларынын бири – губернатор,

бири – финполициянын башчысы, кайниси болсо – силерге башчы болуп дайындалыптыр деп түндө бажам борбордон телефон чалды. Силердин азыркыңар пенсияга чыгып атыптыр дейби?..

– Ыя?! – Баркалбас кенебей, келгенден бери деректирди бучкагына теңебей отурган ордунан кандайча секирип турганын өзү да байкабай калды.

– Ошондой кожоюн, – деректир бир заматта тигинин дараметин байкап сырын тартып, эки колун артына алып деңкейип, бөлмөнүн ичинде ары-бери баса баштады.

– Э кокуй, менин бажам кетип атыптырбы?!

– Бажаң ким эле? – Жанатан «сиз» деп ийилип текшерүүчүнүн көзүнүн агы менен тең айланып аткан деректир эми Баркалбасты анча теңине албагансып, жогор жактан карагансып, кекээр менен сүйлөп сынай суроо узатты.

– Биздин башчыбыз – бир тууган бажам да.

– Кантебиз, өөдүк-сөөдүк турмуш деген ушу. «Мээнетиңе да, дөөлөтүңө да ишенбе» деген жүзүкара сойку заманда жашап атабыз. Ал – бир күнү бетин, бир күнү артын көрсөтөт.

– Эми эмне кылдым, аксакал?!

– Тигиге тап билгизбе.

– Кантип?!

– Бүжүрөбө дегеним да.

– Эмне кылышым керек, я?!

– Азыр анын сабагына кир да эчтеме болбогон немече сүрдүү түрүң менен жанагыдай кейпиңден жазбагын. Сабагы бүткөндөн кийин ага анализ бергин. Кемчилигин көзгө сайып көрсөткүн.

– Кайсы жагын айтайын?

– Эч тартынбагын. Анын эч бир билими да, адистиги да жок. Орто билими бар экенин да кудай билет.

– Анан кантип мугалим болуп иштеп жүрөт? Деги эмнеден сабак берет?!

– Кайындары каптаганда – албаска чара канча. Пенсияга чыккандан кийин деп, өз жанымдан корктум да. Менин

эмнем короп атты эле – физкультурадан, кыргыз тилинен, тарыхтан, адептен деп сааттарды бөлүштүрүп бергемин да.

– Бардыгына үлгүрүп берип жүрөбү?

– Үлгүрөбү, үлгүрбөйбү – менин ишим эмне. Берип атса керек. Мугалимдер жетишпесе – эмне кылайын анан?!

– Азыр ал кайсы сабакта?

Деректир алгач саатын карап алып, үстөлүнүн бет маңдайындагы айнектин алдындагы кагазга үңүлдү. Бир саамга көз жүгүрткөндөн кийин:

– Аа мына, Акмолдоев 11-класста кыргыз тарыхынан сабак өтүп аткан кези экен, – деди текшерүүчүгө, аны баштан-аяк сынай карап.

– Барайын, бирок...

– А өзүң кайсы предметтен...

– Мен деле... бүткөн эмесмин. Чынын айтсам – сырттан окуйм, быйыл биринчи курска киргемин.

– Кайсы университеттесиң?

– Бишкектин болсо керек. Бажам айткан өттүң деп. Эми барганда тактайм го.

Деректир элейип бир далайга чейин Баркалбасты тиктеп отура берди, ордунан жылбастан дел болуп.

– Болуптур, мен кирип чыгайын, – деди бир кезде ортодогу тынчтыкты бузган Баркалбас.

Ал деректирдин кеңсесинен чыгары менен 11- «а» класс деген каалганын туткасын өзүнө тартты. Кудай жалгап алиги кызыл тумшук мугалим ошол жерде экен. Чоочун киши киргенде окуучулар «дүрр» этип орундарынан жапырт турушту.

– Саламатсыңарбы? – деген текшерүүчү дароо колун жаңсап, балдарга отургула дегендей белги берди да, барынан өтүп, эң арткы бош турган партага барып жай алды.

Сабак уланды. Кызыл тумшук мугалим эч нерсе болбогонсуп, отурган ордунан да жылбастан окуучулардын улам бирин ордунан тургузуп сурап атты.

– Кана Кенебесов, айтчы, кыргыз кайдан, качан, кай жерде жаралган.

– Кыргыз байыркы эл, агай.

– И, кандайча?

– Анткени, агай, кыргыз жер каймактап келатканда Алтайда, Эне-Сайда жаралган.

– Анан эмне болду?

– Ошол, ошондон бери жашап келатат.

– Көбөйдүбү? Азыр кыргыздын саны канча?

Окуучу элейип бирөөдөн жардам күткөнсүп классташтарын карады. Алдыңкы партада отурган сары бала беш манжасын көрсөттү эле:

– Беш миллион, агай, – деп шашкалактап жооп берди доскада турган окуучу.

– Ошол элеби, – деди агайы анын жообуна толук канааттанбагансып.

– Андан деле көп болсо керек, агай.

– Көп болсо башкалары кайда жүрөт деп ойлойсуң, айтчы – Кенебесов?

– Ооба агай, көбү азыр Россияда, Турцияда, Казакстанда жүрүшөт.

– Ал жакта эмне кылып жүрүшөт?

– Малай болуп да...

– Иштеп жүрүшөт дебейсиңби? Ай сайын акча салып атышат. Туурабы?

– Ооба, агай. Менин эки агам Якутияда, үч эжем Турцияда.

– Агаларың го түшүнүктүү – үй салып жүрүшөт дейли. Эжелериң эмне кылып жүрүшөт?

– Алар байларды тейлейт дешти го...

– Тейлегени эмнеси? Конкретно айт, божомолдобой. Эмне байлардын коюн кайтарабы?

– Жок, агай, – сары бала кызарып уялгансып, жер карап кекечтенип сүйлөй албай туруп калды. Кызыл тумшук мугалим суроосун кайталады.

– Мисалы, бир эжемди бир карыган түрк келип үйлөнүп алып кеткен.

– Калп айтат, агай, – деп алдыдагы партада отурган эки баланын бирөө кол көтөрдү.

– Агай, мен айтып берейинби?

– И, айтчы билсең?

Ал ордунан тура калып бажырап кирди:

– Биз кошуна жашайбыз. Үч эжеси бойдок болчу.

– Кыскартып ток этер жерин айт, бала.

– Анан агай... үчөөнү тең сакалчандар алып кетти.

Класстагылар жапырт күлүп жиберишти.

– Тынчтангыла?! И, уланта бер, анан...

– Анан агай... алар көп акча, алтындарды беришкен го, булар бат эле дарбазасын, үйүн жаңыртышты... анан атасына жапжаңы «Жип» машине падарит этишти...бүттү.

– Ушакчы! Сениби... – жер карап уялып турган бала жанатан бери бажырап анын айыбын ачып аткан классташына муштумун көрсөтүп: – А сенин энең деле беш жылдан бери Россияда жүрбөйбү эрге тийип... – дегенде берки бала мындай кордукка чыдабай кетти окшойт, доскада турганга эки аттап жетип экөө тытышып, койгулашып калган кезде коңгуроо кагылып бардыгы сыртка умтулушту.

Кызыл тумшук мугалим менен текшерүүчү ит жыгылыш болуп полдо томолонуп-жумаланып, агала-сагала абалда, чаңда ары-бери тоголонуп бири-бирин орусчалап-кыргызчалап жаман сөздөр менен каалашынча «шыбап аткан» эки окуучуну эки жакка эптеп ажыратып, сыртка чыгарып коюп, өтө маанилүү жумуш бүткөргөнсүп, эки жерге шалдайып отуруп калышты бири-бирин тиктеп.

– Сабак кандай өттү? – деди кызыл тумшук бир саамдан кийинки тынчтыкты бузуп, баертеңки кекирейген түрүнүн бири да жок жели чыккан табарсыктай шалбырай түшкөн Баркалбасты алдыртан сынай, шишимик көздөрүн ымдагылап.

– И, жакшы. Мен ойлогондон да жогору болду.

– Ырахмат, иним. Мени сен гана түшүндүң.

– Ананчы, бири-бирибизге жөлөк-таяк болуп каралашпасак болбойт да, байке.

– Ап баракелде! Жүрү кеттик?!

– Кайда? А сабактарчы?

– Э, бу дүйнөдө бүтпөгөн эмне бар дейсиң. Эч нерседен коркпо. Биздин ким экенибизди деректир эбак айткандыр...

– И, ооба. Бардыгын түшүндүм.

Баркалбас аны ээрчип баратканын, мектептен кийинки эле бурчтагы үйгө кандайча кобурашып-жобурашып кирип барганын, анын төркү үйүнүн босогосун аттаарда үй ээси бут кийимин чече баштаганда гана даана сезди окшойт, ал да аны туурап боосу жок сала коймо туфлисин бир заматта чече салып, тикесинен туруп калды.

– Э, кир, бир тууган. Уялба. Өз үйүңдөй көргүн.

Үй ээси шыпылдап деле болбойт анын асты-үстүнө түшүп.

Баркалбас босогону аттаары менен эле анын көзүнө кенен, узун бөлмөнүн төрүндө туурасынан коюлган стол, анын үстүндөгү тизилген бөтөлкөлөр, түрдүү тамак-аш дароо урунду. Тегерете жумшак олпок отургучтар. Ага чейин жерге жылчыксыз салынган кызыл-тазыл гүлдүү килемдер.

– Ой, эмне туруп калдың? Кана төргө өт.

– И, рахмат байке.

Экөө жанагыдай бет маңдай отуруп калышты. Аңгыча сырттан жаш келин кирди, баш ийкеше илбериңки учурашкан болуп. Ал көтөрө келген чыны-чайнектерин үй ээсинин жанындагы ак подностун үстүнө коюп, унчукпастан чыгып кетти. Экөө өз алдынча калып бир чыныдан чай ичишкенден соң:

– И, кана көзөлүм, сен да мага окшогон көзү жок эр көрүнөсүң. Мындан «жүздөшөлү».

Үй ээси мейманынын эмне дээр жообун сурабастан эле ак моюн бөтөлкөнүн биринин мойнун толгоп ыргытып жүздүк эки стаканга мелтирете куйду да:

– Кана, таанышканыбыз үчүн тост көтөрүп коёлу! – деп бакылдады.

– Э байке, иш убагында, анын үстүнө...

– Эй, байке-сайкеңди билбейм. Алып жибер?! Азыр тамак да келет. Иш да бүтөт. Кенедей да кейибегин.

– Болуптур, биринчисин алайын, анан кыйнабаңыз. – Баркалбас ак көңүл жан эмеспи, эки көзүн чылк жуумп туруп жүздүктү бир кагуу менен шыпкай салып көзүн ачса, айрыга сайылган бир кесим чучукту анын оозуна кармап үй ээси турат. Оозун аңырайта ачаары менен ал оозуна толо түштү. Аны эки-үч күрмөп алып кылк жутканда жарпы жазылып, чечекейи чеч боло түшкөнсүдү.

Ата-тектен баштап сурашып экинчи тост көтөргөнчө, ырас эле бир табак эт, андан көп убакыт өтпөй эле тууралган бешбармагы келди.

Бардыгы эстен чыкты. Эми экөөнү: «Болду, ичпе» – деп токтотуу эч мүмкүн эмес эле...

Байкуш Баркалбас классташыбыз кызыл тумшук экөө эки бөтөлкөнү бошоткондон кийин дайындарын таппай калып салгылашып, үй ээсинин башын бошогон бөтөлкө менен жара чаап, ошондон бери абакта жатат деген да кабар угуп калдык...

# БАЛЖАН

## I

...Өткөн кылымдагы согуш алааматы кимди аяп коюптур. «Батыштан фашисттик гермаңдар бейкапар жаткан элди басып кириптир! Баш көтөргөн эр бүлө кан майданга чакырылсын...» деген кабардан кийин айыл ичи чаң-тополоң эле болуп калды. Канчалаган сонун үмүттөр, алга сүрөгөн ой-тилектер күм-жам болуп тебеленди. Биргелешип, ынтымакка келген – ар кошкон улуттардан куралган эл турмушу жаңыдан эле баш көтөрүп, оңоло баштабады беле? Андан да, айылдагы эркек тана аттууларды, солкулдаган жаш жигиттерди кайра кайтары арсар кан майданга узатуу учурлары тирүүнүн тозогуна айланды.

Бу сапар ыйлабаган жан жок. Айыл эмес, бүтүндөй аймактын алдыңкылары болуп, ар дайым айрылышпай бирге жүргөн «үч бек»: Асан, Касым, Асылбектер бүгүн согушка чогуу узай турган болушту. Алардын ичинде, өзгөчө Асанбекке өтө кыйын боло тургандай. Анын үйлөнгөнүнө келерки жумада араң бир айга толмок.

Түбү, тилеги жаман – ошол ыйды жаш колукту баштабадыбы. Ал аба жарып, карап турган кары-жашты, ал тургай, кайната менен кайненени көзгө илбей, күйөөсүнүн мойнунан кучактап алып солкулдап, сыздады дейсиң... ал жерде турган карылар да чыдай алышпады көрүнөт, сакалдары ылдый көз жаштары салааланып, тып-тып тамчылап турду...

– Баскыла! Тизилгиле! – деген, аскер кийимчендердин өкүм үндөрүнөн кийин деле, жаш келин шолоктогонун токтотпой, Асанбек андан бешбетер, жаш колуктусу менен акыркы ирет көрүшүп, биротоло коштошуп аткансып, аялын имере кучактап, бети-башынан эч жерин калтырбай аймалап, улам-улам мойнунан жыттагылайт.

– Оңбогон согуш ай! Гитлер тирүүлөй эле көрүндө өкүрүп калсын! – деп наалат айткан, аны ашата сөгүп, каргаган эл аарынын уюгундай дуулдап турду.

Бир катарга тизилген үчөө согушка узагандардын эң артында шылкыйып баратышты. Баягыдай жок жерден бири-биринин «жоорун» чукушуп, каткырышмай кайда? Ар бири өз керт башын ойлоп, тунжурап унчугушпайт.

Бут алдынан буруксуган чаң уюлгуп, бараткандардын түнөргөн жүздөрүн андан бетер түнөртүп, таңдайлары кургап, бозоргон эриндери кеберсип, илкигенсип баратты. Алдыдагылардан анда-санда, үзүл-кесил кобур-собур үндөр чыккансыйт.

Асанбектин ичи туз куйгандай ачышат. Ой-санаасы уйгу-туйгу. «Кандай айла кылам? Канткенде аман калам… Айжамалымдын жүзүн бир кайрылып көрөр бекемин?!

…Ө-өх, ушул алааматтан кайра аман-эсен келип,так ушул жерде жан берсем, эч арманым болбос эле!» – деп Асанбек жашып кеткенин каргылданган үнү менен билдирип койду. Кайра артка чуркагысы келди бардыгына кайыл болуп. Экөө аны ортого алып, эки жагынан колтуктап алышты. Алардын да мазары тегеренди. Бири-бирин карагысы келбей, алкымына тыгыла түшкөн ачуу ызаларын тымызын жутуп, тымпыйышты.

Асылбектин оюна, баертең энесинин айткандары келди: «Балам, атаң раматылык Калдымат эзели далысы жерге тийбеген эр киши эле… ата наамын булгаба, эл намысын унутпа! Түшүмдө атаң мени жетелеп жүрүптүр, сен ээрчигениңен болбой кайра кууп жиберди… кудайым колдоп, аман кел, коломтоңдун отун өчүрбө!..» Андан ары сөз айталбай бук түштү.

«Кантсин, байкуш энем, жаралгандан жалгыз баласы болсом, бу жарык дүйнөдө карманары да, ишенери да мен… кайра энемди кайрылып көрөмүнбү…» – деп мууну бошогонсуп барып, кайра кайратына келди.

– Жок, балдар? – деди Касымбек, Кескен-Белдин жайык кырына чыгып, өрүү алып отурган кезде. – Бизден башкасы деле жетет согушканга. Өмүр бир эле келет. Андан көрө …

– Сен эмне дегени турасың?! – деди Асылбек, анын айткандарынын ары жагында эмне деген ой жатканын анча түшүнө бербей.

– Эмнени уксаң, ошону айтып жатамын. Мен барбайм согушуңа, уктуңбу!

– Акырын, Касыке, – эки жакты карап элеңдеген Асанбек сөзгө аралашты.

– Анча эмнени талаштыңар, балдар? – деген үн өкүм да, асмандан жаңырып келгенсип, бийик да угулду. Алар үн чыккан жакка чочугансып жалт караишты. Эки-үч аттам жерде, дубана кейиптенген аксакал карыя адаттан башкача ак таягына жөлөнүп турган экен, беркилердин сүйлөшкөндөрүн толугу менен тыңдагансып.

Алар чочугансып, жарыша салам айтып жиберишти. Жүзүнөн мээрими төгүлгөнсүгөн бул сыйкырдуу карыя алардын жанына өтө жакын келгенден негедир чочулагансып, окчунураак келип, ар бирине маани бергенсип, ар бирин башынан аягына чейин шашпай карап чыкты. Анан кандайдыр бир жумшак, башкача үн менен, сыпайылангансып, жигиттердин удаалаш, жарыша айткан саламдарына жооп берип:

– Валекисалам, жигиттер! И, балам, – деди карыя, жумшак үнү менен, ордунан тура калган Асылбекке кайрылгандай. – Майданга баратыпсың, колдоочуң ак коён турбайбы? Анча-мынча кемтигиң гана болбосо, кан майдандан аман-эсен келесиң… Ак коён чыкса – атпагын.

– А менчи, ата? – Касымбек негедир, кекечтенип, туурадан чыкты.

– Силер?.. …Азыр, койлорумду кайрып коюп, келейин…

Аксакал карыя шарт бурулуп, ылдамдай басып, кырды ашып, көрүнбөй калганча, үчөө селдейип тура беришти.

Эс алуу убактысы бүтүп, жарым сааттын ары-берисинде кайра жолго чыгышты. Кылкылдаган көгүлтүр көлдүн жээгине чейин жөө басышты. Бу жерде, кеменин келишин күтүп, зарыгып тургандар алардан да көбүрөөк өңдөндү. Аңгыча башка айылдардан да катарга тизилгендер, алар теңдүү, ал эмес, бир аз өтүбүрөөктөрү да келип, кошула берди. Баарынын маанайлары пас. Бири биринен чылым сураган болушат. Топ-топ болуп, кобурашып турушат...

Кечке жуук кемеге түшүүгө буйрук берилди.

Алар көл үстүндө, түн бою жүрүшүп, таңга жуук Балыкчынын кемебайырына келишти. Мында, алардан мурда келишип, темир жол бекстин сагаалагандар жаңы келгендерден да арбындай көрүндү. Улам чакырылгандар эки кабат салынган имаратка кирип чыгышып, өзүнчө топтолуп, кайдадыр кетип атышты.

– Бир жерге баргай элек, – деди Асылбек, жанатан бери дымыраган тынчтыкты бузуп.

– Кайда болсок да, аман бололучу, – деп Касымбек үшкүрүнүп койду.

Кийинки келгендер, алар ойлогондой, дароо фронтко жөнөтүлбөдү. Бала кезинен ат үстүндө өскөн айылдык жигиттер катары, алар атчандар эскадронун түзүүгө тандалып, Балыкчыдан он чакты чакырым алыстыктагы, адырлуу тоонун коктусундагы алдын-ала атайылап даярдалган аянтчага жиберилди. Мында ат үстүндө чаап баратып кылыч чабуунун, мылтык атуунун ар кандай, шамдагайлык ыкмаларын тездик менен үйрөнө баштады.

Баягы үчөө кайда болбосун бирге жатып-туруп жүрүшөт. Арадан бир жумача убакыт өткөндөн кийин, бир үйүр-

го жакын жылкыларды күтүрөтүп айдап келишти. Тандап алуу деген кайда баягыдай? Ар кимге ирети менен аты-жөнү боюнча чакырылганына жараша өз бактысына туш келген жылкы тийди. Ал эми аларды машыктырып жүргөн орус командирге – суналган сонун айгыр тийди дейсиң, сырткы сыны келишимдүүлүгүнөн да ойноктоп, бир орунга турбайт. Шыйрактары кайберендикиндей суналып, ак куудай мойну ийилет... Ага өзгөчө Касымбектин көзү түштү.

Эртеси эки жоокерге бирден бешатар берилди. Ар бирине ат бөлүнгөнү машыгуу мурдагыдан бешбетер күчөдү. Эртеден кечке чейин жандары тынбайт.

Кенедейинен жетим өсүп, кыйынчылыктардын азап-тозогун башынан көп өткөргөн Асылбек анча деле кыйналган жок, тескерисинче чыйралып, күндөн күнгө москоол тарта баштады. Берки эки жолдошу андан, негедир четтегенден четтей берди. Бөлүнө калып, шыбыраша да кетишет. Алардын арамзаадаланган мындай мамилелерине канча ойлонсо да, эч түшүнбөдү. Өзгөчө Касымбектин баскан-турганы бузулду. Ууру мышыкча кылтыйып, башкалардын кебин тыңшайт. Асанбек болсо, дайыма анын жанында.

Бир күнү айылдан кат келип калды. Ал – Айжамалдан экен. Аталганы эле болбосо, аны бүт айыл чогулуп отуруп жазгандай. Кеткендердин аман-эсендигин сурашыптыр. Айылдагы жаңылыктарды айтып келип, акырында айылдын башындагы Сагымбай абышканын улуу баласына согуштан алгачкы кара кагаз келгенин кабарлашыптыр. Ал мындан үч жылдан ашык убакыт мурда эле согуштун аты тургай, жыты жок кезинде эле аскерге кетип, быйыл келет го деп турушпады беле! Кайран жигит!

Эмне деген гана адам эле?! Колунан да, тилинен да келчү. Комузду шаңшытчу... Ырдаганычы!

– Биз деле шейит кетебиз го? – Асанбек адатынча, чекир көздөрүн ымдагылап, мурдун шуу тартып койду.

– Жазмыш – тагдыр деген бар… адам андан качып кутула албайт го.

– Сен – Асылбек, эмнени айтып, башты оорутуп атасың, – Касымбектин капысынан итатайы тутулуп кетти. – Жанагы алжыган неме: «Колдоочуң бар экен», – деп койсо, ишенип, өр таянып алгансың го?! Көрөбүз, кимибиз өлүп, кимибизаларыбызды?..

– «Туура, адам жаны – балдай таттуу экен го, чиркин!» – Асылбек, кечээ эле моюндашып бирге өскөн, бир туугандай көрүп жүргөн теңтушунун чыныгы жүзүн боолгологондой күңгүрөнүп, экөөнөн бөлүнүп басты…

Машыгуу көз байланганда бүттү.

Жоокерлер, колу-бутун тарта албаган деңгээлге жеткенби, анча-мынча бирдеме таталаган болушкандан кийин, командир аларга бүгүн эрте жатып, эс алууга руксат берди. Анткени анын эртеси жолго чыгышмак.

Түн ортосу ооп калган кезде казармадан, эки караан жылып чыкты. Ээрчише бүкчүңдөп, улам-улам кылчактап, кээде бөгүп жата калып, эки жакты тыңшап… акыры ат сарайга киришти. Короодо басып жүргөн кароолдор деле көрүнбөйт.

Кичине бойлуусу, ичтен ээр токумчан эки атты жетелеп чыкканча шилбигийи караңгылык жамынган сарайдын бурчундагы далдадан, эки жакты байкап турду окшойт, тигиниси биринин чылбырын карматканда, ал атка чап жабышты.

…Эртең мененки күндүн мурду жаңыдан кылтыя баштаганда, качкындар Жылаңач-Тоодон ашып калышкан. Унаанын башы-көзүнө карабай, оңду-солду койгулап жүрө беришти. Командирдин карагерине, кула-сары теңтайлаша алчудай эмес. Бирок берки деле оңой эместей, ушунча ашуу-белести ашса да, куйрук улаш келатат.

– Асаке, чамда! – Алдыдагысы артындагысына кылчайып бакылдады. – Эми, мынча болду, Жашыл-Бетке жетип жыгылалы.

Экөө теңтайлаша түштү.

– Азаматсың, Касыке! Аттарды тандаптырсың. Начар болсо, эмдигиче мурду бырылдап калмак.

– Бекеринен эки жыл жылкы багыпмынбы?!

Касымбектин көңүлү жайдары: шимилген жаактарына, киртийген көздөрүнө… карабай, жүзүнө кан жүгүргөнсүп калыптыр. Кылычты такымына кысып, жалгыз мылтыкты өңөрүп алыптыр.

Артынан сороңдоп бараткан Асанбек үйүн, Айжамалын эстегенде чекир көздөрү ого бетер чекирейгенсип, нуру жанып, беттери албырып… шайдоот.

Жылганы көздөй кеткен коктуга кирди атчандар. Чөптөрү саргая баштаган апай бетте кой жайылып жүрөт. Андан төмөнүрөөк, билектей булактын секичесинде алачык турат.

Эки атчан алачыктын алдына келишти. Жымжырт. Бирөө алачыкка кирди. Экинчиси – кош атты суулуктап, эки жакты элеңдеп, байкап турду. Кобур-собур үндөр чыккансыды ичтен, демек, бирөөлөр бар.

…Күн аркан бою көтөрүлүп калганда, экөө Жашыл-Беттин черине кирип, көрүнбөй калышты. Жана алачыкка кирип: «Биз согуштан келатабыз. Жарадар болуп, отпуска алганбыз. Жолду кыскарталы деп, ашууга чыктык. Азыгыбыз жете турган эмес» – деп сурап алган сүзмө, талкан, арпа көмөч нан алардын санаасын тындырды. Бадалчердин арасында кечке өрүү алышты. Бирок тынч алып, уктай алышпады .

«Бир күндө, айылга кирип барабыз» деген экөөнүн бул жерден жыла албаганына эки жума аяк басты. Аттарын төмөн, далдага байлап, күндө жөрмөлөп жогору чыгып барышат, туш-тарапты чалгындашат. Аларды азыр, ушу убакта катуу издеп жүрүшкөндөй туюм бар. Акыры ойлогондору туура чыга турган болуп калды. Кечээ, алыстан өгүнү экөө азык алган алачыкка, аскер кийимчендер ки-

рип, бир топко сүйлөшүп чыккандан кийин, бери тоо жакты көпкө карап турушту. Айтып беришти го?!.

Экөөндө андан бетер жан жок. Эми бадалдан чыгууга таптакыр болбой калды. Бири-бирин жактырбайт. Азыктары түгөндү. Ишенгендери жалгыз бешатар. Бирок ок чыгаруу – өлүмгө барабар болучу!

– Мен мындан ары чыдай албайм! – деди Асанбек кынжыйган белин, бозоргон шинелин сыртынан курчанып жатып титирендеп. – Арам өлгөнчө, колго түшүп берели. Биз кимге зыян кылдык эле?..

– Эй, чакча баш! – Касымбек, ок жеген аюудай, капысынан айкырып тура калды . – Сен, айбан ! Колго түшсөң, атылып кетериңди билбейсиңби?!

– Кайсы кылмышым үчүн ? Ушунун баарын баштаган сен!

– А-а-а! – Касымбектин көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчайды. – Сенин ушинтериңди бая күнү эле сезгемин. Оюңда мени кармап берип, өзүңдүн жаныңды арачалаганы турасың го, я?! Мунун жанынын бал болуп кеткенин кара… Азыр! – Касымбек бел курундагы канжарды кынынан дароо сууруп чыгып, мылтыктын башындагы ордуна, машыгууда үйрөнгөн адаты боюнча, «шарт» орното салып, бешатарды оңтойлото кармады.

– Саясыңбы... же… атасыңбы?! Ме, кыйнабай таамай ат! – Асанбек жанатан жер сыйпалап жүрүп тапкан, чыныдай ташты оң колуна мыкчый кармап, сол колу менен тыртайган арык төшүн жайып, алдыга умтулду. Атып жиберет деп ойлогон жок. Ал азыр эч нерсе ойлогон жок. Же, сайып жибере электе жыга чабайын дедиби, сунулган мылтык оозуна жеткирбей таш менен уруп калды. Касымбек теңселе түшкөндө, мылтык үнү жаңырды. Асанбек чабылган чөптөй чалкасынан сулады.

Жанатан жымжырт турган кең дүйнө бир заматта тарып, Асанбектин өпкө-боорун куушуруп, дене-бою бүтүндөй от-жалынга айланып бараткансыды… Сол

мүрүсү качыр-кучур болуп, кыймылдаган сайын көздөрүнөн учкун «чачырайт». Ордунан канчалык турайын десе да тура албады. Колу-буту байланган малдай башын жерге ургулап, туйлай берди.

Касымбектин таш тийген көзү заматта тоодой болуп шишип… канталап, эми такыр көрбөй калды. Балким, караги агып калды… Жарадар жырткычтай, ого бетер жаалданды. Айлана-чөйрөнү, буга чейин бу жерде эмне кылып жүргөнүн, кайда баратканын таптакыр унутуп койду. Бешатардын кундагын мыкчый кармаган бойдон күүлөнүп чуркап жетип, ордунан тура албай, жанталашып чалкасынан жаткан Асанбекти дал көкүрөккө керилип туруп, канжар учу менен уруп калды. Мылтык башындагы бычак бечаранын көөдөнүн жарып, далортосунан өтүп, жерди тепчий сайылды.

Касымбекти тиктеген көздөр муңайып да, жек көрүп да… жалдырап, алайып, катып калды… кычыктарынан мөлтүр тамчылар сызылып баратты… оозун бир ачып, акыркы демин чыгарганга үлгүрүп… аңкайып жабылбады.

Дабыраган атчандардын доошунда, катар-катар жаңырган мылтык үнү да, качып баратып, көмкөрөсүнөн түшкөн жаналгычын да көргөн жок.

Бычагы тикесинен сайылган мылтык гана жыгылбай, чоочун желге билинер-билинбес теңселип турду…

## II

…Эки качкындын дайыны билингенден кийин гана, Асылбектин жаны жай алгансыды. Ага чейин, нечен сурак менен кысмактан өттү: «Үчөөң кенедейден ажырашпай жүргөндөн кийин, сен аларды жакшы билесиң, балким, качырып жиберип, ыңгайлуу учурду күтүп жүрөсүң, бу жерде – бекеринен калган жоксуң, бир арам оюң бар, ачыгын айтпасаң – жазага тартабыз» – деп, камап да

коюшкан болучу. Эки качкындын кабары, жогоркуларга чейин билиниптир: алар үчүн атынан, ансыз да жетпей ат-кан курал-жарагынан ажыраган командирди дароо алмаш-тырыштыбы, же башка жазага тартылдыбы, ал көрүнбөй калды.

Батышта согуш басылбай эле кайра күчөгөн көрүнөт, эскадрон толук машыгып бүтө электе, жолго салышты. Асылбек жөө аскерлердин полкуна түшүп калды. Анткени атчан аскерлер баягы граждандык согуштагыдай чечүүчү ролду ойнобой калыптыр, алардын эскадрону, биринчи салгылашууда эле чоң жоготууга учураштьı .

Асылбек – жеңил жаракат алып, аман калды. Эки айга жетпей кайра урушка кирди. Бу сапар салгылашуу оор болду, асмандан самолеттору бомбалап кеткенден кийин белчеден жааган ак кар үстүндө, душмандын кара жалаң-кычтай жайнаган танкалары каптап кирди. Аткылап да келатат. Алардын артында жапайы доңуздардай дүмүрөң-дөшүп, жөө аскерлери…

Дөңсөөнү айланта казылган окоптон бардыгы даана көрүнүп турат. Карга өңдөш тон менен тумагын баса кий-ген Асылбек да куралын сунуп, команда-буйрукту күтүп, тирмийет. Ажал отун чачкан темир желмогуздар жакын-дап келе берди. Алардын ышкырган снаряддары жетпей төмөнүрөөк түшүп, топурак аралаш ак карын асманга са-пырат.

Бир кезде, дал бет маңдайдан, аппак коён туура кача берди.

– Катардагы Калдыматов командирге! – деген кыйкы-рык чыкты блиндаждан. Асылбек дароо таянычтан секи-рип, окоптун таманына түшүп, жертөлөгө бөкчөңдөп жүгү-рүп жөнөдү. Ал – блиндаждын босогосун аттаары менен, артынан  жыландай ышкырган снаряд жерге урунуп «жах» деген гана үндү укканга үлгүрдү. Кар аппак туман болуп барып, анан … дарынын куйкум жыты мурдун өрдөгөнүн гана сезди…

Асылбек уйку-соонун ортосунда үч күн көзүн ачпай жатканын, кийин эсине келгенде кана билди .

– Ушул бойдон калтырууга болбойт! – деп бирөө өкүм унчукту. – Жок дегенде бир бутун сактап калалы .Операцияга дароо даярдагыла!

– Жарайт, жолдош майор! – деди экинчиси чыңкылдап.

...Түш көрүп жаткандай болду бардыгы. Акырындап көзүн ачты, тегерегинде онтогон үндөр, коңурсуган жагымсыз жыттар сезиле баштады. Денеси чулу темирдей; кыймылдабайт...

«Ажалым жок экен, аман калыпмын» деген гана ой келди.

Госпиталда бир нече айлап жата турган болду. Бир бутунан ажыраганын  билгенде, чындап эле өлгүсү келди . «Жанды кыйнабай, мелтиреп уктаган тейден кете берет элем» деген оюн жанындагы оруска жаман тили менен эптеп түшүндүрө албай жатса, ары жактан бирөө казакчасынан ашата сөгүп жибербеспи. Асылбек чочугандан башын көтөрө койду. Бир буту менен таканчыктап, таягын алды да алиги «балит оозду» башка бир салайын деп топтомолок бир «дөңгөч» жатканын байкап, кайра токтоп калды.

– Менин түрүмдү көрдүңбү?! – деп дарылдады ал жанагыдан бешбетер бакырып, – сен эмес, менин жашагым келип турат. Башым аман, көзүм көрөт, тилим сүйлөйт, кулагым угат... дагы эмне керек?!  Экинчи алдагинтип кесир сүйлөп, кудайга күнөөкөр болбо...

## III

...Андан кийин нелер гана өтпөдү тирүү пенде башынан; бардыгы өчтү, унутулду, орун алмашты, жалгыз гана согуш тагы кетпеди. Адам өзү ойлоп тапкан алаамат – кимдин ким экендигин дааналап көрсөттү.

Кандуу кармашка кеткен уулдарын улам эртең келе калчудай күткөн аталар менен энелер, жалаң үмүт, кыял менен жашап, акыры алар да кайдадыр житип жок болушту.

Алардан эми, эстелик таштар гана калгандай; баягы айылдын дал ортосундагы кең аянтка орнотулган карыялар менен байбичелердин элестери. Алар – мындан көптөгөн жылдар мурда чаңдуу жолдун топурагын буртулдатып, биринин артынан бири ээрчишип; көл тарапка кирген коктуга житип жок болгон айылдын эр азаматтары мына, азыр кайрылып чыга калчудай, телмире тиктеген… ошо бойдон ташка айланып, катып калган адамдар…

Анын алдында, бети жылмаланган таш такталар, анда быжырата чегилген тамгалар …

Алардын ар бири адам эле. Ар биринин тагдыры, маңдайына жазылган жазмышы бар эле. Алар кайда азыр?! Куш болуп учуп кетиштиби? Же жылдыз болуп, түнкүсүн асмандын жети катарынан, жаңы муундарга көз салып, жымыңдашабы?..

Бир бутунун бүгүлбөгөнүн байкаткысы келбегендей, боюн түздөп, салабаттуу кадам шилтеген москоол адам, таягын улам бир кадам аттаган сайын, жерге ныгыра басып, тизмени эрикпей окуп чыкты.

– Булар өлүүлөрдүн арасында да жокпу?! – деп кобурады. Балким?.. Жок, аларды өз көзүм менен көрбөдүм беле?

Согуш мезгили, эки качкын, экинчиси качканда артынан атылган ок… Бардыгы кайрадан көз алдынан чубап өттү…

Беттерин бырыш торлоп, бели бүкүрөйүңкү тартып, карылыкка моюн сунуп калса да, көздөрү бажырайып, маңдайынан кандайдыр нур төгүлгөнсүгөн байбиче жанатан жолго чуркап чыккан чөбүрөсүнө бурула калам деп, таякчандын жыгач бутуна урунуп алып:

– Ок! Сен ким элең?! – деп чочуп кетип, ак мурут карыянын көзүнө көзү чагылыша түшкөндө, кайра ыңгайсызданып, жаш келиндерче уялып жер карады.

– Ок курусун! Ал – кимди аяп коюптур?.. Кечириңиз, байбиче?

…Айжамал да, Асылбек да бирин бири тааныган жок…

# ЭЭН ДҮЙНӨ

– Жашоо кызыксыз: бардыгы бүтүп, өмүрдүн шамы үлпүлдөп өчүп бараткан өңдөнөт ...Бардыгы болуп өткөндөй... Алдыда эч нерсе калбагандай туюлат...

– Үмүттү үзүүгө мүмкүн эмес; анда жашоонун эмне кереги бар, жашоо барып-келип эле жалгыз үмүттөрдөн турат деп ойлойм... А балким, алдыда зор бакыт күтүп тургандыр?..

– Балким?.. А, бакыт деген эмне...

– Бакытты ар ким ар кандай түшүнөт го... Бири – дүнүйө жыйганды, бири – килейген үй салганды, же менчик машине алганды бактылуумун дейт..., дагы бири – беш кишини башкарганын..., толуп жатат го... бу пенде дегениң; эртең өлүп калсам – артымда эмне калат ? – деп ойлобойт экен го...

– Бакыт дегенди, колу менен кармап, көзү менен көргөндөр барбы деги.

– Анын деле ырас, бирок кээ бири эч бир байлыгы деле, бийлиги деле болбосо, ар бир аткан таңын – бактым дейт...

– Ырас эле?.. Мен бул жөнүндө негедир ойлобопмун...

Сыртынан бир караганга отуздун кырына жаңы эле келгендей: чекесиндеги билинер-билинбес бырыштары кабагын чытыганда гана дааналана калганы болбосо, жазы маңдайы эч бир боёктун изи жок бажырайган көздөрү, тоголок тартып бөйтөйгөн эриндери, чологураак келген мурду аксаргыл жүзүнө жарашып, анын жөнөкөйлүгүн,

сезимталдыгын, ар нерсени жүрөгүнө жакын, тез кабыл аларынан кабарлап тургансыды.

– Ушунчалык жаш туруп, кейикчээл көрүнөсүң…

– Кайдан?.. Кеп, жашта болбойт тура… Кийинки жылдардын ичинде жетимишке чыккан кемпирдей болуп кеттим окшойт .

Бара турган жолубуз али узак болгондуктан жолду кыскартууну ойлодум, андан да ойлуу тиктеген көздөрүнүн ары жагында катылган көптөгөн сырлары жаткандай сезилди. Табышмактуу сөздөрү өзүнө тартты: «Балким, кеп-кеңешимдин да пайдасы тийип калабы» – деп ойлоп кеттим.

– Ооба, «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» дейт, бирок убакыт деген бар. Ал – бардыгын эстен чыгарат…

– Менин эсимден чыкпайт болуш керек?.. Жок, унута албайм!..

…Ал – көп жылдардан бери, жедеп көкүрөгүнө туман болуп уюп калган бугун чыгаргысы келдиби, айтор, оор үшкүрүп алды да, өткөн тагдырын бир башынан жобурай баштады…

…Аны бардыгынан жогору: акылдуу да, сулуу да, билимдүү да көрчүмүн. Менден бир топ улуулугуна карабастан, кысынбай, бардык темада сүйлөшө берчүмүн. Аны менен жолукканда көңүлүм ачылып, өзүмдөн өзүм сүйлөгүм, күлгүм келе берчү. Оюмда эмне болсо, башыма эмне келсе, ылгабастан айта берер элем .

Ал биздин университетте мугалим болуп иштей турган. Бүтөөр жылымда менин дипломдук ишиме жетекчи болуп калды. Арабыз ого бетерден жакындады. Менин – экзамендерге даярдануум, дипломдук ишти жазуум, деги эле андан аркы турмуш-жашоом, өтө кызыктуу болуп кеткендей.

Окууну аяктаган күн да келди, ары-бери караганча. Беш жылым беш күндөй болбой, ушунчалык тез өтүп кеткенине башкаларча кубанбай эле, кейий турган болдум. Неге-

дир ичим ачышат: «Дагы бир жыл окусам болбойт беле?!» деп ойлоп кеттим.

– Университетте калбайсыңбы? – деди, бир күнү ал, менин ичимдегини толук бойдон угуп алгансып.

– Жок, айылга барып иштейм. Ата-энеме айтып койдум эле. Алар эмдигиче, мектептен орун таап да коюшса керек.

– Бекер кыласың. Бир жылча бул жерде чогуу иштесек. кийин аспирантурага өтөт элең... Кандидаттык диссертацияңа жардамдашат элем.

Мен унчукканым жок. Бир айтканымды улам кайталай берүүнү жек көрчү элем, ошонум кармап кетти.

Шаарда квартирада жашачумун эки курбум менен. «Агай келиптир» дегенчелик кылып, алар кетип калышты. Бир бөлмөдө экөөбүз эле калдык. Менин диплом алышымды куттуктап, бир топ белек-бечкек ала келиптир.

– Түндүн бир оокумуна чейин сүйлөшүп отурдук. Экөөбүз болгону – бир бөтөлкө шампанды түгөтүппүз. Өзү деле ичкенди жаман көрө турган. Беш жыл бою, анын бир да жолу оозу буркурап жүргөнүн билбейт экемин, эми ойлосом.

– Кой кетейин, – деди ордунан туруп жатып, – эртең жолго чыгасың да...

– Кетпейсиз?! – Эч нерсе ойлобостон эле, буйра сүйлөп жиберипмин.

– Болуптур, жат десең – жата беремин. А эртең, тиги кыздарың эмне деген ойдо калышат?

– Алардын мени менен кандай иши бар эле. Биздин жаман жолго барбай тургандыгыбызды, алар эң жакшы билишет.

Ал андан ары эч сөз козгогон жок. Бирге төшөк салдым. Кучакташып жатып алдык. Эртеңки биргелешкен таттуу турмушубуз жөнүндө таттуу кыялдарга баттык; бир жылдан кийин баш кошмой болдук, анан – мен борборго келип, бир жерде чогуу иштеп, аспирантурада да окумай болдум ...

– Ошого чейин ак бололу, – деди бир кезде негедир ал, – жалгыз сөз үчүн жаман аттыга калбайлы...

Эртеси айылыма кеттим. Ал мени автовокзалдан узатты. Автобус ордунан жылып, чоң жолго түшкөнчө ээрчип, менден көзүн албагандай сезилип кетти мага. Айнектен анын карааны үрүл-бүрүл болуп барып, бир кезде жок болгондо, көзүмдөн он талаа жаш өзүнөн өзү куюлуп атканын сездим. Жанымда катар отурган карыя, жанатан бардыгын байкап келатканбы: «Кой балам, ыйдын түбү жаман болот» – деп койду. Анын себебин сурабастан мен: – «Жок, мен жөн эле, чоң ата» – деп күлүп жибердим.

Ошентип, өзүм туулуп-өскөн айылдагы орто мектепте беш жыл мурда эле мага сабак берген агай-эжейлерим менен бирге иштеп, кесиптеш болуп калдым. Мугалимдикти тээ бала кезимден эле жакшы көрө турганмын. Ошондонбу, балдар менен тез эле камыр-жумур болуп кеттим. Мектепке да, «мугалим кызыбыз» деп айылга да кадыр-баркымдын артканын байкап да, үйдөгүлөрдөн угуп да жүрдүм.

Шаардан үзбөй каттар келип турду. Кайра жооп жазам. Уккан -көргөндөрүмдү калтырбаганга аракеттенем. Сагынганымды, бирок ишке алаксып, убакыттын ушунчалык тез өтүп атканын, айылдагы мектепте окуучулар менен иштөө өтө кызыктыгын… айтор, баягыдай оюмда эмне жүрсө бардыгын кагазга түшүрөмүн.

Аңгыча кышкы каникул кирип келди. Жаңы жылдык оюнга «Аяз кыз» болуп катыштым. Балдардын таттуу белектерин таратып бергенден кийин, мен сыяктуу быйыл жаңыдан ишин баштаган, коңшу айылдык курбум үйүнө чакырып калды. Негедир көңүлсүрөбөдүм.

– Агам үйлөнүп, той берип атат, – дегенинен, болуптур деп макулдугумду берип коюп, кайра: «Бу кандай? Жаңы жылда үйлөнгөндөр бактысыз болот дегенди уктум эле, билишпейби? Же айтсамбы», – деп кайра унчуккан эмесмин. Бардык. Биз барганча, караңгы кирип кетти. Ырас эле бака-шака: короодо самоор кайнап, кемегеде от жагылып, суумайдын жыты алыстан эле буруксуп, боорсок бышырган кыз-келиндер…

Курбум экөөбүздү аябай шаңдуу тосуп алышты. Үйдөн дүрбөп чыккан жаштары эбак кызып алганбы, бизди тегеренип, ырдап-бийлеп киришти. Биринчи көрүшүп жатканыбызга карабай, мен да алар менен кошулуп, бийлеп жүрөм.

Үйгө кирдик. Бурчта көшөгө тартылып турганын байкадым. Маани деле бербедим. Болбой төргө өткөрүштү. Ичип алып, биринин сөзүн бири укпай, орду жок сөз талашкандардын жанында көпкө отура албадым. Тамекинин түтүнүнөн да, тигилердин кажылдаганынан да тажап эшикке чыктым. Артымдан саксактап, экөө кошо чыгышты. Курбум негедир көрүнбөйт. Сурасам: «Азыр келет» – дешти. «Анда эртерээк кетейин, жеткиргиле» – дедим эле, кайра үйгө алып киришти.

– Эми, кызым, «таш түшкөн жеринде оор» дейт, – деп келатканда, эки жакты карасам, бардыгы тең тунжурап, мени тиктеп отурушуптур. Ордумдан кандай турганымды билбейм, бирок бир аттаганга үлгүрбөдүм, эки жагымдан эки жигит колтуктап, жанагы көшөгөнүн ичине алып жөнөштү. Бирөө башыма жоолук салды. Жулкунгандан пайда чыкпады. Айлам кетти. Аңгыча сырттан бир байбиче бир чара камырды алдыма коюп: «Балам, менин ак чачымды сыйласаң, мына бу ачыган камырды аттап кетпе… атайын ак тилек менен жасаган наныбызды тебелей көрбө, батамды берейин…» – деп куудай аппак башын ийгенсип ыйламсырады. Ичим уйгу-туйгу болуп кетти: «Эмнеге мынча мөгдөшөт?!»

– Болуптур эне, жок дегенде күйөө боло турган балаңарды көрсөткүлөчү?

– Огк, айланайын! Акылыңдан тегеренейин!

– Ырас айтат! Ала турганымдын дени-карды сообу деп атат…

– Ха-ха-ха! Соо болбогондо анан… Болгондо да аюудай болгон жигит !

Адепсиз, ыксыз тамашадан көңүлүм айнып кетти, бүк түшүп, боздоп жибердим. Аны дыргаяктатып эшикке

сүйрөп чыгышты окшойт, каалга карс жабылды. Анан бирөө келип жаныма коомай отургандай болду...

Күйөөм алты саны аман, акыл-эси ордунда эле жигит экен. Каракол шаарындагы үйүндө институтта окуган бир туугандары менен жашап жүрүптүр. Иштеген жери, тапкан табылгасы деле жаман эместей. Бирок Кудайбергениме эч теңей албадым. Бир жери да окшошпойт.

Бир күнү телефон шыңгырап калды.

– Шакенсиңби? – дейт... Дароо тааныдым, өпкө-өпкөмө батпай, боздогондон башка жооп бере албадым.

Угуп тура берди окшойт. Же, ал да ыйладыбы... Билдирбеди. Далайдан кийин, солуктап басылдым. Сырттан тиги кирип келчүдөй сестендим.

– ...Мен Караколдомун, – деди бир кезде каргылданган үнү менен – кай жердесиң? Телефонуңду араң таптым, дарегиңди айтышпады ... Даярданып чык, ала кетемин...

– Жок! Эми көрүшпөй эле коёлу... кайсы бетим менен барам?! Сенин алдыңда – өмүрүм өткөнчө күнөөлүүмүн...

– ...Эч нерсе ойлобо, мага сен гана керексиң. Мурда эле үйлөнүп албаган, мен гана күнөөлүүмүн! Өзүмө өзүм кылдым, өз бактымды кармай албадым... Сен макул болбосоң – бу дүйнөдөн кечил өтөмүн!..

...Эшиктин коңгуроосу шыңгырады. Безге сайгандай чочуганымдан телефонду таштап жибериппмин...

...Андан аркы жашоом, мурдагыдан бетер кыйындады, эртеден-кечке эч жерде иштебегеним аз келгенсип, эми баягы студенттик күндөрүм кайрадан көз алдымдан чубап, экөөбүздүн бейиштегидей жыргал күндөрүбүз менен алектенип, көбүнчө сарсанаа тартып, күндөн күнгө чөгө бердим... Ал кечинде, кээде түн бир убак болгондо... же эртеси келе турган болду.

Экөөбүздүн ортобуз күндөн күнгө ансыз деле муздап келатты эле, бул жолку телефондогу сүйлөшүү ого бетер алыстатты.

– Сен – аялсыңбы же айбансыңбы?! – деди бир түнү ал, – «деревня! Лежишь, как корова»…

– Ачыгын айт?! Мени кыйнаба? – дедим, жогорудагы сөздөрүнүн маанисине анда азыркыдай даана түшүнө бербесем да.

– Ха! Түшүнбөйсүңбү?! Билем, мен сени шаарда эмне кылып жүргөнүңдү?!

– Эмне кылыптырмын?!. Анда эмнеге алдың?

– Жөн эле... мындай экениңди кайдан билдим! «Попробуйт» этип көрүп, анан алсам болмок экен да? Мен да жиндимин да, ар кимден калганды…

Так ушул жерден чыдабай кеттим: – Акмак! – деп жаакка тартып жибердим .

Эртеси айылга – өз үйүмө кетип калдым. Бардыгын айтып бердим апама. Атам деле артыман түшүп сурабады. Эртеси ал жөнүндө ооз да ачпады. Апамдан уккандыр деген ойго келдим. Артымдан бирөө-жарымы издеп келип калышаар деген оюбуз да ордунан чыккан жок. Баягыда – мен жаңыдан келин болуп барганда, алдыма камыр-чарасын тартып зарлаган чоң кайненем: «Э, жамандар, силер адамдын баркын билбейсиңер! Менин көзүм непада өтүп кетсе, мына бу жаман энеңер барыңарды чилдей таратаар бекен?!» – деп муңканганын угуп, анын маанисине анча түшүнгөн эмес элем. Аны да эми билип отурам, мен кеткенден кийин чоң кайненем, таптаза туруп эле кете бериптир. Анын келини – кайненем мас дейт… койгондон кийин таберик талашып: «Суусун жуткурбайсыңар?» – деп абысындары менен тытышып, абийири кетип… жок, андай кишилер абийир эмне экенин деле түшүнө бербесе керек.

– Ушунча болуп, деле кайненесин мактаган келинди уга элекмин.

– Ырас, барганы бир да жолу сен-мен дешпедик. Анан өзүбүзчө бөлүнүп, шаарда жашап калдык. Бирок баласын билип калбадымбы?! Аны так эле энесине окшоштура тур-

ган… аял көрүнсө, ээрчип жүрүп, акыры шаардагы бир өзүнөн он жаштай улуу татар аялдын үстүнө кирип алыптыр, мен кетээрим менен…

Убагында кетипмин деп ойлоп коём. Эки айдан кийин кыздуу болдум . Атам атын Мээрим койду. Дароо өздөрүнө жаздырып алышты. Унчукканым деле жок. «Менин кызым, деп эч качан кайрылбайм!» – деп өзүмө өзүм ант берип койгомун ичимен.

…Андан бери, мына – беш жыл убакыт өтүп кетиптир. Шаарда иштеп жүрөм. Аспирантураны окуп бүттүм. Диссертациям да даяр. Кийинки айдын биринчи жумасында жактай турган болдум… Азыр бардыгы бардай сезилет, жалгыз гана – Кудайберген жок?!.

…Шакен бир топко унчукпай калды. Менден көздөрүн ала качып, терезени караганга аракеттенди.

– Ал үйлөнүп алды беле…– мен аны сөзгө алаксытуу үчүн, оюма келген суроону бергендей болдум да, кайра ыңгайсыздана түштүм. Ал мени жалт карады. Көздөрү жашылданып калыптыр. Ымдап-ымдап алды.

– Жок! Ал убадасына турду, өмүр бою өзү айткандай, кечил өттү. Ушунчалык таза адам экен!.. А мен… тирүү кезинде анын ким экендигин толук билген эмес экемин, эселектигимден… жок дегенде, ооруп жатканда барсам эмне?!.

– Мурда оорусу билинчү беле?! Же…

– Анда-санда жүрөгүм дей калчу. Сурасам: «Көп иштегенден го» дечү. Ага деле маани бербегендей көрүнчү .

– Сен турмушка чыгып кеткенден кийин, кайдан бара алат элең?!

– Ошол да!.. Мынчалык болуп кетерин билгенде, эмне болсо да, эч нерсеге карабастан барбайт белем, байкушум ай! Тим эле жан талашып улам-улам сурады дейт, анын жанынан чыкпай карап отурган сестра кыз… Балким, акыркы ирет көрүшөйүн дегендир, же дагы бир айтар сөзү бардыр… алар – өзү менен кошо… арман болуп көкүрөгүндө калды… жер алдында… жок болду…

– Чынында эле армандуу өмүр экен?!

– Азыр мага бардыгы бош, ээн калгандай сезилет… Бу жарык дүйнөдө жапжалгыз калгандаймын…

– Эл, ата-энең, кызың… бар эмеспи?!

– Ар кимдин өз турмушу, өз жашоосу болот тура, байке… Жан бөлөк жаралгандан кийин – ар ким өз оокаты менен алек болот экен… Айылга бара калганымда, бардыгы менин абалымды сурап, кайгырышат, санааркашат… Мээрим деле чоңоюп калды. Энеси экенимди үйдөгүлөр айтпаса деле, эбак «айылчы катындар» кулагына куюп коюшса керек… Мен барганда кылтыйып, четтен көз салып туруп калат. Башкаларын өөп, ага жологум жок…

– Башкасын билбейм, буга ынана албайм! Кантип эле өз жанынан жаралып, канынан чыккан перзентин … өзгөчө эне карагысы келбесин?!. Адам эмес чымчык деле балапанына үйрүлүп түшө калат го. Илгери бирөө бала ордуна жылан тууп коюп, эртеси көчкөндө журтка таштап кетип, түнү менен жашырынып, кайра баягы журтуна келиптир дейт: «Ичтен чыккан ийри жылан эле» – деп… Ай азыркы жаштар!?.

Кызууланып, бир топко сүйлөсөм керек, үнүм да катуулап кеткенби, жаныбыздагы жанатан жолдо ката жылуу автобуста уктап келаткан сапарлаштарыбыздын кээ бирлери баштарын көтөрүп, бизди карай баштаганда, уялганымдан унчукпай калдым.

…Айдын жарыгына салып, саатымды карадым, таң атайын деп калыптыр. Демек, борборго жакындап калган экенбиз деп божомолдодум ичимде. Кайрадан жаш келиндин жанагы айткандарын талдадым: «Балким, андай мамиленин себеби бардыр?»

– Мени таш боор эне  дегени турасыз го? – Ал далайдан кийин күнөө кылып, кечирим сурап аткансып, басыңкы унчукту.

– Эч нерсе деп деле ойлогонум жок. Эми ал – ар кимдин өз иши да, менин кандай ишим бар эле? Катуу кетсем, ке-

чирип коёрсуң… Бизди мурда ушундай тарбиялап коюшса керек…

– Жок, мен сиздердин тарбияны эң туура деп эсептээр элем … Меники таптакыр туура эмес экендигин өзүм деле сезип турамын, бирок ал кызым мен жек көргөн күйөөмө, союп каптап койгондой окшоп турса, кантип жакшы көрөмүн?!.

…Андан көп өтпөй эле автобус туш-тарабы жарык аянтка токтогондой болду. Эл дүрбөп калды. Бири-бирин караган жан жок. Шашыла кийинип, сыртка чыга баштады.

Биз коштошконубуз деле жок. Ал бут алдындагы кара, чакан сумкасын каруусуна илди да, мага баш ийкеген болуп, жолуна түштү. Эл толук түшкөнчө, терезеден карап турдум. Сапарлашым таң атып калган көчөдө, шыпылдай басып баратты эле, капталдан бирөө чыкканда токтоп, сүйлөшүп туруп калды.

# КӨРТАЙ

Чачтарын буурул баскан кара тору, шилбигий жигит бүкүрөйгөнсүп бараткан далысын улам күйшөп-күйшөп коюп, узун шыйрактарын алмак-салмак солбуй басып, таштанды төгүлгөн дөбөчөдөн бери – четки көчөгө салды. «Бу ким болуп кетти ?» деген ойдо, ал бет маңдай жакын келгенче карап турду. Чоочун, ыкшыйган көздөрүн ымдагылап.

– Кандай, жигит? – деп койду, эски таанышындай.

– Шүгүрчүлүк, – деди бүшүркөй.

– И… Мен мобу, Ишенбайдыкын издеп жүрдүм эле?..

– Кайсынысы… Ууру Ишенбайбы, же молдо Ишенбайбы?

Чоочун жигит анча деле шашпаган түрдө какырынып алды да, жол ортосуна «балч» эттире түкүрүп, тарбайган арык манжаларын суюлуп бараткан буурул чачтарына салаалап артка силкип, мылжыйып:

– Болсо, уурусу – деп, сөлпү башын ийкеңдетип, эки колун оңуп бараткан бозомтук трайке шымынын чөнтөгүнө салды.

– И, бар, бирок алар азыр жок. Тоого көчкөндөрүнө бир жума болуп калды .

Тигил колун чөнтөгүнөн чыгарып, делдейе түштү. Жаңы таанышынын жаш бала көздөнгөн кейпин, калбаат мүнөзүнө жарашкансып турган калбагай эриндери менен барбайган мурдун, делдекей кулактарын кызыга караган-сып туруп калды.

– Ал – жалгыз таякем. Көптөн бери учурашпай... Бардыгы өзгөрүптүр...

– Үйгө кириңиз, аксакал... Балким, бирөө жарымы чай -чамекке келип калаар. «Али айылда береке бар экен» деп ойлоп койду. Кыргыздын пейилинен айланса болот! Артыкчылыгыбыздын бири да ушундадыр...»

Чоочун жигит үйгө киргенден кийин бардыгы белгилүү болду, ал бечара түрмөдөн жаңы чыгып келатыптыр. Барар жери, батаар үйү да жок экен. Бу дүйнөдө ишенгени – жалгыз таякеси. Ал деле... жаш аялмет, өмүр бою жалаң уурулук менен... түрмөдөн башы чыкпай жүрүп, кийин карып бараткanda эле таштады го, ал «кесибин».

Сураша келгенде, чоочун экөө бир жылкы балдар болуп чыкпаспы?! Кудая тобо, ушундай да болобу?! Экөөнүн азыркы турушун эч салыштырууга болбойт.

– Э-э-эй, тууган эмнесин сурайсың... Мен көрбөгөн кордук калдыбы!?.

– Эмнеге минтип... деги эмнеден улам?..

– Тагдырыма кызыгып турасың го?

– Жо... сен таарынба, жөн гана сурап койдум.

– Эмнеге таарынмак элем. Бардыгына таарынып бүткөмүн эбак эле. Тагдыр таш боор, адам – карышкыр... күчтүүсү жеңет, жашайт... бирок «силер – адамсыңар. Силер – бактылуу адамсыңар !Мендей болбогула!?» дегим келет. Сен жакшы адам экенсиң, жанатан бери өз үйүмө келгендей болуп калдым. Рахмат! Ушул пейилиңден жаңылба!.. Элден чоочун болуп калыптырмын...

Чоочун, башка дүйнөгө келип калгансып тиштенип, үн чыгарбай отурду. Жаңы таанышынын тагдырынын четчеберин уккандан кийин, андан чочулап да, анын шор турмушуна боор ооруп да турду.

Бардыгы түшүнүктүү болуп калды. «Бөрү баласы – ит болор бекен?..»

– Бирөө азгырды да? Болбосо...

– ...Болгондо да кандай азгырды!? Балалыгым, жаштыгым... Бир үйдүн жалгыз эрке-талтаңы элем. Керели-

кечке кылар ишим жок. Кечинде ресторандарга, же кумар ойногонго барам. Азарты укмуш, алардын азгырмасы ушундай, эң мурда уттура беришет, анан кызыктырып атып, акыры бардыгын шыпырып, жылаңачтап салганын байкабай да каласың.

Бир күнү ушундай азгырманын биринде жыргап атканда, капталымдан бирөө нукуйт, карасам, сыртынан анча байкалбаган шуңшуйган бирөө турат, көзүн улам кысып, четке чакыргансып. Баш ийкеп, анын артынан бастым, аярлап. Мурунку күнү эле бирөөнү жылаңачтап жибергенбиз, ал мага карыз болуп кеткен, ошонун жибергени го, деп койнумдагы бычактын сабын мыкчып баратамын…

– Крутой бала көрүнөсүң?! – деди, сыртка чыга берер жерде тамеки тартып тургандардын ортосундагы дүңкүйгөнү, жанагыны ээрчип жанына баргандан кийин, бутумдан башыма чейин карап чыгып.

Жалтанбай тике карадым, эки көзү тең чычаладай кыпкызыл, тамеки тиштеп алыптыр, эки жаагы шапайып, каны ичине тартып, кубарып турат. Түтүнүн бетиме үйлөдү, кендирдин бүкшүгөн кескин жыты мурдума толо түштү. Артка кетенчиктеп туруп калдым.

– Шо, дурно?! Ха!.. Привыкнешь.. давай, делом? Иш бар, братан…

– Валяй !?

– Моло-дес. Аны аткарсаң – бир тай сеники. Идет?!

Унчукпай кол алыштык. Колтуктап, ары караңгы бакты көздөй басты. Эртеси ушул маалда, айыл четиндеги ичи толуп кеткендиктен, көптөн бери сөөк коюлбай калган эски коргондун капталындагы калың бактан жолукмай болдук. Үстү түшкөн мүрзөдөн бир «мискей» алып чыкмай болдум. Болду?..

Эртеси кечке үйдөн чыкканым жок. Ар кандай ойго келдим. Али жерге караңгы түшө электе, эски мүрзө тарапты чалдым. Ичинен кобур-собур үн чыккан өңдөнөт. Кашаанын четиндеги бадалдарга жашынып кирип, тыңшадым.

Көптөн кийин шуудурап, үчөө чыкты. Экөө жылаңбаш, кийинкисинин кызыл шапкесинин кыры күн нуруна жарк дей түштү. Жүрөгүм шуу дей түштү. Бөгүп калдым.

– Жанагың башкасын айткандыр? – Узунураагы кызыл шапкеге кайрылды .

– Жок точно, жолдош майор. Айылда башка эски мүрзө деген жок.

– Эмесе, күтөлү! – Үчүнчүсү баарынан чоңу окшойт, буйра сүйлөдү.

Менде жан жок, кечээгилердин «ишинин» шаани-маанисин эми түшүндүм. Баары бир «тигилерди» да, «буларды» да күтө турган болдум. Ким кимди алдаар экен, көрө жатаарбыз, деп ичимден кекендим, бир жагынан окуянын кандай бүтөөрү мага кызык сезилди.

Болжолу бир чай кайнамдай ордумдан жылбай отургандай болдум. Буттарым уюп калганынан сунуп, жалпак отуруп атсам, кашаанын чети менен бүкчүңдөгөн караандар жылып келип тушума туруп калышты. Мен дем албай алакандарым менен оозумду басып, кулак түрүп калдым.

– Экөөң эки кырдан байкап… «легавыйлар» көрүнсө, жөтөлүп койгула. – Алдыдагысы шыбырады. – Мен ичине кирейин, «малыш» ичинде болсо керек…

Мен жөнүндө сөз болуп жатканын баамдадым, аз жерден: «Мен мындамын», – деп ордумдан тура кала жаздап, жанагы үчөөнү эстей койдум…

Алдыдагысы кашаадан аттап түшүп, берки экөө эки жакка дүмүрөңдөп чуркап, бат эле караңгылыкта көздөн кайым болду. Арадан анча деле көп убакыт өткөн жок...

– Токто! Атып салам! – деген үндөр коргондун ичинен жаңырды. Ага болбой, далбалактаган бирөө бери чуркады. Тапанчанын «тарс!» эткени айлананы жаңыртып, ал дүңгүрөп, алыска кеткендей болду. Тигил кашаанын түбүнө көмкөрөсүнөн кулаары менен артынан үчөө жетип, баса калышты.

– Менмин… Аликмин … и, кокуй, колум! – деп бышылдап-күшүлдөп, анан кокуйлаганга өттү.

– О, энеңди… акмак! Бас! Кана «Малышың».

Үчөө беркини сүйрөгөн бойдон чоң жолго чыгышты. Ага чейин жана «тарс» дегенде эле дабырттаган аттардын доошу абага сиңип, жок болгон.

Далайда акыл-эсимди жыйнадым. Айлананы тыңшайм, жымжырт. Жыланчасынан сойлоп, бадалдардын арасынан чыктым. Кашааны аттагандан чочудум. Акырын байкасам, алдында иттер кирип-чыгып жүргөн тешик-коңул колума урунду. Каркайган денем кең-кесири эле батып, сойлоктоп коргондун ичине кирип, андан ары да бир топко сойлоп илгериледим. Томпойгон боз топурактар деле түгөнчүдөй эмес… Дөңсөөгө өйдөлөп жакындап калганда, башымды көтөрдүм, үстү урап, шоңшойгон калкалама жыгач эстелиги кыйшайып… астынан үңүрөйгөн чуңкур көрүндү. «Ушул болуу керек!?» Боорум топуракка бопурап, чөмөрдөн тытылган алакандарымдын ачышканына карабай, чыканактап сүрдүү үңүрөйгөн чуңкурга жетип, эңкейип башымды салдым, караңгылыкка көз үйүр алып калганына карабастан, анын түбүн болжоп да көрө албадым, бир топ терең го деп ойлодум. Бирок эми кайтууга болбой калган. Акырындап, бутумду салаңдатып, ылдый түшө баштадым. Жер кыртышын тырмактап, шыпырыла, таканчык күтөм, жок … сырт көрүнбөй баратканда, күп эттим, күү менен тизем бүгүлүп, өңгүл-дөңгүл, катыган топуракка отуруп калдым . Коңурсуган гүлүмчү жыт келе берип, кускумду келтирди. Окшуп барып, токтодум.

Сезимим мокоп, көздөрүм ачышып, эми оозум менен дем алып калганымды байкап, эсимди жыйдым. Төрт аяктап ары жылдым. Улам бир колум менен капталдарын сыйпалайм. Жумуру нерсенин капталы, анан тоголок узун… шалдыр-шулдурдан негедир селт эттим. Жүрөгүм алкымыма тыгыла түшкөндөй тумчуга, ошол жерге отура кал-

дым. Тез сыртка чыкпасам, бул жерде аба жетпей, тумчугуп өлө тургандаймын.

Сыйпалап жанагы жумуруну тартып көрсөм, деле оор!.. Эки колдодум. Салмагы сайдын ташындай! Дагы, кулагы бары жакшы болуптур. Шалдырактарды кошо бери шилеп сүйрөп, мискейди жанагы түшкөн жериме жеткирдим. Алдыма ураган сынык кирпичтерди төшөп, өлгөн-талганда… кырына чыгардым…

…Эртеси кечке баш көтөрбөй уктапмын. Түндө таңга жуук үйгө жетип, буту-колум тартылбай кулагамын.

Кечинде, үрүл-бүрүл болуп калганда ойгондум. Сергип калыпмын. Башым бир аз зыңылдаганы болбосо, көңүлүм ачык, ананчы! Бир мискей «кара торпок» жеке керт башыма – өмүр бою жетмек. Бирок антүүгө болбойт элс. Дароо башым кетмек .

Кечээки убакта баягы жерге бардым. Мени издеп жүрүшкөн экен, чабуулдашып. Эки чоочун неме эки жагымдан кысып келип, каруумдан мыкчый, кайра сыртка алып чыгышты. Үн чыгарууга чамам келбеди, антейин деп ойлобосом керек. Жолдо турган жеңил машийненин арткы олпогуна отурарым менен, башыма бирдемесин кийгизип… атырыла ордубуздан жылдык. Бир далайдан кийин, жерге түшүрүп, дагы бир топко жетелеп барып, башымдагыны алышты. Жарыктан көздөрүм ымыр-чымыр… теңселип турганда, жанымдагы олтургучка ныгыра олтургузушту.

– И, сүйлө, шкура!? – деди колдураган үн маңдайымдан. Ошондо гана көрдүм, дал бет меңдайымда кара көз айнек тагынган күрсүйгөн неме отурганын.

– Керээзиңден мурда, – деп киркиреди кежигемден, – кечээ бизди «козелдорго» канчага сатканыңды келжиреп көрчү?!

Эмнеге мында алып келишкенин эми түшүндүм. Жанатан: «Эми өлөт деген ушу экен?» – деп ичимде жарык дүйнө менен коштошуп келатканым деле ырас болчу, түндө-

гүлөрдү эстегенде, чыйрала түштүм. Анын үстүнө, азыр мага баары бир болуп турган.

– Мен күнөөлүү эмесмин! – дедим, эки колумду боорума алып. – Далилдеп берем!?

– Ой, шерменде? – деди күрсүйгөндүн жанына чуркап келип, чебелектеген сары неме мага чаңырып.

– Коё турчу, Алик?! – деди артымдан, азыр белги берилсе эле койдой мууздап жиберчүдөй кекиртегиме шамшар такап турган жанагы үн мени бошотуп.

– Мына – чыккынчы! – деп бакырып жибердим, сарыга сөөмөйүмдү кезеп. – Апийим менде катылуу. А, бу… – Анын үч «легавый» менен кандайча сүйлөшкөнүнөн бери, бардыгын түгөл айтып бердим. Мага жулунду. Тигилер ага жабылышты бөрүлөрдөй…

Чөнтөгүнө асылды эле, артында турганы, аны оор нерсе менен кежигеге ургандай болду. Оңкосунан сайылып, кыймылсыз сулады. Койнуна колун салып, бир жагынан тапанча, бир жагынан мизи чүпүрөккө оролгон бычак алып чыкты. Диртилдеп бир аз жатып, көзүн ачканда, күрсүйгөндүн эки жагында тургандар, аны сүйрөп келип, менин ордума отургузду.

– Муну эмне кыларды өзүңөр чечкиле? – деди кара көз айнекчен акырын.

– На расход!

Бул сөздөрдү ал жердегилердин ар бири кайталады. Акырында мени караштьи: «Сен эмне дейсиң?» дегендей. Муунум калтырап турса да айттым…

…Ошондон тартып, алардын торуна түштүм. Биринчи тапшырмаларынан кийин эле ишенимине кирипмин. Баарынан кичүү болгондуктан «Малыш» деген атка кондум. Көрдөн мискейди алып чыгып, аны аман сактаган «эрдигим» үчүн алар убада кылган тайымды алдым…

Андан кийин жыргал күндөрүм башталды. Баягы апийим сатылгандан соң, менин «долямды» беришти. Акчага бапырап эле жатып калдым. Алыска кетип жумалап, айлап, ал эмес кээде – жылдап да жоголуп жүрө беремин.

– Анан, андай «жыргалдан» кантип кутулдуң?

– Андай күндү башкаларга каалабас элем. Көзүм ачылбай жүрүп, бардыгынан ажырапмын… атам менен энемди көрбөй калдым. Артында калган бирөө болбогондон кийин деп, үй-жайыбызды бирөөлөр сатып жибериптир.

Булардын бардыгын кайда, кийин билдим…

Бир күнү… көзүм илинип кетиптир. Кезектеги «жүктү» Ташкенге жеткирип келип, бир «кенттин» үйүнө түнөп калгамын. Түшүмө атам менен энем кирет, экөө тең жалтыраган, сонун күрмө чепкендерин жамынып, бир кооз секиде отурушуптур…

«Бери кел?» дегенчелик, колун жаңсап, мени чакыргансыйт. Чуркасам да эч жетпейм аларга. Ызаланам. Анымды көрүп турган тигилер мага боору ооруп, аягансып, секичени жылдырып мени көздөй келатышат. Кубанам. Жакын келип, мен колумду сунаарда, алар мени кагып коюшат. Карасам, түрлөрү өтө капалуу, чаап жиберчүдөй атам таягын көтөрүп баратканда, энем аны акырын түртүп койду. Токтоп калды. Анан ары жактан бир ак сакалдуу карыя басып келди алардын жанына. Атам да, энем да орундарынан туруп жүгүнүп, баштарын ийип кыймылдабай калышты. Карыя алардан өтүп, мага жакын келип, сөөмөйүн кезеп: «Мына, ушул так өзү, сөөгүмдү чачкан… кармагыла! Качып кетпесин?» – деп бакырганда чочуп ордумдан ыргып турупмун. Үйдүн ичине жарык кирип калыптыр. Маңдайымда эки кызыл шапкечен турат. Бири келип, шак билектериме кишенин сала койду…

Ошону менен он беш жылга кете бердим…

– Эми, өттү- кетти… кейигенде не пайда. Көлдө апийим айдалбаганына көп жыл болбодубу. Андан көрө, эртеңки турмушуңду ойло? Таякеңди байкап, акмалап көр?.. Эмне дээр экен. Эгер тиги-бу… десе келе бер. Мен да бир энеден жалгызмын. А аталаш тууган… бар эле болсун… бир тууган бол маа?

– Ырахмат, бир боорум! Адамдар дале бар тура айылда…

# СЫР

...Бу дүйнө чексиз аалам, мелтиреген көпкөк асма
мезгил – адам; өмүр – өлүм... бардыгы купуя сырлар
толуп, анысын адамдардан жашырып, ээрчитип, кызы
тырып... өксүтүп, кубантып... өтө берет экен го?!

Өмүр деген чимирилген дөңгөлөк,

Өтөт - кетет... Жашооң канча?! Ким билет... дейбиз, ж
ратылышка, жазмыш-тагдыр дегенге көз каранды эке
дигибизди билип-билбейбиз. Бул да табышмак.

Аалам бетинде бир мончоктой жер, анда көрүнү
көрүнбөгөн сансыз тагдырлар... алардын кимге кызыгы бар

## ТУТКУН

...80-жылдар. Советтик аскерлер Ооганстанды басы
кирди. «Эл аралык-интернационалдык милдетибизди а
карабыз», – деди. Күч менен калыстык деген сөз айкал
шып да, айкалышпай да турду.

Ата Мекен, патриоттук, Ата Журтту коргоо... деге
сезим – доордун талабына – тарбиясына жараша, сове
тик жаштарда өтө күчтүү эле. Улуу Ата Мекендик согу
тан алган таасирлер, китептерде, кинолордо немисти
фашисттерди чөптөй чапкан, соймолондогон курттай т
белеп, дайыма жеңишке жетишкен аталарыбызды
көкүрөгүндө Баатырдын Алтын жылдыздары, бир неч
катар орден-медалдар шарактап...

...Аларды аскерге капысынан эле алгандай. Көчөдөн эле кармап кетишти. Кайда, эмнеге алып баратышканын айтышкан деле жок дааналап. Самтыраган кийимдери менен катарга тизип, бирден сурай баштады.

– Ким согушка барууну каалайт? – деди орусча, аскер кийимчен, катардагыларды байкап, акырына чыккандан кийин.

Үн чыккан жок. Балким, түшүнбөй калыштыбы, кайрадан тактады:

– Ким интернационалдык милдетин аткарам десе, катардан чыгып, тигил бөлмөгө кирүүгө уруксат? – Командир тургандарга сурангандай да, буйрук берип жаткандай да түр көрсөтүп, басыңкы үн менен унчукту.

Топурап, катардагылар тарап, үчөө калды .

– Силер эмне, түшүнбөй калдыңарбы ? Же согушка баргыңар келбейби?..

Бири-бирин карап мелтирешти.

– Булар орусча билбейт, жолдош командир, – деди анын жанында турганы. Жайы-кышы тоолордон түшпөй, топоз баккан немелер...

– Вот, скоты! Давай, их сюда! – деп, мыскылдай мыйыгынан жылмайып жана өзү көрсөткөн бөлмөнү карай шашыла басты.

Үчөөнүн кагаздарын карап чыкты .

– Бизге керек жоокерлер ушулар. Даярдагыла! – деп буйруду. Ошентип, Ооганстанга бул сапар, үчөө гана жарады. Алар, шашылыш даярдыктан өтүп жаткан жаш жоокерлердин катарына кошулду. Эртеден кечке согуштун ыкмаларына машыктырат. Орусча да үйрөнүп калышты...

Алты айдан кийин чектеген жерге жеткиришти. Ага чейин эч жак менен кабарлашпады. Үчөө аскердик ишке такшалып, эми башкаларга тыңсынганы менен үйлөрүн сагынып, ичтен сарысанаага батып, шапайып, жүдөгөнсүп жүргөн күндөрдө бирине кат келип калды.

Ал – Мукамбеттин агасы Мукамедийден экен. Сагынычтарын жазгандай болушту. Бирок бир нерсе таң калтырды, аны агасы буга чейин эч качан айткан эмес. Сырын эми түшүндү, демек, чет жерде, өзгөчө согуш жүрүп жаткан жерде кызмат өтөп келгендиги жөнүндө айтуу – күнөө тура. Агасы да бир кезде ушул жерде жүрүп кетиптир. Бир тааныш молдонун таржымалын жазыптыр, аскерлер жаңыдан басып киргендеги ачарчылыкта, аны үйбүлөсү менен багып, өлүмдөн алып калганын, айласы келсе аны издеп таап, дубай -салам айтып коюусун өтүнүптүр катында агасы.

Ошондон тарта Мукамбетте тыным болбоду, түнкүсүн түшүнөн, күндүзү оюнан кетпей. Кийинки жылдын жаз айлары келип калганда, алар такшалып калган жоокерлер катарында, шаарга патрулга чыга баштады. Кезек үчөөнө да келди.

Салгылаштан кийин талкаланган үйлөр, бардыгы бир жакка ооп кеткендей, көчөдө эшекчен, жөө самтырагандардын эркектери сакалчан, ургаачылары беттерин тумчулап алышкан, чоочулап, элендеп шашып жүрүшөт. Жоокер кийимчендерди чочулай да, жек көрө да тиктешет.

Үчөө бири-биринен алыс жылбай, эки жакты тикирее байкап баратышты. Шаарды, болжолу – ортолоп калганда бир укмуш имараттын алдына токтошту, аппак, бийик мунарасы бар, азиялыктар формасында – купол аны ого бетер көркүнө келтирип турат.

– Укмуш го!

– Качып кеткен шахтын сарайы го дейм, я?!

– Ичине кирип көрбөйлүбү? – деди Мукамбет, беркилерден озунгансып.

– «Эч жакка бурулбагыла, чакырса да кирбегиле, алданып башыңардан айрыласыңар...» дебеди беле? – деди алгачкы сөз баштаганы.

– Тобокел! Колубузда курал бар эмеспи. Кеттик!

Үчөө мышыктай жылып, автоматтарын алдыга сунуп, алар кызыккан аппак үйдүн босогосун атташты. Эч нерсе деле байкалбайт. Узун өтмөлүктөн сол жакка бурулушту, кенен залда, тегерете тапчандар, алардын үстүндө селдечендер чай ичкен өңдөнүп… эч нерсеге маани бербегендей, сүйлөшүп отурушкандай. Алардын биринин да сөзү угулбайт. Бурч-бурчтардан каалгып, көк түтүн чыккансыйт. Акырындап караңгылыкка көздөрү үйүр ала баштаганда, борсогой чаначтардын боорлорунан өйдө кеткен ийилчээк түтүкчөлөрдү ооздоруна салып, аны ырахаттана соруп отурушкан селдечендерди даана байкашты. Алгач күйүп аткан бөз жыттангансыды, анан бара-бара бүксүгөн көк нардын жыты оорлоп, акырындап мээлерине сиңгенсип, көңүлдөрү айнып кеткенсиди.

Мукамбет алдыга чыгып, төрдөгү уй-мүйүз тартып отурган аксакалчандардын маңдайына барды. Издегени баягы, агасы айткан молдо. Же атын билбесе, же өңүнөн тааныбаса кимден эмне деп сурамак?

– Недвигайса! – деди артынан бирөө акцент менен корулдап. Эңкейип тебейин деди, бирок кежигесинен өткөн тапанчанын оозу, эки бөйрөгүнөн бычактын учу өтүп… тынчытты. Эки каруудан мыкчыган карылуу колдор шап жабышып, ийниндеги куралын, белиндеги окчону менен бычагын көз ачып жумганча чечип алышты. Колуна кишен салып, айдап жөнөштү.

Айла-амалы түгөнүп, ызаланып, буулугуп баратты аргасыздан. Артын карагандан коркот. «Беркилер эмне болду экен? Жайлап салыштыбы. Анда мени эмнеге тирүү алып баратышат. Балким, далдараак жерден атышат. Жок, атпайт. Жарым жылдан бери Ооганстан жөнүндө алар эмнени гана угушпады?! Булар колго түшкөн советтик аскерлерди келекелеп, кыйнап… кулак-мурундарын кесип, көздөрүн оюп, денелерин жылаңачтап, көкүрөк-далысына жылдыздарды тилип жазышат… деген сөздөр жедеп мээсине сиңип калган. Буктурмаларда талкаланган тан-

каларды, күйгөн БТРлерди... жоокерлердин денелерин өзүлөрү деле нечен көргөн. Далай куралдаштары дайынсыз жоголуп кеткенде уурдап кетишти, колго түштү... – деп калышчу. Биз аларды «душмандар» десек, алар бизди «оккупанттар» же басып алуучулар деп аташчу экен. Эми менин да ажалым жеткен экен?!» деген ойлор аны кыйнап баратты.

Эки көзүн таңып салышкан. Кайда алып баратышканы белгисиз. Желкелеп келатып, бир кезде токтотту. Буттарын жыңайлактады. Бир аттаганда жумшак килем тамана урунду. Таза, жагымдуу жыттан денеси сергилең тарткансыды. Чыргыйттаган, кандайдыр куштардын үнү угулат. Артынан бирөө аны кежигелеп, төмөн ныгырганда тизелеп, башы ийилип, чекеси түктүү килемге жабыша түштү. «Башымды кескени алып келишкен экен! Курмандыкка чалып жатышкандары...» – деп, ичинен келме да келтирип, ыйманын да айта баштады күбүрөп. «Башым качан топтой тоголонор экен?!» – деген ойдон улам денебою калчылдап кирди.

– Ти, кто? – деген жоон үндөн селт этти. Ал – жети катар асмандан угулгандай дүңгүрөдү кулагынын ичинде. Капталынан катуу колдор силкилдеткенде көздөрү ачыла түштү, бир жагына кыңайып, кулап баратыптыр. Таңууну качан алышканы белгисиз, эми бөлмө ичи даана көрүндү.

Маңдайындагы бийик тактыда, ак жибектей созулган узун сакалдуу, көзү жүлжүйүңкү, ак жуумал – ак селде чалынган, ак чепкенчен адам отурат. Андан да бийигирээк үнү менен жанагы суроосун дагы кайталап, тикирее карады.

– Алхамдулилла мусулманмын! – деди ...ал үчүн аны башка бирөө айткандай, анысына анча деле таназар салбады. Жалгыз гана ой: «Азыр өлтүрөт!» Карыя жандангансыды, жүлжүгүй көздөрү ачыла түштү, жанындагыларга бир белги берди. Алар туткундун колдорун кишенден бошотуп, карыянын тике маңдайына алып келип отургузду.

– Ысмың ким? – деди тактыдагы, жанагыдан жумшак үн менен. Жеңилдене: «Жок дегенде өз тилимде сүйлөп, ыймандын үнүн угуп, жантаслим болот экемин...» деген ойго келди.

– Мухамед...– деди, басыңкы... азыр ыйлап жиберчүдөй, мурдун шор тартты.

– Я!?.. Пайгамбардын ысмын алып жүрүп... ыйык исламга...

– Кудайдын кулу, Мухамеддин үмөтүмүн... ата...

– Я, Алла!.. Дурус, дурус... Бу баланы өз жайына койгулачы, енди?..

Тигини тегеректеп турган жигиттер, карыяга таазим этип кетенчиктеп, бир бирден сыртка чыгышты. «Жалгыз өзү курмандыкка чала турган болду?!» деген ойго келди... Бирок абал негедир тез өзгөрүп, анын пайдасына ооп баратканын, жанында отурган андан жашыраак селдечендин, ага тигилген кандайдыр бир мээримдүү көз караштарынан улам баамдады. Ал туткунду көз карашы аркылуу өзүнө чакырып жаткансыды... өзүнөн өзү ага эмгектеп жыла берип, акыры тике маңдайына барганын да байкабады.

– Ысмың ким эле? – деди, акырын... колундагы теспелерин шарактатып...

– Мухамедали, – деди жалтактап, жер карап.

– Көздөрүмө тике карап, туурасын айт!? – өкүмүрөөк сүйлөдү, – калп айткан мусулман баласы оңолбойт, ал чоң күнөө...

Туткун мындай сөздөрдү атасынын оозунан көп жолу уккан, алар – ал үчүн жаңылык эмес эле. Бардыгын баштан-аяк жобурады. Эч нерсе калтырбады. Агасынын жазган каты: ...бул жактагы молдо досу, анын кандайча аларга туткунга түшкөнүн кулпуларын ачып, качып кеткенин, агасынын сөзү – аманат сөзү боюнча мында тобокелге салып, издеп келемин деп, минтип туткунга түшүп отурганынан бери айтты.

– Агаңдын ысмы ким? – деп сурады, жанатан аны угуп, көзүн жуумп, теспесин тартып отурган молдо.

– Мукамедий!

Молдо көпкө чейин унчукпады, жанагысынан жазбай, оозун бүлкүлдөтүп, ичинен окуп отура берди. Башын билинер-билинбес ийкеп коёт, кээде… бир кезде ысмын кайра сурап, дубасын ачыгыраак окуй баштады. Сырттан бир жигит ак чыныга таза суу алып келип, молдонун алдына койду. Ал окуган дубасын үч жолу чыныга үйлөп:

– Кана, ичип жибер? – деди, көздөрүн ачып-жуумп. Туткун эмне кылаарын дароо биле албай, жалтаңдап, ичинде: «…эми дубалап бирдеме кыла турган болду… деги, мүрт кетсем экен» – деп, тилеп жиберди. Кесени колуна аяр кармап, кылкылдатып жутту. Жанагы суу – айран болуп калыптыр.

Бир аздан кийин, денеси чыйрыккандан калчылдай баштады… анан тердеп, башынан ылдый чыпылдап, тер шорголоду… коңурсуган теринен өзү жийиркенди. Башы айлангансып барып… андан ары мемиреп уйкуга кеткенин өзү да сезген жок окшойт. Кыйшайып калганда башына жаздык жаздап, үстүнө чапан жаап коюшту…

…Туткун көзүн ачканда, түн кирип калган. Туруп, байкаса жан көрүнбөйт. Денеси сергип, көңүлү көтөрүлүп калыптыр. Ордунан турайын деп ойлогончо сырттан жанагы молдо кирди.

– Я, Алла!.. Ахвалыңыз кандай? – деди ал, жанына жакыныраак отуруп…

– Дурус-с… ата…

– Бу, сен – жөн бала эмес экенсиң. Ата-бабаңдан оошкон касиетиң бар тура… Жолуңду ачып койдум. Акка моюн сунбасаң – майып болуп каласың… Мындан ары менин карамагымда болосуң… Мен агаңдын жакшылыгын унута элекмин… Ал – азамат жигит болучу…

…Арадан жарым жылдан ашык убакыт өттү… Туткун жигит бардыгына көнүп калды, арабча жазганды, окуган-

ды үйрөндү, оору-сыркоону көрүп – тамырын кармап, төлгө салып… дартын, алдыдагы тагдырын айтканы… көбүнчө туура чыкканы устатын кубандырып жүрдү…

– Эми сенин жүзүң башка дүйнөгө да таандык…– деди бир күнү устаты, – аяр бол, таза бол, ар нерсеге калыс, ак ниет болгун. Бирөө сага жамандык кылса да сен ага кайра жакшылык кылгын… Бардыгыбыз Алла Тааланын колундабыз, ал – бардыгын туюп, иреттеп жасаган күнөөсүнө жараша жазалайт… Ыйманыңдан танба… бардыгы жазмыштан…

Кийинки жылы туткундарды алмаша турган болуптур деген кабар келди .

– Балким, биротоло каларсың? – деди устаты кетүүгө даярданып калганда.

– Жок! – деди туткун дароо.

– Анда кайыр кош, уулум! Минтериңди билгем…Билгендеримдин көбүн сага бердим… Биротоло калганыңда, балким, менден да өтөөр белең…

– Рахмат ата, сизге! Кудай алдында ыраазымын! – Шакирти эки колун бооруна алып, башын ийип, тизелеп жүгүнүп, устатынын алдында турду… мууну бошоп, көздөрүнөн жашы тегеренди… Ата-баладай жуурулуша түшкөн экен…

Күн көтөрүлүп калганда, туткундар эки тараптан келип, көпүрөнүн тушуна тизилишти, жанында башка өзүнө окшогондор жүрөт… баягы эки жолдошун издеди… бирин да таба албады… каңырыгы түтөдү… ичинен аларга дуба окуп, сыртынан бата жайды.

Элүүдөн ашык туткунду көпүрөнү көздөй тизип, алып жөнөштү. Туткун негедир, артынан бирөө карап тургансып кылчайды, устаты колун бооруна алып, алар тарапты карап турганын көрдү… башын ийкегенсиди…

Туткун жигит ыйлап баратканына маани бербеди, ичи уйгу-туйгу… кубанып да, сыздап да…

# КӨЗҮ АЧЫК

...Адам жүрбөгөн жер барбы... адам баспаган жол барбы: тагдыр кимди гана табыштырбайт... жашоо үчүн пендең эмнеге гана барбайт?! Алар күтүлбөгөн жерден жолугушту: нике кайып бириктирди, туткундан бошогон жигит табып, төлгөчү, адам тагдырын айта билген көзү ачык катары Нарынга барып, элди дарылап жүрүп, Гүлнарага жолугуп жүрбөйбү... Анын да «чымыны» бар экен: биргелешип, бир күнү никелери кыйылды.

– Тамагыңдын алдындагы чыбырчыктардын эмне сыры бар? – деп калды, бир күнү күйөөсү, көптөн бери сурай албай жүрүп, батынып ...

– Антип сурарыңды билгемин, – деди жаш колукту, – өзү сурасын, анан айтып берейин деген элем.

Экөө эртеден кечке чейин келген элди дарылап, эми бошогондо тамактанышты, даарат алып, шам намазын окушту. Жаңы кошулуп, али кызыгы тарай элек жаш келин жайбаракат отуруп, кечээки убадасы боюнча, тамагынын «сырын» – аны менен бирге тагдыр башатын аңгемелеп чубады...

Кыш түнү узак эмеспи...

...Жашымдан эле оорукчан болдум. Баккан ата-энемдин барбаган догдуру, көрсөтпөгөн табыбы деле калбады. Бир топ дарттын башын айтышты. Акырында: «Ак кан экен, мал болбойт, эми эки айча жашайт, сураганын аябагыла» – деп, догдурдан чыгарып салды. Кайдан айтышсын, кийин уктум. Үйгө алып келип, үстүмө үйрүлүп түшүп атышкан: бир күнү уктап кеттим, молдо келип тамырымды кармап: «Ой, коё тургулачы, бир тамыры соккonsуп атат!» – деди эле догдур: «Ушунча ичээр суусу бар экен, беш ай жашады, кантели...» – деп бышактагандарынан бери угуп жатамын, кыймылдоого, тил күрмөөгө дарманым жок.

...Тар жолдо кысылып бараттым. Артымда желкелеп бирөө айдап келаткансыйт. Ал жолдон өтө албай тыгылып калгандар... аларды аттап өтүп кете бердим... Жаман тамдар көрүндү. Алардан быжыраган адамдар баштарын чыгарып, онтоп, ыйлап турушат. Алардан да өттүк. Анан – чытырман токой башталды. «Эми адашат экемин» – деп ойлодум. Жок, андан бат эле чыгып, ээн талаага туш болдум. Алдымдан: мойну-башына оор чынжыр салынган, аппак көйнөкчөн аял чыкты. Илкип мени көздөй басты...

Артымдагы желкемден түртүп, эки жакты караткысы келбей, айдап бара берди... Дагы жаман тамдар... казандарга бирдемелерди кайнатып атышат. Бир жаш жигитти кыйнап, тегеректеп жүрүшөт... бакырганы адам чыдагыс... Андан ары улам кыйналып жаткандар кезиге берди, арылай бердик... Анан зоокага жалгыз аяк жол менен чыктым: алдынан бийик мунара көрүндү... Алды заңгыраган ак үй экен. Улам арылаган сайын өзүнөн өзү эшиктери кең ачыла берди. Ичи күзгүдөй мелтирейт. Сакалдуу карыялар, кемпирлер, жаш балдар жүрүшөт. Бардыгы аппак нерселерге оронуп алышкан. Унчугушпайт. Сегизинчи эшик жай ачылды; бийик тактыда ортодо узун ак сакалчан, бир топ жаштарга барып калган карыя, оң жагында – андан ылдыйраак, ал эми сол жагында – татынакай жаш жигит отурат .

Артымдагы мени кежигемден басты; эңкейип, тизелеп башымды ийип, жүгүндүм.

– Муну эмнеге алып келдиң?! – деп аксакал каардан-ды. – Али эрте турбайбы. Атын жаңылыш уккансың го... Кайра алып кеткин!

Каардуу үнүнөн чочуп, башымды көтөрө койдум. «Бери келчи?» дегендей туйдум. Жакындадым, тизелеген боюнча. Эки жагындагылардын көздөрү жумулуудай көрүндү.

– Колунду сунчу? – деди алиги ата. Оң колумду сунуп, алаканымды жайдым. Бирдеме салгандай болду, карасам топтомолок, аппак таш экен, жалтырайт.

– Сага кийин жолугамын, балам! – деди жанындагы карыя, көздөрүн чала-була ачып-жуумп.

– Кайра башка жол менен алып кетесиң! – деди, буйрук бергендей ортодогу аксакал артымдагыга.

...Ак кийимчен, кынжыйган бирөө алдыма түшүп, жол көрсөтүп баратты; жанагыдан тез басты, же сүйлөбөйт, же киши экени билинбейт. Күрпүлдөп шар аккан суудан кылтылдап атып араң өттүм. Ипичке көпүрөдөн түшөрүм менен таманыма жупжумшак шибер урунду; ал – ушунчалык жагымдуу таасир калтырды дейсиң, тим эле жаным жыргай түштү. Магдырап, дене-боюм балкыды... Артымда да, алдымда да – жанагылардын бири жок...

...Ошондо эс-мас эсиме келе баштагамын го. Кайда эмне болуп жатканымды да билбейм: жаныма бирөөлөр келгенсип – кыбыр-сыбыр... тааныдым, жанагы: – «жакында жолугабыз» деген экинчи ата экен:

– Эми кызым, акка моюн сундуңбу? – деди, үч кайталап, мен да анын айткандарын ээрчип, үч кайталадым... Заматта көздөн кайым болду...

Чочуп ойгонуп кеттим... ызы-чуу, өкүргөндөр, кошок кошкондор...

Эки жагымды карадым, эч ким жок, боз үйдө көшөгөлөнүп жаткансыйм, ак чүпүрөккө ороп коюшуптур, башым да... акырын туруп, соксоюп отурдум. Жыпжылаңач экемин... акырын көшөгөнү ачып келаткандар, бирдемелерди шалдыратып ыргытып жиберип, бакырып-өкүрүп, ары качышты... сыртта ызы-чуу басылып, жымжырт... «Бу эмнеси? Түшүмбү же өңүмбү?» дендароомун...

Сырттан бирөө кирди далайдан кийин, жаныма жүйүртө басып, билек тамырымды кармагандай...

– Эч нерсе эмес, бардыгы жакшы! – деп кобурады. Карасам айылдын молдосу экен күндө эле көрүп жүргөн.

– Мен кайдамын? Эл эмнеге өкүрүп атышат? Мен өлдүм беле? – дей берипмин, ар кайсы суроолорду берип.

– Жок, балам, бардыгы жакшы... сен катуу уктаган турбайсыңбы? Жанатан дарылап атпадымбы... Андан көрө,

айтчы, эмне түш көрүп аттың? – деди ал мени алаксытып аткансып.

Айылдын молдосуна жанагы көргөндөрүмдү бүт калтырбай, ирети менен толук айтып бердим.

– Кана, алаканыңды аччы? – деди, ырас эле оң алаканымды жуумп алыпмын, ачсам: алаканымда жана «түшүмдө» аксакал берген аппак, топтомолок таш… Жалтырап, көздүн жоосун алат…

Ошондон кийин таза айыгып кеттим. Эл көрө баштадым; мага келгендер айыгарын, айткандарым ката кетпей туура чыгарын билип калышканда, бир күнү айылдын четиндеги шыраалжындарды аралап баратып, дагы бир окуяга кабылдым.

…Таштуу жер эле. Ышкырган, шуулдаган дооштон чочуп отура калсам, тике бет маңдайымда типтигинен кара чаар жылан турат, тилин соймоңдотуп. Же үнүм чыкпай, же ордумдан кыймылдай албай катып эле калыпмын, эмне кыларыма акылым жетпей. Ал башын ары-бери кыймылдатып, койколоңдой берди, шуулдагансып, кышылдагансып… Ал жерде бир топко отуруп калгамын го, издешкен өңдөнөт.

– Мына, бу жерде жашынып отурган тура! Ай сага эмне болду?! Тур, ай! – деп, менден өйдөрөөктөгү секичеден эжем кыйкырганда, мени арбап турган жылан дароо жерге сулап, ийрелеңдеп сойлоп, таштардын коңулуна кирип, жок болду бир заматта. Ошондо бир бакырып алып: – Жылан! Жылан! – деп, үйдү көздөй буту-бутума тийбей бир чуркадым дейсиң…

– Деги, чаккан жокпу я?! – деп колу-буттарымды сыйпалап жүрүшөт. Эмне дээримди билбейм, муунум титирейт, тамагым буулат… Дароо жылуулап, төшөккө жаткырышты. Мойнумду сыйпаладым, колдоюп чымыраганынан чыбырчыктап калыптыр.

Кайрадан ооруп калдым. Табыптарга көрүнсөм: «Биздин күчүбүз жетпейт, Таласта Жуманаалы деген киши

бар: илгери жөө Мекеге барып ажы болуп келген киши. Азыр эки көзү тең көрбөй, киши кабыл албай калыптыр деп угуп атабыз. Ошонун гана алы жетет, барып көр» дешти.

Жан деген кыйын экен! Ансыз өлө тургамын. Жалгыз үмүтүм ошол кишиде калган. Бардым. Ырас эле эки көзү тең көрбөй калыптыр. Короосуна кирерим менен алдымдан бир байбиче тосуп: «Ии, айланайын кел, тартынбай кире бер, атаң кечээ эле кеп кылып отурган» – дебеспи. Ошондо ого бетер ишендим.

Ал киши ички бөлмөсүндө, алдына төшөктү калындатып салып, чалкасынан жаткан экен. Мен босогодон аттагандан кийин, ордунан козголуп, мандаш урунуп, оңдонуп отурду да, баш ийип жүгүнүп койгон өңдөндү. Түшүнбөй, өз ичимде уялгансыдым.

– Кел, балам? – деди акырын гана. – Жакын, жаныма отур. – Тамырымды кармап отуруп сүйлөй берди: – Касиетиң чоң экен… Тигил дүйнөгө дагы барып келипсиң… өмүрүң узун… көп пенденин сообуна каласың… жолуңдан адашпагының… касиетиң; алдагы мойнуңда турбайбы, аны чоочун көздөргө көрсөтпөй жүр, – деп бир топ айтып келип: – Эми, балам мен ооруп, деле киши кабыл албай калганыма көп болду, атайы ишенип келипсиң, чымының толуп кеткен турбайбы, мынча мени таап келбегенде, бекер зыян болуп калмак экенсиң?… Эми канча күн окуурумду билбейм, ага чейин мында болосуң, мени атымдан атаба, «ата» гана дейсиң, – деди.

Атамдыкында жүрдүм, а киши ордунан тура албайт, ордунан тамактанат, ордунан… бардыгы менин мойнумда, эч нерсесинен тартынбадым.

– Колумдан келгенин окудум, – деди бир күнү устатым, – эми жолуң ачылды, аны улап кетиш өзүңө байланыштуу… эми менин акыркы, бир гана милдетим калды… бая, жылан менен арбашканыңдын түймөсүн жандырайын; мен

аларды чакырамын, дал ушул жерге… күчүм жетээр бекен!?… Непадам, келип калышса, чочубагын. Алар сага зыян кылбайт.

Устатым ал күнү аябай даярданды; бир сыйра жуунуп, даарат алып, намаз окуду… куран китептерин жанына койдурду… башына селдесин оронуп, ак чепкенин кийди.

Дубасын көпкө окуду…

Акыры эшик кыңайып ачылып, алгач жоондугу кишинин белиндей болгон кара чаар жылан сойлоп кирди. Анча-мынча үрүл-бүрүлгө карабастан, үй ичи тунук нурга толуп кетти жалт-жулт эткен… артынан башкалары чубап сойлоп кире баштады… бардыгы устатымдын алдына катар тизилип, баштарын тикс көтөрүпийип туруштү. Мен чочуганымдан денем жыйрылып, атама кетенчиктеп жабышып баратыпмын. Капталымдан нукуганда, эсиме келип жана айткандарын эстедим, алгач кирген жоон жылан акырындап сойлоп келип тиземе башын коюп, эркелегенсип, өйдө сойлоп мойнума чыкты. Анын таштай муздагы бара-бара билинбей деле калды… мойнума оролуп, чыбырчыктаган тамагымды жалпайган башы менен бир сыйра сылап өттү да, кайрадан төмөндөп, белиме оролуп, акырындап жерге сойлоп түштү да, келген жагына жылып жөнөдү…

…Чыңылдаган саат жебеси оордунда турабы?! Түн ортосу эбак ооп калган өңдөнөт. Жаш жубайлардын уйкусу өтүшүп бараткандай.

– Кой, жатып эс алалы? – деди бир далай убакыт өткөн соң, унчугуп, – бул пендечилик не дедирбейт, не жедирбейт… Бакибиз кудайдын колундабыз го, иншалла…

…90-жылдардын башында (кыргыз өз алдынча болгондо) – эл арасын көзү ачыктар каптаганда, мен да тагдырымды сынатмакка барып жүрүп, жогорудагы окуяларды туткун жигиттин өз оозунан угуп, бир топ күндөргө чейин ар кандай терең ойлорго батып жүрдүм…

# СЕЛСАЯК

...Тагдырдын баш адаштырган кыйма-чийме жолдору акыры бизди кайрадан жолуктурду. Алиги эки көзү ачык-табып Көлгө келип, элди көрүп, дарылап, кээ бир талма, жин ооруларды айыктырып, дубалангандардын жолун ачып, бул тегеректердеги мазарларды калтырбай барып, ар жума сайын мал мууздатып, дубаларын окуп, көзүн ача албай жүргөндөрдүн «касиетин» таап – аларга устат болуп... жүрүп кеткендерине беш жылча болуп калыптыр. Кийинчерээк деле дайындары чыкпай калган. Күндөлүк көр турмушум менен алпурушуп жүрүп, алар таптакыр эсимден деле чыгып кетиптир.

Алардын, алар сыяктуу көптөгөн көзү ачыктардын нечен сырдуу окуяларын өз ооздорунан угуп таң калып, бирок бул жарык дүйнөдө – баары бир адам али билбеген сырлар бар экендигине ишенип, ынанып жүргөмүн. Ошондон улам кай жерде, кандайдыр бир көзү ачык чыгыптыр десе, дароо жетип барчумун, ал кайда жашаса да: алыс-жакынына карабай... Алардын айткандарынан, кийин менин тагдыр жолума туура чыгып калган учурлары да болду; андан бетер ага ишенип калгамын...

Базар күн болсо керек, турмуштун айынан, жан сактоо талабынан аргасыз базарда колунан келгенин, үйүндө болгонун сатып отургандарды кыдырып келатып, суусу булоолонгон жайнаган көчө ашканаларынын катарына да келип, ошондо тамактанууну ойлодум.

– Тамагыңыз бүгүнкүбү? – дедим, сыртынан сулуу-сымагынан келгени менен, аны очордой болгон турпаты бир аз бузуп турган, болжолу отуздардан өтүп калган келинге.

– А, сипсивежий! Ыпысык!.. – деп жиберди менсиз соодасы токтоп калчудай шашкалактап. – Кара койдун куйрук майынан жасалган...

Келиндин шагын сындырбайын дедим, бир табак палоо алдым. Узатасынан коюлган бийик үстөлдө катар тизилгендердин четинен орун алдым. Палоосунун ичке тилинген ак майлары, ырас эле койдун куйругунан көрүнөт. Тишке жумшак болгону менен баягыдай дароо жүрөккө тийме күчү байкалбайт…

– Тиги байкушка калтырып койчу? – деди жанымда отурган аял, маңдайында алдыдагы кесмесин жээр-жемексен болуп, улам бөтөлкөдөн стаканга куюп жутуп… тамак жүрөгүнө барбай, үшкүрүп коюп, эки жагын кайсалап караган кодо эркекке.

– Кимге?!… Балякет ичсин! Эмне, бооруң оорупп турабы я?!.

– Арагыңды эмес… тамагыңды айтам!.. Сообу тийсин балдарыңа.

– …И-и-и, мен да… Эй?!.. Беркел?!

Бирөө басып келгендей болду. Менин маңдайыма отургансыды.

– Ме! Ич мобуну?!. Ооз тийген да жокмун…

– Рахм-мат!.. дегендей болду муундап, созуп, басмырт үн менен. Негедир үнү тааныштай сезилип кетти. Палоону деле түгөтүп калгамын, бирөлөөр чочуй тургансып, акырын кирпиктеримди көтөрүп, көзүмдүн үстү менен кыйыгын салдым: бетин калың жүн баскан, жыланбаш бирөө астындагыны жулуңдап жеп аткансыйт… тааныштардай сезилип… башымды көтөрдүм, дал өзү!…

Жок… Ишенбей да кеттим. Балким, окшоштур?! Мындай болушу мүмкүн да эмес?! Алар – кудайдын жакшы көргөн пенделери эмес беле?!.

Ал мени байкаган да жок. «Унутуп деле калса керек?» – деген ойдо болдум. Кайра-кайра байкадым… дал өзү… Жок дегенде эле эки күн оозуна наар албагансып, жулуңдап табакты мизилдетип койду.

– Мухаммед? – дедим, ал ордунан турайын дегенде. Үлдүрөгөн көздөрү ачыла түшкөнсүдү. Тиктеп, шалдайып отуруп калды…

– Аке, мен… бардыгынан… айрылдым! – Башын мыкчып, эки далысы чыгып, бүкүрөйүп… Үңкүйүп, башы бошогон табакка тие жаздап калды. Кежигеси арыктыгынан чуңкурайып, ичкерип, көптөн бери суу көрбөгөнбү, кирден карарып баратыптыр. Эскилигинен, жедеп күнгө оңуп, бозоруп бараткан күрмөсүнөн жакасы кара магардан батташып жылтырап калыптыр…

– Жүрү, кеттик? – дедим, эч нерсе ойлобой эле.

– Кайда аке? – деди башын көтөрүп, эки көзү шоролонуп турат. Ичим аңтарылып кеткенсиди. – Ушинтип...

– Үйгө!.

Экөөбүз ээрчишип келе бердик. Базар аянтынан чыккандан кийин катар басты, тамтык жери жок жамаачыланган шым, бутунда – апкыты басылган, эски чокой…

Жолдо аны эч бир суракка да албадым, өйдөсүнүп да ооз ачпадым. Пендечилик кылбайын дедим. Бул дүйнөгө бардыгыбыз бирдей жаралабыз. Тагдырга жазылганын көрөсүң да!..

Көзү ачыктарды үйдөгүлөр да жакшы билишчү. Дароо таанышты. Ал али бала болсо да: «…Сиз», «Таксыр», «Ата»… – деп кайрылышчу аларга анда… аялын «Апа» дешчү; анын энесине, атасына жашташ болсо да, бечара кардарлар… Бардыгы кайрадан эске түштү. Бирок эмнеден улам мындай абалга келгенин сурай албай… кейип турдук. Мончого салып, чачын тегиздеп, сакал-мурутун алдык… эртеси гана калыбына келе баштады. Кийимдерин да алмаштырдык.

Бардыгын өзү башынан айтып берди…

Көл бетинде эл дарылап ыйыктар аталып жүргөндө эркек балалуу болушкан экен. Балээнин башаты ушул жерде көрүнөт… жалгыз калганда эркегин шайтан азгырыптыр; жолун ачтырганы келген бойдок ургаачы аны үйүнө киргизип алыптыр. Бала багып төркүнүндө жүргөн колуктусу бул кабарды угуп келип, дубалап окуганга кирет… Акыры, ажырашып тынат.

– Эми… колуктуң кайда жүрөт?

– Билбейм…Бишкектин «Моссоветинде» дейби?!… а, мен селсаякмын…

Бир айга жакын биздикинде жашап жүрдү. Эртеден кечке чейин отуруп алып куран окуйт. Өз баладай мамиле кылат, бирок баягы «касиеттүү таксыр» жок. Сүйлөгөнтурганы тескери. Акыры үйүнө – туугандарына кабарлашып, түштүккө кетчү унаага салып жибердим.

Кийин уксам, кайрадан жин оорусу кармап, бир колунун беш манжасын өзү балталап чаап салыптыр деп уктук.

Жаратылыш сырын бечара пенде чечмелеп биле албай жүрүп эле өтүп кете берет экенбиз го...

# БЕКЕЙДИН БЕШ МИҢИ

Бекемдин жүрбөгөн жери, аралабаган эли деле калган жок го: колхоздо, совхоздо, комхоздо… – уй, кой, жылкы… бакты, сугатта болду, көчө шыпырды. Убакыт аны менен кошо, кайран өмүр да өтүп баратыптыр… Асыйы алтымышты эбак оодарып, эми жетимишти кырдап калыптыр; баласынын баласы да балалуу болгону турат. «Эми; карыдым, арыдым», – деп мурут койгонуна болжолу экиүч жылдын жүзү болуп калды. «Желпилдебей, оор-басырык тартайын» – деп деле ойлоп кетет кээде. Бисмилласыз эч иш баштабайт, келмеси оозунан түшпөйт… күнү-түнү жаттап жүрүп, «кулкулдабатты» үч кайырганды үйрөнүп алды; жаманчылык болгон жерде, тим эле көзүн сүзүп, созолонуп, кыраатын келтирип, далайга созот… бир кемчилиги «тигинден» жутуп коюп деле окуй берет.

«Э, Беке, ушунуңду койсоңчу, – деген сакалдуу-көкүлдүүлөр деле болду, качан болбосун ичип алып окуйсуң! Маркумдун арбагынын убал-сообу деген бар, бул – чоң күнөө!.. Ичпе!.. же ичкенден кийин – окуба?!»

Андай сөздөргө Бекем, кулак салып да койбойт: «Ит үрө берет, кербен жүрө берет!» Анын жүргөн жери – күлкү… Болбогонду болтурат, «аксакты-тыңга, калптычынга заматта ооштурат», айткан окуяларына кандайча аралашып кеткениңди өзүң да байкабай каласың.

Айылдаштын алтымыш жылдык тоюнда чогуу болуп калдык. Бекем, деле бул айылдын сакалдуусу өңдөнүп төрдө созолонуп отурат; мурутун анда-санда

сылап, «... Тиги кайда? бул кайда?...» – деп сураган болот, кирип-чыккан келиндердин буту-башынан бери көзүн ымдагылап, аңтара тиктейт... анан, баягылар келди, шалдыр-шулдур этип... стакандар үч көтөрүлүп, үч бошогондон кийин; улуу-кичүү, кары-жаш... кажылдашып, араладашып эле калды... үй ичи бака-шака менен каткырыкка толду. «Кудайым, кыргызды тойдон айырбасын!» – деп айтууга туура келип калды. Бирок аны ойлогонго, айтканга – бири да жарачудай эмес. Анын үстүнө, ушул заманда... «Орозодо – көчкөн эрмек» дегендей; ...50,60,70... жылдык тойлорду берип: барбаландап, дардаландап, киного тартылып, гезитке жазылып... айла келсе мектепке, жок эле дегенде, өзү жашаган көчөгө атын койдуруп... мактоо угуп, белек чогултуп, чепкен жамынып, калпак кийген... «модага» айланып кетип баратпайбы?!...

Андай тойду Бекем да былтыр өткөргөн; кичүү кызы Сырга (нике кайыпка айла барбы!) борбордо окуп жүрүп, өзүнөн отуз беш жаш улуу экендигине да карабай, «өз ыктыяры менен» бир министрге бешинчи аял болуптур, (мурдагылары – улгайып кеткенби же «ары карап кетишкенби», белгисиз... айтпайт) мына, кыз болсо да тукум деп ушуну айт! Ошол күйөө баласы менен кызы келип, тойду башкарып, беш жылкы союп... анан: «... Бекболотов Бекей айыл аксакалы, карыялар Советинин мүчөсү, согуштун катышуучусу, моралдык жактан таза (өмүр бою, бир эле аялы менен жашап келатат), он баланын атасы... деген толгон «заслугаларын» тизмелеп келип, эң башкысы – «центральный» архивден – Бекемдин колунун манжаларынын тагы, айылдын мектебинин биринчи коюлган кирпичинин бетинен табылыптыр...» дегенде, эл дуу дей түшкөн; «...кудая тобо!... ошондон бери сакталып турганын, кара?! Кагаз бетинде калган из өлбөйт экен го...» – деп жакаларын кармашкан... Ошентип Бекемдин «тарыхый адам» экендиги таанылып, айылда «Бекболотов Бекей атындагы...» жаңы мектеп пайда болгон.

Анан, ким көтөрүлбөсүн? Ким сөөлөт күтпөсүн?.. Бирок Бекем – өтө эле жөнөкөй адам… өзгөчө ичип алганда, башкаларга сөз бербейт, баягы адатын баштайт, анан шайырдыгын сураба, улууга да, кичүүгө да теңтуш…

– Э, Беке, баягы… акча тууган эшегиң барбы?

– Ал – өткөн кышта боорунан суук өтүп «көз жумган», бирок бир тукум калды. Ошонусуна шүгүр деп турам.

– «Акча тууган?!»… Ээ, кудай? Ушундай да болобу?.. Бардыгы мостоюп, Бекейди караштьı; «аны өзү айтсын» дегендей. Бекем деле болбойт; көгала тартып бараткан мышык мурутун кайра-кайра жанып…

– Айт, эмнесин жашырасың? – деди ага теңтушураак аксакал киши, – же сен калп айтып жүрбөсөң. – Беркилер бышкырып жибере жаздап барып басылышты.

– Ие, болуптур. Айтса айтып берейин. Көбүңөр уксаңар керек.

– Уксак эмне экен?! Дагы уккубуз келет…

– Деги, буйруктуу буюм жоголбойт экен. – Бекей, узун сөздү баштачудай, ондонуп отурду. «Кел, ал…» дебестен, алдындагысын жутуп, суу ичкенсип, эч ачуурканбай, бир кесим картаны алып, былч-былч чайнады да, сөзгө кирди: – Анда сугатта жүргөн кезим; күндө таң заардан туруп, раматылык, «мишке» деген эшегимди арабага кошуп, талаага жөнөйм. Анткени күн чыга электе, жер сууну жакшы ичет. Аны сугатчылардын көбү эмгиче билбей жүрөт…

– Э, Беке ошол күнү, «мишкең» аркандалуу беле?

– Ой, сөзүн бузбасаңчы? Жаңылып, башка жакка кетип калат…

– Дайыма аргамжылап койчумун да, ошол күнү кудай уруп, унутуп… узун тизгинин ырдыбанга илген бойдон, кетменди көтөрүп кете берипмин. Ошо бойдон, бир топ жерди сугарып, күн куйкалай баштаганда, жарма ичкени кайра арабага келбейимби… Жармадан кериле бир жуттум: көзүм ачыла түштү, күрмөмдү арабадагы чөптүн үстүнө чечип ыргыттым… денем шалдырап, уйкум келе

түшкөнүнөн, арабанын алдына алтыкат  көпчүгүмдү сала коюп, жаткан бойдон уктап кетипмин…

…Тызылдап эле чуркап баратам… көйнөк-дамбалчан өңдөнөм… бир кара неме эле батинкемди тиштеп алып качып баратат. Анын артынан кууп бараткандаймын байкасам, жетпейм… анан акактайм – суусап… чөлгө келип калгандаймын. Астым, эшилген эле кум – ысыгы тамамымды куйкалап… үнүм чыкпайт, кыйкырсам… бир убакта тигил неме оңкосунан кетти, чуркап баратып эле, дароо баса жыгылдым… оозунан батинкемди жулуп алдым; оозу ушунчалык сасык экен, баччагардыкы!. Чыдабай кеттим, кокодон алып чөнтөгүмдөн макимди издеп жүрөм: «Деле ушуну жайлап салайын!» – деп… айкырыкты салып, бакырганда, колумду коё берип… ордумдан тура калам деп, башым катуу немеге «даңк» эткенде кайра куладым… Ошондо арабанын алдында жатканымды, жанагынын бардыгы түшүм экенин билип жүрбөйүмбү?!. Бет маңдайымда айкырыкты салып кара эшегим турат, асманды карап, эки алдыңкы колун созуп, куйругун серпип…

Ошондо эле бирдемеден шекшидим; бул бекер түш эмес, мунун бир сыры бар?! Бая… түндө үйдө санап отуруп, кызым тойго алып келген беш миң сомду жаман күрмөмдүн чөнтөгүнө салган боюнча, жатып алып, кайра эртең менен туруп алып талаага кете берген турбаймынбы!… Ордумдан тура – арабанын үстүн карадым; «мишке» чөптүн баарын мойсоптур, күрмөм жерде жатат, ички чөнтөктөрү аңтарылып…

– Э, кудай?! Беке, бая күнү күрмөмдү эшек чайнап туруптур дебедиң беле?! – Жанатан тигинин оозун тиктеп элейип отурган көсөө унчукту.

– Тек, мышайт этпечи?! Анын кандай айырмасы бар…

– …Кай жерине келдим эле? Угуп турбайсыңарбы, унчукпай, жаңылдырып…

– И, ички чөнтөгү аңтарылып, күрмөңүз жатат…

– И ооба, аны баса, мени көрө койгон эшек, күрмөмдүн жеңин чайнай баштады. Оозунан дароо жулуп алдым. Чөнтөктөрү бустой… чөптүн арасында жок, шакелдерин аңтарсам, арасынан он сомдуктун айрылган теңи чыгып атпайбы… Ой, жиним кашайды дейсиң… Бул жерде чо-то не чисто? дедим. Акчанын тең айрыгын карадым; ал шарт бөлүнбөптүр, күрөктөй тиштердин изи жүрөт… оозуна асылдым… койгуласам, дагы айкырды эле; оозунан жанагы он сомдуктун теңи ыргып жерге түштү…

– О-о, шумдугуң кур! Акча жеген эшекти биринчи угушум!?

– Ой, балким, чөп менен кошо жеп койгондур?!

– Балээниби?! – Бекей ордунан тура калчудай, жер чапчып алганда дасторкондогуларды жайнатып тартып коё жаздады… арак куюлуп турган эки-үч стакан «оңкосунан сайылып», ичиндегилери капталына жайыла берди… – Оңбогон «мишкенин» арамдыгын мурда эле байкагамын; кээде кийим-башымды жыттагылап кагаз урунса… жалмалап калчу. Ал менин уктаганымдан пайдаланыптыр да?!

– Баарын жептирби, анан!?

– Кайран акча!

Бекейдин көздөрү жангансып, башына баса кийген тебетейинин алдында жылтылдады:

– Бекең эле болсо, жедире койгондур!? Ичин жарсам да алмакмын! Бирок анткеним жок. Эшек да керек да. «Өгүздү да өлтүрбөйүн, арабаны да сындырбайын» деп, анын амалын издедим. Үйгө жеткенче ойлондум: акыры, анын да айласы табылды. Бастырманын алдына тыкыйтып аса байлап, эки күн жылдырбай челкилдетип, жалаң кудуктун таза суусунан бере бердим…. чөп дегенди эч жолотпостон… Эки күн күттүм; эч нерсе байкалбайт; ичи тарсайганынан эле тарсайып эле бaратат. Кемпиримди чакырайын деп, үйгө кире калдым эле: бир убакта айкырыкты салды дейсиң: экөөбүз тең атып чыктык. Бечара жерде томолонгон топ болуп жатат, көздөрү чанагынан

чыгып кетчүдөй аңтарылып. Ары-бери оонатып атып, эптеп бутуна тургузаарыбыз менен, дагы айкырыкты салды; чычаңын көтөрүп, тулкусун созо баштаганда, эми өлөт экен?! – деп ойлодум. Жок, ичи дагы көөп барып: «бырыр-шарт» дегенде, артынан эки күндөн бери дембе-дем берген кудуктун мөлтүр суусу атырыла берди… анысы менен кошо түтүк болуп бүктөлгөн:… 100, 50, 20,10 сомдуктар өз-өзүнчө «пуп-пуп!» деп атылып-атылып чыга баштабаспы…

– Ой Беке? Анан акчаң түгөл бекен?

– Эшегиме жалаң таза суу бергеним абзел болуптур! Жерге түшкөн акчаларым, зооттон жаңы чыккансып, жалтырайт тим эле. Ным тартып кана калганы болбосо, бардыгы жапжаңы, андагы сүрөттөрү сибетной… Акчалардын бетиндеги: Токтогулдун, Курманжан датканын, Тоголок Молдонун, Касымдын сүрөттөрү тим эле тирүүдөй – беттери тамылжып; жайлоодо жайлата байтал бээнин гүлкымызынан ичкенсип, кыпкызыл болуп, өңдөрүнө чыгып калыптыр… Жайдын күнү эмеспи, акчалар бат эле кургады. Күнгө какшып өңү өчүп кетет экен дегендей, аларды бастырманын астына – көлөкөгө кургаткамын да. Бирден иргеп, кайра-кайра санап чыктым; улам эле он сомго кемийт, экөө чапташып калдыбы, дейм… ушалап, он сомдуктарды кайра бөлүп чыктым, дагы эле он сомго кем.

– Он сомун самагон ичип алганыңды унутуп калдың да?! Эстечи?…

– Эй, айланайындар!? Унутуп калдыңарбы? – Бекейдин бул «жомогун» нечен жолу угуп, жедеп жат болуп калгандан улам, жанатан ага анча маани бербей, сыртка уламулам чыгып келип, четинен меймандарын узатып жүргөн үй ээси, кошунасынын жогорудагы суроосуна жаны күйүп кетип, сөзгө аралашты. – Бекем, ал он сомдуктун айрылган теңин эшегинин оозунан, теңин – шакелдин арасынан таппады беле?!. Ошонун бетинде калган тишинин изи менен; жанагыдай «операцияны» ишке ашырып атпайбы?!.

– Ой, эсине жара чыккырдыкы десе…

– Анысын таптакыр унутуп койгон турбайбызбы?..

– Ха-ха-ха…

…Капысынан жарылган күлкү үйдүн ичин үч көтөргөндөй болду… Жок дегенде, күлүп туралычы…? Кудайым кыргызды тойдон айырбасын!?

# ҮЧАЛАТ

– Э-э-эй, жаштар?!. Мен да кезегинде силердей жаш болгомун, шакардай нечен кайнагамын, келин-кыздарга асылып, гүлдөй жайнагамын… бирок алтымыштарга жакындаган сайын култулуңдап кубанып жүрөмүн, тезирээк эле пенсияга чыксам экен? Күндө барган иштен кутулуп, кеч жатып, кайра керилип кеч туруп, эч санаа жок: «Эй кемпир! Чайыңды алып кел?! Курсак ачты…– деп, олпокто чалкалап олтурсам, атаганат!» – деген ой-санаанын ырахатынан толук кутула электе эле… убакытың сени, ойлонсун деп күтүп турбайт экен, шуу-шуу этип, шамалдай сызып… бардыгы тең артта калыптыр… Арыдан-бери кагаздарымды даярдай салып, көптөн бери көздөрүн кызартып, менин ордумду аңдыгандардын сообуна бир калдым дейсиң?!…

…Бирок жаңылыпмын…

– Анча эмне муңкандыңыз, жарыктык?.. Ар кимге жаман-жакшы көрүнгөнчө...

– Во!.. Мен да так ошондой ойлогомун. Көрсө…

– Пенсияны 4–5 айлап бербей, убара тарттырганды айтып атасыз го? Же…

– Э, балдар пенсияга чыккандан, үчалат, кокуй-наалаты болбогондо, анысына деле, мунусуна деле карабайт элем.

– Үчалатыңызга түшүнбөдүм?

– Эмесе угуп тур, балам, кийин менчилеп, пенсияга чыгып калсаң, алардын пайдасы тийип калар…

Сыртынан караганда өз курагына окшобогон; сакал-муруттан буюрбаган (азыркы заманда ким эле койдуруп атыптыр!?), деле бетине бырыш түшпөй-молтолоңдоп, тиштери бүтүн, баскан-турганы, сүйлөгөнү тың «жаш» карыны шаардын жалпы мончосунан чыгып, бир кружкадан пиво иче калайын деп анын жанындагы – тик турма «бардан» жолуктуруп, кожурашып калганым...

– Кокуй-алаттар мен пенсияга чыкканымдын эртеси эле башталды... Кырк жыл бою тынбай, канатымды каккылап келген кызматымды өмүрүмдө биринчи жолу ойлобой, ак көрпө жайыл болуп жаткан жаным, түнкүсүн сонун түш көрүп, эртеси адаттагыдан кечирээк ойгонгон экемин; ордумдан керилип-чоюлуп, жайбаракат, шашпай туруп кийинип, короодогу мал-салга дагы карабай; эркиндикке жаңыдан чыккан ферманын кызыл корозундай болуп, курсагымды сылап, «канат-башымды тарап»... дегендей, кемселимди желбегей жамынып алып, бакта ары-бери бир топко басып жүрүп кайра үйгө кирсем, бардыгы тең эртең мененки чайын, мени күтпөстөн (эстебесе деле керек, менин бар-жок экенимди?!) эбак эле ичип; кемпирим – уй, койлорун айдап, талаага откоргону, неберелерим – мектебине, уулум жумушуна кетип, үйдө – декреттеги кичүү келиним эле калыптыр...

«Тамагын даярдагандан кийин, өзү келип чакырар?» деген ойдо, олпокко барып чалкалай тартып отурдум. Мына ырахат деген! Көр турмушту ойлоп, куру бекерге башымды оорутуп эмне кыламын? Эми башкалар ойлосун, пенсияга чыкканга чейин. Башкалары салпактасын, ар кимге жаман көрүнүп. Мен да бактылуу экемин, ушу күндү көргөн! А канчасы бармактайынан жанын-жанга, жамбашын-жерге уруп, элим үчүн! деп, өзүнө үй салбай, өзүнө жада калса – машине да албастан, өзүнүн ден соолугуна карабастан жүрүп, акыры... пенсияга да жетпей... өлүп тынды... Жок дегенде бир айлык пенсиясын алып, ичип... анан өлсө болбойбу, я?!.

Өзүм менен өзүм сүйлөшүп, бир далай отуруп калсам керек…

– Папа? – дегенинен: «И, чайга чакырып келген экен» – деп карай салсам, – на улицу чыга туруңузчу?! – деп атпайбы, үнүн өктөмүрөөк чыгарып, декреттеги келиним… Мен олтурган олпокту көздөй болбой эле келатат, чаңдатып шыпырып. Бир топко делдейип отуруп калсам керек, келинимдин буга чейин мындай резкий мамилесин көрбөгөн жаным. Бөлмө ичи бир заматта чаңдап кетти, сапырыктан.

– Ой, господи! Папа, выйдите-ка, быстренко!… Карыгандан кийин, абышкалар менен сүйлөшүп, эшикте болбойбу?!. – деп келиним быдылдап, деле бир топ сүйлөп баратканынан:

– Корошо! Корошо! Балам – деп эшикке шашкан бойдон, жылаңаяк, жылаңбаш чыгып кетипмин… мына, кызыкты сыртка чыкканда көрдүм. Жана эле чайыттай ачык күн, бир заматта алай-дүлөй болуп калыптыр; чагылган чарт-чурт этип, жамгыр шатырап, көнөктөп куюп кирди дейсиң… кудай бетин салбасын… бир заматта шөмтүрөй түштүм – сууга түшүп чыккан чычкандай болуп… кайра киргенче: өтмө катарымдан өтүп кетиптир, тишим-тишиме тийбей шакылдап, титиреп, баягы тоотпогон кезимдин бири да жок… түз эле жана куулуп чыккан бөлмөмө кирип бардым, энтигип:… келиним этегин эки жоон санына чейин түрүп алып ары карап, эңкейип… тактайды дүмпүлүңдөп жууп жүрөт… же башы көрүнбөйт…өзүнчө эле үч бурчтук ары-бери жылып жүрөт… Эшиктен кирген дабышымды укса керек:

– Чо-надо?! А ну, выходи!? – деп кыйкырганына карабай, ачуум келгенинен, түз эле шыпонерге барып, кургак кийимдеримди издегенге кириштим. Же анысы бир табылсачы, үйүлүп турган кийимдеримди ары сапырдым, бери сапырдым. Жок!? «Жер жутуп кеткенби?!» – деп ачуулап кобурансам да керек, берки оозунан таптым, далай-

дан кийин. Кийимдеримди чогуу чечип, толук алмаштырдым ошол жерден жылбастан.

Бир убакта, бул бөлмөдө жалгыз эместигимди эстеп, эки жакка көз кырымды салсам, келиним тактайда отурат, эки бутун жайып коюп, колундагы суу чүпүрөгүн мыкчыган бойдон, менден көздөрүн албай эле жалдырап калыптыр. Аны-мунусуна караймынбы, деле бардыгына тоюп кеттим, бир заматта. Эшикти көздөй жулунуп баратып:

– Старик, рехнулся!? – деген сөзүн уксам да, укмаксанга салып, келиниме кылчайып да койгон жокмун. Нервим бузулгандан, бети-башымдан бери ысып чыкты. Гөлөштү бутума илип, залда илинип турган баламдын эски күрмөсүн кийип… короого чыкканда жана кийимдин арасынан чыккан кол чатырды жазып, дарбазадан баш баксам, жанагы жаандан эми дайын жок – күн жаркырап тийип, чымчыктар чыргыйттап атат…

Бул дүйнөдө менин көңүлүмдү жубатар, жарпымды жазар, жалгыз гана кемпирим калгандай сезилип кетти. Ырас эле, бармактайыңдан баш кошуп, ысыгыңа – күйүп, суугуңа – тоңгон жан жолдошуңдан башка ким билмек, сенин сырыңды? Балдарың деле аман болсун. Ал да өз бала-чакасын карайт, ошолорго күйөт. «Колуктуң мага чай бербей койду!?» – деп айтайынчы, кимибизге болушаар экен! Албетте, катынына болушат. «Папа, ал – жаш баласынан бошобой атпайбы?… Сам не маленький… и не старый… анте берсеңер бөлүнүп, өзүмчө жашайм!» – деп коркутаары бышык болуп калды эми. Ай, ушу балдардын баарын орусча окутамын деп, өзүм гана бузуп алыпмын да. Же кыргызча таза сүйлөй албайт, же кыргызча сый-урматты, каада-салтты түшүнбөйт…Алган келинибиздин түрү тиги? Анысы менин баламдан өткөн «бум-бум» тура…

Ушулардын баарын калтырбай айтып, бир даттанайын деп, эми кемпиримди издеп шаардын четине шашып жөнөдүм. Ал дайыма малды бактын ичине айдап барып, оттоторун өзүнөн көп эле уккамын.

Деле бактын ичи кенен экен. Шибери белден буралат. Кай жеринде болду экен? – деп, кыдырып жүрөм. Жамгырдан кийинки чөптөн буттарым суу да болуп кетти окшойт. Аңгыча, бактын бир четине чыктым. Арыктын кырында кыркалекей тизилип отурган үчөөнү көзүм чалды. Шыпылдай басып, бат эле жеттим. Кызуу сөзгө киришиптир; жакын барып учурашкандан кийин гана мени байкашты.

– Ой, сага эмне болгон?! – деди кемпирим, мени баштан-аяк бир сыйра карап алгандан кийин. Берки эки аял да мени элейип тиктешет.

– Эч нерсе болгон жок?

– Анан эмне чатырды көтөрүп алгансың, күн тийип турса? – деди кайра. Ошондо эсиме келип жүрөм жана кол чатырды көтөргөн бойдон, жиним менен келе берген турбайымбы, ар кайсыны ойлоп, башымды катырып атып... Берки чоочун катындардан уялганым - ай! Дароо чатырды жыя коюп бүктөп, коомай кармап туруп калдым, кылмыш кылган жаш баладай болуп.

– Деги, тынччылыкпы ? Сүйлөсөң болбойбу, бай болгур?

– Айтып атпайымбы ! Эч нерсе болгон жо - ок...

– Пенсияга чыккандан кийин желпилдебей эле, тынч үйдө отура бербейби!? Деги, карыганча эле, мени кайтаргандан уялсаң боло!?

Эмне дээримди билбей, делдирен эле туруп калыпмын, каккан казыктай болуп. Өңгөдөн күтсөм да, мындай мамилени кемпиримден, бая бир тантык айткандай, «бир тууган» кемпиримден эч качан күткөн эмесмин!

Бардыгынан тең түңүлдүм! Кайсы күнү гана пенсияга чыктым экен?! Карачы, айланайын; пенсияга чыккандын биринчи эле күнү – үч кокуй-алатка жолугуп отурамын... Алдыда дагы канчасы күтүп турганын кайдан билесиң?...

Анан үйгө да дароо барганым жок, бакты аралап кечке чейин жүрдүм. Көп нерсени, ушул убакка чейин баамда-

ган эмес экемин. Алтымышка келсем да, балалыгым башымдан чоң, көргөнүмдөн көрө элегим көп экен да?! Бу эмне эле, азыркы абышкалар… 60…70…80… же андан өтүп баратса да, орундарын башкаларга бергиси келбей, шаймандары кетип, баскан-тургандары оорлоп, акыл-эси бөксөрүп… там- туң басып, сөөгүнөн эти качып турса да: «кой балдар, жаман көрүнбөй, кадыр-баркым менен эс алууга кете берейин…» дегендин ордуна, кайра аш-тойдон калбай, чоңдорго кошомат сүйлөп, «дүжүр чал» аталгандары бекеринен эмес экен го?! – деп калдым.

– Буга чейин эмне кызматта иштедиңиз эле, аксакал?

– Э, балам, мен иштебеген кызмат калбады го… Негизги кесибим – мал догдур; колхоз-совхоздордо деректир болуп жүрдүм, башкы ветврачтыкты көп аткардым, айыл чарба башкармалыгында кагаз жазып, башкалардын иштерин текшердим… деги, айта берсе, көп… кийинки кездерде – эт, колбаса жасаган комбинатта эшик тостум, ууруларды кармадым… кармап деле кыйратканым жок аларды… ошол жерден эле кайра коё берчүмүн, уурдагандарынын теңин алып… кармаганда – мага орден берет беле?!

– Байбичеңизди эркелетип, иштеткен эмессиз го? Ээ, аксакал?..

– Кантип, иштечү эмес?! Иштечү… иштегенде да жалаң чоң кызматтарда; исполком, райком… ушундай да… Кийин ал – менден мурда пенсияга чыгып алган… билесиң да, аялдар элүү жашында чыгат эмеспи, эгер беш баласы эле болсо… ээ-й, ал апаңдын кызыгы көп… эмнесин сурайсың; кезегинде: «Мен деген коммунистмин… ууру кылбайм, жебейм мамлекеттикин, ал – жалпы элдики» дечү, бирок мен уурдап келген колбасаларды балакеттей эле жечү… хи-хи!? Эми минтип баккан аялыма да баркым болбой калыптыр… анан, эл мени эми таанымак беле?!

– Кой, алып жибериңиз, аксакал, алдагы пивону? Кетели… орун бошотолу.

– Кетели… конмок белек анан... Бул жерде да орун бошотуу керек, туура!

– Кантебиз жаратылыш закону… бири келет, бири кетет. Жашоонун жолу ушундай турбайбы!… Эми, эмне кылсам деген ойго келдиңиз?

– Эми, болору болду, боёсу канды дегендей эле кеп. Билбестиктен пенсияга чыгып алып, ордумду алдырып жибердим. Кайра бербейт, алар өлсө да. Бирок таптым: ветерандар Советине кирем, же бир партия түзүп… күрөшөм!..

# ДУЛДУЛ

– Адамдан ыйман качканда – аалам тарып, тапканы талаага кетип; жыйганың жылас... болот, дечү эле ме бала кезде.

– Аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы, досум. Ата-ба баларыбыз эбак эле айтып салган; акыр заманы кели калдыбы деп чочуйм.

– Аныңа мен да жүз прасент кошулам. Баарын коюп Манасты айт дегендей, ааламды аңтарып эмне кылабы экөөбүз.

– Аның да ырас. Бирок муну менен эмнени айткың ке лип турат...

– Эмесе, угуп тур. Өткөндө мен Караколдун базарынд болдум.

– И, ошондон кеп салчы? Мал кандай экен?

– Э, мал-салдан мурда, түз эле машийне базарга барба дымбы.

– И, анан, алдыңбы?

– Балээниби, кымбат. Бырыйып-сырыйып, шалдыра тургандарын миңдеген доллар дейт уялбай. Түзүктөрү айтпай эле койдум, супсунум сууп келатсам; артымдан тол мочураак жигит жете келип: «Мерседес» аласызбы, арзан га, жапжаңы...» – дейт. Оозумду ачып эле калыпмын да лайга. Ишенген деле жокмун. «Уурдалган болуу керек анан менин кебетемди сыртымдан байкаган оңбогур нем го...» деген арам ойго кетип, эки жагымды карадым. А

да мени тууragансып, элеңдеп туруп анан: «... керек болсо, келиңиз, Саруу, Кенжебай-32, Мурзабаев Сатыбалды» деп шарт бурулуп басып кетти.

– Ой, анан, бардыңбы?!

– Жок. Чынын айтсам, жалгыз баргандан корктум.

– Эмесе, кеттик. Сен албасаң, ал машийнени мен аламын.

Досум экөөбүз ал айткан жигитти көп убараланбай, бат эле таптык.

– Киргиле, – деди эшик ачкан үй ээси; чынжырын азыр жулуп, асылчудай ээ-жаа бербей арсылдаган кара дөбөтүн күркөсүнө камагандан кийин. Биз кең короодогу сөөрүнүн көлөкөсүндө токтоп турган аппак «Мерседести» мурда көрүп жүргөнсүп, болжоп дароо тааныдык.

Сатыбалды унчукпастан барып машийненин капотун, төрт эшигин тең ачып салып; көргүлө дегендей ишарат кылды. Эми ичи укмуш: отургучтары оймо-сайма, авто радиосу сүйлөп, магнитофону: «Мен сени Көл ичинен издеп жүрөм...» – деп обон созо баштады. Айнектери карартылып толук чүмбөттөлүптүр. Сырткы дүйнө, ичинен ачыкдаана көрүнгөнү менен, ичинде эмне болуп жатканы тыштан караган кишиге өлүм жан көрүнбөйт экен. Мага баарыдын мурда ушунусу майдай жакты. Төрт дөңгөлөгүнүн быдыры кадимкидей. Эшиктерин ачып-жаап көрдүм: кыйчылдамак түгүл, кынтык жок жыпылдайт.

– Берер жериңди айт? – деп маселени дароо кабыргасынан койдум.

– Элүүгө беремин.

– Эмне-е?! – Уккан кулагыма ишенбей, кайра оозумду эптеп келатканда.

– «Былжыраба, беш миң!!!» – деген үн тээ чексиз ааламдан угулгансып дүңгүрөп, акыры күңгүрөнүп барып, кежигебизге келип басылгандай болду. Кылчайганга шайманым келмек түгүл, муун-жүүнүм бошоп, жалдырап далайга отурсам керек... бир кезде эс-мас эсиме келгемин

го. Жанымдагы бышактап ыйлап аткансыйт. Чочуп кетип, капысынан артымды карадым. Эч ким жок. Тигил үңкүйүп калыптыр.

– Ой, бу эмне?!

– Укпадыңбы… – Чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып чыгып, көздөрүн сүрткөндөн кийин, чимкиринди. – Дайыма ушу; же мен мындан кутулбадым, же менден бул кутулбады. Беш жылдан бери кармашып келатабыз… эми өлөөрүмө жакындап калдым окшойт… Өзүмдөн башка эч кимди күнөөлөбөйм…

– Бу, кандай сыр? – Мен эч нерсеге түшүнбөй, анын оозун карадым.

– Бишкектин базарынан беш гана миңге алгамын. Ошондо азапты кошо сатып алыпмын. Машиненин сырын уккандар, бекер берем десең да келишпейт, а сен али билбейт экенсиң…

Ошондо, жана мен ээрчитип келген досум эсиме түшүп, короону карадым. Анын өзү тургай караанын көрүнбөйт. Эбак изин жашырыптыр. Андан бетер кооптоно баштадым.

– Дагы жаңылдым. Ач көздүк түбүмө жете турган болду. Беш миң десем ал да унчукмак эмес, сен да кудай деп алмаксың. Же… Качат белең?

– Ой жок… алам! Бирок…

– Анда угуп тур. Бардыгын башынан айтып берейин. Мындан туура беш жыл мурда жаныма элүү миңди салып, Бишкектин базарына баргамын. Оюмда жаңы машине алып келип, кымбаттатып сатып, жок дегенде 10–20 миңден кем эмес пайда тапмакмын. Түш оогончо жүрдүм, арзаны чыкпады. Базар тараганда бир машийне калды. Жанында сакалчан адам туруптур. Орто жаштарда. Ак селдечен. Жакасы саймаланган чепкендин белине ак кур курчанып, бутуна гөлөш-маасы кийип алыптыр.

– Сатасыңбы? – дедим анча маани бербей.

– Сатамын, – деди, мени баштан аягыма чейин сырдуу тиктеп.

– Канчага?

– Канчага кааласаң – ошончого…

Дендароо боло түшүп барып, шылдыңдагандай сезилип кетип, ачууланып баратсам керек, анымды байкай койгонсуп, далымдан таптады:

– Болуптур, беш миңге ал, мага акчанын саны эмес, берекеси керек, анан бир гана өтүнүчүм – ак жолдон адашпай таза жүргүн, анда дөөтүңдүн түгөнбөс убайын көрөсүң, а эгер …

Ак селдечендин калган сөздөрүнө маани деле бербегендиктен, кулагыма кирбептир. Өз-өзүнчө бөлүп койгон миңдиктердин бешөөнү анын колуна карматканымды, сол чөнтөгүнөн сууруп чыккан техпаспорттун ичин бир ачып да карабастан, аны жан чөнтөгүмө солой, машийнени жин ургандай айдап жөнөгөнүмдү гана бир билемин.

Эч жакка бурулбастан, түз эле Көлгө жол тарттым. Эл орунга отуруп калганда өз короомо кирдим. Бала-бакырамдын кубанганын айтпа. Аппак жаңы машине өңүм тургай түшүмө да кирген эмес. Ичимден кымылдап жүрөм: «кудай берет деген ушу, калган 45 миңге эмне деген оокат, эмне деген дүнүйө келет-ов! Эскинин жаңысынан дагы бир машийне алып, кайра бир-эки эсе кымбаттатып… эки-үч эсе айлантып алсам…. анан дагы, дагы 100 миң… 200 миң… Анан млн… анан-бийлик… анан…» башым айланып кеткенсиди.

Машийнени бир айдан ашык «жуудук». Күндө майрам, күндө той. Ичкиликтен көзүм ачылбайт. Акыры эл сээлдеп калды. Киреше-чыгашаларды санадык. Тууган-туушкан менен дос-тамырдан кошумча деп атып, 20 миңдей киреше кирип, беш миңдей зыян тартыппыз. 45ке дагы он беш миң сом кошулуптур. Эми «оборот» жасасам болот экен, деп отуруп, машийненин техпаспорту эсиме түштү кокусунан. Аны ачып карасам машийненин ээси деген жерде «Мурзабаев Сатыбалды Байкабасович» деп бакыйып жазылып турат. Таң калдым. Качан оформление бол-

ду эле? Эстей албай койдум. А балким, ичкиликтен көзүм ачылбай жүргөндө, байкабай калсам керек?! – деп тим болдум.

Ал күндөр да артта калды. Кийин Бишкекке барып, машинемди кымбатка сатып жиберейин дедим, бирок негедир колум барбады. Жаш кезимди жаңы машине минип, жыргап өткөрөйүн дедим. Ошондон кийин айнектерин сыртынан адам көрбөгөндөй чүмбөттөтүп боёттум. Ургаачылар менен чардаганга өттүм. Бала-бакыра такыр эстен чыкты. Мага күн менен түндүн, жаштык менен мастыктын айырмасы болбой калды. Ичкеним – арак, жүргөнүм – аял, чачканым – акча…

Акыры…ар нерсенин башталышы менен аяктап ташталышы болот тура. Ал күн да келди. Акыры «сыр» көрө баштадым. Машийне айдап баратканда желкемден ар кандай үндөр чыгат. Кийинки кездерде, ичкилик ичип алганда машийнем такыр ордунан жылбай калчу болду. Анан муну сынайын деп, таптакыр оозуна ичкилик албаган иниме айдаттым. Чоң жолдо катуу баратканбыз, бир кезде төрт эшиги тең шарт ачылып, арткы орундуктардан ачуу айкырык чыкканда экөөбүз тең эсибизден танып, аз жерден өлүп кала жаздадык.

– Анча неге куурадың, үч «А»лардын баарын ташта, автомашинаңды айдабай кой… анан жаның тынат да?

– Ошентсе кана, анда жыргабайт белем. Жакындан бери менде уйку деген болбой калды. Күн менен түндүн кайсы убагы экендигине карабай, белгисиз бир күч мени дегдеңдетип барып, желкелеп машийнеге олтургузат да, каалаган жагына жин ургандай айдатып жөнөйт. Кайда барганымды, кайдан келгенимди өзүм да билбей калчу болдум. Кээде ээн жерге барып токтоп калам. Жаныма татынакай кыз-келиндер пайда болот. Биринен бири өткөн сулуулар. Бири аппак идиштерге куюлган арак сунат – шыпкап ичем, бири миң-минден бөлүп таңгакталган кытыраган жаңы акча сунат – жаналым калбай санап түгөтө да албайм, бири

коюуланган көздөрүн сүзүп, чечинет да шарактап күлө баштаганда, бейишке чыккансып дене-боюм балкып... магдырап барып көшүлөм, анан ач айкырыктан умачтай көздөрүм ачыла түшкөндө, карасам... ой, көзүң жамандыкты көрбөсүн! – бири жыбыраган курттар салынган идишти, бири – ачакей уу тилдерин соймондоткон кара чаар жыландарды сунуп келаткан, анда-санда калган тиштерин арсаңдаткан кемпирлер жез тырмактарын жалаңдатып мени тегеректеп каткырып отурушат...

Ал ушуларды айта баштаганда капысынан айкырып ордунан тура качты:

– Ал машийнени! Бир тыйын да албайм. Бекер ал! Азыр айдап кет!

Шаштым кетти. Машийнеден чыга качтым. Эшикке жүткүндүм. Же буттарым эле жылсачы. Демим кыстыгып, көңүлүм айнып баратты. Эптеп дарбазасынын туткасына колум илингенде, кылчайып карасам тигинин эки көзү укмуштуудай чалырайып, колунун манжалары арбайып-тарбайып, тиштери арсайып... карышкырча улуп... кээде төрт аяктай калып... мени көздөй келаткан экен.

Көчөгө чыккандан кийин чоң жолдун ортосуна түшүп алып, бутум -бутума тийбей безеленип качып бердим. Кайда, эмнеге качып бараткнымды да билбейм.

Бир кезде эсиме келсем, көчөнүн башына чыгып калыптырмын. Жаңыдан кыйылган талдын сөңгөгүнө барып отурдум. Демиккеним басылганча ордумдан жылбадым.

«А, балким...». «Пендебиз да?..» – деп коём дагы...

# ТАЯКЕ-ЖЭЭНДИН ТАМАШАЛАРЫНАН

## КАШАР (сарай)

Турмушта нелер гана болбойт. Өткөн кылымдын 80-жылдары Көлдүн Тоң аймагынын борбору – Бөкөнбаев (мурдагы Күн-Чыгыш) деген айылда (кыштактабы) бири райондук колхоздор аралык курулуш уюмун (МСО) жетектеген (председатели) Мырзамамбетов Турсун, бири ошол борбордо жайгашкан эң ири чарба В.И. Ленин атындагы колхоздун башкармасы Тойчубеков Ишен деген таяке-жээндер бар эле.

Таякеси Турсун кекечтенип, такалып сүйлөй турган. Ачуусу келгенде, жинденгенде эмне деп айтканын даана-лап түшүнүү кыйын эле. Бирок какшыктап сүйлөгөндө, жок жерден сөз тапканга өтө устат болчу. Ал эми жээни Ишен кыябын таап сүйлөгөн жагынан андан ашып эле түшпөсө, кем калчу эмес.

Экөө жолуга калганда, кудай бетин салбасын, бири-биринен өтүп, катуу тамашалашчу.

Бир жолу башкарма таякесине кайрылып калат. (Ал кезде аймактагы бардык чарбалык курулуштар МСОлор аркылуу гана пландуу бүткөрүлө турган) Колхоздун Ортоңку сырт деп аталган тоо арасындагы жайыттарына мал сарай, же азыркыча айтканда кашар салуу керек. Андай короо-сарайлар комплекс деп аталчу. Мында малчыга же

чабанга жашап, коомдук малды чыгашасыз, же кирешелүү кылып багууга бардык шарттарды түзүп берүү керек. Малчынын үй-бүлөсү жашаганга төрт бөлмөлүү жылуу там, жуунуп- тазаланып турганга чакан мончо, тамак-аш даярдаганга өзүнчө ашкана, азык-түлүк сактаганга алдыңкы погреби менен өзүнчө бөлмө, ал эми малга өзүнчө короо-сарай, жем-чөп, силос сакталуучу кең-кесири курулуштар бири-биринен айырмаланбаган чиймелерге жараша аткарылат.

Жогору жактан көрсөтмө болгондон кийин аргасыздан макул болгон таякеси башкарма жээни экөө кашар салына турган жердин чоо-жайын билип келүү үчүн экөө бир машийнеге түшүп, таң атпай жолго чыгышат. Арадан үч-төрт саатча жол жүрүшөт. Дале жетишпейт. Капчыгай ичи менен улам тоо аралап өйдөлөгөн сайын жол кыйындайт. Буга чейин деле мындай жолдун миңдеген чакырымын басып өтүшсө да, бу сапар өңгүл-дөңгүлдөн эки жетекчи аябай чарчашат. Салаңдаган курсактары ары-бери тынымсыз чайпалуудан челкилдеп, өпкө-боорлору эзилип калгандай, дене бою шалдырайт.

– Жок, деле макул эмесмин! – деп кежелип ушу жерден баш чайкайт таякеси. Деле жердин түбү турбайбы. Жолдун кейпи бул болсо, салгандан мурда курулуш материалдарын кандай азап-тозок менен жеткирүү керек.

– Мал багууга өтө ылайыктуу болуп атпайбы, таяке. Жайыты жанында, жайы-кышы дебей жата беришет. Кышкысын кар жаабайт. Күнгөй беттерди пайдаланышат. Жем-чөбүн жеткирип берсек, жылуу короо-сарайда кой төлдөтүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлөт.

– Жок, болбойт.

– Жол ачканга керектүү техникаларды мен берейин, таяке. Дегеле унаа жагынан милдетин мойнума алайын. Макул эле деп койсоңуз.

– Ушундай алыс, бийик жерде суукта иштеген курулушчулардын убалы кимге?!

Тоонун аба ырайы өзгөчө жайдын күнү жаш баланын мүнөзүндөй деп коюшат эмеспи. Таяке-жээн акыры барчу жерине жетип алышкандан кийин; ары тартышып, бери тартышып турганда заматта кайдан-жайдан жарты үзүктөй кара булут пайда боло калгандан кийин, арадан анча деле көп убакыт өтпөй эле дароо шатыратып жамгыр куюп жибербеспи.

Аргасыздан машийнеге кире качып, жол ылайлана электе деп шашыла кайра төмөн сызышты.

Али из салына элек көк шиберлүү жолдо жеңил машинага эми төмөн тездеп түшүү улам ылдыйлаган сайын кыйындап баратты. Сууланган көк чөп үстүндө дөңгөлөктөр бир кезде алдыга да, артка да жылбай бир орунда чимирилип туруп калды.

– Мындан ары барууга болбойт, – деди айдоочу, башынан шапкесин ала коюп, аны менен чекесинен, жаагынан шорголоғон терин сүртүп.

Арга жок таяке-жээн ээрчише жерге түшүп, катарлаша тоо жолунун жана өйдө чыгып келатканда салган нугуна сала басышты. Жанатан чакалардан куйгандай төгүп кирген жаан бир далайдан кийин барып басылды.

Экөө баягы адаттагы бири-бирин «тырмаган» тажабаган алым-сабак тамашага өтүштү.

– Э, таяке – дейт жээни сөз баштап, – бул сенин өңүң бузулгандан-бузулуп, кубаргандан-кубарып эле баратат да…

– Ти-ти-тийиш-пей, жөн бассаңчы, – дейт анда таякеси өтмө катарынан өтүп бараткан жаандан дене-бою ичиркенгенденби, адатынча кекечтенип. – Бороонду күнү эмне кычайт деген сен болуп турасың.

Жаан акыры басылганы менен, экөөнүн тең азыркы сырткы абалы көргөндүн аргасыздан күлкүсүн келтирчүдөй. Жеңил кийинген немелер бир топ эле шөмтүрөп калышыптыр. Таякесинин кийгени жука шым. Бутунда үстү быдырата тешилген жайкы саратандагы туфли.

Караңгы кирип, көз байланып калган. Алар жөө-жалаңдап бир топ эле басышкандай болду. Аңгыча, алдыдан

жылтырап, аккан суу байкалды. Анын шылдыраган добушу эбак эле угулган.

– Чеберде, таяке?! Же, жылаңайлактанып алсаңчы? Сууга түшүп калбайын десең, артка кетенчиктеп күүлөнүп келип аттасаң жөн эле өтөсүң.

– Кетенчиктеп келип чуркагандай мен сенин колхозуңдун кочкору эмесмин. Андан көрө аттабай-саттабай эле түз эле кечип өтөм. Азыр менин аяна турган эчтемем деле калган жок, – деп, баскан сайын былч-былч деп келаткан үстү тешик бут кийимин ого бетерден ныгыра-ныгыра басып жымыйып койду.

– Өз эркиң өзүңдө, таяке. Анын үстүнө алдыгы, калбырдын таманындай болгон танкеткаңа суу деле токтой турган түрү жок. Кечип өтөм дегениң бүгүнкүнүн эң туура чечими.

Таякеси аккан сууну кечип баштап киргенде эле кылтылдаган самын ташты басып алдыбы, айтор, оңкобаш атып барып, кайра төрт аяктап, оңдонуп кайра тура каламын деп, көмкөрөсүнөн арыкка чөмүлдү.

Анын кыймыл-аракетин майда-баратынан бери байкап турган жээни ичинен былкылдап, таякесине тап билгизбей жыргап күлүп: «Ап баракелде, ырас гана болду. Кашар салбайм деген кандай болот экен?! Мени да кудайым бекер жаратпаса керек» – деп анын кулагына бирөө шыбырап жаткандай, таякесин кол учунан жөлөп-таямыш болду.

Бул кандайдыр бир ичи тардыктан, же өч алуунун күлкүсү эмес, тескерисинче эртең тамаша жагынан бала кезинен берки тымызын атаандашын сөзгө жыгуунун бир көрүнүш далили болооруна кубангандыктын күлкүсү болчу.

– Таяке, бул эмнеңиз, сууга киргенде эле алды-артыңды карабастан барып баса жыгылдың? Анча баалуу эмнени көрө калдың караңгыда суу алдынан? Же бул жерде аңырдын жумурткасы бар бекен?

Таякеси туттугуп унчуккан жок. Сөз менен жанатан ойбоорунча кажып келаткан тапан жээнин акырая бир карап койду.

– Эй, таяке бери карачы, кийген кийимдериң денеңе жабышып чыпыйып, сыртынан бир караганга сахнада бийлеген кадимки бийчи балерин болуп калыпсың…

…Ошентип эки башкарма жолдо колхоздун бир малчысыныкына кабылып, андан ысык чай ичип, курганып алышып, түнү менен үйлөрүнө жетишиптир бирден ат минишип. Бирок канчалык тамашалашканы менен жеке керт башы үчүн эмес, жалпы эл үчүн камкордук көргөн экөө түнү менен үйлөрүнө жеткенче өздөрүнчө кеңешип бир бүтүмгө келишет.

Таякеси айтат: «Менин сууга чөмүлгөнүмдү эч кимге оозуңдан чыгара көрбө…» – деп. – «Болуптур, – дейт анда башкарма жээни, – ал үчүн бир гана шарт – биз барып көргөзгөн жерге короо-сарай салып бер…» – дейт.

Таякеси жээнинин шартына дароо эле ойлонуп отурбастан макул болот. Ал жерге бир эмес, бир нече кашар салынат. Электр зымы тартылат.

Жээни да убадасында туруп, ал түнкү окуя жөнүндө эч кимге оозунан чыгарбай жүрүп, арадан ондон ашык жыл өткөрүп, СССР деген улуу держава түбүнөн чирип урап, колхоз-совхоз дегендердин тымтыракайы чыккандан кийин; элдикин өз менчигиндей жеп-ичкендер «баатырлардай» макталып, жогорудагыдай элим-жерим дегендер жок шылтоо, жалаа менен ак жеринен соттолуп, көп жылдарга түрмөгө камалып атканда; «күнөөсүз күнөөсүн» өтөп келатканда, жолоочу катары кокусунан жолугуп келатканда, көп тамашаларынан айтып берген эле.

## ЧЫНЖЫР

Экөө тең ири жамааттардын жетекчилери болгондон кийин дайыма эл аралап, элдин түйшүгүн тартып жүргөндө таяке-жээндер ар кандай жыйындарда, малчылардын, же саанчылардын майрамдык тойлорунда көп жолуга калышчу.

Дагы бир жолу жайдын толуп турган кезинде алыскы Сыртта райондун жалпы малчыларынын адаттагы тою өтүп, эртеси кайра Көлгө кайтып келатканда, азилдеш тая-ке-жээн да башкарманын ой-тоону тандабаган «Вилусуна» чогуу түшүп бирге сапар алышты.

Башкарма жээн кадимкисиндей алдыңкы орунда чалкалап отурат. Жылаң баш. Жаңыдан ак түшүп, буурул тартып бараткан коюу чачын артына тарап алган. Мелтиреп ойлуу, алдынан көз албай тиктейт. Бала кезинен бир көзү ойноктоп, бирде экөө эки жакты карап, чалырайып; мелтиреп карап калганын көргөн тели-теңтуштары аны «сокур» деп да оюн-чындан ат коюп алышкан.

Бу сапар анын артында отуруп жол жүрүп келаткан таякеси кептин онтоюн издегенсип, улам алдыңкы күзгүдөн жээнин карап коёт. Өткөндө кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болгону эсинен жатса-турса да кетпейт. Бу сапар кандай болгон күндө да «эсепти теңөө», онтою келип калса, эки эселеп өчүн алса моокуму канбас беле…

Кудай жалгап бу сапар да, баягы «ит адатын карматып, жээни кырчаңгыланып» кеп баштап калбаспы. Сөз кыябы да чынжырдан чыкты. Чынжыр демекчи, таякеси көптөн бери итине калың, бышык кайыш каргы менен майда чынжыр таппай жүргөн. Айылынан таппаган таңсык буюмун минтип Сыртка малчылардын тоюна барган көчмө дүкөндөн сатып алганына маашырлангансып, аны колуна орой чалып, чынжырдын бышыктыгын текшергенсип; улам-улам кычырата тартып, мурдунан кыңылдай кайсы бир обонду созуп, жумшак орундукта чалкалап, теңселе ырахаттана келаткан.

– Э, таяке, бул сени арам өлөбү деп чочуйм…

– Эмне дейт!? – Ал ордунан обдулуп, түзөлө калды.

– Пенде өз ажалынан эле өлсө дегеним да.

– Аны убагында көрөрбүз, кимибиз адал, кимибиз арам өлөрүбүздү… Эй капыр, жыландын башын кылтыйтып турганыңа караганда, ичиңе каткан сырың, көмөкөйүңдө жаткан ырың барбы, дейм, куу такым жээним?!

– Башкасында айып жок, бул сөзүндүн баш-аягынан дайын жок дегени турасың го, тайке. Кээде, өтө ачууң келген кезде эле кекечтенип, өзү келген кепке да, түзүгүрөөк жооп бере албаганың эле болбосо, башка жагындан эч бир айып табалбаспыз…

– Болсо жашырба, «тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат» деген накыл кеп бар ата-бабалардан келаткан.

– Сени, акмак дей албайм. Анткенге эч акым да, жолум да жок. Тайыма тил тийгизгенден алысмын. Бирок көзүм көрүп, көкүрөгүм туюп турган чындыкты кантип жашыра алам. Таякемди кантип арам өлүмгө кыя алам, өзүң калыс болчу?

– Бүдөмүктөтпөй ачык айт, жээн?

– Элде: «Жакшы жүрмөк бар, жакшы өлмөк жок» – дейт. Алдагы түрүңдү көрүп туруп, сени кантип өлүмгө кыям, таяке? Муунуп өлгөндөй, эмнеге анча жанындан аша кечтиң?!

– Андай ой үч уктасам да түшүмө кирбестир…

– Деги бышыктыгыңа дабаа жок, таяке. Бая өткөндөгү ит көрбөгөн кордуктардан кийин, бир нече жолку аракеттен аркан үзүлүп, бири да олчойгон денеңди көтөрө албаган соң, намыстанып бышыгыраак чынжыр издеп жүрөт дегендерин ушак деп ишенбей койдум эле. Эми анын чындыгына бүгүн чынжыр сатып алгандан кийин ынанбадымбы.

– Ээ, жээним, жакшы эле эл аралап, эл башкарып, жаман-жакшыны бала кезиңден башыңдан өткөрүп, бардыгына акылы жетик десем, кудуретиң такылдап тилиңе гана чыгып, жашып, жашың өйдөлөгөн сайын алжып баратасыңбы деп чочуй баштадым негедир.

– Акылдан ажырап баратсам акыл кошор, эстен тансам ээк-тоок болор өзүң барсың да, таяке?!

– Эмесе, угуп тур, жээним. Бул чынжырды эмнеге эле мынча издеп жүрүп акыры таап, кубанып отурганымды сыр катары деле бир жанга чыгарбайын дедим эле, бол-

бостур. Мынча сурап калдың айтып берейин…Ал мындай: үйдө бир сокур карган дөбөтүм бар. Көрдүң бекен же байкабадыңбы, билбейм. Ал түгөнгүр өз-жатты ылгабай, көрүнгөн эле кишини кары-жашына карабай асылып, тиш салып, каап, ажылдап үрө бермей ит адат таап алды. Айтып түшүндүрө, чаап койдура да албадым. Ошону бышыктап чынжырлап байлап, бирөөнү каап албасын деп чочулабай үйдө тынчыраак отуруп эс алайын деп ушул каргы менен чынжырды акыры сатып алганым да ырас, жээним…

Таамай айтылган бул сөз эртеси эле эл арасына кеңири жайылып кетет. Аны угуп алып күлбөгөн киши жок.

Азыр алар арабызда жок. Экөө тең жазмыш тагдырларына баш ийип кетишкен, бирок кыябын келтире айткан курч сөздөрү менен азил-тамашалары эл арасында жашап жүрөт көзү өткөндөрдүн экинчи түбөлүк өмүрлөрүн узартып…

## ЖЕНТЕК

Күүгүм кирип, көз байланып калганда, тоонун түбүндөгү жалгыз кашарга эрбеңдеген жалгыз караан эки жагын улам-улам элендеп карап, шашкалактап, тез-тез басып жакындап келатты.

Анда-санда гана үргөн иттердин үнү үзүл-кесил угула калбаса, айлана жымжырт. Бул тегеректе деле жан байкалбайт. Кар кетип, күн жылыр менен бул кашарда кой төлдөтүп кыштаган малчылар өйдөлөп көчүп кеткендеринен бери арадан ай айланып калган.

Мунун бардыгын калаадан бир баласын бооруна кысып келген жаш келин эң жакшы биле турган. Шаарда жүргөнүнө эки жылча гана болгону менен анын деле туулуп-өскөн жери, балалыгы ушул тегеректе өткөн коншу чабандын кызы. Окуп жүрөмүн деп ата-энесине кабарлап жүргөнү деле эми калп экени билинди. Окубай-этпей эле,

өз билгенин жасап жүрүп кылганы бу. Баланын атасы ким экенин да дааналап айта албайт. Энеси кызына боору ачыганы менен атасы ар-намысынан сарсанаа тартып, ачууга алдырып, элдин бетин карай албай, жанын коёрго жер таппай, үйдөн чыкпай үңкүйүп, өлө турган болду, селсаяк кызы шаардан келгенден бери.

Ары ойлоп, бери ойлоп атып, акыры тапкан акылы – чыгарган чечими жаш жубан ургаачыны түн пардасы далдалап ушул кашарга алып келбедиби.

Анын эки жакка ачылган кең эшигинин бир жагы кыңайып ачык калыптыр. Ичи караңгылыктан андан бетер үңүрөйүп сүрдүү да, коркунучтуу да көрүндү. Анын бул учурда корко турган да, тартына да турган айласы калбаптыр. Ичине кирди. Жанатан жылуу оромолдун ичинде бейкапар уктап келаткан бала чукуранып ойгонуп; чалабула көздөрүн ачып-жуумп алып, көөдөй караңгылыктан, шамалдаган кыктын бүксүгөн чоочун жытынан чочулагансып, энесинин мойнунан бекем кучактап, тумшугун жылаңач көкүрөгүнө катты.

Энс жүрөгү туш-туштан сансыз ийне сайгылап аткандай тыз-тыз этип, булкуп-булкуп алды. Буттарынын башынан төбөсүнө чейин жыбырап, миң сандаган майда кумурскалар жөргөлөп аткандай болду. Денесинен чыпылдап муздак тер чыкты. Көңүлү караңгылай түштү. Эки көздөн аккан жаш жаактары ылдый талаа-талаа… эриндери титирейт…

Баланын мыйтыйган жылуу колдору энесинин мойнун кысып, терисине улам батып бараткансыды. Келин эсине келе калып, баласынын манжаларын акырын мойнунан бошотту эле; ошондо наристе кайра таттуу уйкунун кучагына бөлөнүп бараткanын сезди. Аны ошо бойдон жерге жаткызууга далалаттанып, жүйүртө басып отура калып, алаканы менен сыйпалап көрдү эле; ондой берди болуп төшөлгөн чөп-саман колуна урунду. «Асты жумшак болот экен», – деп ичинен ойлоду келин.

Бала кайрадан энесине жармашты. Анын мыйтыйган манжалары акыркы жолу, эң акыркы ирет энесинин жыттуу, дүйнөдөгү эң кымбат көкүрөгүнө асылып жаткандай. Келин буркурап, өксүдү. Бакырып үн чыгаруудан коркту. Өпкө-жүрөгү аңтарылып, ичинен букулдап, дене бою солкулдап турду.

Минтип тура берүүгө болбойт эле. Эмнеге бул жерге келгени эсине келе калган келин күрмөсүнүн эки жеңи менен бети-башын оңду-солду сүрүп, баласын саман-чөпкө отургуза коюп, бирөөлөр аны жанатан туш-туштан абажарып карап тургансып, эки жагына элеңдеди; ички караңгылыкка анын көздөрү үйүр ала түшүптүр; ал кирген кашардын бир бурчу-койлордун кышкы туут бөлмөсү экендигин дароо баамдады. Ичи желдесин деп атайын чыгарылып, керегеге жөлөнүп турган айнек терезени ал тырмышып атып кайра өз ордуна бекитти.

Жаңыдан эмгектеп калган баласы саман-чөп төшөлгөн дыңгыраган кык көңдүн үстүндө жөргөлөп жүрдү. Убакыт өткөн сайын келин өтө шашып, тынчсызданат. «Эмне болсо да эне болуп калбады беле?! Жүрөк каны менен боор этинен жаралган перзентинен чын эле ажырап калабы? Ал анын колунан келеби?! жок, бардыгына кайыл болуп, айттыңбы, шерт кылдыңбы, аны аткар! Беттеген жолуңдан кайра тартуу өлүмгө барабар...» – дейт дагы бир үн.

Ырас эле. Тездетүү керек! Азыр тезинен бул жерден чыгып кетпесе – бардыгы ойрондолот. Эрк бошойт, убада жанат, кудай алдында берилген ант кайтат.

«Жок! Антүүгө эми кеч. Бу дүйнөдөн эрсиз да, баласыз да өтөмүн! Ошондо опсуз күнөөмдөн арылар бекем? же...»

Келин артын карагысы келбеди. Бир-эки аттам менен атып чыгып, кашардын эшигин сыртынан жаап, капталында жаткан зылдай оор, буга чейин кемегенин бир капталы катары колдонулуп келген кара коо ташты тоголотуп келип, алдынан тиреп бекемдеди. Кайра боюн түзөп тура берейин дегенде ичтен баланын чырылдап-чыркыраган үнү

аны дал кулак түпкө ургандай теңселип барып оңолду. Кашар солкулдап, бут алдындагы кара жер ордунан жылып бараткандай.

Эшикке жабышкан бала ырылдап-чырылдап тактай бетин тырмактап тытып аткансып, кытырап-кыйчылдаган кандайдыр бир сырдуу дооштон келин алдастап, далдактап кашардан улам алыстап, кайдадыр чуркап бараткандын өзү да аңдап сезген жок.

Караңгы капчыгайды жаңыртып боздоп ыйлап да, жүрөгү от-жалындын ортосуна түшкөнсүп сыздап да, кандайдыр бир туңгуюкка сиңип бараткандын аңдап билүү деңгээлине жетүү эч мүмкүн эмес эле.

Арадан аш бышымдай деле убакыт өттүбү же өтпөдүбү, айтор, ымыркайдын бу жарык дүйнөдө көрөр күнү, ичер суусу бар экен. Жанатан бери караңгы ээн кашардын эшигин тырмалап чырылдаган наристенин периштеси чакыргансып, кечээ күндүзү жайыттан келбей калган малын издеп чыккан коңшу чабан жана жарыкта төмөн суу бойлоп, токой арасынан табалбай, эми жедеп суй жыгылганда минтип жогору үйүнө кайтып баратып, кашар алдынан өткөн жолдун дал тушунан кулак түрүп, тура калды тизгин тартып.

– Капырай, мен эмне болуп атамын, асыйым алтымышка келгенде? – деп кобурап өзүнө өзү суроо салды. – Ырас эле жаш баланын үнү го? Же жин-шайтанбы?…Жок, кадимки эле баланын үнү. Ыйлап атып үнү да бүтүп баратыптыр. Эй, азыр бой тууп салып, көрүнгөн жерге таштагандар бу заманга жаңылык деле болбой калбадыбы…

…Карыя эртеси коңшу-колоңдорун, ал эмес жакадагы ага тууганарынан бери чакырып, алтымыш жылдыгы менен кошо: «Пайгамбар жашка келгенде балалуу болдум» – деп жентек той берди.

# АЯН

Бу келип-кетме жалган дүйнөнүн жер бетине кыбыр-сыбыр жандыктардын, алардын ичинде жалпы адам деп аталган жумуру баш, айры буттуу киши-пенденин жаралышы кызык; табышмак сырын жашырган бир аян түштөй сезилет.

Киши өмүрү-аалам алкагында бир көз ирмемге гана тете. Тагдыр дейбиз. Анысы эмне?.. Аздыр-көптүр өмүр жолунда деле түбөлүк жүрө берчүдөй болобуз. Дүнүйө жыйганга, жыргап жашаганга далбас уруп; жанталашабыз, кыйналабыз, урушуп-талашабыз… Ошентип, бир күнү бардыгы артта калганын билебиз, бирок анда кечиккенибизди сезип туруп, аны сезгибиз, моюнга алып баш ийип келгибиз келбей, дагы эле эртеңки «жыргалчылыгыбыздан» үмүт кылабыз…

Киши деп аталган,сүйлөөгө тили, ойлоого акыл-эси бар – жаныбардын жандүйнө табияты ушундай жаралган. Аны чексиз Аалам дүйнөсүн кандайдыр бир кудуреттүү күч тескеп башкарып, улам иргеп тураарын да акыл-туюм сезими менен шекшигенсийт. Ынанбайт. Көбүнчө көроокатка алаксыткан күнүмдүк жашоо-турмушу менен алек. Бири – жашоо үчүн тамак издеп тапса, бири – курсагы үчүн эч нерседен кайра тартпайт.

Жер бетиндеги пенде өмүрү анчалык кыска, ченелүү, келип-кетме болгону менен, ошончолук опурталдуу да, кызыктуу да болсо керек. Анткени анын жаратылышын-

да, жашоо жолун ченеген тагдырында, ал жер бетине пайда болгондон бери алигиче ачылбаган, аяндалган жабык, улам өзгөрүлмө табышмактуу, ээрчитме сырлары бар.

«Пенде түйүлдүккө айланганда анын тагдыры да кошо жазылат экен» деген да божомол туюм бар. Кийин канчалык аракеттен – андан, анын алдын ала белгилеген ченемкалыбынан эч качан чыгалбайт экенсиң, чектеген өмүр чегинен өтө албайт экенсиң. Бирок ар бир алдыдагы өмүр сапарынан; байлыкка да, бийликке да кабылат экен. Кармап калгандары, же аларды таанып-таанывбай куру калгандары да болот экен да. Бийликти же байлыкты билип, сезип эле туруп каалабагандары деле бар, бирок андай пенделер өтө аз чыгаар.

Киши жашоосу тагдырга ченелеби, же кандайдыр бир аян белги келеби, акыры эртеби-кечпи башка келе турган өңү суук өлүм дегенден ушуга чейин бири да качып, же алаксытып кутула алган эмес экен деп айтылып келет.

Адам жанын алганга Азирейил периште чабарман аткаруучу дешет. Ал кишиге түспөлдөшүп көрүнөт экен деп жүрүшөт.

## АЗИРЕЙИЛ

Кайсы бир заманда бекен, менменсинген бектин эрке баласы өзүнө түбөлүктүү өмүрлүк жолдош, акылгөй, өмүр жолунда шериктеш болуучу колукту издеп, көз жоосун алган келишкен ат жабдык токулган, соорусуна мелтирете суу куюлган чөйчөк койсо да төгүлбөгөн, сур жоргону алчактата бастырып, жанына адаттагыдай жан-жөкөр жигит албастан, өзү жалгыздап, эл-жер кыдырып жолго чыгат. Күндүн мурду чачырай электе аттанат, жигит айылынан ат чабым алыстап, кең жайыктуу өзөн бойлой кеткен даңгыр жолго түшкөнгө чейин алдынан бир киши көрүнбөдү. Эригип, дене-бою талыкшыды.

Тээ наристе кезинде эле кудалап, сөйкө салып койгон колуктусун, таанылбаган чоочун бирөө болуп барып, анын ал-абалын азыртан байкайын деп, ошондон улам ата-энесине да алыска сапар аттанганынын сырын ачпастан, жөн гана сейилдеп келейин деп, жалгыздап атайылап жолго чыкканы да бекеринен эмес эле. «Каап, жок дегенде, бала кезден тең өскөн досумду ээрчитип алсам, болмок экен...» – деп да ойлоп койду ичинен.

Эми кейигенде эмне. Андан көрө, күн батып, көз байлана электе кабылган айылга кайрылып, тек-дарегин айтпастан, тек гана кудайы конокмун деп, ылайыгы келсе түнөп, эртеси сапарын улантууну чечти.

Ээрдей белести аша берген жолоочу, кең жайыктуу өрөөнгө туш болду. Тээ алыстан кайсы бир же малбы, же кишиби, элдир-селдир кыбыраган караандар көзгө урунду. Жигит алыстан сапар карытып келатып, өз конушун көрө койгонсуп, негедир ал жерге тез жеткиси келгенден жүрөгү элеп-желептенип, капысынан жоргосун теминип койду эле, бейкапар сүлкүлдөп бараткан жорго ыргып-секирип атырылып, түйүлгөндө ээси жоргонун оозун чоё тартканда ал кежеңдеп оозлугун шалдырата кемирип, тикесинен эки аяктап тура калды эле жигиттин башындагы күнгө миң кубулган суусар тебетейи ыргып кете жаздап барып, өлчөмү анын башынан бир азга болсо да, кеңдигинен улам кыйшайып, басырылып, эки көзүн жаап калды. Камчысын кере карыш күмүш кемерине кыстара коюп, тебетейин кабагынан өйдө жылдырганга араң үлгүрдү.

Кош тизгин бошой калганда жорго башын чулгуп-чулгуп алып, созулган мойнун чүлүктөй төмөн ийип барып, бир заматта лепилдей басып, адаттагы кадик жорголугуна салды. Жигиттин кең далысына куп жарашкан бейкасам чапаны жоргонун ыргагына сүлк-сүлк этип, чабендеси кош күмүш үзөңгүнү бирдей чирене тээп, деле эч нерседен капарсыз баратты эле, чукулунан эки жагы тең би-

йик-жапыз; ар кандай коргондорго толгон, улам эңкейиштегенсип бараткан ак чополуу жолго келгенин байкады. Артынан кандайдыр бир доош угулгансыды. Мырзалыгына салып, артын кылчайып карагандан эринди. «Дагы бирөө келаткандыр. Жете келер» деген ой. Кете берейин, деген ниетинен кайтып, тизгинин чоё тартып туруп калды. Эртеден берки ээндиктеги жалгыздык жедеп анын жанына батып кеткен тура. Кимиси болсо да күтүп, мындан аркы жолду сүйлөшүп, черди жазып кыскартайын деди.

Бир саамга күттү. Жанакы сырдуу доош кайталанбагандан атынын башын ордунан айланта бурду. Атчан жолоочу келаткансыйт. Араң эле бастыргансыйт. Мырзанын жини келе түштү: «Бул эмне эле илкийт. Тирүү жан болгон соң тыңыраак эле бастырбайбы?!»

Ал жакындап келатты билинбестен. Кыйкырып жемелейин дегиче, куйкул куйрук, өлөсөлүү ат минген, эскибирээк көрпө тебетей, күнгө жедеп оңуп бараткан төө чапан кийген, эрбейген буурул сакал чал бет мандайына азыр эле асмандан түшө калгансып пайда болду. Астындагы жоргосу капысынан бир ордунда тегеренип, кошкуруп, жер чапчый баштады. Жигит жоргонун оозун чоё тартып, карыяга озунуп салам айтты. Чал үн чыгарбастан, билинербилинбес башын ийкеп тим болду.

Экөө катарлаша сапар улашты.

– Ата, сиздин бараар жериңиз алыс го. Эрмектешип, узун жолду кыскарталы, – дейт, эмне деген кеп-сөз чыгаар экен деп. Чал дагы эле унчукпайт. Жанагысындай баш ийкеп тим болот. Ушундай абалда бир топ жүргөндөн кийин, илкитип бастырганга көнбөгөн жигит жоргосунун оозун коё берип, чалдан көп алыстап барып, «кой, сакалдуу кишини шакаба чекпейин» – деп күтүп турса – жок, «буга эмне болду?» – деп артына кылчайса, көрүнбөйт «бу эмне деген сыр?» – деп, кайра алдыга теминейин десе, жанагы жүдөө чал, андан жок дегенде эле бир чакырымдай алдыда баратат, артынан коюу чаң уюлгутуп.

Эзели камчы салдырып көрбөгөн жоргосун үстү-үстүнө теминген жигит, бир далайдан кийин гана чалга жете барып катарлашты. Бул көрүнүшкө же өңү, же түшү экенин дааналап аңдай албай, аң-таң калды мырза жигит. Апкаарып, сүйлөй албай, аны менен катарлаш бастырып кете берди. Дагы бир кыр ашкандан кийин төр жайлаган ончакты боз үй көрүндү. Жоон топ жигиттер желеге жакындап келген жылкыларды туш-тушунан айдактап, бир үйүргө чогултуп жүргөнсүйт. Жанатан жүрөгү өзүнөн өзү опкоолжуп, дене-бою негедир чымырап, өзүн башкачараак сезип келаткан мырза жигит тигилерди көргөндөн кийин, аларды караан тутуп:

– Я, ата? Аздыр-көптүр сапарлаш болуп келатабыз. Же кары өңдөнүп кеп салбайсыз, же соболума жооп кылып, үн чыгарбайсыз. Жарышып артта калып, алдымдан көрүндүңүз. Адамсызбы, же жин пери-шайтансызбы? – деп алып, жигит кайра онтойсуздана, азыр шарт бурулуп тигил боз үйлөрдү көздөй шуу койчудай, атынын оозун бошоңдотуп, өрмө камчысынын сабын ыңгайлаштыра мыкчый кармап, чабышка даярдангансып, ээрден көтөрүлө, эки үзөңгүсүнө тура калды.

Жанатан жер тиктеп, жүзүн даана көрсөтпөй, атын илээлетип бастырып келаткан чал ошондо башын көтөрдү. Анын кишиникине окшобогон; ичине кан толгон кыпкызыл көздөрүнөн от чагылышып,чагылгандын оттук ташындай жарк-журк эткендей болду. Жигиттин өпкө-жүрөгү алкымына келе түшкөндөй, деми кысылып, мууна түштү. Оозунан кеп-сөзү түшүп, өң-алеттен кетти. Абдаарып, ынтыгып, делдейип, денеси зылдай оорлогондон оорлоп, чалды тиктеген тейден катты.

– Болбостур, балам! – деген тээ асмандын жети катарынан бери угулгансыган, күңгүрөнгөн жоон үн анын кулагын жарып жиберчүдөй сөздөрүн бөлүп-бөлүп, ортодо бир аз тыный калгансып улана берди. – ...Адам тукуму менен буга чейин минтип бет мандайлашып көргөн эмес

элем. Айтып берейин, чочуба, а мени пенде жанын алган Азирейил дешет…

Жигит ушуну укканда, атынан ооп баратып кайра оңолду. Эр жүрөктүүлүгүнөн өзүн өзү токтотуп, кайраттанып, калыбына келди. Ичинен дуба окуп, келме келтирди.

– …Эми кайда бараттыңыз эле?! – өзүн өзү байкап, аз да болсо алаксыта, жигит Азирейилге суроо узатты.

– Мынчалык, сапарлаш болуп калдык. Айтайын: күнүгө жер жүзүн үч айланып чыгам. Пенделердин жанын алам. Азыр тээтиги айылга барабыз. Анда бир жаш келиндин ичээр суусу түгөнүп, көрөөр күнү бүтүп калыптыр. Тигине, азоо жылкыга артынан жакын барганда аны тээп өлтүрөт. Анын жазмыш тагдыры ошондой жазылган экен.

Экөө жанагы айылга тушма-туш келгенде, ал жерден ызы-чуу эле чыгып калды. Жанагы жазуу буйрук аткарылган экен, – деп ичинен ойлоп койду жигит.

Алар айылга кайрылбастан кете беришти. Унчукпай жол жүрүп бараткан Мырза жигит улам арылаган сайын санаага бата берет. Бул жан алгыч беккеринен мага кабылган эместир деген арамза ой аны ичтен жеген курттай кемирип баратты. Эми андан кутула албасына көзү жете баштады: «Санаага батканча алдын-ала билип алып, бир жолу санаамды тынчытып, жанымды тындырайын. Акыры башка келчү бир өлүм го» – деп ойлоду да:

– Эми дагы кимдин жанын аласыз? – деди.

– Эмки кезек – сеники, – дейт Азирейил чал токтолбостон, анын жанатан берки ойлорун эбак эле толук билип алгансып.

– Кандайча, меники? Али жашмын го. Артымда жок дегенде тукум-туяк калсын. Үйлөнүп турмуш кызыгын көрөйүн. Аңгыча, жээрин жеп, ичээрин ичкен кары-картаңдарды…

– Э, балам, баарынан ажал улук деп эмнеге айтасыңар пенде бечаралар?! Кары-жаш деп тандалбайт, ченелген суу түгөнүп, бөлгөн күн бүтөөрү менен мен ошол жердемин...

– А менин өмүрүм эмнеге мынча кыска? Жыйырмага деле чыга элекмин го... – Жигит баягысындай мырзаланып чакчарылбастан, жан алгычтын алдында бир заматта бүжүрөп, байкуш кейпин кие калды.

– Андай бийлик дал маңдайында – тагдыр жазымышында чийилип турбайбы. Андан кантип, кайда качасың? Ичээр сууң бүтөрүнө аз калды. Ага чейин көздөгөн максатыңа жетесиң; издеген колуктуң да табылат. Түн жарымы өткөнчө шапар тебесиң, сыйын көрөсүң. Ак өргөөгө – колуктуңдун үстүнө киргенден көп өтпөй барып, дароо жаныңды аламын...

Жигит ошол сөздөрдү уккандан кийин калгандарын аягына чейин эшиткенге дарманы жетпей, кайсы убакта эсинен танып; кайда, канча убакыт жатканын билбейт. Бир кезде көзүн ачса; ай-талаадай сезилген кенен ак өргөөнүн төрүндө, ак мамыктарга бөлөнүп чалкасынан суналып жатат.

Чамгарактан күлмүңдөп күн нуру чачырап, керегe баштарынан да өйдөлөп калыптыр, демек, түш ооп бараткан экен деп божомолдоду жигит. Бирок кайда кимдикинде экенин биле албады. Акырын үн чыгарды. Сырттан бирөө баш багып, кайра жок болду.

Арадан анча деле көп убакыт өтпөй, ак сакалдуу карыя кирди. Артынан ак элечекчен байбиче ээрчий келип, төрдөн орун алган аксакалдан төмөн келип отурду.

Жигит ордунан тура калып, эки колун бооруна ала, эңкейе башын ийип, карыяга озуна шаша салам айтты эле, ал башын ийкеп, жайланышып отургандан кийин, жаныма отур дегенчелик ишарат кылды.

– Й, балам, жол болсун, – деди карыя, жигитти сынагансып башынан аяк бир сыйра аяр көз жүгүрткөндөн кийин. Ич кийимчен, жылаң аяк, жылаң баш жаткан жеринен чочуп тура калган жигит; өмүрүндө биринчи жолу көргөн карыянын алдында чоң күнөө кылган немедей, эмне дээрин билбей, деңдароо жанагы калыбынан жазбай тура берди.

– Дагы көрөр күнүң, ичер сууң бар экен, балам. Кел, тартынба, жаныма отур. Кийим-кечеңди тазалап атышат. Талаада эс-учуңду билбей жаткан жериңден таап келишти. Бардыгын билебиз, эч нерсе айтпасаң деле болот. Бу байбиченин колу тийбесе майып болуп каласың, балам. Жүрөгүң бир аз козголуп калгандай, али жаш экенсиң, тил ал. Али он гүлүңдүн бир гүлү да ачыла элек экен, –деген карыя жер таянбастан, ордунан шып тура калып, сыртка чыгып кетти.

Жигит шалдырап, кайра жанагы ордуна барып жатты. Элечекчен ак байбиче анын жанына жылып келди да, чекесинен сылап, көкүрөгүн укалап, көкүрөк ай балкасынын алдына төрт манжасын батырып, жылма жылдырып, ичинен кайсы бир сөздөрдү шыбырап айтты эле… калганы эсинде жок.

Ал көзүн ачканда өргөө ичинде бир жан жок эле. Акырын башын көтөрдү, аягында кончтуу булгаары өтүгү, жанында кийимдери жатат. Өзү сергип, калыбына келип калгандай; көңүлү көтөрүңкү. Дароо арыдан бери кийинип сыртка чыкты.

Көк жайыктуу чакан өрөөн экен. Катар-катар тигилген жумурткадай аппак боз үйлөр экен. Четибирээк көк майсаңда бодо мал союп, булоолонуп жүргөн жигиттер. Төмөндө күрпүлдөгөн дайра жээгинде кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндер жүргөнсүйт.

Жакшылап, баамдап байкаганга бул жерде кандайдыр бир тойго даярдык көрүлүп жаткандай. Ал эми топ боз үйдүн кежигесиндеги түздүктө узун-узун шырыктардан селкинчектер орнотулууда. Демек, кыз узатуу же жар көрүштүрүү тою болору бышык.

Мунун бардыгын мырза жигит түшүндө да көргөн эместир. Карап отуруп, аң-таң. Издеп келген колуктусун ушул жерден тапканына кечке жуук гана ынанды. Жайлоо шаңга бөлөндү. Селкинчектин айланасына кыз оюндары башталды. Кыз-күйөөгө деп тигилген ак өргөө өзүнчө заңкайып, алыстан эле бараандуу, көзгө толумдуу көрүнөт.

Дал ушул убакта жигиттин көз алдына Азирейилдин элеси дааналанып келди. Бардыгын кайра башынан эстеди; анын айткандары келе турган болсо, анда бу жарык дүйнө менен түбөлүккө коштошор учуру улам жакындагандан жакындап келатат го. «Бөтөн эл, бөтөн жерде өлөт деген ушул экен го».

Күйөө ак өргөөгө баргандан коркуп, ал жакка барбай койсо эле, ажалдан кутула калчудай, барчу убагы келсе да, аны улам создуктура берди. Акыры эки жигит келип аны эки жагынан колтуктап, жылма күч менен аны ак өргөөгө, колуктусунун үстүнө киргизип коюп кетишти.

Эмне демек, жигит? Акыры башка бир өлүм келе тургандан кийин, бардыгын ортого салайын деп, бардыгын төкпөй-чачпай колуктусуна айтып берди.

– Ошол элеби? – деди колуктусу анда. – Эч бир камтама болбо. Андан көрө менин айткандарымды толук угуп, так аткарсаң, бардыгы жайында болот, кудайым өзү жар болуп, биздин биргелешкен уудай ак тилегибизди кабыл алса.

– Азыр мен бардыгына макулмун, жан эркем. Айт – угайын, болбосо жазмыш ушул экен деп жанымды курмандыкка чалайын... – деп, бечара жигит салаңдаган башын көтөрүп бир азга болсо да жандана түштү.

– Эмесе мындай: Азирейил дабыш чыгарып келет. Дароо сыртка чыгып: «Мен даярмын, таксыр!» – деги эки колуңду бооруңа алып. Жакындап келатканда: «Собол узатууга мүмкүн бекен?» – деп аны жалооруп, аянычтуу карагын, башыңды ийип, кирпик алдынан көз чаптыр. «Болуптур» – дегендей башын ийкесе, анда эле кудай тилегибизди бергени. Дароо: «Жолдоштук деген болоор бекен?!» – деп гана акырын айт. Башка эч бир үн чыгарба.

Айткандай эле эл аягы тынчып калганда кандайдыр бир доош эшик алдынан чыкты. Жанатан бери ушул гана учурду санаасы санга, ою онго бөлүнүп күткөн мырза жигит сыртка токтоосуз чыга калды. Аны өңү таанып

сапарлашы эшик алдында каршы алды. Жигит эки колун бооруна алып, башын ийип: «Мен даярмын!?» – деп тура калып, андан ары колуктусунун үйрөтүп айткандарын дал өзүндөй баштан-аяк кайталады.

– Бир соболум бар эле? – дейт жигит.

– И, сура, – дейт Азирейил сапарлашы.

– Аздыр-көптүр бирге жол бастык эле, деги жолдоштук деген болор бекен?! – дейт жигит башы аз жерден жерге тие жаздап шылкыйып.

– Эп, болбостур, – дейт Азрейил жан алгыч жигиттин соболуна жыгылгансып, – бир дасторкондон даам сыздык, насиптеш болдук, кырк кадам бирге жүргөндөн кийин – сапарлаш, түбөлүк жолдош деп айтылаары ырас, балам. Аттигин, эми жетимиш жылдан кийин келермин… – деген экен.

## УЛУКМАН

Тээ алмустактан бери айтылып; эл арасында колу эм, дарыгер, касиеттүү, кайталангыс, адам баласынын бир тукуму катарында, анын ысымы муундан-муунга өтүп, оздон оозго кайталанып, миңдеген жылдардан бери унутулбай, жүрүм-туруму үлгү-легендага айланган кадимки Улукман аке жүзгө чыкканда Азирейил жан алгыч келет: «Болду эми, бир кылым жашадың, эми эмне арманың бар? Өз ыктыярың менен кете бергин, сенин ордуңа кийинки муундар келсин» – деп алдынан бир өтөт.

Анда Улукман айтат:

– Экөөбүз тең чамалаш элебиз го, элди оору-сыркоодон арылтайын. Эми дагы жүз жыл бер. Убакыт ушунчалык тез өтүп бaратат. Жаңыдан эле жашоону үйрөнүп келаттым эле, – дейт. – Мен кайда качмак элем, колундамын да.

Азирейил анын элге керектигин билип, ары ойлонуп, бери ойлонуп көрүп, акыры Улукмандын айткан дооматтарын да жүйөлүү экен деп табат.

Арадан дагы жүз жыл өткөрүп, баягы убада боюнча жаңылбай ошол күнү эле жетип келет, ажалдын кылычтан да курч куралын жалаңдатып.

Улукман далайга чейин унчукпайт. Далайга чейин же макул, же жок деп ачык жообун бере албай отура берет да:

– Менин жанымды алганда зыяндан башка тырмактын агындай да пайданы көрө албадым. Эми дагы элүү жылча күтө турчу, дагы эки жакты байкап көрөйүн, кокус ага чейин менин жаным керек болуп калса кабарлап коёрсуң, жок, ишенбесең өзүң келерсиң, – дейт, – аңгыча жашай турайын…

Арадан дагы элүү жыл өтөт. Баягыдай өзү келмек түгүл, Азирейил жан алгычтан келе турган салам дубасы да жок. Аны унутуп, эми анын дарыгерлиги да унутулуп; элдин эсинен чыгып, таптакыр ың-жыңсыз тирүүлөй жерге көмүлгөндөй сезилет да, «эми ушуну менен мындан ары таптакыр унутулуп, элдин эсинен чыгып каламбы», – деп мына ошондон аябай коркуп, күндөн-күнгө сарысанаага батып, алкүчтөн тайып, шайманы кете баштаганын байкайт. Арадан ары-бери караганча дагы элүү жыл өтүп кеткен кезде Азирейил өзү келип, кеп-сөзгө келбестен дароо эле:

– Эми болду, кыңк дебей баш ийип бергин. Жакшы эле күттүм сенин кадыр-көңүлүңө карап. Эми мындан ары аны-мунуңа да карабай жаныңды аламын, – деп кезенет.

– Жоо-жок, токтоп тургун, – деп Улукман аке деле моюн бербейт. – Эми менин кебимди уккун: элүү жылда келемин, же колум бошобой калса – эскертип кабар жиберемин деген убадаң кайда?!. Ал эми элүү жыл дегениң арыбери караганча эле өтүп кетчү ушунчалык кыска убакыт экен…

– О-ой, тобо! – деп таң калат анда Азирейил жан алгыч, – бу адам пендесин өз оюна койсо, деле өз ыктыяры менен

өлчүдөй эмес экен го. Эгер андай болсо, адам тукуму кенедей жер үстүнө деги батабы?!

– Анын деле ырас. Бирок убада, ооздон чыкканы сөз аткарылышы керекпи?..

– Керек. Мен убадага турдум, өзүм анда келалбасам да үч жолу эскертип кабар жибергеним да ырас.

– Качан?!

– Эмесе, угуп тургун. Эң эле мурда муундарың ооруп, белиң бөкчөйдүбү?

– Ооба?..

– Эмесе, биринчи кабарым ошол.

– Анан?…

– Андан кийин денең оорлоп, өзүңдөн өзүң чарчап, шайманың кете баштадыбы?

– Ырас.

– Муну менин жиберген экинчи кабарым дегин.

– Анда да сезбегениңден көзүңдү кызарттым, сакалмурутуңду да агарттым. Эми эшикке жөлөп-таямайынча өз алдыңча чыга албай калдыңбы? Муну-сага жиберген үчүнчү – эң акыркы эскертүү кабарым дей бергин. Эми мындан ары көнө албайм. Жөн койсо – Улукман тургай бүтүндөй адам пендеси жашка тойбойт экен го…

# КАНТАК

Капысынан: «Капар өлүптүр...» деген кабар чакан айылдын аяк-башына бир заматта тарады. Кечээ эле ал эл аралап, катарыбызда жүргөн пендени бүгүн раматылык деп айтуунун өзү деле укканды делдейтип, бирде ишендирип, бирде ишендирбей, ар кимиси эми өз тагдырын; «жети күндүн бири өлүм» дегендей, акыры эртеби-кечпи бул каргашалуу кабарга анын да ысымы аталарын ойлогондо, «өңгө жалган өлүм актыгына» капысынан баш ийүүгө аргасыз болорун ойлоп; ичтеринен күңгүрөнүп тим болушту. Бирок «башы оорубагандын кудай менен иши жок» дегендей, ар ким өз турмушу, өлмөйүнчө бүтпөгөн көр оокаты менен алек. Көбү, ал да бир күнү ушинтип өлүп каларын деле ойлоп да койбойт. «Бирөө өлүптүр...» – десе, андайлар: «Эмне союптур? Жылкысы канча эли чыгыптыр?» – деп сурагандан, же: «Сууктап бараттык эле сорпо ичип келели...» – дегенден да кайра тартпайт.

Ал эми жогорудагы кабарды раматылык Капардын иниси Сатар, келини Айнагүл, сексенден да өтүп калган энеси Ажаркан, бойго жетип, өз-өзүнчө түтүн булатып калган ини-карындаштары адеп укканда; ар бирин капысынан бирөө төбөгө чапкансып, а дегенде дароо эстерине келе албай делдейе түштү. Капардын тирүү элеси көз алдыларына көрүнө калып, тамактары буулуп, көздөрүнөн ысык жаш тегеренди.

– Көптөн бери кеселдеп жүрдү эле, – деди энеси каргылданган үнү менен эмшеңдеп, – акыры – асылган оору

алып жаны тынган экен го… Жараткан тил алса; бала-бакырасынын сый-урматын көрөрдө сенин ордуңа; ичээрин ичип, жээрин жеген какбаш мени албайбы?! – деп чаңырган кемпир, эки муштуму менен өз башын өзү койгулап атып, жерге үч бүктөлүп барып бүк түштү.

Жакындары канчалык зар какшап, үч күн, үч түн аза күткөнү менен өткөн келбеди, өлгөн тирилбеди. Өлгөндүн жазасы – көмгөндөн кийин деле өлүмдүн себептери сөзгө алынып, айыл аралап, бекерчилердин эртели-кеч эрмегине айланды.

Анын капысынан кабылган табышмактуу дартынан арылтабыз деген үмүт-тилек менен барбаган табыбы, көрсөтпөгөн дарыгери деле калбаптыр.

– Бул жигиттин ата-бабасынан оошуп келаткан касиет – «чымыны» бар экен. Анысын бирөө көрө албастык менен дубалап, байлап койгон, – дейт бир төлгөчү таштары менен сүйлөшкөн соң.

– Шыпаа болор бекен?

– Болоор эле, эгер убагында алып келгенде.

– Кандайча?…

– Кеч болуп калыптыр. Андан бери далай жылдар өтүп кеткен тура.

– Ырас, бул дарттын азабын тартканына көп болду.

Энеси эмне демек, көзүн жаштап, оор үшкүрүнүп, шалдайып отуруп калды.

– Деги айла болобу, айланайын?..

– ???

– Колуңдан келгенин аянба? Эмне десең да макулбуз. Баламды эле айыктырып берсең?…

– Үйүңөргө барып көрөлү. – Көптү айыктырып элдин алкоосуна алынып жүргөн табып келин карт эненин көңүлүн жубатып, кандайдыр бир үмүтүн жылт эттирип, жандандыргандай болду.

Табып алардын короосуна баш багып, босогосун аттагандан жаны кыйнала баштаганын байкоо кыйын эмес эле.

Өңү бузулуп, кежигеси тартылды. Анын көзүнө башкалар байкабаган шумдуктар киноэкрандай көрүндү; короодо сасык албарстылар саксалаңдап, дене-бою чылк жүндүү, узун куйрук, эшек кулак шайтандар алдын тосуп, арылаган сайын аны тегеректеп; шакылыктап, ыржаңдап күлүп, баскан сайын ийрелеңдеген буттарын улам тосо калып, чалып, тарбаңдаган жүндүү колдорун арбаңдатып, карарып жалтыраган учтуу тырмактарын табыптын көздөрүнө тикелеп такап, аны чалкалатып, артка кетенчиктетип; деле үй ичине киргизгиси жок алардын оюна койсо.

Табып ичинен күбүрөп-шыбырап окуп атты. Жин шайтандар сээлдеп, кетенчиктеп баратты эле, ичинен окуган дубасынын аягына чыгары менен тигилер табыпка туш-тушунан кайра жабылды. Көз ачыктын көңүлү кайрадан айный баштаганда, ал бардык күчүн жыйнап, эшиктин туткасын мыкчый кармап, өзүнө тартканда оор эшик шалдырап ачылары менен үйгө шарт кирип барды.

Кире бериштеги чакан бөлмөнүн төр жак бет маңдайындагы секичелеп салынган тактайга калыңдата салынган кийиз, көлдөлөң төшөк үстүндө, кара буурул тарткан эчки сакалчан чукчуйган абышка мончок таштары капкара теспе тартып отурат. Бет маңдай алдындагы жайнамазы да капкара. Башындагы селдеси менен үстүндөгү чепкени бирде кара күрөң тартып бозоргонсуп, бирде карааргансып, улам-улам кубулуп турат.

Бир кезде көзүнүн алдынан кылыйып, сырттан кирген табып келинди көрөрү менен алактай, эки жагын кайсалап сыйпалай баштады. Башын эки жагына бурган сайын бир жак бети күңүрттөнүп, кайра бир жагы карарып көрүнө калып жатты.

Табып анын бет маңдайына отура калып, ичинен дуба окуп баштаганда, аны ээрчий киргендер; эшик алдында кыдырата жүйүртө басып отура калышып, келиндин алаканын жайып, бата кылышын күткөнсүп, дымырап үн катышпады.

Дуба создуккан сайын тигил абышканын шаштысы кетип, күйпөлөктөп атып, жанатан сыдырып отурган кара мончок теспесин тетигинден ары ыргытып жиберип, ички үйдү көздөй чуркады.

– Кармагыла, кара бетти?! – деп табып келин капысынан чаңырып, эшик ачып кирип бараткан абышканын артынан удаа жетти. Алардын артынан чубап калгандары да шашыла кириշти. Ички үйдүн кире беришиндеги караңгы бурчта эски темир керебет эбактан бери эле ордунан жылбай турган. Анын кыбыланы караган башында; жедеп эскилиги жеткенден бетиндеги оймо-чийме сүрөттөрүнөн бери көрүнбөй калган эски жыгач сандык.Үстүнө жыйылган жүгү деле жок. Анын бар-жогуна деле бул үйдөгүлөр маани бербей калган.

Абышка үйүнө кирери менен, ошол эски сандыкка жабышты. Капкагын ача албай, анын боорун тытмалады. Удаа кирген табып келин абышканы кежигеден алып, камгактай жеңил көтөрүп тактайга чапты. Абышка ордунан тура албай тыбырчылай баштаганда, көз ачык келин аны көкүрөгүнөн тизелей ныгыра баса отура калып, дубасын үн чыгара окуп, эңкейип анын бетине үч жолу «сүф!» дегенде, абышканын дене-бою түзөлүп барып көмкөрөсүнөн түштү.

Анын карарып көрүнгөн сырт кийимдери акырындап түсүн өзгөртүп, акырында аппак туман-буага айланды да, ал улам өйдөлөп-өйдөлөп барып көрүнбөй калганда табып дубасын окуп бүтүрүп, тереӊ үшкүрүнүп, эки-үч жолу эстеп оозун ачкандан кийин:

– Эми сандыкты ачкылачы?! – деди да, ал ордунан ооруксунуп араң туруп, терезе түбүнө салынган көрпөгө барып жайланышып отурду.

Үйгө киргендер, капысынан берилген мындай буйрукту күтпөгөндөй, ар кимиси кайсалап шашып калышты. Сандыкты эмнеге ачабыз? Анын ичинде эмне бар? – деп бири да кайрылып ооз ачкан жок.

Кыржыйган денеси эки бет болуп, жукарып бараткан териси гана сөөгүнө капталган скелеттей, кургаган тери-

дей кер сары тарткан алакандай бетиндеги, чүңүрөйгөн чарасындагы үлдүрөгөн көздөрүн араң ирмеген, күнү-түнү дебей сулдуюп жаткан кесел күйөөсүнүн эски темир керебетинин бир четинде коомай  отурган аял чөнтөгүн аңтарып тапкан топ ачкычтардын бирин тандап, шашыла сандыктын ала-була болуп сыры кеткен эски кулпусун бир буроо менен ачып, капкагын каңтарганда, ичинен жагымсыз бир башкача жыт «бурр» этти.

Табып келин эңкейип, сандыктын ичин сыйпалап; анын эң түпкүрүндөгү бир бурчунан, жедеп саргайгандан сыртын дат баскансыган үч бурчталып бүктөлгөн кагазды таап чыкты.

– Мына, балээнин бардыгы ушунун ичинде,  ал, эки каптал бети нымдашып көөп калгандыктан борсогой таркан үч бурчтук кагазды алаканына салып, бүктөмдөрүн аярлап ача баштады.

Темир керебет акырын кыйчылдап барып басылды. Анын үстүндө жаткан оорулуу улутунгансып оозун бир ачып, ошо бойдон жабылбай аңкайды. Алсыз көздөрү шыпты тиктеген бойдон алайып каткан бойдон калды.

Аны эч ким таназар салып байкабады. Ички үйгө киргендердин бардыгы тең сандыктан чыккан саргарган үч бурчтук кагаздын табышмактуу сырын билмекке кызыгып карап турушкан.

Табыптын басыңкы чыккан сураныч кыябында айтылган жумшак үнүнөн кийин ал бөлмөдө аба жарып тургандар жылып-жылып сыртка чыгышты. Бөлмөдө оорулуунун аялы калганда:

– Эми кудайдын буйругу, кайрат кылыңыз, күйөөңүз түбөлүк сапар тартып кетти, – деди. Аял дароо эч нерсе түшүнгөн жок. Ал бирде керебетти, бирде жаңы казылган көрдөй оозун аңырайта ачып, азыр бироону оп тартчудай болуп, ичи караңгыланып үңүрөйгөн эски сандыкты алмак-салмак карап, дел болуп тура берди.

# ҮРКҮНБАЙДЫН ҮЧ АҢГЕМЕСИ

## БИРЖАН

Пайгамбар жашына келип калган Үркүнбай карыя сүйлөп атты. Керилген ак өргөөнүн ичи толтура киши болгону менен жымжырт, башкалары дем албай, сөз кызуусуна кирип, андагы кандайдыр бир сыйкырдуу окуяга кошо аралашып, аягы эмне менен бүтөөр экен дегендей сыртынан байкоо салгандарга алардын бар-жогу деле сезилбейт.

– Э, балдарым, мен көрбөгөн балээ калдыбы. Жашымдан жетимчиликтин кордугун да көрдүм. Кийин турмуштун кууралына да, жыргалына да кабылдым. Нечен ажалдан калдым. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» экен. Жер бетин топон суу каптаса да бейажал чымын өлбөйт тура.

Ушу жашка келгени, бу жалганда киши менен табияттын киндиктеш экенин байкадым. Жарык дүйнөгө эге кылып жумуру баш, айры буттуу пендеге акыл-эс берип койгону менен макулуктарга да, кишиге да бирдей кыбыраткан жан салганы бекеринен эместир. Аны бу жарык дүйнөдө жашап жүрүп байкабайбыз го.

Кыймылдаган айбанаттар түгүл өскөн ар кандай өсүмдүктөрдө да жан бар да. Кадимкидей туюп-сезгендик-

тен өнөт, өсөт, гүлдөйт, куурайт, анан алардын уруктары алардын жолун кайрадан баштап улантат.

– Мунун бардыгын кантип билдиңиз?

– Чынында эле менин эч кандай билимим жок. Ушул жашка келгени тоо арасында жашадым. Көргөн-билген, маңдайыма жазган кесибим мергенчилик; жигиттик кезимден ойду-тоону кыдырып, нечен токойлорду сыдырып жүрүп көп окуяларды өз башымдан өткөрбөдүмбү.

Эмесе, бир окуяны айтып берейин. Мага чын, балким, силерге калптай сезилер. Бирок бардыгы өз башымдан өткөн…

– …Анда курагым жыйырманын тегерегинде. Каруу-күчкө толуп турган кезим. Жалгыз бой – бойдокмун. Кармanганым, ишенгеним жалгыз мылтык. Эртеден-кечке аска-тоону аттап аң уулайм. Кийиктин этин жеп, аң терилери менен жан багам.

Бир жолу улам бир тоону ашып жүрүп өз түнөгүмдөн бир топ алыстап кеткенимди түн киргенде гана байкадым. Эптеп, бийик жар боорундагы бир үңкүрдү пааналадым. Ала жүргөн азыгымдан тамшалап, түнөп алып, эртеси таң заарынан күрүлдөгөн дооштон чочуп ойгондум.

Уйкунун кучагынан бошонуп, акыл-эсиме толук келгиче, башымды көтөрмөк тургай, кыймылдагандан жүрөксүп жата берип, айланага кулак түрдүм. Бир далайдан кийин жанагы күрүлдөк кайрадан угулду. Өзүм жашаган жерден мындайды укпаптырмын. Баамдасам – жолборстукуна жакындайт. Оң колумдун манжаларын акырын кыймылдатып, жаныма октоп койгон мылтыкты сыйпалап издейм. Ал – өз ордунда жок.

«Мен эмне болуп турамын, – деп ойлондум ичимен. – Ушунчалык катуу уктадымбы. Демейде шырп алдырбаган жаным?!»

Эмне болсо – ошо болсун дегендей, ордунан ыргып туруп эки жагына көз жүгүрттү. Үңкүр ичине жарык кирип калыптыр. Үч-төрт кадамдай, бет маңдайында комдонуп,

кадимки чаар жолборс жатат. Анын жылтыраган саргыч көздөрүнө көздөрү чагылыша түшкөндө, мергенчи турган ордунда катып калгандай сезилди. «Өлгөн экемин, – деп ойлогонго гана үлгүрдү, – жатып өлгөнчө атып өлөйүн» деп эми эсине түшкөн мылтыгын көз карегин тегеретип, тинтип издеди. Анысы алиги азыр аны көздөй секирчүдөй комдонгон чаар сырттандын эки колунун алдында басылып жатат.

Экөө бир азга тиктешти. Аңгыча үңкүрдүн ичи караңгылай түшкөндө, мергенчи эч нерсени ойлобостон эле артка кетенчиктеп барып, ташка чалынып, чалкасынан түшөөрдө катуу нерсеге жөлөнүп, ошол жерге отуруп калды.

Кайрадан үңкүр ичи жарым-жартылай көрүндү. Жана сырттан дагы бир күрсүйгөн чаар жолборс киргендиктен үңкүрдүн ичи караңгылай түшкөн тура. Ал эми эрдемсинген мергенде жан жок. Өлүмдөн башка эч нерсе ойлобой калды. «Ажал айттырбай капысынан келет» деген ушул тура деп ойлой баштады ичинен. Көздөрүн ачыпжуумп жанагы ордунан нылдай болуп жылбастан отура берди. Бир убакта көздөрүн ачса: бет мандайында жанараак сырттан кирген өгүздөй жолборс турат аны тиктеп. Мерген эки көзүн тең чылк жуумп, эмне болсо ошо болсун дегендей тагдырына толук баш ийгенсип, эми дем алгандан да коркуп, дене бою муздап, моло ташка айлана баштады.

Ысык дем анын бетине бур-бур этти. «Башымды жара чайнайт тура...» деген ой кылт этти. Күткөндөй мелтиреди. Жок... Жыттагылады, бети-башынан ыпысык, бир аз одуракай; быдырлуу тили менен жалап, анан жүндүү зор башын мергендин сунулган эки бутунун үстүнө аяр коюп; мышыкчасынан угулар-угулбас кырылдагандай үн чыгарды.

Мерген эми эсине келди. Айбан болсо да андан кандайдыр бир жылуулукту, жакындыкты сезди, башынан сыла-

гысы келди, (бир жагынан коркуу сезимин) кандайдыр сыйкырдуу белгисиз күч аны оп тартып бараткансып.

Берки, ордунан жылбай комдонуп жатканы боору менен берилеп жылып келди арткы бутун сүйрөгөнсүп. Жакындаганда ооналактап, чалкасынан жатып… кишиге эркелегендей, даттангандай; жаны ушунча кыйналгансып, адамча кыңкыстагансып, сүйрөлгөн бутун бери жылдырып келип, тынчып калды.

Мунун баарын кылдат карап отурган мерген жолборстун сүйрөлгөн арткы шыйрагынын башы дулайдай шишип кеткенин дароо байкады.

Мерген жигит эки жолборстун жанатан берки таң каларлык, өтө мээримдүү мамилесинин жашыруун сырына эми түшүндү. Акырын, жакын жылып барып, шишиген жерин кармап көрдү. Анын үстү катуу болгону менен, эки жак тегереги былкылдагансыйт. Демек, ичине ириң-кан толгондой.

Жигит капталындагы кынынан курч кестигин шарт сууруп чыгып, жолборстун бутунун шишиген жерине акырындап матырды, (жолборс бутун сунган бойдон былк этпеди) кан аралашкан ириң атып чыгып жерге жайыла берди…

– Кудая тоббо, айбан да болсо, акыл-эсин кара деп, – аңгемечинин катарындагы карыялардын бири кобурап-собурап, жакасын кармады.

– И, андан кийин эмне болду? – Уйкусунан эми чочугансып, босого жактан бирөө бакылдап жиберди.

– Ай, эми аягына чейин укпайсыңарбы? Сөздү бөлө бербей! – деп жиберди Үркүнбайга катар отурган аксакалдардын бири окуянын кызык жерине келгенде, сөзүн бөлгөндөргө наарazылангансып.

Ортодо бир саамга тынчтык өкүм сүрдү да, окуя андан ары уланды…

…Мерген жигит шишиген жерди капталынан да тилди. Тери эмес темир кескен бычак томпойгон туюк жараны оорутпастан шылып түшкөндөй болду. Чыңалган туюк-

тап акырына чейин бардыгы алгач атырылып, анан калганынан толук бошодубу, айтор, буладай шишигинин орду чуңкурайып; чоюлган тери шалбыраганда бечара жолборстун бир канча күндөрдөн берки азабы бүтүп, жаны жай алгансып, жанагы бойдон чалкалап жата берди.

Мерген эми алардан коркмок түгүл, чочулабай ордунан туруп, сыртка чыгайын дегиче, жанатан жанынан көрүнбөй калган жолборс, үңкүрдүн төрү жак түпкүрүнөн, топ-тобу менен карарып жылт-жулт эткен, чубалган нерселерди тиштеп келип; жигиттин алдына үйө берди.

Акырын, жигитке жанагыдай жакын келип, эркелегендей сөйкөнүп, арткы бутун сүйрөбөстөн кадимкисиндей жайбаракат, түз, балпая басып баратып артына кылчайып бир карап алып, үңкүрдөн жылып, эки жолборс ээрчишип чыгып, көздөн кайым болду.

Мерген жигит аларды артынан бир топко чейин карап турду, экөөнүн карааны көрүнбөй калганда негедир, бала чагынан бери моюндаш өскөн уялаш бир туугандарынан түбөлүккө ажырап бараткансып, ичи эңшерилди.

Ал жанатан берки жомоктогудай окуяга да, өзүнө да бардыгын көз алдынан бир сыйра өткөрүп таң калып, деңдароолонуп канча турганы белгисиз. Бир кезде эсине келсе, алды үймө, алар – терисине кун жеткис баадагы жалаң кундуз экен.

Бардыгын сыртка – жарыкка ташып чыгып, терисин сыйрып алды. Кайра үңкүрдүн түпкүрүнөн дагы таап чыкты. Алар мурдагыдан аз болгону менен баш-аягы жүздөн да ашты. Ал кезде бир кундуздун териси бир тайдан кем баалануучу эмес.

– Ушинтип түшкө кирбеген керемет окуяга туш болуп; жок жерден байып, анын аркасы менен бардар жердин сулуу кызына үйлөнгөндөн кийин ишим да, турмушум да оңолуп, ак жолум ачылды, бала-бакыралуу болдум, – деген Үркүнбай, тамактангандан соң, жайланышып отуруп экинчи аңгемесине өттү.

# КАРГЫШ

– Кудайымдын буйругу, табыяттын табышмактуу сырынын менин үлүшүмө ыйгарган шыпаасынан улам; ушинтип үйлүү-жайлуу болгондон соң, албетте, баягыдай тоо башында, токой арасында жашынып жапайыланбастан; төмөн, түзгө түшүп, жыгачтан аштап төрт бөлмөлүү турак үй, малга короо-сарай бастырмасын салып, эркек балдарым кол арага жараганча үйдө да, сыртта да көр оокат менен алпурушуп бир далай жылдарды өткөрдүм …

…Кийин эки эркеги эр жетип, түзөңгө жаз алды менен убактылуу көчүп барып, жер чийип бороз салып, эгин-тегин айдоо менен жылыга алек.

Ал экөө быйыл да барышкан. Эртеден-кечке жандары тынбайт; сарала өгүзгө, учуна учтуу темир бекиткен эки саптуу жыгач сокону  агасы эки колдоп өбөктөй ныгыра басып артында, алдында болсо өгүздү мурунтугунан жетелеп, кээде капталдай басып, узун шапалагы менен өгүз илээлегенде шыпылдатып айдактаган иниси убара.

Кийинки эки күндөн бери таңдан ишин баштаган бир туугандар жер айдоону бир топ арбытып, ал эмес көз өлчөм менен белгилеген жер бетинин теңинен көбүнөн өтүп калганда, күн нуру жер бетине тегиз чачырап, негедир соко сүйрөгөн сарала өгүз да, аны эс алдырбай кыйнаган агаини  да шалдырап, бир азга болсо деле эс алгысы келип, суусап тили оозуна батпай акактачудай абалга чукулдаганда – төмөнтөн  боз атчан кишинин карааны азыр жерден чыга калгансып; капысынан пайда болуп, түз эле аларды көздөп келатты ылдамдата шартылдата бастырып.

Өгүз өзүнөн өзү тык токтоп, берки экөө аны адаттагыдай шапалактап, өкүрүп-бакырбай тигил атчан жакын келгичекти күтүп, селейип туруп калышты.

– Ассалоом алейкум, баатыр! – деп экөөнөн озунуп саламын узатты чоочун киши. Бакайчасынан бийик ак калпакчан,

жайкалган ак сакалы бооруна жайылган карыянын көздөрү калың каштын алдына далдалангансып, эки жигитке көрүнбөдү. Карыя тизесин жапкан ак узун чапанынын этегин кымтылагансып оңдоп; алардан жооп күтпөстөн сөз баштады:

– Э, балдарым, жер чийип эгин айдаганыңар эң жакшы, бирок далалатыңар текке кетпес бекен?!

Эки бир тууган бир-бирин алая тиктеп, делдейип тура беришти.

– Мен силерге эскертип атамын? – деди карыя угулар-угулбас жумшак үн менен, – алдагы силердин бут алдыңарда Улуу Үркүндө шейит кеткендердин кууураган сөөктөрү жатат. Рухтары кечээтен бери айлана-тегерегиңерде айланкөчөк болуп тегеренип жүрүшөт.

– Аны ким көрүп коюптур!? – деди эки бир туугандын бирине капысынан тил кирип, – арбактар эмес, тирүүлөргө тамак-аш керектигинен темтеңдеп жүрөбүз. Айда алдыгы кара баскырды! Эмне делдейип туруп калдың?!

Беркиси селт этип чочуп, шапалак менен үргүлөп, солуктап турган сарала өгүздү жонталаштыра берип калды. Ал чирене, сокону кыйчылдатып сүйрөп жөнөдү.

Карыянын ак бозу селтеңдей башын көтөрүп, ооздугун шалдырата чайнады.

– Болбостур, – деди карыя кейигендей үн менен, – тилимди албадыңар, жок дегенде сакалымды сыйлабадыңар...

– Сеникиндей сакал эчкиникинде деле бар, абышка, ишке тоскоол болбой жолуңа түшсөңчү?!

Ак боз негедир, тигил экөөнүн тескериленген акаарат сөздөрүн даана түшүнө калгансып башын чулгуп, алга жүткүнүп барып кайра кетенчиктеп, ошол ордунда тегеренип-тегеренип туруп калды.

– Акыр замандын балдары... аягы жамандык менен бүтө турган болду... Алдыгы жерге дан чыкпай, алды-артыңардан кан чыгып калды... көзүңөр көргөнү менен

көкүрөгүңөр сокур тура…Болбостур… Болбостур… Тукумуңар жүзгө жетпейт, жүзгө жетсе да күзгө жетпейт…

Экөө дүгдүңдөп жумуштарын уланта берди. Карыянын үнү каргылданып барып, бир заматта угулбай, өзү да жана кандай пайда болсо, азыр да жерге житип кеткенсип, ары-бери караганча көздөн кайым болду.

Жер айдагандар үрүл-бүрүлдө үйгө келишти. Өзүлөрү буттарын араң шилтеп, суй жыгыла чарчаганы менен күндөгүдөн көңүлдөрү ачык, чоң иш бүтүрүшкөнсүп кудуңдап келишти.

– Бардыгын бүтүрдүңөрбү, балдарым? – деди Үркүнбай, тигилердин кабактарын даана байкаган соң.

– Ооба, ата! – деди улуусу жайдарылана. – Айдап да, сээп да, малалап да койдук.

– Ап, бали, шумкарларым! Өгүздү мен эле жайлап-жайгарайын, үйгө киргиле. Апаңардын ашы да даяр болуп калгандыр. Жана тоодон бир теке атып келдим. Бирок… Ийе, жай отуруп айтып берейин, силер жуунуп-таранганча, мен да үйгө барып калам, кире бергиле…

Үй-бүлө чогулуп, дасторкон четинде кийиктин этине тойгондон кийин, Үркүнбай сөзгө кирди.

– Э, ушунча болуп, бүгүнкүдөй сыр көргөн эмесмин.

– Ботом ал эмне сыр болуп кетти? – Кемпири чыдамсыздана абышкасына тигилди. – Жана келгенден бери ал жөнүндө ооз ачпадың го?..

– Ээй, байбиче, баарыңар чогулганда ортого салайын дебедимби. Менимче, кайберен тукуму менин мергенчилигимдин жыйынтыгын бүгүн чыгардыбы деп, ошондон бери чийки май жегенсип, жүрөксүп жүрөм.

– Табышмактатып кишинин жүрөгүн түшүрбөй, ачыгын айтчы абышка? – Кемпири бир жамандыктын башы кылтыйып чыга баштагансып, күйпөлөктөп жиберди.

– Коркпогула, кара жандарым. Бардыгыбыз Алла Тааланын колундабыз. «Теңирдин буйругусуз кумурсканын да буту сынбайт» – дейт. Пенде маңдайына жазылган таг-

дырдан чыгып кайда бармак. Андан эч кайда качып кутула албайбыз да.

– Аны менен эмне демекчисиң, абышка?

– И, жана бир сыр көрдүм дебедимби. Ал мындайча: ... дегинкиси, сыр деле эмес го. Аткан теке ордунан жылбастан катып калбаспы! Эки-үч жолу аттым. Үчөө тең эле таамай тийгенин көрдүм. Жыгылмак түгүл ордунан жылбаганынан жакын барып көрөйүн дедим. Тик зоокага улам жармашып, кыялап, жер карап баратып бир убакта бет маңдай чыга түшүпмүн: «Эми жеттим го» – деп, башымды көтөрсөм; тике маңдайымда аксакалдуу карыя сакалынан ылдый көзүнөн салаалап аккан жашын тыя албай, мени тиктеген бойдон катып турат. Турган жеримден чалкамдан кетеримде бирөө аркамдан тиреп, токтоткондой болду. Жалама зоонун капталындагы үңкүр сымал буйткага тыгылып барып, отуруп калганымда мен аткан теке башымдан алыс төмөн учуп барып күп этип, анан шагыл үстүндө ылдый шырылдап баратканы бир топко кулагыма угулуп атты.

– Ата, ал кандай чал экен?! – Жанатан мергенчинин оозун тиктеп, дапдаарыгансып отурган эки уулунун бири ордунан тура калчудай обдулуп барып унчукту.

– Кадимки эле биз айылдан көрүп жүргөн салабаттуу карыялардай...

– Сакалы бүтүндөй көкүрөгүн жапкан, ал эми кирпиктеринен да каштары үксүйгөн неме бекен?

– Дал өзү, ата! – деп, эч бир сөзгө аралашпай, элеңдеп-селеңдеп отурган уулу капысынан бурк этти.

– Эмне деп атканыңа түшүнбөдүм, балам. Аны кайдан көрүп жүрөсүң?

– Байкем экөөбүз өгүз менен жер айдап жүргөндө бизге да келген.

– И, эмнеге келиптир? Эмне деди? – Абышка-кемпир экөө тең чочуган, калтыраган үн менен эки жагынан чыгышканда, агасы жана күндүз болгон окуяны баштан-аяк төкпөй-чачпай айтып беришти...

Ал түнү төртөө тең ичтеринен саруулашып, чала уйку болушканы менен эртеси эле баягы гөр турмуш адаттагы өз жолу менен уланып кете берди.

Кийин ал күнкү окуялар эстен таптакыр чыкканы менен күркүрөгөн күз мезгилинде, бардыгы арыдан бери болду да калды…

Үркүнбайдын эки уулу айдаган жерге эгиндин ордуна жалаң төө жеген коко-тикен жайнап жыш чыкты. Анын себебин бул өрөөндө билерманмын дегендердин бири да түшүндүрүп бере алышпады.

Үркүнбай үй-бүлөсүнөн, алгач, бейкапар басып жүргөн кемпиринен ажырады, анан жер айдап эгин сепкен эки баласын удаасы менен о, дүйнөгө узатып, бир үйдө жапжалгыз соксоюп, какбаш болуп отуруп калды эч кимге керези жок;  барксыз, пайдаланылгандан кийин кайдадыр ыргытылган эскилиги жеткен бир буюмдай болуп…

## ЖАМБЫ

Санаа жайнаган көңүлдү чөгөрүп, кайгы өмүр кесээри ырас белем; Үркүнбай үй-бүлөсүнөн ажырап, жалгыз коколой башы калгандан бери эңги-деңги болуп, бир далайга эсине келалбады. Төмөн тике маңдайдагы боз дөбөдө томпойгон үч бейит анын каңырыгын  улам көргөн сайын түтөтөт да турат.

Өзүнчө жалгыз калганына  күйбөгөн жери калбайт. Өз жанын өзү кыйгысы да келет. Кайра кудайга күнөөкөр болгусу да келбейт. Анын үстүнө, бая күнү келген молдонун айтуусуна караганда, өз жанын өзү кыйган пенденин жаны же тигил дүйнөдө, же бул дүйнөдө жок; орто жерде тээ кыямат-кайым келмейин салаңдап асылып, кыйналып тура берет экен да. Анын арбагына окуган куран да жетпейт дейт. Деги эле шарият боюнча андайларга куран түшүргөндүн өзү күнөө, билгендер

арам өлгөндөргө жаназа окуганга эч качан барбайт дебедиби.

Ушундай беймаза күндө жүргөндө бала кезинде бирге ойноп-күлүп чоңойгон эки жолдошу алыстан атайылап ат арытып, сапар карытып келип калышыптыр.

Ал-жайды сурашып, арбактарга дуба окугандан кийин, келген меймандар алардын кийинки капчыгайда жашаган тегирменчи Кебек устаныкынан тегирмендин ташын сураганы атайлап арабага кош ат чегип баратышканын; эгер уста жибип, айткандары аткарылып калса, Бордунун суусуна тегирмен курушарын, анда бу тегеректегилер көп убарадан кутулуп, төрт түлүгүнө жем-чөптү кеңири камдап, өзүлөрү ун-талканга марып калышарын чын дилинен жобурашты.

«Айтса-айтпаса төгүнбү», – деп ичинен ойлогон Үркүнбай, экөөнү ээрчип кете берди; бир жагынан тигилердин айткандары кызыктырып ынандырса, бир жагынан элге аралашып алаксыгысы, анын өмүрүн тооруган кабатталган кайгынын капсаландуу сасык тумандарынан бир күнгө болсо да арылгысы келди.

Жолдо ката өткөн-кеткенди эстеп бажылдаган үч жолоочу түшкө жакын болжогон жерине жетип барышты.

Кебек уста жетимишке жетип калгандай көрүнгөнү менен баскан-турганы тың, чымыр денелүү, кагелес киши экен. Эшик алдына келип калган кош атчан арабаны эбак эле көрсө керек; андан үчөө удаа түшүп жарыша салам айтканда, колундагы дүрбүсүн мойнунда илинген кабына салып, ордунан тура, аларды утурлай басты.

Үчөө менен кол алышкандан кийин ар бирине баштан-аяк көз жүгүртүп келип:

– Бу, жигитти бүшүркөп турамын, – деди

– Э, жарыктык, Үркүнбай мергенди тааныбай, карылыкка эмитен алдырып бараткансыз го? – деп бакылдады бири.

– Ии, тааныдым, – деди чоң күнөө кылгансып дароо жер караган карыя.

– Кабарыңарды уккамын. Эми, азанын арты кайрылуу болсун…

Үчөө тең үңкүйүп жер тиктеп тим болушту.

Үйдөн сүйрөлтө көйнөк кийген ургаачы чыкты. Баш ийкешип учурашкан болушту.

– Байбиче, чай коё кал. Балдар келип калыптыр! – деп бакылдады үй ээси.

– А, жок, биз бир жумуш менен сизге келдик эле, сүйлөшүп алып эле кайталы.

– Э, балдар, шашпагыла пенденин көроокаты көзү жумулуп, өзү жерге көмүлмөйүнчө бүтмөк беле, – деп кепти алыстан баштады Кебек. – Ырас келипсиңер. Колдон келчү жумуш болсо жок деген жан эмесмин ушунча болуп.

Тегирмендин ташы үчүн атайылап келишкен экөө бири-бирин алмак-салмак карап алып, анан улуураагы жөн-жайын кыскача билдирди.

– Алгыла. Аянбайм. Кышында алмаштырдым эле. Өзүңөр ыгы менен чегип алаарсыңар…

– Ырахмат, акеси…

– Ыраазыбыз, ак пейилиңизге? – деп жиберди экөө. – Өзүбүз таштуу болгондо, сиздикин жеткирип беребиз. Аңгыча…

– Аны деле убакыт көрсөтөөр, аңгыча каалаганча пайдалана бергиле. Кадыр-көңүлүңөрдөн айлансын. Таш эле турбайбы, адамдын жаны беле…

Устанын адамкерчилиги, баары-жогу тең сыртындабы, бакылдаган ачык-айрым мүнөзү үчөөнө аябай жагып, ичтери жылып турду. Аңгыча самоор көтөргөн жаңкы аял үйдөн чыгып, ага суу куя баштады. Деле камаарабайт.

– Капа этпесеңиз, биз ташты жүктөй берели.

– О, жок, шашпагыла дебедимби. Үйгө киргиле. О, кемпир үйдөгү ачкылың ачыды беле? – деп бакылдады эле:

– Ийе, кириңдер, – деп, өзү үйүнө кирип кетти.

– Кире бергиле, мен ташты көрсөтөйүн, – деп ары баскан устаны бири ээрчий басканда, экөө үйгө ээрчише кирди.

– Келиндер, – деп ордунан козголгон жок, сырдуу чоң мискейдин үстүн калпып, улам-улам аны мештин алдында турган тайпак идишке жаба төгүп коюп.

Сырттан ысылап киргенибиз менен үй ичи салкын тартып, көңүлүбүз сергилең тартты. Жарманы көргөндөн кийин суусаганыбыз сезилип кетти. Жок дегенде бирден аяк ичсек, деп турабыз ичибизде. Ошого жараша килейген сыр аяктар экен. Мелтирете куюп сунду эле, экөөбүз түбүнө чейин шыпкадык. Суусунубуз кана, көзүбүз ачыла түштү. Дагы бирден ичсек деп турабыз, сураганга оозубуз батпай.

– Ийе, угларым максым якши эле ачыган, бир аз гане куртлап кетиплир, капа болбондар… – дебеспи. Ошондо дагы бир аяктан ичсек, деп демитип турган экөөбүз эки алакандарыбыз менен ооздорубузду баскан бойдон, сыртка жөөлөшүп кандайча атып чыкканыбызды билбейбиз. Экөөбүз эки жерде окшуп, соксоюп эле отуруп калдык, өпкө-жүрөкторүбүз аңтарылып…

Жана ташты көргөнү кеткен экөө жакындап келип калышканбы, Кебек уста бакылдап коё берди.

– Э, кокуй, силерге эмне болду?!

– Ийе, билмедим, максым бир азга куртлап калыптыр да, – деди жанагы чөмүчтөп төккөн идишин көтөрө чыгып, эшик алдына туруп калган аял.

– Ок, кууражан катын! – дегенден башка сөз чыкпаган уста үшкүрүп барып, теңинен жерге баткан көгүш ташка көчүк басып, жер тиктеп, далайга дел болуп отуруп калды.

Устаны ээрчип жана ташты көздөй кетип эми келген Үркүнбай тигил «Суусундарын кандырып» чыккан экөөнүн азыркы абалын көргөндө же күлө албай, же боору ооруп бирдеме дей албай ортодо туруп калганын эми сезип:

– «Ачык айткандын айыбы жок» – дейт, аны жеңе мойнуна алып атпайбы?! Эч нерсе эмес, боло берет… Андан көрө жолго чыгалы, – деп койду калыстык менен тигилерди бир чети жубаткан түр менен.

– Айып менде, балдар, – деди Кебек уста ордунан жеңил туруп, – кечиргиле, айыбымды тартайын, үчөөңөр тең, сакалымды сыйлап үйүмө кирип берсеңер, деп суранамын?!

– Жок, анча кетпеңиз, аксакал. Анчалык айта турган айып-сайыбыңыз жок. Ак пейилиңизге таазим, – деп, жанатан окшуп, өбөктөп эки жерде отурган экөө аттап-буттап устанын жанына жетип келип, колдорун боорлоруна алып тура-тура калышты.

Бардыгы устанын айтканындай болду, үчөө тең конуп калышты. Үй ээси күрпөң кара козу сойду. Бажакташып жайыл дасторкон четинде отурушту. Сыртта чоң кара казанда козунун эти былкылдап кайнап турат.

Кебек уста узак сөзгө кирди.

– Э-э, мен көрбөгөн балээ калдыбы? – деп кепти тээ алыстан баштачудай болуп калды. Бирок пенде бечара маңдайына жазылган тагдыр жазмышынан качып кутула албайт экен деп калдым, өз башымдан өткөн окуялардан улам. «Кайда барсаң да Мамайдын көрү даяр» дегендей, канча жашап, эмне күндү көрсөң да бир башыңда бир өлүм деген турат го, күтүп ичээр сууң менен түгөнөөр күнүңдү аярлап байкап, ажал дегениң курч бычагын камдап.

Башынан эле ээрге кыйшык мингендин бара-бара түзөлөт дегени бекер сөз. Менин башынан эле аялдан жолум болбоду, эми деле ошол. Ортодо оңолгонсуп баратып, кайра кыйшайганымды айтып берейин, балдар, угуп койгула, анын пайдасы кийинки урпактарга, балким, тийип калар.

– И-и, айтыңыз!? -

– Анда жаш кезим. Ата-энеден кол жуугандан кийин жер кезип, селсаяк атанып жүрүп, Анжиянга бардым «Өнөрлүү өлбөйт» дегендей, кол өнөрчүлүгүм менен жан багып жүрдүм. Башка түшсө – байтал жорго болдум. Камчы өргөндөн баштап темир-тезектен кыя өтпөйм. Алтын, күмүш куям. Өтүк ултарган да колуман келет. Ошентип жүрүп, бир орто бай өзбектин үйүндө жашап, жумушун жасап, ар кимдердин айткандарын аткарып, уста катары

атагым алыска кетти. Мал-мүлк жыйнадым. Үй ээси өзбек болгону менен, аялы алматылык казактын кызы эле. Алардын келишкен сулуу кызы бар. Аны жактырып жүрдүм. Айтайын десем тил кыска. Эмне ойдо алар деп, сыртынан байкайм.Улам жакындайм.

Бир күнү ачыгын айттым. Алар деле мен ойлогонду ойлоп жүрүшүптүр. Жок жерден киреше тапкан мендей алтын колдуу жигитке ким «жок, болбойт» десин, кыз да кайдигер эмес экенин сөзүнүн кыябында билгизип койду.

Атасы бир шарт менен макул болду. «Андай эле, күйөө бала боломун десең – бир айдын ары-берисинде тогуз жамбы таап берип, кызымды биротоло алып кете бер» – деди.

Ары ойлоп, бери ойлоп атып, акыры ал шартка макул болдум. Бир айдын ичинде келемин, андан кечиксем – түңүлгүлө деп бардык таап-ташынганымды ал жерге таштап, жер кезип чыгып кеттим.

Көп жерди кыдырып, устаттарыма да, кесиптештериме да кеңешип, жардам сурадым. Тогуз эмес, бир жамбы табуу да кыйын болду. Бири – терс жооп берсе, бири «айла амалга салгын» деди.

Акыры кеткениме отуз күн болду дегендин күнү баягы үйүмө шып кирип бардым. Бир ай ичинде эки ат кошкон саябан арабалуу, эки саан уйлуу болуп калгамын. Албетте, кайнатанын шарты да аткарылган. Алар акыры аткарылбай турган иш экен деп менден түңүлө баштаган кезде көрүнгөнүмдү айтышты. Тогуз жамбыны тойдо элдин көзүнчө кайнатам менен кайненеме тапшырып, эртеси жаш колуктумду оокат-соокат, мал-мүлкүм менен көчүрүп жолго түштүм.

– «Ошондо алган сулууңуз ушубу?» дегендей үч меймандын көздөрү жабалактап жана күндүзү эле аларга «керемет жарма» берген тили буруу аялга «кабылды». Анын болсо, эч нерсе менен иши жок, эки бутун сунуп коюп, бейкапар отурат.

Башынан өткөн мажарасынын эң эле кызык жерине келген үй ээси беркилеринин жогорудагыдай көз карашын эң сонун, дароо түшүнгөнүнө карабай, сөзүн уланта берди.

– Туулуп өскөн жериме, бир тууган элиме келип, уланткан «бал татыган» жашоом анча деле көпкө созулбады; эки-үч айдын ары-берисинде жашыруун айыбым ачыкка чыкты; балээнин баарына баягы тогуз жамбы каскак болуп: «Өзүң жасаган иш – сакалыңа муш» деген сөз кайрылып келип өз башыма тийгенде, тагдырым бир заматта ташка тийген айнектей быркырады да калды.

Кээ бир амалкөй кесиптештеримдин кеңеши менен жасалып даярдалган тогуз жамбыны, бечара кайнатам канына сиңген соодагерлигине салып даражасы бийиктерге өтө кымбат баага соодалап жиберет. Шекшиген бирөө адистерге текшерте келгенде; жамбынын бардык белги: чен өлчөм, түр-түспөлү толук туура келгени менен, сырты гана нак күмүшкө жалатылып, ичи аралашма коргошундан уютулганы билинет.

Кайдан? Кимден алдың эле? деген сыяктуу кысымдын акыры мага келип такалып, кармалып, суралып, жасалган кечиримсиз алдамчылык кылмыш жазасы – «элдик уста эле...» деген бир катар себептерден улам жумшартылып атып, акыры беш жылга кесип алыска айдатып жиберип, жандары тынды өзбек кайындарымдын.

Ушул беш жыл ичинде айдалып, кор болуп кайда гана барбадым, эмне гана жумуш жасабадым?!

Акыры, ажалым жок экен, тагдырыма жазылган азапты тартып жүрүп... кеткен жериме кайрылып келсем; баягылардын бири жок... алдамчылчык менен алганым өз ордун таап кетиптир... Темтеңдеп жүрүп: «Эми жашоону кайра башынан баштап, чачылганды жыйнайын деп; бир жесирге үйлөнүп алып, устачылыгымды баягыдай баштап, колумдун берекесин кудайдан тилейин деп турганда аным жыл айланбай о, дүйнө салды».

Андан кийин мага баары бир болуп калды. Биринчи кабылганыма үйлөнөмүн деп, жедеп жалгыздыктын азабын тарта баштаганда ушул жеңеңерге кабылдым…

…Ошондон кийин Үркүнбай кара булуттардын арасынан чыгып, жаркыраган, көк-жашыл мейкинге чыккандай чыйралып, Кебек устача бардыгын кайра баштоого бет алды…

# АУРА

## II

## ПОЭЗИЯ

## АТАМА

Сагыныч; көздөн учуп бала-чагым
Жалгыздап токой кезип баратамын.
Баш ийип таазим этип салам айтып,
Шаркырайт Борду суусу. Токой шуулдайт:
«Келбеди, атаң кайда?» – дейби, тыңшайм,
Телмирип баёо жалгыз карагайым…

Араңарда кылым жашап өткөн деймин
Артына улап кетээр муун калтырып.
А балким, жүрөбү же кылааңарда
Алыстан байкоо сала из жашырып.
Же болбой тору атын минди бекен
Жел ойноп тоодон ары тоо ашырып.

Бук менен муңга батып өткөн өмүр:
Бир кылым укпады да, сүйлөбөдү.
Көз көрдү, обон-күүгө толбой көңүл,
Жашоонун кумар чоорун үйлөбөдү.
Жараткан кулак-тилден кем кылса да
Жакшы үмүт, терең ойдон жүдөбөдү.

Алтын кол, түрдөп өнөр берген беле,
Аңчылык жашыл төрлүү зоо бастырып.
Айтпаптыр чарчадым деп тартып желе
Артына буудан минген из калтырып.
Алышып арман менен өткөн өмүр
Айла жок, келбейт эми бир кайрылып.

Сагындым, көктөм көңүл балалыкты,
Сагындым, жымжырт дүйнө атамды да,
Сан жылдар кыстап барат аралыкты
Сапар-жол өмүр күзүн татканымда,

Сагынып, урпактарым эстээр бекен?..
Саргайып саптарыма батканымда.

## УКМУШ ЖАН ЭЛЕҢ

Кыйланын көзүн кызарткан
Кызыгың укмуш жан элең.
Аксаргыл болгон периштем
Азгырат дале жан денең.

Алыстап барат үлбүлдөп
Алгачкы сүйкүм элесиң,
А бирок такыр өчпөдү
Ак нурдун созуп желесин.

Кыйла же жакын турагың
Кыйладан таппай сурадым,
Кыйналуу сенде барбы же
Кызылың өчүп турабы?..

Жетелеп сызат убакыт
Желкеден соккон шамалдай.
Жетелешкен күн кайда
Жетим калдым табалбай.

## АСЫЛЫМ

Асылым сени табалбай
Алыс же жакын жүрөрүм
Айласыз жолдо жүдөдүм.
Айла-амалын табалбай
Арманда дале жүрөгүм.

Санаага-санаа бүлөдүм
Санааркап издеп жүрөмүн,
Сапырылган толкундун
Сандыгын аччы чүрөгүм.

Алыс же жакын түнөгүң
Ансайын дегдеп күйөмүн,
Асылым сени табалбай
Аргасыз жашап жүрөмүн.

Алдыда канча жашоо бар
Аныгың кайдан билемин.
Асылымды бир көрсөм
Армансыз өтөр бул өмүр.

## ИНИМ ЖЭЭНТАЙДЫН ЭЛЕСИ

Көз жумсам тирүү элесиң турат жаркып
Көңүлүм көтөрүлөт жүрөк балкып.
«Көп кыйналып, жүрөгүмдөн кеттим» десең
Көөдөнүм өрт-жалынга калат батып.

Бир тууган, ата-энеге эркелеген,
Билбеген арамдыкты ачык элең,
Бир келип ага-иниңе биригем – деп
Билинбей жер алдында калды денең.

Көрүнбөй, анда-санда келчү элең,
Көөнү ток, төртөөбүз – деп жүрчү элем.
Көзүмдөн  шор салаалап куурап турам
Көрүнбөй эми такыр өлчү белең.

Кемитип кеттиң бизди төртөө элек,
Келбедиң, эми бизге кайдан жөлөк.

Канчалык мөгдөп, көксөп боздосом да
Кайтпадың, сендей боордош болбойт бөлөк.

Жалжылдап жабылбаган көзүң калар,
Жаак катып, айтылбаган сөзүң калар,
Жан боорум басар жолуң кыска беле
Жанарың эми кимге басат катар?

Жалгыз уул, жалгыз тукум атың атаар,
Жалгызың баспай калды сага катар.
Жан балаң Мирланды көзүң барда
Жан эргип жыттабадың ата катар.

Алыстап улам өтүп айлар-жылдар,
Аттигиң, жашың кыркtан өтпөй турар.
Айжаркын элесиң да көздөн кайып
Алкымдап ачуу жашым көздөн кулаар.

Жапжалгыз, жүрөгүң да, баары жалгыз,
Жан учуп кете берет кайталангыс,
Жайнаган мүрзөлөрдүн арасында
Жаттыңбы, жалгызсырап бизден алыс…

## АЛЫСТАП

Аралык, мезгил, курагым…
Алыстап жаштык турагым.
Айласыз жетпей жыбырайт
Аймалап жыттап кыялым.

Айланып кайра жылдарым
Аралап сезим кылдарын,
Арбытып барат негедир
Айкашар илеп жыргалым.

Кайрылып келсе жаш чагым
Карамтып тагдыр чатагын,
Каналбай такыр кумарга
Кайрадан келээр жашагым.

## АКЫЛБЕКТИ ЭСКЕРИП

Алыстап бизден жүрдүң жаның багып
Атадан мээрим көрбөй көңүл калып.
Энеңден эрте ажырап ыйлап жаттың,
Энемдин карыганда тынчын алып.

Эр жетип чекте болдуң Мекен коргоп,
Энеңдин дайнын таппай издеп болжоп.
Бир болбой сейрек келип алыстадың,
Бир жанды багамын деп четти ойлоп.

Чоочун жак, өзүң тандап колукту алдың
Чоо-жайын убагында билбей калдым.
Бир топ жыл жашап жүрүп ажырабай
Бала көрбөй жесир калды алган жарың,

Антсе да кубанчу элем көргөн жерден,
Айжаркын келин экен төрөөр дегем.
Андан да аз жашарың кайдан билдим
А балким, жакын жүрсөң өлбөйт белең.

Кайын журт Орловкада каламын – деп
Кайнене, балдыздарды багамын – деп,
Кабылып табышмактуу өлүм менен
Кан жуттуң жыйнап жүрүп темир-тезек.

Жаркылдап бир башкача күлүп-жайнап
Жакында келемин деп кеттиң элең.

Ошондо кетпегенде ажал айдап,
Ордуңа келбейт эле жансыз денең.

Артыңда атыңды атаар изиң калбай
Аргасыз конуп учкан туйгун болдуң.
Элесиң эске түшсө тирүү жандай
Эзилип жаштай берем мүрзө жолун.

Бозорот боз топурак дөбө жымжырт,
Боздогон муң-зарларды алган жутуп.
Эмнеге үн чыгарбай мелтирейсиң,
Эжең да сага кеткен күнү бүтүп.

Кайрылбас чукул беле түбөлүк жол
Каргышка, канга тойбос ажал ошол.
Кантели, кайгыргандан чыкпас айла
Кырчын жан биз тилеген бейиште бол.

## АГАМА

Көзү ачык, көкүрөгү тунук агам –
Көч баштап бир атадан чыккан менен
Көл жээктеп өскөн жериң Кубул тагаң.
Көрүшпөй кылым жашап дүйнө салды
Көксөгөн тилегине жетпей атаң.

Барам деп жандап сурап калчу эле,
Балам деп күңгүрөнгөн үнүн жутуп,
Баш чайкап бир силкинип алчу эле...
Баргамын, атамды ээрчип, ага издеп,
Келбедиң, жооп ордуна жерди чукуп.

Жетпедик, жазылган бир тагдыр экен,
Жээн делип тагалардын жерин эл – деп,

Жетилдик, «Дөөлөс», «Кубул», эркин кенен,
Жети-Өгүз, бешик өрөөн туулуп-өскөн
Жергебиз Арык-Жергез болгон менен.

А бирок эр – атанын атын атайт,
Алыспы же жакынбы, кайда барба,
Атабыз биз өткөнчө бизде жашайт.
Айтылып муундан-муунга Арык мырза,
Акыры, көп Арыктар бизден тарайт.

Кайгырба, өкүнсөң да өттү жылдар…
Кайдадыр, кайып болгон эне жыты,
Камыгып ата күткөн түпсүз сырлар.
Качандыр бул дүйөдөн кетсек дагы
Калтырган изди улаар тукумдар бар.

Картайып  канат каккан куш өмүрдө,
Кантсек да, өксүбөсүн бизде сыйлар.
Келдим деп, кучакташып көрүшкөндө,
Кемибей, жыргап турсун жүрөк кылдар,
Кемисек, арман толгон жүрөк сыздаар.

## ТООЛУКМУН

Тоо курчап Кайыңдыны жээги жылга,
Толгондо Күркүрөө жайык күзгө жакын
Толгонуп тогуз күнгө кийик жылда,
Тоо белге тамган экен киндик каным.

Алдыда барчу жолду чийип мурда
Алына жараша деп салып сырга
Алгандан берериң көп деген экен ,
Алдыма ташын төшөп тагдыр мырза.

Алдыда канча жол бар билбей анда
Алданып бара бердим айдан жылга,
Ал-күчтү жаштык деген гүлгө арнап,
Алдырып, келдим мына, кемер жарга.

Басканым – өткөн өмүр даамы кычкыл,
Басынбас мүнөз менен таптым мүшкүл.
Баш урган жагымпоздор жашайт тура
Башынан кайдан билдим, пендең түшкүр.

Келипмин, адашып мен башка жайга,
Келжирек, көз каранды, арбын майда.
Келишип бири-бирин колдоп турса,
Келишпей, жалгыз калам таппай айла.

Жапжалгыз кайда барам, көп го баскан
Жапалак үкү момун сүйлөп жалган.
Жалмандап кожом арын сатып турса,
Жаңылып келдим дейсиң качан, кайдан?

Жылмандап мансап, байлык көксөйт канча
Жыланач көмүлөрүн билбей анча.
Жылт этип тоодой эркин өтөрүм чын
Жыландай алтын коруп жашаганча.

## АРМАН

Бу дүйнөдө
Баары арман:
Жалган дүйнө жээликтирген
Жашоо арман,
Өмүрдүн кыскалыгы кышкы күндөй,
Ойлогон максатыңа жеткирбеген,
Шум дүйнө
Кимге келип, кимге калган?!

## КЕЛЕМ ИЗДЕП

Бук болуп, сагынычтар боюн түздөп,
Эл келет боорлоруна күлкү издеп.
Кыйналып, ойлорумдун дайнын таппай,
Мен келем ата-энеме оору издеп.

Шаттанып, балалыгын баары эстеп…
Шаң-күлкү башкаларды келет издеп,
Күл болуп, суусуз калган жалгыз талдай,
Мен келем, боорлоруma өлүм издеп?!

## БАСКАН ЖОЛ

Өмүрдүн көбү өтүп азы калды,
Өкүнтпөс, балким, сапар алыс дагы.
Өксүтөт, кары-жаш деп ылгабастан
Өзгөрбөйт жалгыз гана ажал заңы.

Эстесем, кыйла жолду баскан экем
Эми анын окуясы сансыз нечен.
Эл-журттун ишеничин актаймын – деп
Эртелеп маңдай терди төккөн экем.

Орноткон Совет доору бекем тартип,
Ортодон билим алдым мектеп тартып.
Оюн-зоок, кыз ордуна улан кезден
Ойдо жок ишке кирдим күздө такып.

Эки жыл такшалтканда кеңсе кызмат.
Эки жыл жоокер болдум чекте кымбат,
Эл-журтка кайтканымда доорон сүрбөй
Эми мен окуйм дедим билим урмат.

Э, анда кайдан билдим турмуш жайын,
Эне-атам таап бериштн мага кайын.
Эки күн өтпөй торго түштүм чыккыс
Эки жыл даярдыктан таппай дайын.

Алдыга тагдыр насип жазган сапар,
Арадан өттү жылдар ондоп катар.
А бирок эл-жериме бересем көп
Арыбас буудан берген үч жол басар.

Бири, ал – сүрөткерлик кара сөзүм.
Бири, ал – керемет поэзия көрөр көзүм.
Биригип жаралгандан багып келет,
Бири ал – журналисттик чапкан жолум.

* * *

О, пендем – сен неге мынча кыйдысың?!
Көралбастык, ичи тардык жагынан
Өзүңдөн да, өзгөлөргө кыйынсың.
Билбейсиңби, өмүрүңдүн аздыгын…
Шамың өчсө, ууч топурак-жыйымсың

Калат баары: ниетиңдин тардыгы,
Кажып жанды, куурап тапкан байлыгың.
Эл-жер үчүн күйүп-жансаң эскерер,
Эстен чыгып арбын алган айлыгың.

## ТҮБҮ ТҮЗ БОЛСО

Какпа балам, кекетип,
Апаң – уяң, Мекениң;

Тогуз толгоо, тогуз ай
Жаны менен жетилдиң,
Өнүп чыккан көчөттөй
Көбү аныкы этиңдин.

Атаң – аскар тоо болсо,
Апаң – булак жанданткан.
Тоосуз жашоо болсо да,
Суусуз болбос жашаган.
Өткөнчө сыйлайт энесин
Акылы бар жакшы адам.

Өтөт-кетет бардыгы,
Өмүр-закым, мезгилдей.
Өтөт сенин жаштыгың
Өзүм да ата дегидей.
Акыркы сөзүн «апа» дейт,
Атасын эске келтирбей.

Азыртан, балам, билип ал
Алдыда-келер башыңа.
Айтканыңда кийин ал
Айбыгып келип кашыңа,
Аталар жолу парзым – деп
Ата-эне сыйлаар ашыра.

## ЖАЛГЫЗ ЧЫРАК

Жатсам да уйку-соонун арасында
Жаркырап, көз алдымда бала-чагым.
Жалгыз там, урку тоонун барасында
Жапжашыл токой ээлеп ала жагын.

Кышы узак, борошолоп аяз бубак,
Кыймылсыз, аппак нурга тунуп калган.

Кызарып бүлбүл жанат жалгыз чырак,
Кылыйып тиктей берип көзү талган.

Кычырап дааналанат барган сайын
Кыйындап, өрдө унаа чана тарткан.
Кылактап дөбөт алда, короо-жайын
Кыйшайып байкап келет чөп үстүнөн
Кыл мурут атам анда жалгыз-жарым.

Кыш созук, майда араң келчү жазы,
Кыш согум унда жатчу ширин катып.
Кылайса байчечекей жанданып баары,
Кыр ылдый салааланчу кир суу шашып.

Жайы укмуш, бейиш эле токой, тоосу,
Жайлоого мал-жан батпай, бээсин байлап.
Жашыл төр, шибери белден, капчыгай оозу,
Жай чарба айылдан келчү малын айдап.

Түнкүсүн жылдыздар күлүп чамгарактан,
Түркүн нур дүйнөмө дем-күч берер эле…
Түгөнбөстөй чексиз сапар ак барактан
Түмөн-түс, жыпар жытын сезер элем.

Кайрадан келе берет элес жанып:
Карытпас; кубат, дем-күч бала чагым.
Кайда там? Жалгыз чырак? Бүлбүл жарык,
Кайрылып, бирин журттан табалбадым.

## УРМАТ-СЫЙ

Байкатпастан чачымды ак аралады
Башка түшсө көтөрбөскө чара барбы?!
Бардыгы тең жазып койгон тагдырбы же
Баяндасам мезгил сырын табаламбы?

Арылап барган сайын арбыйт экен,
Ар кандай оймо түшкөн бырыш чекең.
Анда да кулак укпай, муундар талып,
Айнектер электенет, кажып желкең.

Кандайсың? Дагы канча бараласың?
Кайрадан жаштык келбейт параласаң.
Калган жол алыс-жакын болбой калат
Катташып урмат-сыйга пайдалансаң.

## КУДАЛАР БАКТЫСЫ

Уул-кызың бойго жетсе карыганда
Урматтап келин турса дайым жанда.
Ушул той кудалардын бактысы – деп
Улантып бата берсең жалаң гана.

Кызым да туш болсо дейм эстүү жарга,
Кызыкпай байлыкка эмес жакшыларга.
Кымбат сөз – жандүйнөсү терең жандар,
Кыз-күйөө топук кылат колдо барга.

Тың чыкса келин болуп барган жерге
Таазими, сый-урматы жагып элге,
Таята-таенелер  келсе экен – деп
Таалай-бак, мээрим түшсө неберege.

Эки жар ынтымагы болуп бекем
Эки жак бир пикирге келсек экен.
Ээрчишип тойдо жүрсө кудаларым
Эх, жашоо кызык болор андан бетер.
Эң эле сонун болор андан бетер!

## БАЙЛАНБАДЫМ

Жазайын айталбасты катка кошуп,
Жазыксыз ойлорум көп муңга баткан.
Жашым да белден ашты жайыт козуп,
Жазгырып кыш да келер музу каткан.

Байкалбай жылдар өттү, кыска күндөй
Бардыгы алдыда деп... жүрө берип,
Балалык тоо аралап кетти жерип,
Бук болуп анда-санда чыккан үндөй.

Жел сымал учкан мезгил-убакыт аз
Жетем деп ашалбадым канча белди.
Желпинтип буйруп турду нечен бир кез
Жетип ал, байлык, мансап кошо келди.

Мант берип кылактаган бири түлкү,
Манчыркап бой көтөрүп бири турду.
Мазактап байлыгына көөнүм тартпай,
Малайча бийлигине жүгүнбөдүм.

Арзыбыс куш өмүрдө байлык жыйган
Ар-намыс мансабына алмашылган.
Азгырма сыйкыр дартка багынбастан
Ак таштуу жолдо келем сыр жашынган.

## УЗАРТ – ТЕҢИР

Четтен туруп мен өзүмдү карасам:
Чел кабыктай арып, кажып баратам.
Ченеп-бычпай, тең бол, Теңир! Берсең,
Чети оюлгус. Дагы көп ыр жаратам.

Мейли дебей, тыңдап укчу кебимди,
Мени жүргөн көптүн бири дедиңби…
Ме дебестен, жеп-ичкенден тажабас
Мен – бири болсом, аябагын келгинди.

Колуңдамын, узарт көрөөр таңымды,
Койсоң мейли мелүүндөтүп канымды,
Кайрат-күчтү калемиме ширетчи
Кайтарайын жазып бүтүп, жанымды.

Күндөн-күнгө азайгансыйт салмагым,
Күйүп бүтүп баратабы шам жаным?
Күтө турчу, мен жандырчу жарык көп,
Күйүп-жансын! Андан кийин жалмагын.

## КӨР ТУРМУШ

Сараң менен катташсаң –
Санап баскан кадамын.
Уялбай сурайт бергин – деп
Унутуп дайым алганын.

Чоң бай менен достошсоң –
Чоң мал союп той берет.
Чокчондобой көңүлүн тап,
Чоң-кичине мал келет.

Бийлик менен касташсаң –
Байлап берип касапка.
Бөйрөктөн шыйрак чыгарат
Башыңды салып азапка.

Жойпуга болсоң табакташ –
Жоругу калбайт өлгүчө.

Жок жерден олжо табам – деп
Жанынды кыйнайт бергиче.

Ыймансызга кабылсаң –
Ылгабайт жакшы-жаманың.
Ары-бери миң калчап,
Акыры кетет амалың.

## СӨРӨЙ ЖАНДАР

Канчалык сыйласаң да кээ бир жандар
Кайтарып жылуу сөз же баркты сезбейт.
Калчудай бул дүйнөдөн көчпөй алар
Каргаша баскан кезде басып келбейт.

Байкабайт адил, даана мүнөзүңдү
Бапырап сыйлагандар гана жагат.
Барк албай теңчил, жумшак жүрөгүңдү
Башыңа иш түшкөндө алыс качат.

Татыксыз сый-урматка сөрөй жандар
Татыбайт төргө алып берген сыйың.
Таарыныч, сөз өтпөгөн дөңгөч жандар
Таалимден оңолот деп айтуу кыйын.

## АТА-ЭНЕ БАРКЫ

Балаң билбейт жакшылыгын атанын
Байкабапмын, мен да эмгегин атамын.
Баркын билбей, айткандарын оор алып,
Бара-бара келет тура катарың...

Баштан өтпөй кайдан билсин катасын,
Башкарган бар, таап алгансып атасын.
Балаң туулса ата орду саа келет,
Бар кезинде ала жүргүн батасын.

Алаар сыйың бүгүнкүдөн куралат,
Ата-энеден калган жолуң уланат.
Ата кезде берген мээрим-тарбияң
Алды жакта урпактардан суралат.

Айтса көнбөс, ченелген да тагдырың,
Алдын ала билбейсиң да бардыгын.
Ата баркы, эне баркы бар кезде,
Алар жокто – сезерсиң аалам тардыгын.

## ӨЙДӨЛӨНДҮ ЗАМАНА

Бай-кедейге бөлүнүп
Бытырады заманың,
Күйүп байкуш чөгүнүп
Күркүрөдү каманың.

Өйдөлөнүп ак жүргөн
Өйдөлөдү дил жаман,
Өзү үчүн күйгөнгө
Өтө жакты бул заман.

Жакшы кебиң жарабай
Жалаң пара жалмады,
Жаш-куракка карабай
Жаш кыз чалды жандады.

Аягы жок, башы жок
Аңтарылды бардыгы,

Аксымдардын боору ок
Адам дебейт жардыны.

Ага-тууган жакындан
Акча, бийлик бааланат,
Акыл-эмгек акындан
Акмак-шумпай барктанат.

## ЖАШЫЛ ДҮЙНӨМ

Ата Журтум – туулган жерим
Ак мөңгү тоонун алдында.
Анда дүйнө жашыл экен
Аккан суу булак жанында.

Алыс-алыс кабар кеткен:
«Айткын, уул төрөлдү» – деп,
Алмасын артып атам келет
Ал укпастан сүйүнчү кеп.

Көз жарганда алгач жарык
Көкүрөгүм дем алганда,
Киндик каным тоодо тамып
Кетпес элес калып анда.

Канчалаган жылдар өттү:
Кайда бардым, нелер көрдүм…
Кайтпай үмүт, санаа чөктү,
Калды жалгыз тоолук өңүм.

Алыстабай кайра келем
Ат мамыга байлангандай.
Ата Журтум тоодо белем
Ат ордуна айлангандай.

Адам карып чөккөн сайын
Арбайт экен туулган жери,
Андан дагы жатар жайын
Айтып берет анын деми.

## ТУКУМ-БАЛА-ЧЫГАРМАҢ

Балдарым бар, окурман отун тутантар
Бири ыйласа, бири кайра кубантар.
Билбейм, азбы же узакпы басар жол,
Бар жашоодо жарпым жазып жубатар.

Баары өтөөр; көп ойлонгон баш калар,
Баркын билбес тебелеген жаш балдар.
Баягы жол – жетип, жетпей үмүткө,
Башталганы түгөнбөстөн ташталар.

Баары калар; унутулар атың да,
Балаң гана сүйлөп сенин атыңдан.
Барк-дөөлөтүң калган изден табылар –
Бар кезинде тургузулган затыңдан.

## КАЛДЫМБЫ УБАЛЫНА

Талашып тар бөлмөдө отурамын
Талбастан шыбагамдан калбай жазып,
Тарактап бири кирип, бири чыкса
Таптырбай саптар кетет кээде качып.

Кеч кирип, таң сүргөнүн билбей кээде
Кетемин сыр дүйнөмө аралашып.
Кечемин булуттарын тоодон өйдө
Кеменгер ой белдерин кана ашып.

Кезигем: кең жайлоого дайым таңдан
Керимсел жел эргиткен гүлбак жазга,
Кетишет: эбак жерден көчкөн жандар
Калтырып тагдырларын ак кагазга.

Кайылмын: ашканада отурсам да,
Каат турмуш бизге күчүн салат тура…
Кең үйлүү жыргал жашоо берсе тарып;
Көр дүйнө жандүйнөнү басат тура.

Тактаймын өткөндөрдү, жокту-барды,
Талпындым: окуп, жазып… Жашап жарды.
Так өтпөй убалына калган экем?!
Тапкан соң, элдей бакпай алган жарды.

## ЖАРКЫНСЫҢ

Ак халатчан
Алтындай кыз баркысың;
Жарык маанай
Жаркылдаган Жаркынсың.
Жаш кезиңден:
«Жакшы дарыгер болом» – деп,
Атаң баштап
Аруу үмүт артындың.

Бала кезден
Баптап билим талпындың.
Борбордо окуп
Баркын билдиң калкыңдын.
Баарынан да
Бийик элдин батасы,
Баасы канча
Байлык, бийлик, алтындын?…

Жолдор узак
Жакыны бол асылдын.
Кек сактабай
Көңүлүн тап касыңдын.
Көз ирмемде
Күндөр учуп, жыл өтөөр,
Көп кечикпей
Кадырын ал жалпынын.

## ТАЛДЫ-СУУНУН КЫЗДАРЫ

Кабылып бир укмуш күү жүрөгүмдүн кылдарына
Кайрылгым келип турат өткөн жаштык жылдарыңа.
«Ак Жалга» – деп карапайым кыргыз элин баккан
Арзуум артты Талды-Суунун сулуу,
кымбат кыздарына.

Жерденби же сууданбы өзгөчө бир ариети
Жети ата – жети муштум берген ыйык касиети.
Тартса да азап-тозок, чыдап баарын жеңип чыгат,
Таалай-бактан табыштырып анын кайткан акыбети.

## БИЗДЕ КИМГЕ ЖАШОО ЖАКШЫ

Карк-карк деген үнү менен каргалардай учса дагы
Калкын талап жеген үчүн карганы азыр шумкар дешет.
Кайран эрлер заман курган... Унутулду азыр баары,
Каржалган эл улам кажып, тулпар болду даңгыр эшек.

Жагымпоздор жайнап кетти кекиртектин айласы үчүн,
Жалжылдаган кыздар сойку абийирине
акча алмашып.
Жаңы муун да туткун азыр бузукунун сезбей күчүн,
Жаман агым сырттан кирди ыйманга да өрт жармашып.

Акча төлө? Акча! дешип баары акчага байланды:
Акмак дебей кыйын дешет алдап, тоноп алганды.
Акынмын, – дейт топончулар көр дүйнөсү жетелеп,
Акчасы аны коргоп турат чын деп жазып жалганды.

Жандүйнөгө дарт жармашып акча гана жакыны;
Жакын тууган, ата-эне жок, айбан чалыш акылы.
Жалпы журтка мындай оору улам тарап тереңдеп,
Жанын кыйнап арбап жүрүп акча жутат акыры.

Жалган атак мактаныч көп арам терге сасыган;
Жайлап, төлөп ысмын жазат: мектеп көчө атынан…
Жаңы заман-эркин базар төрт тарабы ачылган,
Жетим-жесир, кайырчы көп күкүм терген катыган.

## ЖАШЫЛ-САРЫ

### 1

О, жараткан!
Мен байкушта не айып?!
Эч байкалбай
Жашап жүрөт бир карып…
Көр турмушка,
Көң курсакка алаксып.
Канча чурка,
Канча далбас урбагын,
Күн да бүтөөр…
Күтүп, барар турагың;
Көздөн учсаң-
Көкүрөктөн басып чым.

Не жараттың…
Не жараттың адамды?!

Жалган дебей
Же алдадың баланды…
Жарыбадым
Же түшүнө албадым.
Жаңылбасым-
Жалгыз гана каламым.

Кайда барба,
Канча баспа таманым,
Калчылдашып,
Кан талашат адамың?..
Кайгырбаган,
Каңгып, далбас урбаган –
Камын көрөт
Кыйды, жаман, арамың.

Канча жаша,
Канча талбай жазбагын;
Калат тоолор,
Калат ойлор,
Калат-баары.
Жазганың…
Кошо жатып,
Кошо кетет,
Коштоп жүргөн арманың.

**2**

Неден элим…
Неден азыр каржалат?!…
Баягыдай
Тунук асман;
Байгер, теңчил
Турмуш жок-

Боз туманга
Чулгангансыйт
чар тарап.
А мен жүрөм;
Көк бакчамда;
Көпкөк өрүк,
Көк карагат аралап,
Негедир көп арасында;
Эрте солуп,
Эрте түшкөн,
Куба-сары жалбырак.

Эркелетип
жашылдарын,
Эрте түшкөн
ак чачымдай,
Бирден тердим
сарыларын.

3

Не каржалат…?
Не каржалат
Карыларың?!
Бир кездерде
эл-жерим, – деп,
Аябаган кара жанын;
Кан майданда
төшүн тосуп,
Эртеңкиге үмүт толгон.
Эми кантет?
Кайда калды?
Эр-жигиттик,
Кайда жаштык?!
Эч кайрылбай
ошо бойдон

Эмкилерге баасы жокпу?!
Эмкилердин жыргалы үчүн,
Эң биринчи ташын койгон
Эптештирген
баары:
жокту...

Алып,
Терип
жашылдарын
дарылап:
Сарылары
ойго салат
жаралап.
А мен жүрөм
Көк бакчамды
аралап.

## АЙДАР ИНИМЕ

Мелтиреп жатат көлүң, кээде толкуп
Жыбырап толкундары жээкке жортуп.
Аттиң! дейм, кечээки эле ойноок балаң
Аксакал курагың да келди тосуп.

Акылман, ойчул, тентек жылан жылда
Эгиздер жылдыз жанып түшкөн экен.
О, кийин, эгемен жай келген кезде
Айтаармын, чыдагын деп күттү бекен?

Аталар-эл бийлеген, азыр кайда?..
Армансыз жашоо болбос жарык жайда
А балким, жылдыз алар тээ асманда:
«Айтаарым, чыдагын деп, жокко-барга».

Аккан суу соккон желдей сызат мезгил.
Алдыда; ашуу-белес, жолуң кеңдир,
Андан тез, андан учкул кыял берди,
Алкынган калем менен баарын жеңгин.

## АК КУУЛАР СҮЗДҮ КӨЛҮМДӨ

Ак жайдын күнү толгондо,
Ак куулар келип конгондо,
Көшүлүп көлүм толду бейм
Көк асман көөнү тойгондо.

Агарып таңы атканда,
Ааламдын сырын ачканда
Жээгинде турду кош караан
Жээликкен курак жаш кана?!...

Жай беле жылдын ыраңы,
Жалжылдап көздөр ыраазы.
Жабыла сүзгөн ак куулар
Жан кумар ырдын чырагы.

Ай нурун төгүп мемиреп,
Айбыгып сезим кемирээк.
Жылтылдап карек, толкундар
Жыбырап жээкти жемирет.

Карыды келген сапар да,
Кылгыра тиктеп кайтарда.
Кыйкуулап учту ак куулар
Камыгып дүйнөм... Айтаарда.

А.С. ПУШКИН

## АННА КЕРНГЕ

Эсимде керемет көз ирмем:
Шок нурдай алдыма төгүлдүң
Кайыптай кабылган жан биргем,
Бир укмуш ажайып көрүндүң.

Үмүтсүз санаалар кыйын күн,
Жан далбас чочулоо бир эзип,
Далайга жаңырып шыңгыр үн
Суйкайып түшүмө киргенсиң.

Аңтарып мезгилдер күр-шары
Мурдагы ой-кыял жайрады,
Унуттум жылаажын үнүңдү
Татына элесиң калбады.

Кунарсыз түпкүрдө камалып
Узарып жылжыды күндөрүм.
Теңирсиз, кубатсыз, жаш катып
Сүйүүсүз жашады сүлдөрүм.

Ойгонуп денедей жан кирген:
Мына эми сен кайра көрүндүң.
Кайыптай кабылган жан биргем
Бир укмуш ажайып төгүлдүң.

Жай согуп жүрөгүм тынчтана
Сен үчүн бардыгы жаңырды,
О, теңир! Өмүр да шыктана
Көз жаш да, сүйүү да кайрылды.

А.С.ПУШКИН

## ТУТКУН

Нымдуу зындан, темир тордун ары жагы
Жаш кыраанын эрксиз туткун жемин жеп,
Муңдаш курбум, канат сермеп каржалып,
Канды чукуп терезеге теминет.

Чочуйт, чапчыйт сырткы дүйнө азгырат,
Сүйлөшкөндөй, бол дегенсийт батыраак.
Шаңшыйт муңдуу эки көзү жалындап,
Айтуучудай: «Кана учтук, бизди күтөт алыс жак».

Азаттык, бир боорум, кечикпе, ачык жол!
Алдыңда булуттуу, созулган ак тоолор,
Алдыңда көз жеткис мелтирейт көк деңиз,
Алдыңда жел ойнойт… Эркинбиз экөөбүз!

## ЖАЛДАНБА

Баркыңды билбес адамга
Тамагы бекер экен – деп
Артынан ээрчип жалданба
Элден мурда этектейт
Сен өйдөлөп барганда:
Жаныңдан чыкпайт дайыма
Жалгыз достой жалганда
Жакындарын жамандайт
Жедеп көнүп алган да.

Көөдөнүңдү көтөрөт
Көкөлөтүп асманга;
Калкытат,

Далыңдан таптап
Балкытат.

Акыры кийин кеч болот
Жанашканың жаманга;
Өз атын айтып «Эшек» дейт,
Сен төмөн түшө калганда.
Ишенчээк жаның өкүнбө
Тепселген соң таманга.

## КАЙЫРЧЫНЫН ЫРЫ

Тагдыр бекен?
Же жазмышпы анчейин,
Көр турмуштун
Табалбадым бал сөзүн.
Махабатым
Боздоп-сыздап жаш төгөт,
Сен кайырчы,
Мен кайырчы, кантейин?!

Асман тунат
Ачуу тартып бал сезим.
Айлым тарып
Албууттанат ал сезим.
Ортобуздан
Орун таппай чок-жалын,
Ойкуп-кайкып
Ойдолоктойт бир сезим.

Муңдаштарым
Муңдуу ырдап шай кетип,
Мунжу-азиздер
Муңайышса жан кейип.

Каралдым-ай!
Кайгырба да, таарынба,
Мен кайырчы,
Сен кайырчы, кантейин.

## АТА ЖОЛУ

Окуйм, жазам:
Отурамын ой багып,
Оюн-күлкү,
Ооз тынбаган той калып.
Жарык чачып
Жанган менен жандүйнөм,
Жакырлантып
Жабыркатты көр дүйнөң.

Акыл калчап
Аалам сырын аңтарам,
Акылмандар
Алган багын аралап,
Аруулашып
Ак дүйнөдө шаттанам.
Көзү тойбос
Көр дүйнөсү курусун,
Көңүл бөлбөс
Көктүгүмө мактанам.

Балтайгандар
Басат жерди ныгыра,
Бардармын – деп
Бийиктен карайт кылгыра,
Азгыргансып
Арам тамак чыгына.
Аз болсо да

Актык жолдо табарым,
Азыктанам
Ата жолдун нугунан.

## КАЙРАН ЭЛ

Туш-туштан бөрү турмуш барат кысып,
Тумчугам аба жетпей карап туруп:
Кайран эл кара таман кулга айланып,
Калчады каалагандай кара тулуп.

Карынын карды тойбой катып турат,
Кайда деп өткөн күнүм жашып турат.
Бүт өмүр сарптаганы ашка жетпей,
Бүлкүлдөп орденлерин сатып турат.

Жакшылар жан кейитпей шапар курат.
Жаштары ишсиз, үйсүз кайыр сурап,
Кантебиз, өз жеринде малай болду
Капкалуу бардарлардын тамын шыбап.

Жар салдык жалпыбыздын үйүбүз – деп,
Жаркылдап мейман тоздук артканын жеп.
Жапайы, таш боор турмуш басып кирди.
Жалмаңдап бардык жерде акчабай кеп.

Кечээки коң каргалар кузгун болду,
Кежеңдеген кашаң ат дулдул-жойпу.
Эл атынан элин тоноп, элин жеген
Эшейбайлар менчиктеди ойду, тоону.

Эй, кыргыз! Ар-намысың кайда кеткен?!
Эл-жерди сатасыңбы ашка эртең?!
Элирип, эркиндикке жеттик десем,
Эми элди кул кылабы четтен келген.

## КАЙДА САЛТЫҢ

Айланайын кыргызым сөзгө жакын:
Айла кетип, баркталбай асылдарың,
Сулап үмүт, таңдайым катып турат,
Суранчыга айланып акындарың.

Кулу болду бийликтин, мансапкордун
Куу кекиртек, көр дүйнө ээлеп ордун.
Арзыматтай кулкулдап мактап турат,
Акынмын деп чүргөмө тонон жолбун.

Баягыдай сөзүңдүн наркы кайда?!
Бабырашат балдарың калжың жайда.
Бөрү менен эшалар башка чыгып
Бөлүп-жарып жүрүшөт элди кайрап.

Айткан-кеби дайынсыз чалагайым.
Айткандарын аткарбай калат дайым.
Аталары куучуюп сөз таппаса,
Аксакал деп айталбайм карыларын.

Аял-эркек, кары-жаш, аш-той шаңын
Арак селдей каптады арбап баарын.
Арак, баңги биригип ыйман качты,
Айланайын кыргызым, кайда дайның?!

## АРАК ТУКУМ

Арыды кечээ эле жапжаш кары
Аркырап учкан жылга жетпей алы.
Ал кезде балдар эрте жетилчүбү?
Азырчы? Отузунда жаңы «баскан»

Аны айтып, муну айтып не кылабыз,
Арактан туулган тукум куруп калды.

Айыпты кимге тагам, замангабы?
Аракты ойлоп тапкан арамгабы.
Аттигин! Не баркталбайт таза кымыз,
Айдарым жел, мөлтүр булак, салкын аба.
Азыркы карылар да кары эместей…
А балким, калды жалаң самандары.

Аксакал-кары төрдүн көркү эле…
Азырчы? Кары-жашы карын – бөлө.
Көсөө чал, аял-эркек кажылдашат
«Калтырбай алып ий?» – деп кептен көрө.
Кары деп, аксакал деп жаш сыйлайбы
Калдайып мас жатышса алар төрдө.

Жаштары жайды дагы жөн казышпайт,
Жалпылап баш жазышат кирип көргө.
Ууланган арак тукум калбай келет,
Уу-дуудан ишке өтсө андан көрө.

## НАСЫЙКАТ

Өйдөсүнүп
Улууларды сыйлабасаң,
Кийин сен
Кичүүлөрдүн сыйын күтпө.
Канчалык
Залкар, улук болсоң дагы,
Каада-салт
Кыргызыма кандан бүткөн.

Күүлөнүп
Өйдөсүнбө өз агаңдан,

Ошондой
Сөз угасың төмөн жактан.
Дымагым
Андан бийик турат дебе,
Инисиң
Төрөлгөн соң кийин андан.

Жараткан
Акыл берер кимге кандай?
Билбесең
Уга жүргүн жаш ылгабай.
Улгайган
Көңдөйлөргө айла барбы,
Зирегиң
Урматтагын кебин тыңшай.

## СЫЙЛАШКЫН

Алдагын
Акылы аз араң жанды.
Жалдагын
Сообу тиер жарым жандын,
Акыры
Жакшы, жаман жоопсуз калбайт
Ажалың –
Алып тынат асылганын.

Калбагын,
Баштаганды кайра тартпай.
Барбагын,
Барбачуга болуп жаттай.
Жакшылык –
Башкалардан жообун айтат,
Баатырдык –
Сабыр тутуу кек сактабай.

Жайнагын,
Кайгы-муңуң сезбейт башка.
Талбагын,
Күнкор болбой бекер ашка.
Сыйлашкын,
Көз ирмемдей өмүр өтөт,
Карабай
Жаман, жакшы, кары-жашка.

## АРЫК ТУКУМ УРУГУМ

Арык мырза түпкү атабыз акылман
Ак бата алган ыйык эне Бугудан.
Ал ынтымак, калыстыкка чакырган,
Алдын сыйлап, көп ийменген улуудан.

Ата Журтун биримдикте караган
Арык атам беш мырзанын улуусу,
Андан бери Жоотатырдан тараган
Анын уулу Жоонкүчүк дейт уруусу.

Арыкпыз дейт бүткүл Ак-Суу аймагы;
Айылдар бар Сейитказы атадан.
Кыдыр ата уруу журттун байрагы
Кызыр даарып өнүп-өскөн батадан.

Күндөр сызып, айлар жылга жалгашып
Күүлдөп нечен замандар да алмашты.
Уруу, урук деп, санжыра да талдашып
Улам кийин издеп калды кандашты.

Ата-бала түпкү атадан тараган
Арык мырза – Ысык-Көлдүн сыймыгы,

Алыс дебей, жакын дебей баладан
Арбын баккан аталардын ыйыгы.

## БООРГО ТЕПТИ

Боор оорусам байкуштар деп жетимди,
Боорго тепти, абийиримди кетирди.
Же заманы, же адамы бузулган,
Же акылы, же алардын тарбиясы тетири.

Жалдырашат, самсаалашат балдары
Жетелешет кемпир менен чалдары.
Көзүң көрсө жүрөк ооруйт кайрадан,
Көр турмушка жетпептир деп алдары.

Билбейт алар элдик кадыр-баркыңды,
Билбейт алар эл деп жүргөн дартыңды.
Байкуштардын акыл-эси ашказанга жайгашып
Бардыгын тең тейлеп калган алкымы.

Жапжаш туруп келин-кызы арылдайт,
Жаман сөзү китептен да табылбайт.
Жаралган соң жанды багуу парз, бирок
Жалган дүйнө жанын алар жагын айт.

Байкуш болуу кайдан? Неден? Ойлойбу...
Бал татыган жылуу сөзүң болбойбу?
Бүлбүл шоола тоң катмарды эритет,
Бүгүн дебей келер күндү ойлойлу.

Боорум ачыйт жесир жалгыз аялга,
Балдары жаш, карары жок аярга.
Эми чочуп алыстадым алардан,
Энөө жаным калбайын деп жалаага.

## КЫЙНАЛСА ЖАНЫҢ

Акыры
эт жукарып териң калар,
Саналып кабырганың,
Ыңырчактай кыйчылдаган
белиң калар
Таң каларсың;
Буга себеп,
күнөөлүү
ким экен деп
Бир өзүңдөн:
Бир четинен санай берсең;
Бир топ – алар.

## ТӨРТ МЕЗГИЛИҢ БИР ЖАШАР

Анда жазым укмуш эле жадырап,
Аны эстесем жашыл дүйнөм жаңырат.
Алдын билбейм, күз таянып калгансыйт,
Алдын-ала күч бере көр жаңылап.

Жаралгандан жылда мезгил төрт башка:
Жаз, жай, күзү, андан кийин кыш башта.
Жазылгандай өмүр жазга кайрылбайт,
Жыл айланса адам карыйт бир жашка.

Аалам чексиз: Ай да күндөн нур алаар.
Адам жерден өнүп-өсүп нурданар.
Арып-карып жүзгө жашы толсо да,
Акыры бир күн бардыгынан кур калар.

Кышка өмүр жыл айланып жеткен бар,
Кыска өмүрдө жаздан өтпөй кеткен бар.

Кыйла жашап, жүзгө таяп өттү – деп,
Кыйын көргөн байкуш пенде бир жашар.

## МЕНДЕЙ БАРДЫР

Үйүм тар: үстү чатыр, жалгыз кабат,
Короомдо жапыз тамдан тамчы тамат.
Ондогон жылдар калып, жашап келем
Жаралган жакшы ырларым күлүп-жайнап.

Бөлмө тар, келбейт бизге мейман дешет,
Үй-бүлөм мени кажып кезек-кезек.
Жаалдашып каармандарым туш-тушумдан
«Мени жаз, кечиктиң?!» – деп жемелешет.

Уул-кыздар бойго жетти, биз улгайып,
Келинге андан бетер үйүм тарып,
Бай турмуш мезгил ээрчип кете берди
Баягы биз, баягы эле үйдө калып…

Үйүм үчүн угуп келем жемелерди
Жандүйнөм андан деле кебелбеди.
Сыртымдан кээде тонуп, кээде бышам,
Барсайып чоң сүйлөсө кай бирлери.

Кенен жай, кабат үйдү кимдер салат?!
Кенече элди соргон арам тамак,
Же ит жан, кумурскадай оокатчылдар,
Кээ бирлер бийлигинен байлык табат.

Баш ийип келатамын: жазмыш тагдыр,
Тиге да, буга дагы кошулбасмын.
Үйүм тар, жандүйнөм бар аалам татыр,
Жаралган мендей дагы пенде бардыр.

## ЖЕР КӨТӨРҮП ЖҮРӨТ ЭЭ?..

Ичиң арам издегениң арамдык,
Илип алма, уютулган сараңдык.
Ичи тарып өзүн гана ойлогон –
Ичтен тынат мен өтөм деп карарып.

Алга озгонду этегинен тартасың.
Алдым-жуттум акчалууга калтасын.
Алмашылма, түскө карап өзгөргөн,
Андан-мындан сыйрып алма маркасын.

Тоотпогон таш боорлугуң жырткычтай
Тоголонмо, ыгы келсе кыпчытмай.
Калчап-байкап сөөлөттүүдөй сүйлөйсүң,
Калп күлөсүң, кайраштырып тынчытпай.

Шыбап-көөлөп жөөлөгөнгө машкесиң,
Шыпка карап тез өзгөрткөн шапкесин.
Шылдың кылып семиргенсип жүрөсүң,
Шылуунданып ээлеп элдин бапкесин.

Сезилбейби куйтулугуң өзүңө?
Сенден башка жаралбасын жан бирөө!
Секин, элдин убал-сообун тепсеген,
Сендейди да жер көтөрүп жүрөт ээ?!

## КҮЗ ЖАМГЫРДАН КИЙИН

Жашарып абасы да көпкөк асман,
Жаркырап күн нурларын тегиз чачкан.
Күз мээрим берекесин төгүп турат,
Күлмүңдөп кызыл жүздүү алмабактан.

Желаргы желип өтсө жалбырактар
Жыбырап алакан чаап шыбырашат.
Теңинен эрте айрылган калдырактар
Тепселип бут алдында тыбырашат.

Ийилип мөмөлөрү: алмурут, алма,
Ийменип таң булбулу сайрайт талда.
Сапсары талаалары бойдон бошоп
Сүт, майлуу жайыт толду семиз малга.

Шашылыш тоодон түшүп тестиерлер,
Шакылдап соода жүрдү базарларда;
Мектепке, кийим-кече, китеп, дептер...
Мээнетин чачып ата базарларга.

Каркылдайт каргалары айтып датын,
Кабарлап билдиргендей суук жайын.
Аппак кар – ызгаар мезгил келаткансыйт
Алтын көз сары күздүн санап жашын.

## БОЗ ҮЙ

Боз үйдө: кышта жылуу, жайда салкын,
Сырты аппак, ичи толгон эмеректен –
Кыргыздын таап аласың каада-салтын:
Капшытта ала бакан, чыгдан чийден
Миң түрлөп оймо салып чебер түйгөн.
Төрүндө алты кертим жүк зымпыйып,
Жабуусу саймаланган жыпар гүлдөн.

Сандыгы көгүш, кызыл, жашыл түстөн,
Саймалар туш кийизден күлүп турат,
Самсаалап жибек чачы тумар үчтөн.

Ааламдай ичи кенен тептегерек;
Айланта чептей тосуп уук-кереге,
Кызыл чок коломтосу кысыр калбас
Кыргыздын түндүгүнөн куту түшкөн.

Шырдагы кызыл-жашыл кочкор мүйүз,
Былкылдап кабат олпок, көрпө салган.
Бурч-бурчтан чыгып турат ала кийиз.
Аксакал, көк сакалы бир айылдан,
Алдына кут дасторкон кең жайылган.
Илгертен уламадан кеп салышып,
Ичкени саба жарган бал даам кымыз.

Боз үйдү жакшылыкка тойго тигет,
Ала-Тоо көчүрмөсү ак калпагын
Алкынган тулпар минип тойго киет.
Той жандуу: топук кылып бар-жогуна,
Ыр жандуу: табынган чоор, комузуна.
Кыргыздар өлсө да узайт боз үйүнөн
Жаны жок денеси да жыргап түнөп.

## ЭСКЕ ТҮШӨТ

Кайран өмүр: баскан жолум
Жалын курак жаштыгым,
Силер үчүн талыбаган эмгегим.
Тукум улап муундан-муунга
Жетелеп, үмүттөнгөн азыгым,
Акталбастан – ташка тамган
экемин.

Өттү-кетти: эми алар кайрылбайт,
Ченеп-бычып берген сапар арылап,
Азы калды эңсеп жердин тереңин.

Кылчайып бир, артты карайм:
Жолумду улаар; тукумбу же баламбы?
Караандар бар – алды дың, күлгө айланар
Бекемин…

Бу дүйнөгө келип бекер: акча үчүн,
Тамак үчүн жашагандар:
Башы чакча, дың кулактар;
Айбандарча күн өткөрөт,
Окуп-жазбайт, акыл албайт…
Темирдин итке кереги не? Эске түшөт
Кечээким….

## БАЛ СҮЙЛӨМ

Ырыскысын бирөө табат тамандан,
Ыйык жолун бирөө чабат каламдан.
Ый-күлкүгө жетеленип алаксып,
Ың-жың көргө канча пенде камалган….

Узак…Узак…Узак… Жолуң көз ирмем
Улгаярсың… Улгайбаган жандүйнөң.
Улук дейбиз, өлүм гана ак дейбиз
Унутулбас ууз татыган бал сүйлөм.

## ДЕБЕГИН

Жазганыңдан
Жазуучумун дебегин,
Бергениңден
Берериң көп дегеним,
Чапкан жолдо
Чар-тарапка карабай,

Чыйыр салып
Чыгаан чыксын калемиң.

Менменсинип
Мен акынмын дебегин,
Данын алып,
Үйлөп ташта кебегин,
Уйкаштанган
Саптын баары ыр эмес,
Элди ойло,
Кебек токоч жегенин.

Калемим бар,
Калемгермин дебегин,
Калемде да
Касиет бар дегеним,
Жандүйнөңдүн
Жанар тоосу болбосо
Жоопсуз калат
Желе жорткон эмгегиң.

## СОКУРЛУК

Кайда барба: элет шаарбы алыстан
Кажылдашат кары дебей, жаш дебей
Кеп талашып саясаттан, тарыхтан,
Көсөө баары: улуу-кичүү байкалбай
«Кылт этмеден» теңтуш болуп алышкан.

Көпшөк сөздөр: ушак-айың айтканы,
Көөдөн керип, баба салтын элебей,
Көроокатын кымбат баага сатканын.

Кайдыгерлик – ата-бала карашпай,
Көрбөй калган акча-пулдан башканы.

Кары десем нуска сөздүн бири жок
Кайда жүргөн ондогон жыл кенебей
Кайран өмүр өткөн экен колоктоп.
Кайтпас күнөө, акыреттен кеп урсам
Кайра жообу: «Бу дүйнөдө бейиш көп...»

## УЙКУЧУ БАЛАМА

### 1

Ачсаңчы, балам, көзүңдү,
Акылым толук кезинде
Айтканды калчап акылга
Алсаңчы накыл сөзүмдү.
Артымда калган кезди эстеп,
Айыптап жүрөм өзүмдү.

Балким, күнөө өзүмдө,
Байкабай жүрүп жашымда,
Баалабай өмүр сапырып
Берилдим бекен сезимге?
Бардыгын аяйм деп жүрүп
Балбал жаш калды көзүмдө.

Санаасыздар көп уктайт,
Сабырын сактап туралбай.
Самтырак жообун агытып,
Сурансаң деле кеп укпайт.
Санына кирбей балам – деп
Сактанат оюм бир ыктай.

**2**

Ачсаңчы балам көзүңдү;
Уксаңчы накыл сөзүмдү.
Аябайт бизди убакыт,
Алдыртан соруп өмүрдү.

Уксаңчы, балам, сөзүмдү;
Өткөрбөй бекер өмүрдү,
Артымда чыйыр из калсын,
Булгата көрбө төрүмдү.

Эстей жүр аты-жөнүмдү;
Эртеңки келер өмүрдү.
Тоолукмун тоодо жатайын,
Тоодон каз жай-төрүмдү.

Уга көр, балам, сөзүмдү;
Аманат керээз көңүлдү.
Артымда эстээр силер бар,
Уктатпай ачаар көзүмдү.

## АК ЖУРТУМ

Эгин айдап
чөп чаппай;
Жайы-кышы
мал бакпай;
Жазмакейлер журту – ал.
Жорго калем
жан бакмай
Көз карабай
көп жакпай;

Көп-азына
өз -жаттай;
Калемгерлер журту – ал.
Көр дүйнө жок
сөз батпай.
Көсөм сөзү
араң жан
Кээде өкүм,
кээде суз.

Кээде төмөн баладан;
Айла-амалды билбеген,
Арсыздарга күлбөгөн
Айланайын ак журтум
Актык күндө жаралган.

## НАЗЫМ

Майдалап
Жамгыр да себелеп
Аңгыча чагылган атылган.
Бакта түн…
Жарыктар желелеп
Айкашкан
Жылуулук алкымдан.

Жаз беле…
Гүл жыты буруксуйт.
Сезимдер
Тоо суусу кайнаган.
Аттиң – дейт
Алтын күз умтулуп,
А бирок кайрылуу
Кайда аган?..

Кайдадыр
Ой-кыял жетелейт.
Көз ирмем
Мезгилдер окшобой,
А жүрөк дүкүлдөйт, энтелейт
Сапарым бирге деп токтобой.

Аңгыча
Жарк этти чагылган;
Күр-шары нөшөрлүү
Күз беле?..
Ак таңдар
Күүгүмдө кабылган
Шиберде
Жайкалган наз дене...

## ЫРЫС ТООЛОР

Мобул тоолор
кылымдардын элеси ,
Мобул тоолор,
Мобул тоолор
булут кечип
Аалам тиреп жылбаган,
Ала-Тоолук
Кыргыздардын чеп ээси.

Тоолор... тоолор.
жана тоолор...
Бирин бири демдеген.
Берендердей
туу алган.
Аппак булут асманында
чуудалардай;

Аппак кары чокусунда
туу дабандай
Төмөн чубап
сууга айланып,
Жашыл өрөөн
жашыл кийип,
Жашоо жолун улаган.
Тоолор барда
Кыргызым бар
Кыргыз барда
тоолор
жашайт.

Топук кылам барына.
Айлана тең
тоо курчаган
Арсыз душман
айбыккан,
Тоолуктарда
тоодой максат
Тоодой жүрөк андыктан;
Тобокел – деп
кыргыз айтат
Тоолоруна сыймыктан.
Баатыр чыккан,
Акыл чыккан
чыга берет
кыргыздан.

## АЗЫР КИМДИН ЗАМАНЫ?

Ары карап бирди айтып;
Бери карап бирди айтып
Кубулгандын заманы.

Желип жортуп жойлогон
Жеп ичкенден тойбогон
Жулунгандын заманы.

Урук-тууган биригип,
Улугуна жүгүрүп
Телингендин заманы.

Байлык-мансап биригип,
Бей-бечара бүлүнүп
Кемигендин заманы.

Элим деген азайып,
Менмин деген бааланып
Көмкөрүлгөн заманбы?!

## УУЛ-КЕЛИНИМЕ

Ырыскы кирер бүлөнүн
Ыймандуу болот келини,
Ыроолоп сыйлап түгөйүн,
Ыйлатпайт ата-энени.

Бакыты болор бүлөнүн
Баштуу чыгат алганы.
Байкатпай түздөп жок-кемин
Байкалбай калат жалганы.

Басынып жокко алдырбай
Бар деп турат балдары.
Башын ийип кор кылбай
Бар кылат жоктон ардагы.

Кемтигин айтса терикпей
Кайненем жакшы – деп турат,
Кеп айтса башка зерикпей
Келиним жакшы – деп турат

Келишип турса жубайлар
Келин-уул камын жебейби.
Кезиккен сайын кудалар
Кемитпе сыйдан дебейби.

Уул жакшысы кубантып,
Урматы болот атанын,
Кыз жакшысы жыргатып
Кызматы актайт батаны.

Эки жакшы бириксе,
Эне-атанын бактысы.
Эзели бөлүп кор кылбайт,
Эстүү келин жакшысы.

Кеменгер чыкса баласы,
Келинге басым чоң кылбайт,
Келиндин болсо чаласы,
Кемсинтпей айтып сөз ылгайт.

Топугу бар бүлөнүн
Тогонок болот ити да,
Токчулук сээп үрөнүн
Токтолбой кирет киши да.

Тартынып абийир сыйынан
Таң заардан турат бүлөсү,
Такшалып таңдын сырынан,
Табышкер чыгат күйөөсү.

Сыйласа ата-энесин,
Сыйырбайт жаман сөз менен.
Сынабай ага-эжесин,
Сылап-сыйпайт көз менен.

Кенжеси болсо бүлөнүн,
Келип кетет төркүн – деп,
Көпчүлүктү чакырат,
Көмөгүм келди көргүн – деп.

Көсөм чыкса алганы,
Көп иштин чыкпайт чаласы,
Көкөлөп эрдин салмагы,
Көтөрөт жакшы баласы.

Эзелтен улап алдыңы
Эне-ата келет жанаша,
Эшилет бала тагдыры
Эне-атага жараша.

Эмнеге кыргыз кеп айтат:
«Энесин көрүп, кызын ал» –
Элден сурап көп байкап,
Эңсеген жарды көрүп ал.

Атасы төгүп жамгырын,
Апасы курат тагдырын.
Анткени Эне – Мекен дейт,
Айныбай баккан бардыгын.

Акылман кыргыз сөзү бар:
«Аял жакшы – эр жакшы»,
Ата-эне ага өзү зар,
Айттырбай билген жар жакшы.

Айта берсе сөз арбын...
Артында өчпөс из калар,
Акылдуу барктап сөз баркын,
Айткандарды аткарар.

Түбүндө болсо бүдүрү
Түйүндөн маани ачылар.
Түгөлдөп кийин үзүрү
Түгөйдүн багы ачылар.

Аталык мээрим ак болор
Айттырбай билсе калганын.
Айкындап кийин так болор
Ак кагазга жазганым.

## САНАА

Кыярган тамдай бозоруп,
Кызылың качса өңүндөн.
Кыялдан үмүт жоголуп,
Кымбатың чыгат көңүлдөн.

Кайран жаның тынч албай,
Кабыргаң чыкты каркайып.
Кабелтең ашың түк жакпай,
Кабылган дарттан картайып.

Кандайдыр сыздайт ой-кыял;
Калгансыйм жалгыз-дармансыз
Капилет чыгаар бар чыгар...
Калтырбай жазсам армансыз.

Күч-кубат барда жолобой
Күмөндөр жандар сынаптыр.

Күргүштөп эми жородой
Күнүмдү санайм… Ыраактыр?..

Кабылдым: бейиш, жыпар жыт!
Кайылмын түйшүк дартына.
Калемим: кайрат, келээр кут
Калат ал бүтпөй артыма.

## ШАЙТАН

Шайтан жашайт:
жанымда,
караанымда,
Дайым жүрөт калбастан
арт жагымдан.
Кереги жок десем да
буттан чалып
Адаштырып, бараткан
ак жолумдан.

Шайтан жүрөт:
канымда,
акылымда,
Майтарылып эркимден
оома тарткан
Көзүн кысып азгырып
алда кайда,
Курган жанды тим койбой
адаштырган.

Шайтаным бар жармашкан:
чачтарымда,
каштарымда.
Кол кармап тоскоол болуп
ыр жазып баштаарымда.

Ал эмес койколоңдоп
                                баарын бузат
Кирип алып ырларымдын
                                эң назик саптарына.

## ТАШ БАЛА

Күнүгө балаң үчүн санаа тартып,
Күйгөндөн, кайгыргандан кимге пайда?
Күнөөлөп бар дооматын артып келет,
Күүлөнүп, бойго жеткен балаң кайра.
Кайгыдан өлсөң дагы сезбечүдөй,
Калкалап, эркелетип баккан балаң.

Канткенде буга табам эми айла?
Карайлап: башым-туман, көзүм далда
Кайрылбас өмүр тездеп, денем алсыз,
Кайдадыр учуучудай жалгыз жан да.
Кайгырбай, кенебей да балаң сүйлөйт,
Кайрымсыз, жүрөгү жок моло таштай.

## КЕРБЕН

Адам укмуш табышмактуу жаралган;
Алдын билбес бир сыйкырга арбалган
Айткан менен ой келгени тил менен
Акыл калчап куру калбайт армандан.

Өңгөдөн да өзүн билбей башкадан,
Өтөт өмүр карый берип жаш адам.
Өткөн жолдун өтөлгөсү кайрылбай
Өрүү билбес жүрөк гана жашаган.

Жетелешет кайгы менен кубаныч
Жеткичекти ченем жолу уланып.
Желип-жорткон сагыныч бар, куса бар
Желдей сызган өмүрдөн жаш куланып.

Кээде жүрөк акылдан да ашыгат
Кээде акыл, анын айкөлдүгүн жашырат.
Кербен дүйнө – кечээкинин бири жок
Кете берет муундар-муунду асырап.

## СУЛУУЛАР

Жарым айдай
Кара кашы чийилген
Жарык маңдай
ай жаркын көз гүлүндөп,
Оозу оймок,
кырдач мурун, кара көз
Аппак нур жүз
теңиримден берилген.
Төп келишкен
сулууларды көп көрдүм
Менменсинип
ак маралдай керилген.

Төп келишип
айыбы жок сыртында
Жаш курагың
солкулдаган ышкын да.
А бирок да
кээ бирине келишпес
Ачуусу бар
так мурдунун учунда.

Аттигин?! – деп
кейип кетем ичимден
Чылым турса
оймок ооздун бурчунда.
Сырты турса
көз кумарын кандырып
Сыйрыган бар
ичкиликке алдырып,
Молойгон баш
кундуз чачы мостоюп
Чолтойткон шым...
кош этектен айрылып...
Ак Мөөр сулуу
бир көрүнчү! – деп өксүйм
Көз ирмемдик
бейишиңе талдырып.

Бир көргөндө
билүү кыйын адамды;
Ичи-сырты
миң түрүлгөн тарамды
Терең билим
тарбиясы төп келсе
Колдон келер
жакшы кылуу жаманды,
Силер үчүн
суранарым Теңирден
Ичи-сыртын
бирдей жарат адамдын.

## АНДА БИЗ

Анда жаңы
Эми ачылган гүлдөй элек:
Ажайып
Жыттуу элек, таттуу элек,

Ашыгып
Жакшы китеп бетин ачып,
Аны биз
Биргелешип окуур элек.

Эми биз:
Ашуу белден ашуу ашып,
Саргайган
Күз өрөөнгө түшүп бардык,
Баягы
Көктөм жаздын караанды жок,
Китепти
Өз-өзүнчө окуп калдык

Саргайткан
Сагынычтар бизден качып,
Саргайтып
Жашыл төрдү бүт каптаптыр,
Салкындап
Жылуу желдин илеби да
Сампарлап
Жаачу карга жакындаптыр.

## КАЙРАН ДОСУМ

Кайран досум,
Шаршен – деп
Сизди эстесем
Көздөн жашым ирмелет,
Менден жашың
Бир топ улуу болсо да
Бир тилектеш,
Бир санаалаш
Сыр чечишкен курбу элек.

Элим деген,
Жерим деген
Жүрөгүңдүн актыгы
Сиздей адам
Бу дүйнөгө
чанда гана бир келет.

Кайран досум…
Кайран досум!
Ой-санаабыз бир элек,
Ишенбеймин:
өлдү десе,
жок десе.
Көз алдымда
Тирүү элесиң
ирмелбей,
Таза эле,
Аппак эле тилегиң
Аппак
кийген халатыңдай
бир бөлөк,
Отуз-кырк жыл
Он миңдерди сакайтып,
Канчалардан
бата алдың
жан үрөп.
О, пенделер!
Бу дүйнөдө жашоо кыска
Көз ирмемдик убакыт,
Акыры бир күн
кетээрибиз бул анык.
Кеткендерге
кеткичекти
Дуба окуп туралык.

Шаке досум,
Жэке досуң
элесиңе
Дуба кылып
Ыр арнады
ыйгарып.

## БИРИКПЕДИ БООРЛОРУМ

Бирик дедим,
Бирикпеди боорлорум.
Ыйлап айттым,
Сыздап айттым,
болбоду.
Алар үчүн –
Жаным ачып кыйналсам
Мен дегенде
Моюндарын толгоду ...
Эми кейип
Жообун таппай отурам:
«Буга чейин
Неге алардай болбодум?»
Келишпеди,
Ачылбады жолдору,
Чакырганда
Тийбей калат колдору.
Кыйын кезде,
Же кысталыш кайгыда:
Кайрылышпайт,
Бири да жок жанымда.
Боорлорум деп
Боор ачысам
Боорго тебет бардыгы,
Калыстыкпы,
айткылачы?!

Же алардын
жокпу башы...
Жүрөгү жок,
боору ташпы?!
Ит тааныбайт жатындашын,
Бир атадан жаралбастан
Айбандардан жаралганбы?!
Түү, бетиңе түкүрдүм мен!
Түү, баарыңдан түңүлдүм мен!
Бу дүйнөдөн жоголсом мен:
кубангыла...
жыргагыла...
О дүйнөдөн кезигербиз,
Көз ирмемдик бу дүйнөдө
Боордошу бар,
ыйлаары бар
бейиш тура.

## АРМАН ДҮЙНӨ АЙ!

*(Акын Доктуркан Маанаеванын элесине)*

Көк муз баскан Ала-Тоо
Күн нурун чачса эрийби?
Күн тийбес көргө камалдың
Күйүтүмдү айтсам кемийби?!

Ак мөңгү баскан Ала-Тоо
Ай нурун чачса эрийби?
Ак кепин кийип суналдың
Арманымды айтсам кемийби?!

Жадырап-жайнап сүйлөшүп,
Жазчу элек черди биз кенен.

Жалындап келсем ордуң бош,
Жалгыздап калдым из менен.

Акын элең журтка таанымал,
Акын кыздар бирге кемиди.
Алтымыш жылдык тоюнда
Айтпайт белем арноо кебимди.

Ааламга жарык алтын күн
Ар күнү чыгаар жаңылбай,
Канчалык ырлар жазсам да,
Кайгы-муң бүтпөс арылбай.
Кайрылгыс жактан кайрылбай.

## АСЫЛЫМ АЙ

Асылым ай! Сыр дүйнөгө жашынган,
Ашыгым ай! Бирге жүргөн жашыман,
Алып-учуп дегдеп кайда ашыгам?..
Асылзаадам, балким, чыгаар кашыман…

Анын балким, алыс эмес түнөгү,
Ал асылым катарымда жүрөбү?..
Алыс, балким, алыс жерде жүрсө да,
Анын согоор мен деп жалгыз жүрөгү.

Асылым ай! Бу дүйнөдө жетемби
Арман менен же жете албай кетемби?
Алыс-жакын тагдыр жолу узарып
Ал улуу күн тосуп алаар эртеңби?

Суроо, суроо жана суроо түгөнбөйт
Супсак жашоо аркандайт да, жүгөндөйт.
Суктандырып, суусатты го элесиң
Сыйкыр күчү күдөр үзбө, келем дейт.

## ДАЛЕ БОЛБОЙ

Жаткандан да тажайт экен бечара,
Пенде байкуш ооруп калса не чара?
Табит калбай жалгыз жаны жер тартат,
Эңсеп келген тоого чыгуу кеч аган…

Муун-жүүн бошоп,
Шайман кеткен таш курак
Же адашып кайда калды,
Кайда калды жаш курак?
Дале болбой
Тырмаландап баратам,
Жаратккандан
узак өмүр жаш сурап.

## КИМГЕ ТААРЫНАМ

Кимге,
Неге,
Мен эмнеге таарынам:
билбегенге –
намыс
арым
Бийик турат баарынан.
Андайларга
айткан сөзүм
убал го…?
Ыйык сөздүн коркуу керек
каарынан,
Андан көрө
унчукпаган
жакшыраак,

Ичтен күйүп,
ичтен түтөп
таарынган.
Мен эмнеге,
Мен кимдерге таарынам?
Турмушкабы,
тагдыргабы
каарыган:
Кандаш десем,
Боордош десем
талаган,
Мээрими жок,
Жарыгы жок…
бирок баары:
Эне-атадан тараган.
Өзүм чыккан
эски,
туюк калаадан;
Тарттым азап,
Жалгыз каалап
жалгыздыктын
азасын.
Кимге эркейм …?
Мен эмнеге таарынам?!
Жалгыз калып
Жалгыз ээлеп
калган соң,
Жалгыздыктын калаасын.

## БАЙКАЛБАЙ

Биликтей күйүп тымызын
Байкалбай карып баратам,
Билинбейт күнүң, курусун
Баркталбай жаштык арашан.

Акыл-эс жетип чегине
Абалкы кезге кайрылдым.
Анда жаштык кез эле
Ал-күчүмдөн айрылдым.

Так секирип чыккан жол
Тоодон түшүп келатам,
Токто десем уккан жок,
Тоотпойт эми деп атам.

Улам ылдый төмөндөп,
Уктаар жайга баратам,
Урук-тууган көмгөнчө
Улуу эмгек жаратсам.

## ЭРТЕ КЫЙЫЛГАН БҮЧҮРҮМ

*(Айбектин элесине)*

Жалындаган
Жан кумардан жаралган
Тунум элең
Тукум жолун улаган,
Туурдан учтуң
Турмуштан жол табалбай,
Каралдым ай!
Кантип көрдө жатасың
Кары атаңа
Кочуш турпак салалбай.

Өксүп турам
Өлүм менен арбашып,
Жаның алган
Жаланкыч аман калабы?!

Жаргым келет
Жан аябай кармашып.
Жан балам ай!
Жараткан Теңир бар болсоң,
Анын да кой
Ата-энесин какшатып?!

## КҮНӨӨ КӨП

Барган сайын шайман кетип төмөндөп,
Бийиктиктен кайра кайтып келатам,
Билинбестен өткөн экен өмүр көп,
Балдарыма не бүткөрдүм, не айтам?

Баскан жолум: балалыгым, жаштыгым
Баары калды көргөн түштөй кайрылбай.
Байкап эми жалган дүйнө таштыгын,
Байыр албай, бейкамдыктан айрылбай.

Баратамын жолдо жалгыз сенделип,
Баары жалган кызыгы жок дүйнөдө.
Бар дүйнөмдү өзгөртпөсөң сен келип,
Батып кетем сызгырган от дүйнөгө.

Барган сайын жалгыздыгым билинип,
Боордош мага жан кыйбастар байкалбайт.
Байлык, мансап: көр дүйнөгө киринип,
Байкуш жерим көп күнөөдөн кайкалайт.

## ЧЫМЫН ЖАН

Чымын жан деп
Жанды теңеп чымынга,
Айтып келет
Кылымдардан кылымга,

Эгер андай
Жашап жүрсөк жан үчүн
Талдап-ойлоп
Көрөлүчү тынымга.

Чымын жаның
Учса башың шылк этер,
Көз мейкинден
Жарык дүйнөң жылт этер,
Ал кез келер,
Эртели-кеч бир келер,
Ага чейин
Үмүт азгыт жетелээр...
Андан ары
Адамзатта амал жок:
Алдын тороп
Ажал менен теңдешер.

## ТҮТПӨС ЖАР

Жөлөбөсө башыңды жаткан кезде
Үмүтүңдүн билиги бүлбүл жанып:
Алың кетип шалдырап өңдөн азып,
Суу дегенге дармансыз таңдай катып...
Мындай жардын эрине кереги не?!

Тим койбосо жаныңды байлык десе,
Төрт тарабың кыбыла бийлик берсе,
Солкулдатып алдына пул чачканды
Сонункурап, азгырса ээрчип кетсе...
Мындай жардын эрине кереги не?!

Өмүр жалгыз дүйнөдө келип-кетме,
Жакшы жар бар түбөлүк тагдыр чечме,

Бакыт, ыйман,ырыскы үйдө уялайт
Алган жарың бар-жокко бирдей түтсө.
Жалтанбастан баш ийип кете берет,
Жалгыз сен деп сен үчүн ажал келсе.

## ЫР ДЕБЕЙМ

Атайылап ыр жазам деп жазалбадым,
Жазган менен от болуп жана албадым.
Сырткы түрү ырга окшоп турган менен
Тили чулдур, кубатсыз, чалагайым.

Тикирейдим, сүрөтүн тарталбадым
Жазамын деп көгөрүп чарчабадым.
Кайда кеткен демейде өзү келчү
Жаркылдаган саптарым мага дайым?

Кыйноо менен жандуу сап табалбадым,
Жан киргизип жүрөгүн кагалбадым.
Окуганда бир селт этип албаган соң,
Ыр дебейм, анда сени алдаганым.

## ЖАМАН ЧЫКСА

Атанын тилин албастын
Акылы туруп ар болбойт,
Эненин тилин албастын
Колунда туруп бар болбойт,
Экөөнүн тилин албаска
Эзели кудай жар болбойт.

Ойлобойт кайдан чыкканын,
Жаман деп ата-энесин,

Жакшыдан жаман жаралса
Күйбөстөн түтөйт экенсиң.
Балдарың жаман чыккан соң
Дүйнөдө жашап бекерсиң.

## ТАБЫЛБАЙТ

Санаасыз адам карыбайт,
Жатыны жаман жарыбайт.
Канчалык азап чексе да
Жалындуу жүрөк арыбайт.

Максаттуу шыйрак табылбайт
Ак көңүл тууган таарынбайт.
Отуз беш досуң болсо да
Оорусаң жандан табылбайт.

Кечээгиң бүгүн кайрылбайт,
Өткөн сайын арылайт.
Алганың жаман болгон соң,
Туш-туштан шамал арылдайт.

Жаш кезде жүрөк жалындайт,
Жат-тууганга жагынбайт.
Кайран жаш өтүп барат – деп,
Кайгырсаң кайра табылбайт.

## ЭМНЕ КЫМБАТ, ЭМНЕ АРЗАН?

Абийириңди кетирип
Орой айткан сөз арзан,
Бел оорутуп кыйналбай,
Уурдап алган чөп арзан,

Акылы жок ургансай –
Ушундайга көп барган.

Сөз атасын өлтүрбөй,
Таамай айткан кеп кымбат,
Улууну кичүү сыйлаган
Ортодогу чек кымбат.
Өткөндөр өлбөйт түбөлүк,
Накыл сөзүн кеп кылсак.

Эмне кымбат, эмне арзан?

Бирге жашап билбейсиң,
Жанындагы жар арзан,
Бары-жогун сезбеген
Бай-манапка бар арзан.
Баары тегиз турса да,
Оорулууга тар заман.

Тапканың аз болсо да,
Тердеп алган пул кымбат,
Түрү жаман болсо да,
Өзүңдөн чыккан уул кымбат.
Башкадан ала албайсың
Башыңдан кетсе сый-урмат.

Эмне кымбат, эмне арзан?

Келер күнүн күтпөстөн,
Абийирин саткан кыз арзан,
Аяздын баркын билбеске,
Ак жайдын күнү муз арзан.
Досторуң артык эмеспи,
Боордошпогон туугандан.

Туурубуз чакан болсо да,
Туулуп-өскөн жер кымбат,
Түпкү атаң кыргыз болгон соң
Түтүнү жыттуу эл кымбат.
Түбөлүк элге кызмат кыл,
Тилинде сүйлөп, ыр ырдап.

## АЯЛ

Жакшы ургаачы
эл келгенде
Жазгы гүлдөй ачылат.
Жарык нуру
бешенеңе чачырап,
Жаман эрге
жаның кейип турса да,
Жадыраган
маанай менен
ачылат.
Жаман аял...
Көп келгенде качырат:
Балчык кепти өйдө-төмөн
аткылап,
Эр жигиттин элге баркы
болсо да,
«Эр сөрөй» деп бир заматта
пас кылат.
Жакшы аял...
Ал үйдөгү шам чырак,
Суу ичсең да
жегениңди аш кылат.
Сен жетпеген бакытыңа жетелеп
Өчүрбөстөн
өмүрүңдү жаш кылат.

Жамандары…
Ток турсаң да
ач кылат,
Даанышманды,
Баатырды да
пас кылат.
…Аны эмес
Өзүңдү өзүң
жемеле,
Өмүр өтөөр
Эки көздөн
жаш кулап.

## ЫЙЫК СЕЗИМ

Сезимдер оттой жанат
балбылдап
алоолонуп,
Чок болуп кызарганча,
анан барып
Күлгө айланат…
Аруу сезим
Аппак сезим…
ах чиркин-ай!
Ага жетүү кандай азап?

Сезимдер сезимдерди жаратат,
өчүп
күйүп
учкундары
Көздөн-көзгө чачырап.
Чалалары бууга айланып
алсырап.
Аруулары канда айланып,
Бүт дүйнөнү карегиңе батырат.

Аппак сезим.
Аруу сезим
алоолонот,
Жандырат
Жандүйнөндү
ээлеп алып
Чарчаганды,
Чаңкаганды
кандырат.
Бир жыргатып,
Бир кууратып
талдырат,
Өзөк жалын
барган сайын
арылап.

Аруу сезим,
Ыйык сезим
кандай азап…
кандай азап!
Айыкпаган жүрөк дарты,
Аруу-жуурат
өмүр багы.
Арам добул
урса дагы,
Аруу сезим,
Ыйык сезим
арыбачы,
арыбачы?!

## АКТЫН БАРКЫ

Каргадан карга туулат каркылдаган,
Шумкардын шумкардыгын кайдан билсин,
Кээде анын тумшуктарын окшоштурат
Кулаалы тоо бүркүтүн кайдан илсин.

Мансапка, байлыгына жүгүнгөндөр
Күйкөнү шумкар десе келет күлкүң.

Көп жашап кузгун аңдыйт жалаң
тарпты,
Парага алмашкан көп ыйман,
баркты.
Ар кимдин жетелеме кулу болбой,
Ак жашап, жетпей жүрүп өткөн жакшы.
Карартып тунгуюкка бөлөбөгүн,
Кайда барба, бийик турат
Актын баркы.

## ЖӨӨ-АТЧАН

Талыйт буттар,
Талыйт көздөр –
карыгат,
Тал чокуга
баскан сайын
арылап…
Өпкө кагып,
Өмүр талып,
балким, жүрөк
жарылат,
Өктөмдүктү
өчүрөм деп
баарылап.
Белим талыйт,
Элим карып…
жалдырап,
Жылдар жылып
барган сайын арылап….

Байлык алаш
Бийлик талаш-
бу дүйнөдө
тополоң...
Өтө кыска,
өмүр кайдан
табылат?!.
Таскактатып
даңкан урса туягы,
Чөптүн ыйын
аттын ээси туябы?..
Атчан-жөө деп
бөлүп турса
заманың.
Азыр кимдин?..
атчандардын
убагы.

Талыйт сөздөр...
Танып эстен
акылмандык,
айкөлдүк...
Ичте жалын!..
тебеленип
жандүйнөм.
Кайдасыңар...
Кайдасыңар?!
келгилечи кайрадан,
Канымдагы кенендикти,
Жанымдагы чебердикти
каптап барат
жалмап барат
көр дүйнөң.

## ЭШЕК АРАБА

Мингеним эшек араба:
Бир калыпта барамын
Алыс-жакын арага.
Ылдыйышта шашылбайм,
Өйдөлүштө чарпылбайм,
Акыл-эсим тараза.

Турмушум эшек араба:
Туйлатып күлүк бербептир,
Тагдырыма жараша.
Ыктытканга карашпайм,
Ыймансызга жанашпайм,
Ички дүйнөм таптаза.

Жашоом эшек араба:
Жаштыгым кетти жазгырып
Жарабай кол-арага.
Өтсөм кайра табылбайм,
Өз-жатка да кабылбайм,
Өзөктү өрттөп караба.

## БОШ ДҮЙНӨ

Убактылуу
бу дүйнөдө
бардыгы,
Түбөлүктүү эмне бар?!
Азыр бизде
абийир-ыйман
калдыбы?!

Эмнегедир-
Дүйнөм мелжип,
аалам тар:
Курт-кумурска
Кыбырашып
асманда:
Жылдыз түшүп,
Шумкар өлүп...
каркылдашат
Шумкар болгон
каргалар.
Оо, бабалар!
Таза жашап,
Таза өткөн бабалар?!
Ыйманымдан
Абийиримден
айрылып...
Же бу дүйнө,
Же чын дүйнө
албаган,
Жокко
болдум
барабар...

## ТЕҢСИЗДИК

Жашоодо дайым ушундай:
Калыстык менен теңдик жок
Бака баш эрге тең болбой
Алтын аяк, алтын баш
Аялзат жүрөт арманда...

Дагы башка бир жерде:
Тигилер орун алмашкан

Эркеги залкар, даанышман
Алганы байкуш, теңи эмес
Тең келбей тырмак агына,
Караңгы түндө табышкан.

## ПЕНДЕ ЖОЛУ

Эмне керек бу дүйнөдө адамга?..
Билбей жашап өтүп кетүү жаман да.
Кээде аксап бийик көргөн ыйыктык
Кулап түшүп батек болот жаманга.

Кандай кызык үмүт менен жашаган
Карап көрсөң баарын адам жасаган.
Ана жетем, мына жетем деп жүрүп
Ар пенденин жолу тайгак качаган.

## БИРИККИЛЕ, БАЛДАРЫМ

Баяндайын, датын уккун атанын,
Балдарыма көзүм барда атамын.
Барган сайын барк-баабыз да азайып
Байкалбастан, чөгүп неге капамын?..

Анча көп да, анча аз да жашадым
Али билбейм канча дабан ашарым,
Акыл-эсим башкалардан кем эмес
А бирок да көроокатка кашаңмын.

Жаралгандан калем-ыйык мазарым
Жатсам-турсам ойдо жаңы жазарым,
Же карабайт же жыргатып бакпайт – деп
Жеме-түйшүк башымдагы азабым…

Баарын билем, баарын байкайм көз көрүп
Бала кезден мен кетпедим өзгөрүп,
Балдарымдын баары бирдей – деп жүрсөм
Баарыңар тең кетипсиңер өзгөрүп.

Бириң жерди, бириң көктү карайсың
Бийикмин деп бириң көпту самайсың,
Бир уядан чыкканыңды байкабай
Бир бириңди жат кишиче талайсың.

Мезгил өктөм, мезгил закым токтобойт
Мелжегениң өткөн күнгө окшобойт,
Менменсинип бир бириңе тыңсынба
Мезгил жетсе жаттар сени жоктобойт.

Беш манжабыз узун-кыска ар башка
Бирок колдор тиешелүү бир башка,
Билсең, башты ата-эне деп сыйласаң
Бириккиле бир муштумга арбашпай.

Өтөт жылдар унутулат бардыгы
Өлбөстүк жок ал-жашоонун жардыгы.
Өмүр барда ынтымакка келишсең
Өргө чыгаар укум-тукум кадыры.

Жашоо жалган, өмүр кыска ирмемдей
Жарым эстер жүрө берет ирмелбей,
Жаным курман силер үчүн деп турсаң
Жибийт бооруң сыйкыр жайга киргендей.

Адал жашап колдон келсе жалында
Ага-тууган ар-намысың арында,
Алыс-жакын кыйын кезде билинет
Алкышын ал ата-энеңдин барында.

Кээ бир пенде барчылыкта байкалат
Колдо бар деп басып калат кайкалап,
Кудурет да сынайбы дейм андайды
Кулап түшсө каран күнгө арбалат.

Ошол кезде баары сенден алыстайт
Опсуз дүйнөң колдон түшүп жарытпайт.
Оо, бир кезде сыйлашканың тааныбай
Ооруп кошо бооруң гана калышпайт.

Акылмандар эртеңкисин ойлогон
Акмактар көп көр дүйнөгө тойбогон,
Ата-эне алмашылбас-табылбас
Ак жазмыштан өлбөс кылып койбогон.

Арылай жол чын дүйнөгө кирерге
Артымдагы балдарым бу силерге;
Ата-энеден тараган боордошсуңар
Ар-намыс тууга бутактап,
Бириккиле бир элге!

## КАР ЖААБАСА ЭКЕН

Оюн бербес
Осмон деген досум бар,
Ойлогону
Ой-тоо, токой… окумал,
Отузунда
Токой чарба башкарып
Тыйын чычкандан
Тобурчакты коргоду – ал.

Осмон деген
Оор басырык досум бар,

Ойноп эмес
Ойлоп айтты: «Отун ал...»,
Ой-кубандым!
Достук кылат экен – мдеп,
Давай, – деди
Даром болбойт сатып ал.

Макул – дедим
Машина таап жалдадым,
Майын куюп
Магарычын камдадым.
Марыйбыз – деп
Кудам кошо барды эле
Куурай жүктөп
Карагай отун албадым.

Андан бери
Ай айланды арадан,
Анда айткансың
Айланып кел кайрадан.
Айный көрбө
Кар жаагыча тоолорго,
Кар жааса да
Көңүлгө кар жаабасын...

Кар да жаады...
Какшаганга карабай,
Калды досум
Кайрылганга жарабай.
Калса калсын
Караган-токой ээси да,
Үйүм муздак
Үшүсөм да таарынбайм.

## АКЧА ДЕП

Акча-кагаз
Алыш-бериш белгиси,
Акча таппайт –
Адам табат акчаны
Аны чачаар
Адал мүнөз эр киши.
Калчылдашат
Кээ бирлери акча – деп,
Кайгырбагын
Кара жаның барында
Кайтып келет
Качан болсо ак эмгек.
Чырылдашат
Чымын жандар акча – деп,
Чыгым болбо
Чын дүйнөгө баргыча
Чындык барда
Чыдамкайлык башка кеп.
Ажылдашат
Азыр баары акча – деп.
Арам тамак,
Ач көздөрү көбөйдү
Акыр бир күн
Аларды
Алар бекен акча – жеп

## АКЫН БАРКЫ

Аурасы бийлеп арбалып
Алыска жакын сүйлөгөн
Алгыр куштай таптанып
Ааламды түгөл бийлеген,

Акыл бермет сөздөрдөн
Агартып сезим түрдөгөн:
Акындын баркын билбеген
Айласыз байкуш жүдөгөн...

Алтынбы, жезби, темирби…
Айрылган пенде тез билер,
Акылы артык жан болсо
Аялы сыйлап жөн жүрөр,
Акындын жайын түшүнбөй
Акылы тайкы жан болсо
Акыры тепсеп өлтүрөр…

## ДҮЙНӨ СЫРЫ

Байкап туруп, таң каласың:
Барк-баасы жок тегеренген,
Бир калыпта тоголонгон
келип-кетме
дүйнөгө
Карай берип арбаласың:
Кайдан келдим, кайда барам?
Кайып болсом;
кайтып качан жаралам?
Көзүм көрсө,
тилим келбес
күрмөөгө…

Таң каласың, арбаласың
Жообун таппай чайналасың,
Ал аңгыча өмүр өтөөр:
табышмак сыры табылбай
Кайра баштап
жашоо жолун-
жаңылар келет
жалган дүйнөгө…

## АЛ МАЙРАМДАН ЖАРАЛГАН

Жаныңдан артык баксаң да
Жатыны тайкы жарытпайт,
Алкынтып шайтан мингенде
Атасын боктоп айыптайт.

Канчага жашаар экенсиң
Кайгысын тартып балаңдын,
Көңүл ток эргип жазалбай
Кор болоор бекен каламың.

Жаш кезде нечен сайрандап
Жатчу элең, эсте бардыгы,
Жаралган тукум майрамдан
Жараткан жазган жардыгы.

Ачуудан ичип шарапты
Анда сен таттуу жашадың,
Ар кимге койбо күнөөнү
Айтуудан деле тажаарсың.

## КУМДАН ИРГЕП

Дыбырап же жамгыры басылбады,
Дымырап же кабагым ачылбады.
Думугуп, ичте кайнап өткөн күндөр
Дуу кылып калемимден атылбады.

Убакыт учкан куштай келет сызып
Уул элем, элүү  дабан өттүм бузуп...

Ушунча сөз кумунан ирген алтын,
Уучума толбой турат алсам сузуп.

Ачылат барган сайын кенен жайык,
Ак буудан кош канатын кере жайып.
Алдымдан нечен сырлар жолун ачар,
Алтындап, көздөрүнөн учкун жанып.

Дыбырап жаасын жамгыр көз ачырбай,
Дыңылдак «Чымындарды» эч качырбай.
Дың бузган жаңы саптар келери чын
Дымактап көөдөнүмдөн сөз жашырбай.

## АЛ АҢГЫЧА

Көр оокат менен күн өтүп
Жетелеп барат өмүрдү,
Уйку-соо менен түн өтүп
Чыгарат эстен өлүмдү.
Эскертпей келээр балээ ал
Барктабай гүлдөй көңүлдү.
Ойлосом, киши бир жандык
Келип-кетме өмүрлүү.

Канчасы калды саналбай
Аңгыча жашап жүрөбүз,
Жер үстү чөккөн санаадай
Чогула берип күнөөбүз,
Эртеби-кечпи бир өлүм
Келээрин жакшы билебиз.
Акыры кайтпас жер алды
Ойгонбой жатаар түнөөбүз.

## СӨЗҮМ КЫСКА

Түшүнбөдүң, сен мага түшүнбөдүң.
Түйүндөлгөн тайгак жол баскан менен
Түмөндөлгөн дүйнөмө түкүргөнүң...
Түпкү максат-оюмду жеткиралбай
Түнгө айланат баскан жол күкүмдөлүп.

Айткан менен адатың калбайт экен,
А курагың арылап барган сайын
Алдан-күчтөн ажырап барат Жэкең.
Алды жакта жашоо бар өчпөс үмүт
Азырынча биргебиз...Тойлор нечен...

## КЕМТИК

Неге бүркөө кабактары кыздардын
Алдырганбы намыянын базардан...
Ырайымсыз заманына сыздадым
Баягыдай кыздар кайда назданган...?

Эне болчу эртеңкини пул коштоп
Келин-кыздар кул базарда калгандай,
Пенделериң чөп оттогон малга окшоп
Жан сактайм деп акылынан тайгандай.

Бай-кедейге иргеп турат куу заман:
Бардарлардын зайыптары чалкалап
Кесирленет келин-кызы пайдадан,
Эл башылар элин кайра талкалап
Элин сорсо адилеттик кайда анан?!

Ажарланат, сулууланат кыздары
Алтын, жакут моюн-башы – бүт баары

Аттигин!? – деп, дагы жүрөк сыздады
Несинен кем кембагалдын кыздары?..

## АК-КАРА

Ийрини түздөө кыйын жаралган соң,
Илгертен айтылган кеп жибибес чом.
Түбүнөн таштак чөлгө суу төккөнчө
Түңүлүп башка айла издеген оң.

Тайызга таш ыргытпа терең чокпойт,
Таш боорго жүрөк эзген сөзүң өтпойт.
Кеменгер акыл кенин жайган менен
Кемчонтой кем дүйнөсүн салып өлчөйт.

Сөз айтпа баш катырып чакандарга
Сөөлжанга кызык эмес аккан дайра.
Баралап такка аны жеткирсең да
Байкуштан акыл-насаат чыкпайт айла.

Кысканын дымагы чоң көндөй, керең,
Кыйратып баарын табат тили менен.
Кем көрбөй адамзатын өйдө-төмөн
Кеменгер чөптөн жапыз, ойго терең.

Кемпайга бийлик тийсе байлык топтойт
Кеп-сөзү аткарууга эч бир коошпойт,
Акылман убадасын ыйык сезип –
Айбыккан сый-урматы аны коштойт.

Көндөйүң чадырайып бой көтөрөт.
Көз айнек тагынганы калп жөтөлөт.
Көп жерде иймендгенсип жылма сүйлөп,
Көрүнбөй, көрүнгөнсүйт ал өйдөрөөк.

Оюнда өзүн элден бийик сезет,
Орунсуз арам жолго үрөн себет.
Кууланып алдайм баарын деген менен
Кудайым көзүн ачаар кезек келет.

## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Жан кашайып күйгөндөн ичкиң келет.
Жабыркаган жүрөктүн муңун жазып,
Жин-шайтанбы, баарына колду шилтеп
Жан-жыргаткан бейишке көчкүң келет.
Жалгыз өмүр жашоонун максаты не?
Жыргап жатып байкалбай өлгүң келет.

Кимге керек кыйналып жашаганың
Бу дүйнөдө куурасаң басмырланып
Чын дүйнөдө бейишке чыгасың дейт,
Неге көрбөй уккандан тажабадым?!
Келип-кетме сансыз жан аалам сыры.
Жалган дүйнө бетинде калаар ырым

## ҮМҮТ

Ачуунун досу шайтан бүлөп сүрөйт
Алдастап акылынан адам жүдөйт.
Алдырбай ачуусуна сабыр туткан
Асылдык кадыр-барктан күдөр үзбөйт.

Жин-пери, шайтан менен аял тууган
Жибитип күчүн алат айбаттуудан.
Жиберип ысык илеп ой балкытып
Жигитке тартуулаган аял туз-даам.

Ачуу бар шайтан барда адаштырган
Азгырып жакшы ойлорду чаташтырган
Анчалык ак-тилектер кайып болбос
Акыл бар жин-шайтанды матап турган.

Ачынтып абийир ачат сөз көңдөйүн
Ачуусун чыгарбасты баатыр деймин.
Кемибей сый-урматта жашасак – деп
Кээ бирде санаа тартып кайгы жеймин.

Эр жигит мыктылыгы сабырында
Эрдиги-кечиримдүү бардыгына.
Эл-журту улуу-кичүү сыйлап турса
Эңкейип таазим этээр тагдырына.

Бийиктеп бала сыйлат эне баркын
Бир кезде уккан чыгаар ата салтын
Билинбей кайтпас өмүр өтүп барат
Бир кезде билер бүлөм ата баркын.

* * *

Тукумдар чыгар бекен менден жөндүү,
Тагдырым ташка айланбай кызыл өңдүү.
Тобо деп күтөйүнчү баары алдыда
Такшалып оңолушар өзү теңдүү.

Ошондо эл көзүнө бааланышар
Ойдогум чын турмушка байланышар.
О, бактым! Акыры мага келдиңби, – деп
Ой-үмүт, жаным жыргап бапырашар.

## КЕЛГИЛЕЧИ БООРЛОРУМ

Бир уядан чыккан менен удаалаш
Бир сезим бар бирдей баары жетпеген,
Бийик-жапыз, улуу-кичүү уялаш
Биримдикти, ынтымакты эңсеген.

Каным бир деп кайда жүрсө боордоштор
Кезикkенче сагынышат, эңсешет.
Кыйын кезде эстен чыгып жолдоштор
Кезикkенде жаны жыргап кептешет.

Андай тууган жараткандын белеги
Андай бүлө анда-санда келеби?
Аз жашоодо бири-бирин сыйлашса
Арбын жашаар ата-эненин жүрөгү.

Өтөр-кетер, өткөн өмүр кайрылбас
Өлүм келер мыйзамынан жаңылбас
Жаман десең жакшыларын ким берет
Жаралган соң алмашылбас, табылбас.

## АЛАРДЫ АЯЙМ

Ай-байкуш! – деп
Аяйм кээ бир кыздарды;
Алып алса
Акын чалыш бир жарды.
Анын сыйкыр
Ыр саптары азгырып,
Ага чейин
Канча жүрөк сыздады?...

Аяйм дагы
Аны сүйгөн келинди;
Ага эмес
Айткан ырга эриди
Адам турбай
Аалам менен арбашып
Акын жүрсө –
Ал келинге жеңилби?..

Аяй берем
Акынды да…бардыгын;
Аялдардын
Ыраа көрбөс тардыгын
Ай-асманга
Эркин учуп сызбаса…
Ай-бечара…?!
Баштан өткөн жардыгым.

## 2007-ЖЫЛГА

Өткөн жылым –
Өмүрдүн бир барагы:
Өттү-кетти
Өзөк өрттөп карааны;
Өрөпкүтүп
Кээси жүрөк кубантса
Кээси өксүтүп
Көздөн жашым кулады.

Өткөн жылыми –
Өмүр жаштын бир талы:
Тырс үзүлүп
Чексиздикке узады,
Ала кетти
Жаш-карынын чеги – деп,

Чоң табышмак –
Калган жолдун узагы.

Жылым кетти
Алты ондукту толтуруп,
Аз өмүрдүн
Көбүн азга коштуруп,
Жаңырган жылым:
Жанга кубат бере көр;
Кубанталы,
Жандүйнөнү мол кылып.

## БОЗ ДӨБӨ

Жаралса жандар – кубаныч
Жашоого жашоо уланып…
Жаш өмүр өтөт экен го,
Жан-алың калбай куланып.

Албуттап дайраң агабы,
Арысаң жөлөп багабы…
Аз өмүр өтөт экен го,
Аздектеп жүрүп балаңы.

Шаркырап өмүр агабы
Шамалга кумар канабы…
Шайманың ооп баратса,
Шартыңа көнчү балабы.

Аркырап учкан убакыт
Артыңдан калбас чуратып.
Актыкка моюн сундуруп,
Акыры таш боор сулатып.

Болгон соң жашоо күнүмдүк;
Болжошко кыйын күнүңдү.
Бозоргон талаа, боз дөбө
Боздосоң укпайт үнүңдү.

## НУР ДҮЙНӨ

Билбейм кайдан?
Мен эмнеге жаралдым?
Мезгил санап
Мен эмнени табалдым?!
Жетемин деп
Максат-ойду кубалап
Аккан суудай
Чексиздикке таралдым.

Максатым не?
Качан бүтөт жетер жол?
Же жакынбы
Ченеп-чактап казган ор...?
Күндөн-күнгө
Таппай келем сыйпалап,
Кала берип
Жанга кубат, ал кошо.

Жерде жашап
Ай-ааламда ойлорум,
Жандүйнөмдү
Сансыз күүлөп толгодум.
Канча сыздап
Канча жыргап күйсөм да
Неге бириң
Жандүйнөмө толбодуң!?...

Жолдош таптым
Тандабастан араңдан,
Сезээр дедим
Бөлүп башка караандан.
Көрө албады
Көрмөк эмес, кеч эми;
Жан кумардан –
Нур ааламдан жаралгам.

## БӨРҮ ЗАМАН

Ай-күн деп томолок жер тегеренген,
Артында жашоо жалган из калтырып
Адамзат кемип-толуп кебелбеген...
Аз өмүр ченеп-бычкан бүтпөс жолдо
Алсызды тепсеп, тоноп келет кербен.

Мансап-кул, адам-пенде жаралгандан,
Маймандап баңги баш да сайран курат
Максаты-арам байлык талап алган.
Аксымдар кыйналбастан жыргап-куунап
Ак жүргөн жер караган бөрү заман.

Жылдыз бар жарык күйүп жанып учкан,
Жыргалым жалпы журт деп жан дүйнөдөн
Жылдардын жылдарына аалам туткан.
Билбедим, калыстык жок баары жалган
Бийлиги да, байлыгы да соруп-жуткан.

## БАРМЫН

Отурам
Ой-дүйнөмдү санаа басып,

Оңдурбас
Ороп алса жанды кажып;
Тагдырым
Татаалданып баратасың –
Тарыган
Катаал жолдо жалгыз басып.

Жалгыздык
Жакшы дечи жазгандарга
Жан үрөп
Жандүйнөңдү казгандарга,
А бирок
Аз өмүрдө жол кыскарып;
Азгырат
Арсыз турмуш армандарга.

Алданбай
Акыл менен жайгарармын
Алдыда
Алыс жол деп, азыр бармын.
Аз дебей
Ак дүйнөмдөн кубат алып,
Акыры
Алтын бейне жаратармын.

Күнөөлүү пенде бечара
Күнөө дешет;
Эгер сүйсөң алганыңдан башканы,
Күнөө дешет;
Дүйнөң балкып шарап даамын татканды,
Күнөө дешет...
Күнөө дешет жыргагандын бардыгын;
Көз ирмемдик
Бу дүйнөдө, жердин үстүн басканды.

Жалган дүйнө –
Жер бетинде күнөөсү жок жан барбы:
Аял-эркек…
Махабат… деп, неге бөлгөн жандарды?!
Кумарланткан
Кызгылт вино… Кээде даамын татпасаң
Кызыгы не
Жашагандын ысыгы жок таңдардын.

О, дүйнөдө
Бейиш бар дейт күнөөсүздөр жыргаган,
Күнөөлүүлөр
Отко түшүп тозогунда кыйналган,
Бирин дагы
Табалбадым эки аяктуу пендеден;
Моло таштай
Муздап катып, бир ордунан жылбаган.

Суранарым:
Айрый көрбө – аялдан да шараптан,
Жалындаган
Жүрөгүмдөн махабатты жараткан
Жыргалың да,
Кууралың да бу дүйнөдө өзүңдөн;
Бейиши да,
Тозогу да кыска өмүргө жарашкан.

## ЖЕР ШАРЫ ДА

Ныгырып башты көтөртпөй
Желкеден басса жалкоолук,
Үшүктө калган көчөттөй
Үлдүрөйт экен ден соолук.

Өзгөчө быйыл кыш муздак
Көп үйдөн чыкпай тыгылдык.
Түнкүсүн сырттан бел сыздап,
Көк муздан канча жыгылдык.

Күн кыскарып, түн узун
Таң атса эле кеч кирет.
Кышында жакпай суусундук
Кыйласы жүрөт этсиреп.

Аңгыча жыл да жаңырды
Өмүрдүн алып бир жылын,
Жаратар бекем жаңысын
Жашагандай бир кылым.

Негедир сызат убакыт
Учкан куштай жарышып.
Бөксөрбөй жаштык күл азык
Күткөндөн эрте карытып.

Жер шары тездеп айланса
Анын да бардыр себеби –
Жешилмек эмес жайласа,
Бизге тийбей кереги.

Бирде кыш да, бирде жаз
Мезгилдер тез-тез алмашып,
Барган сайын өмүр аз
Жерден кунар качкансып.

Абасы да үп тартып
Ыйман-пейил тарыды,
Балким, Аалам көз артып
Жер шары да карыды.

## НЕГЕ КЕЙИЙМ

Кейийм неге
Мен эмнеге өрттөнөм?!
Сыздап-ыйлап
Ар кимге айтып өпкөлөп,
Жамандыкты
Башынан өткөн бир билер,
Же жашаган
Акыл менен өйдөлөп
А бакалар
Сезбейт жаман-жакшыны –
Алар чардайт
Өлсө дагы жакыны.

Неге ыйлайм
Көз жашымды көлдөтүп;
Көрүнгөндөр
Мага көңүл бөлгөнсүп.
Кулунумдан
Ажырадым дегендей –
Анын дагы
Баласын кошо көмгөнсүп
Ай, билбейт го
Бир тууганың, жакының,
Мелтейишет
Жерден чыга келгенсип.

Неге кейийм;
Чакыргансып жан алгычты көксөтүп,
Табалатып
Душмандарга көз жашымды көрсөтүп,
Кеткен-келбейт;
Чыккан жандар кайрылбайт,

Улам кийин
Калгандарга дене-боюн тепсстип.

Пенде жалгыз
Айтпа жалган, кошо бирге
Өлөм деп,
Акыл берген;
Сезимиңди акыл менен
Башкар төп.

## АРАСЫНДА ЖАҢЫЛ БАР

Кызыктырды
Талды-Суунун кыздары;
Кылактаган
Кырда калтар бүт баары,
Кызыктырат
Нур себелеп чакырат,
Кол жетпестей
Жүрөк ырдап сыздады.
Ал кыздардын
Арасында Жаңыл бар;
Жаркылдаган
Жакшы мүнөз сөзү үчүн
Жандүйнөң да
Жазгы күндөй жаңырар.

Жумшак сүйлөп
Кызматынан калышпайт,
Мээрим төгүп
Өтө жакын тааныштай,
Менменсинүү,
Бой көтөрүү жок анда
Башкаларга
Майдаланып тарыбайт.

Пикирлешсең
Пир дүйнөгө батасың,
Буруксуган
Жыпар жыттуу жайыктай.

## АЯЛДАР, АЯГЫЛАЧЫ АКЫН ЖҮРӨГҮН?!

Ичи тардык, кызганычтар, айыкпаган оорубу
Же сүйүүнүн арылбаган шорубу?..
Сулууларга ыр жазсам да жалынып,
Жүрөсүң деп, сүйөсүң деп, төрт жагынан тооруду.

Ырас жүрөм, сүйбөймүн деп айталбайм,
Ансыз сырдын капкактарын ачалбайм.
Оттон чыккан кээде бир сап ыр үчүн,
От-жалынга чок болуудан качалбайм.

Өмүр жалгыз; жашооң кыска тез өтөөр,
Өлбөстүк жок; кайрылбастан бир өчөөр,
Өлбөй-өчпөй жер үстүндө не калат…?
От өчпөгөн тап жүрөктөн гүл өнөөр.

Ичи тардык аял – эр деп тандабас
Ит кабышып үйүшкөндөй жандалбас.
Акыл-эси өкүмдарлык кылбаса,
Аял жок го, жандүйнөңдү каңдабас.

Айла барбы, каңдаса да, жандаса да чыдайлы,
Тагдырдан да качалбаспыз, анда неге куурайлы.
Барган сайын, карган сайын керемет күч дем берип,
Акын жүрөк жашараарын пенде билбейт турбайбы.

Сүйүп келгем, сүйө берем күтөмүн,
Чаңкаганда сүйүү берер өлбөстүктүн мүрөгүн.

Сүйүү – угут, сүйүү – үмүт, оту өчпөгөн коломто,
Суранарым, аягыла акындардын жүрөгүн!

## ЭРТЕЛЕП КАЙДА ШАШТЫҢАР

Удаалаш экөө төрөлгөн:
Удаалаш келип дүйнөгө
Удаалаш өттү дүйнөдөн,
Кийинки туулган Нурланым
Сегиз ай жашап жалганда –
Отуз жыл мурда сыздатып
Эртелеп көчкөн дүйнөдөн.
Үчөөнөн тең айрылып
Күйбөгөн жерим калбады
Күйбөгөн жерим, күйбөгөн.

Атаны кокуй арман күн
Жазмыштын жолу ушулбу?!
Карыганда караан болушпай
Бөксөртүп кетти кутумду.
Басаарга таяк болалбай
Аксатып кетти бутумду.

Атаны кокуй арман түн
Көрөөр бир күнүм ушулбу?!
Атадан мурда шашылып,
Ажалга барып тутулду.
Зар какшап ыйлап кайралбай
Кайрылгыс жайга учурдум.

Кан жутуп турган атаны
Кара жер неге укпадың?..
Канымдан чыккан каралдым-а
Камаарап койбой уктадың...

Элесиң кетпей күнү-түн
Эсимден такыр чыкпадың,
Эми эле кирип келчүдөй
Эшикти дайым тыңшаймын.

Атаны кокуй арман күн:
Кан какшап боздоп жатсам да
Силерди кайра таппадым…
Көкүрөк дартым айыкпас
Чапкыча ажал капканын.

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ АЗЫРЧЫ?..

Туугандык күч кыргызда бар башынан
Улууга урмат, кичүүгө сый жашынан.
Бака-шака тойдо баары кубанса,
Жамандыкта бир боорлорчо жашыган.

Салт-санаасын сансыз кылым артынган
Эскирбеген көөнөрбөгөн баркынан.
Эрге намыс, элдин кадыр-баркы үчүн
Эч чыкпаган ынтымактын шартынан.

Барга-көппөй, жокко чөкпөй, ою жаш;
Башкалардай: «Не болом» – деп, ноюбас
Тоодо туулуп, тоодон бийик турса да
Кенен, сыйкор; дос тууганга бою пас.

Сөзгө чебер, ырдап сүйлөйт карысы
Чындап келсе төкмө акын баарысы…
Азыркыдай ач көз, сүткор, чабышпай
Бааланчу экен жалпы кыргыз намысы.

Угулгансыйт улуу кыргыз дабышы:
Унуттуң! – деп сөөмөй кезейт баарысы.
Жабышкан дарт тамыр жайды тереңдеп,
Табылса экен маңкурттуктун дарысы.

## ЖАН НУР

Мен өтсөм
Дүйнө бүтөт, өмүр көчөт,
Мен үчүн
Жер үстүнөн жарык өчөт;
Ааламдын
Чексиз-көгүш асманынан –
Байкалбай...
Бир нур түшөт – жерди көзөп

Мен кетсем
Кош жарыгым кошо өчөөр,
Пенделик
Менменсиген сапар бүтөөр,
Ааламды
Чарк айланган ойлор каалгып,
Дөбөнү
Айланчыктап Сени күтөөр...

## ЖҮРӨГҮМ

Жаралгандан
Тыным албай жүрөгүм;
Канды күрөп,
Жанды үрөп,
Мен деп жашап жүрөсүң.
Жетемин – деп,

Жеңемин – деп,
Сезбей байкуш пенделер;
Унутушат
Жан сактаткан жүрөгүн.

Жалгыз өзүң
Бардыгына жараган:
Кайгырсаң да,
Кубансаң да,
Жанын кыйнап чыдаган.
Баасын билбей,
Таасын билбей,
Бу дүйнөгө келгендер…
Эргип-көөлгүп-
А мен болсо ыр жазам.

Чексиз сенин
Мага кылган кызматың;
Сенсиз өмүр,
Толбос көңүл,
Болбос баасы бир татым.
Токтогончо,
Шордогончо,
Таазим кылып өтөрмүн….
Жарык дүйнө,
Жашаганым;
Жалгыз сенин урматың!

## БАРКТУУ КАГАЗ

Асмандады
Акча деген түр кагаз;
Адамзатын
Айла-амалга азгырып,

Акылмандын –
Акчасы жок баркы аз,
Акчалуунун
Акмак кейпин жазгырып.
Кайда барба
Карап койбой башкасын;
Кана дешет
Калта каткан акчасын.
Кыздары да –
Кары-жаш деп тандабай
Кары алды
Кылчактабай жаш катын.
Маани берип
Мыктылыгын тактабай,
Мейли, мээси –
Маңкурт болсун чакчадай,
Мал сымалдар
Маарап турат башкарып;
Менменсинет
Мүлжүп жеген акчабай.
Акылмандар
Ак эмгектен такшалып,
Азыктанат
Аздыр-көптүр акча алып.
Акча эмес;
Актык калар түбөлүк,
Акындардын
Айткан сөзү баркталып.
Калат баары;
Куурап жүрүп тапканың,
Кандан аяп
Кымырынып катканың
Калат акчаң
Кир тишиндей саргайып,
Кимге керек
Көр түбүндө жатканың?!

## ӨМҮРДҮН БАРКЫ

Жатамын эстеп бардыгын:
Жалганда өмүр аздыгын
Жалжылдап кетпейт элесиң
Жаркытып дүйнө наздыгын.
Жаныма келсең болбойбу
Жашартып жашоо жаздыгын.

Жылмайып күлгөн элесиң
Жадыма кубат бересиң.
Жалдырап тиктейм күнү-түн
Жылбаган сааттын жебесин.
Жумшартып койсоң не болмок
Жыйналган санаа желесин.

Олтурам кээде үңкүйүп,
Ой кыял санаа эң күлүк;
Ордунан чыгат ойлорум
Ободон келсең сен күлүп...
Өмүрдүн баркын сезбейбиз
Өр талашта бир жүрүп.

## ТҮПКҮ АТА БАБАҢДАЙ

Далыдан таптап туруп душман досуң:
«Акылман, мыкты» – десе, мактанбагын,
Салмакта: эркиң – калыс, бекем болсун
Куру сөз көтөрбөстүр пенде баркын.
Бар болсо даанышмандык, учкул сезим
Өзгөчө жаралгам деп актанбагын;
Ал келген түпкү ата-бабалардан,
Көөнөрбөс уюп калган таза алтын.

Адамзат эки аяктуу жаныбардыр
Бооротоктоп, төрт аяктап анан турган,
Өмүр-өлүм келип-кетме жадыбалдыр
Тукумдап бири кетсе, бирин тууган.
А бирок айбандарга окшоштук бар
Бири – чөө, бири – жырткыч, бири – шумкар
Түпкү ата тукумунун мааниси чоң
Тулпардан туулат экен жалаң тулпар.

Сыртынан байкалбастыр бир көргөнгө;
Бардыгы көр дүйнөгө чулганышкан,
Акылдуу-акылсыз деп тең бөлгөнгө
Убара: пайда чыкпайт кыйналыштан.
Кээсинин байлыгы бар, бийлиги бар
Байлыкка көмүлсө да пейили тар
Күнүмдүк көр турмушка алаксыган
Кээсинин кирди-чыкты акылы бар.

## ТӨРТӨӨҢ БИРСИҢ

Ким кандай деп көтөрбөйүн күнөөсүн
Дос-душмандан сурабастан билесиң
Унуттуң! – деп кээде жарым таарынат,
«Окуп, жазып – дайым ойлуу жүрөсүң».

Көрөр көзү жалгыз мен деп жүрүптүр
Кара сөзүм, поэзиям, «биз!» деп кулак түрүптүр.
Карыганча төрт жагыман тоорушат
Калем дулдул, ой чабытым күлүктүр.

Кимиң жакын, кимдин канча баркы бар?
Кандан бүткөн махабаттын дарты бар.
Менменсинип өйдөсүнбө бириң да
Мен бар кезде силер дагы барсыңар.

Текке кетпей күндө тарткан убарам;
Ыр жаздым! – деп, эртесинде кубанам.
Терең ойлуу кара сөздү тизмектеп
Очерк, кабар, макалада… узанам.

Ой-кыр басып: бир топ узак жашадым;
Бейиш жолдо, ал акындык башатым.
Ыр, кара сөз, жалын жүрөк махабат:
Төртөөң бирдей карыбаган жаш атым.

## ТИКЕ СӨЗ

Мен пендеге
Эч жамандык кылалбайм;
Каршылашка
Кайра каршы туралбайм,
«Сениби!» – деп,
Арам ойлоп кек сактап,
Артынан сайып
Жүзү кара болалбайм
Андан көрө –
Бет алдынан жалтанбай
Албарс миздүү
Сөзүм менен бир жайлайм!

Айтаар кепти
Алдын ала төп камдайм;
Кимге кандай
Деңгээлине деп тандайм,
Кычык сүйлөп
Шылдыңдабай алсызды,

Түшүнбөстү
Мактоо менен бир алдайм.
Өзгөрүлмө
Куйтуларды аябай –
Бөрү тилдүү
Калем менен бир жайлайм!

## ТАШ ЫЙЛАБАЙТ

Көз жаш чыкпайт –
Ыйлабайт дейт бир киши;
Кайраты мол
Баатыр жүрөк эр киши,
Баары жалган,
Бирөө гана ыйлабайт,
Жүрөгү таш –
Сезими суз көр киши.
Өзөк күйсө –
От-жалынга чыдабас;
Болот эрип,
Таш майдалаар бар күчү.
Жүрөк сыздап
Күйсө көздөн жаш чыгат,
Көчкү жүрсө
Урагандай зоо кулап.
Кейибести
Кыйын, бышык деп коёт;
Мээ жетпесе –
Андан кандай кеп чыгат?!
Каның буулуп,
Асман жерге түшкөндөй;
Кайрылбасты
Жазып койдум бир чыдап…

## БУЛБУЛ ЖАН

Өзүн көрбөйм, булбул сайрап багымда,
Жашыл кымкап жамынган чак-маалында.
Өмүр бою күйүп өтсүн дейсиңби?
Өз атаңды таштап коюп жалынга.

Же келдиңби бириң сайрап куш болуп
Жубатам деп өксүп турган чагымда.
Муз денеңер жаткан менен көмүлүп,
Тирүү жаның айлангансыйт канымда,

«Өксүбө», – дейт – өмүр барда өлүм бар,
Учкан жандар кайтып келчү күндөр бар.
Кээде сайрап куш да болуп көрүнөм,
Кээде элесиң түшкө кирип таң атар,

Учтум-кеттим кайрылбаймын артыма
Баары көнгөн жалган дүйнө шартына,
Жан кыйнаган үзүрү жок жашоодон
Аалам кезип чарк айланган жакшы да!

«Мейлиң, – дедим учкан жандар кайрылбас
Эми ордуң бу дүйнөдөн табылбас,
Акыл менен жубатармын жанымды
А бирок да күйүт дарты арылбас».

## ЖОКТОГОНДО

Келгин дедим, келишпеди боорлорум
Келбеди деп, дале көөнүм толбоду.
Кейип турам, күйүп турам, не кылам?!
Кан жутсам да бири жанда болбоду.

Башка элге баркы жоктой басындым
Бакырыпмын жалгыз жоктоп баламды.
Баары турат, бир туугандын бири жок
Душман кайдан сезсин жүрөк жарамды.

Атын жазсам бир туугандар таарынар
Айбан деле канды көрүп өкүрөт.
Анда неге айбанча да болбойт – деп
Аза күткөн боордош жүрөк өкүнөт.

Бир тууган деп мен аларды аяймын
Бир уядан чыкканыбыз жалганбы?
Бир атадан, бир энеден туулсак да
Боор тартылбай сүрмөк болдук жалганды.

Бир тууган деп, уялаш деп кыргыз неге талпынат
Бири үчүн бири аянбай жанын сабап чарпылат
Бирикпедик, бирикпедик, бирикпедик туушкандар
Билбейм кайдан?
Баарыңардын бооруңарда таш турат.

## КАДЫР-БАРК

Кимдин кандай
Кайсы убакта баркы бар?..
Жаш курагың –
Жаздын өмүр гүлүндөй
Колдон келсе
Каймактарын калпып ал.
Өзгөчө бир
Өнүп-өсөр жан билээр;
Кадыр-барктын
Каймана көп салты бар.

Жаш кезинде
Жадырайсың-күлөсүң;
Тагдырыңдын
Таш жолдорун байкабай
Бүт дүйнөнү
Башкаргансып бир өзүң.
Ошентсе да
Оор басырык зиреги –
Камдап коёт
Кадыр-барктын үрөнүн.

Убакыт куш
Учат токтоп карабай;
Алды жагын
Аңдап мурда билбесең
Жалын өчөөр
Жаштык кумар тарабай.
Кадырлашат
Келип турса колуңдан,
Оомат кетсе –
Ооз ачканга жарабай.

## ТООЛОР БИЗДИ УЗАТЫП

Тоодо өнүп,
Тоо боорунда төрөлүп;
Тоодо өстүм
Тоону оюмда өңөрүп,
Тоодон таза
Тонгон мөңгү алдынан;
Төмөн агат
Тоо булагы көжөлүп;
Токой-чери:
Толкуп, балкып, көгөрүп

Толук намыс
Тоодой жүрөк-жаным да,
Тоолукмун! – дейм,
Толгон жылдар өткөрүп…
Тозуп барат
Тоодон тапкан өмүрүм.

Опол тоодой
Оргуп аккан дайралар;
Ошол тоодон
Ойдуң-талаа байыр алар.
Ондоп-жүздөп
Оодарылса кылымдар,
Ойго батып,
Ордунан жылбай тоо калар.

Ойноп-күлүп
Опасыз жалган дүйнөдө;
О, бир убак –
Оттой жанып, жылт этип,
Ошол башың
Ор түбүнөн жай табар.
Ордуңду баскан –
Ошол жолду кайталар.

Ошол тоолор
Он миң жылды байкабай,
Ошол бойдон
Ой-санаасыз кайкалар,
Ойрон жаным
О, дүйнөдөн үн салып;
Ордума келген
Ойду-тоону томкоруп;
Оң-тетири
Ойрондолуп жылгалар…
Ошондо бир
Ой-санаасыз тоолорум;

Оң бөйрөгүн
Оюп-сууруп алгандай,
О, бир эстеп,
Ордуман таппай сыйпалар.

## ТИРЕК ТООБУЗ КУЛАДЫ

Адамзаты чабал тура бечара…
Ажал дайым жеңип келген башынан:
«Ажал экен, не кылабыз?» – деп гана
Алтын башты жер алдына жашырган
Анда-санда, же жаманын тандабай
Ажал көркоо мыктыларын качырган.

Айла барбы азиз, дүлөй ажалга
Асман күйүп, Чолпон жылдыз сулады.
Аты калып укум-тукум балдарга
Алп таянган аска-тообуз кулады.
Айтматов деп сыймыктанчу кыргызы
Адабият бир генийден кур калды.

Асыл эрен кубат алып жашынан
Ак кар-көк муз – Манас тоого табынган.
Алыс жүрүп Ата Мекен кашынан
Алтын-Көлүм, Ала-Тоом деп сагынган.
Монгол  Чыңгыз – канкор болсо ашынган
Кыргыз Чыңгыз – дүңгүрөттү дүйнөнү
Кырып-жойбой калемгерлик жагынан.

Көрк жарашкан Чолпонубуз жылт этти
Көк асманда рух дүйнөбүз тул калды.
Кылымдардан кылымдарга кут келип,
Кыргызыма бир жараткан бул жанды.

Качандыр бир өчкөн оту жагылып,
Кайра дагы ал төрөлөөр күн барбы.

## КАРТАЙГАНГА

Картайган деп бала кезден билемин
Карыганда көрсө керек атасы.
Бир мектепте, бир класста окудук
Бирге таштап он жылдыктын партасын,
Андан бери кырктан ашык жыл өттү
Аздап барат аз жашоонун барасы.

Кайда барба, кимди жүрбө башкарып
Классташтык-теңтуштукту барктадың;
Комсомолдон компартия такшалтып
Кыйын кезде белетиңди таштадың.
Кызматым жок, тагдыр ушул дегенде
Кызмат берип талабымды аткардың.

Турмуш бөрү – азыр көптүн азабы
Тууган эмес, уул атасын таанытбас.
Картайганча Какем ишке жарады
Кайындары, уул-кыздары таналбас.
Жолукканда кучак жайып, кеп курап,
Жазабыз чер-курч тамаша аралаш.

Жолдоштукта мындан башка не калды?
Жолбун өмүр кетээр бир күн жазгырып.
Кечээ эле классташтык партадан
Келбедикпи жаттап окуу-куралды.
Көз өткөнчө кадырлашып туралы
Көңүл гүлүн кезиккенде жаз кылып.

## НЕБЕРЕМ АЛИХАНГА

Кечээ эле
Көкүрөктү зыл басып
Көмүлгөмүн
Көз жашыма чыланып.
Кеткендердин
Ордун басып бер дегем
Небере тилеп
Жараткандан суранып.
Бүгүн мына!
Балкып жүрөк кубанды,
Аруу дүйнө
Алиханым көз ачып.

Али болсун
Атахандын иниси
Атын койдум
Мыкты чыгат кимиси?
Узак өмүр,
Ден соолугун чың берсин
Тилегеним –
Көкө Теңир бир өзү.
Биз кетээрбиз…
Өткөндөрдү унутпай
Ала жүргүн
Атаңардын бул сөзүн:

Кайда барба
Кимдин болбо жанында,
Куунак көңүл
Кенен болсун пейилиң

Кыргыз-казак…
Кыраандык бар каныңда,
Калем күчүн
Коштоп жүрсүн өмүрүң.
Түтсөң уулум
Түмөн түйшүк талант бар
Түрк атаңдан
Түптүк тайың Шатыдан.

Ата салты
Кан жаныңдан арылбас,
Ата-тегиң;
Ак-Суу Арык тукуму,
Эр кишинин
Үчөө болот төркүнү;
Экинчиси
Таятаңдын Шатысы.
Үчүнчүсү –
Кайын журту жарашса
Эр жигиттин
Ээрин оңдоор бактысы.

Кана, уулум!
Көңүлгө түй абыдан;
Куу дүйнөгө
Көзүң ачтың жаңыдан,
Келип-кетме
Көз ирмемдик өмүрдө;
Айкын жолдон
Ашуу, белес, ташы көп;
Адал эмгек,
Аппак, тунук сезимде
Акыл менен
Ата жолун басып өт.

## ТОЗОКТУН ЖОЛУ

Алды кенен
Бөтөлкөнүн оозу кууш,
Арам суусу
Жыргатканы бир укмуш.
Аздап-аздап;
Айдап төмөн түшүрүп
Акырында
Азап андан кутулуш.
Түбү терең
Бөтөлкөнүн оозу тар,
Азгырыгы;
Арбап, анан козутар
Билинбестен
Чөгө берип, ал тайып,
Чыгалбайсың
Анын алды күбүр-жар.
Азезилдей,
Жин-перидей арышы;
Азгырганы –
Жин-шайтандын жарышы.
Азыр сыйлуу
Арак, «мастык итчилик...»
Ансыз өтпөй
Аш-тойлордун баарысы.
Арак ичет:
Аял, жашы, карысы;
Табылгансып
Так ажалдын дарысы.
Акыры көбү
Андан чыкпай калышат,
Өтө сейрек
Өзүн кайра табышы.

## КӨЗҮ АЧЫК

Ким айта алат
Кимдин канча жашаарын?..
Кине таппай
Кимге гана барбадым
Көзү ачык деп
Көптөн далай уккамын
Кана деди
Колду жайдым бет маңдай:
Карап ойлуу
Аруу келин ак маңдай;
Али жашоо
Арбын деди алдыда
Алаканым
Айтып берип жаткандай.

Алты дабан
Ашуу ашып калганда
Арсар жүргөм
Аз деп жашоо жалганда.
Аппак келин
Айдап салды санаамды
Алла Таалам
Айнытпас дейм жалганга,
Ал аңгыча
Аз-көп дебей, ашыгып
Андан бетер
Арбын жазып берерим
Кубат берчи
Калем учка, дарманга.

## АРЫЛАГАН САЙЫН

Кимге менин;
Калемгерлик-жазганым…
Кыйнап жанды
Күүдөн-күчтөн тайганым?!
Күүлөп канат
Калем арыш кергенде;
Карылык дейт:
«Калды канча салмагың?..»
Калса-калсын!
Калган өмүр меники…
Калем жолу
Улап кетээр аржагын.
Элим барда;
Эң кадырман, окурман,
Эне тилин
Эл кастарлап окуган.
Дарек-дартын
Даана жазып сүрөттөйм,
Дале коркпой
Дардайгандын сотунан.
Сансыз ойлор,
Сагынычтар жазылбас;
Сайран курам
Саябан өмүр чотунан.

## ЭМИ КАЧАН?

Отурам ооруксунган ойго батып…
Онтоткон оор турмуштун даамын татып,
Ойрондор кызаргандан танбай алды
Ортого эл жыйгандын баарын басып,

Өзүм деп көзү тойбой катып турат
Өзүмчүл коркоолордон ыйман качып.

Качан биз андайлардан арылабыз?
Качты го жеп-тоногон падышабыз.
Кайрадан теңдик заман келди десек
Кайра эле кузгун журтка баратабыз.
Дүйнөдө: дүйнө тааным, баа кымбат – деп
Дүргүтүп элди соруп жеп атабыз.

Жаштары жумуш издеп тентип калды
Жалданып таштап кетти бүлө-жарды
Жан багуу – парыз десе, кай бирлери
Жуунду ичип кубанышат толсо карды,
Кыргызстан өнүп-өсүп калды дейбиз
Кыргыздын бир ууч – байы, көбү жарды.

## АКЫЛГА ЖАРАША

Даанышман кара нардай көтөрүмдүү
Дайыма карапайым, жумшак жүрөк,
Чалышман, жел шарындай көтөрүлүп
Чалыштап башкалардан өйдөсүнөт.
Ар кимдин өз деңгээли – акылы бар;
А мезгил өз ордуна коюп жүрөт.

Ыргыштап байлыгына чиренген бар,
Ыйманы мансабына алмашкан да.
Кайрылып келбесе да ар-намыс, ар
Кай бири эсине келет адашканда.
Барыдан: ичтен күйүп, түтөп кетем;
Байлыгынан, бийлигинен бааланганда.

Алтынды кум-ташынан ирегендей
Акыркы могикандар аздап барат,

Насвайды уу чекенден ийлегендей
Наздыкты ыймансыздык басып барат.
Азыртан андай жолдон кайрылсаңар…
Акыры кыргыз калкым журтун табат.

## ТЕРМЕ

Аял – өмүр тамыры
Ар кимдин алган жары бар,
Таалайына жазылган;
Кең пейили, тары бар.
Кээси момун, кээси тоң,
Эри менен иши жок –
Эрибеген кары бар…

Эс-акылдан бошогон;
Этине бөзү жабышып
Эрди-башын жошогон,
Эки көзү көгөрүп
Мокочого окшогон,
Эндиктен башка иши жок;
Эркелеп жүрүп эрине
Экиленген дагы бар.

Келбетине мактанган
Келсе мейман жакпаган,
Кем көрүп алган күйөөсүн
Көрүп калса актанган
Байкабай келер эртеңин
Баласын төрөп таштаган.
Барсагай көңдөй, челек баш
Байырлап үйгө жатпаган,
Басанаак деген аял бар,
Бардыгына жагам – деп
Бир эрине батпаган.

Кыңыр иш жылма жасаган
Кылтыймасы дагы бар;
Кылгыра карап эрине
Кымбат кийим алдырат,
Кымбатым жалгыз сенсиң – деп
Кылактап эстен тандырат.
Кыйланын көзү күйсүн – деп
Кынаптап тишин салдырат,
Кыдырып жүрүп келсе да
Кылча арам санатпай
Кайра, жемелеп койчу жагы бар.

Айла-амал менен жашаган
Аялдын нечен жаны бар;
Эл көзүнчө эрине –
Эбелек болуп жүгүрөт,
Үстү-башын тазалап
Үбөлүктөй түрүлөт.
Жанымдан артык көрөм – деп
Жалжылдап карап күбүрөп,
Кайрылып үйгө келген соң
Кантсем да сага жакпайм – деп
Каарып салчу жагы бар…

Киши деп эрин санабас
Кийиктей жапан аял бар;
Мен багып жүрөм муну – деп
Мээсин эзип жемелейт,
Бардыгын өзүм тапкам – деп
Балдарын ага теңебейт,
Каадалап сыйлап төркүнүн
Кайың жагын тебелейт,
Канчалык кайрып айтсаң да
Кайпактап турат жаман эр
Кабылса мындай аялдар.

Оозу кара, өңү сур
Ойдурма көз аял бар;
Отурган элди элебей,
Ооздугу жок байталча
Оозуңдан сөздү талашып
Оңурандап бир тиет,
Кайрылсаң калдың балээге
Кайдагы чукуйт жараңды,
Кайпактап жерди карайсың
Калгансып итке таланды,
Кор болгон бир шор дейсиң
Кокустан муну алганды.

Сулуу деп өзүн санаган
Сурма көз, тору аял бар;
Сулуу деп койсоң сүзүлөт,
Суусунуң каныл аялдан,
Супсунуң сууйт заматта.
Суракка түшсөң жан алган,
Соо эмессиң, айткын – деп
Солуктап турса жел таман.

Бура баскан аялдын
Бурулуш жагын санадык,
Бурайт жакшы-жамандык
Бу дүйнөдө кызык көп,
Жаман-жакшы жар менен
Жашап турса амандык,
Эч таарынтпай аялдын
Эми, жакшы жагын санайлык:

Аймалап кара түндө да
Ай нурундай чачылган,
Аттырып келип таң менен
Алтын күн демин чакырган,

Албырткан мээрим аял бар
Аңкыган гүлдөй ачылган.

Акыл-эс түбү тереңдер
Ата-эне мыкты берендер
Артынан улап көктөгөн;
Арбын оокат – байлык – деп
Азгырса турмуш көппөгөн
Ал дагы тагдыр-жазмыш – деп,
Аз дүнүйөгө чөкпөгөн,
Алдырып жашоо тепсе да
Ачуу жашын төкпөгөн,
Ак көрпө жайыл аял дейт
Анда-санда келгендер
Кабылса жолдуу жигитке
Кайрадан чыгып берендер.

Ою терең, колу наз
Оор турмушка ноюбас
Опол тоодой карааны;
Алдын ала акыл таап
Алыстатат балааны,
Бүлөгө – аял, сыртта – эр
Бүйрө багып баланы,
Бали деп тууган энесин
Башкалар айтат баянын,
Ал – аялдын сырттаны
Ар адамга жолукпас.
Арбалып калып капыстан
Азамат эрдин жолун ач.

Ийменген сулуу көп белем
Ичи-сырты төп келген
Илгиртпей өскөн жашынан;
Жакшы жагын билесиң…

Жасап берген ашынан,
Кайсы убак болсо да
Жайнаган кабак-кашынан,
Сөөлөт-намыс, ой-терең
Сөздөрү болбойт ташыган;
Ушулардан чыккандар –
Улаган элдин тукумун
Уюткусу деп келем.
Умтулуп калган жигит көп
Убайым тартып жетпеген.

Айтпасак да бардыгын;
Албуут кенен, тардыгын,
Азыраак козгоп көрөйүн
Азыркы заман жардыгын.
Аялуу деген жан калып
Абийири кеткен заманды
Аял менен уй багып
Айласы кетти калкымын.
Арбыды ээлеп базарлар
Араандай ачып алкымын.
Кыз-келин жанын багам дейт,
Кызаңдатып такымын.

Дармансыз көбү: тыйын зар,
Дандады байлар-кыйындар,
Даакысын кийип пул табар
Даам сызбай тиктейт куу базар.
Далысы чыгып уркуйган;
Далдайып, арык куркуйган,
Дайыма топтоп көп аял
Дандуулар үчүн бул базар.

Канышам деп жалынган
Кадыр-барк кетти жарындан,
Карайлап тентип пул издеп

Канча аял кетти айылдан?!
Күн эмес жылдап жоголсо,
Күйөөлөр кантет айрылган?
Кембагал-кедей көбөйдү
Кемибей байлар жаңырган.

Какшаткан суукта бириндеп
Канчасы кетти Сибирлеп...
Көмгөнгө сөөгү келген бар
Көк шишик басып ириңдеп.
Көксөгөн менен балдары
Көмүлөт кайдан тирилмек,
Күнөөнү кимге коём – деп
Күйөөсү жооптон түңүлөт.

Оозанбай аял таң заардан
Отурат кечке базарда...
Олжосу-азык келкел дейт
От жагып эри казанда,
Окубай калган балдары
Онтоткон турмуш айынан,
Айласыз жүрөт жандары
Ашпаса кантет чайынан.

Ыйлакча-челдей көлкүлдөп
Ыксырап жатса бир аял,
Ыпым жанга жан сатып
Ыйламсырайт бир аял
Жалаң аш-той мааракe
Жададым десе бир аял,
Муун эртеңин ойлобой-
Муңкурап «Орбит», «Бонд» сатып
Музда отурат бир аял.

Доллар баасы бир үйлүк
Допу кийсе бир аял,

«Дордойдон» жанды багам – деп
Доого кетти бир аял...
Кийин-кийин иргелип –
Китептен окуп, таң калар...

Айлыгы тургай, жумуш жок
Аргасыз эрлер бекерпоз...
Тамагын жасап, кирин жууйт
Тапканын аңдып аялдын.
Келечек жарык, үмүт аз
Кегимди кимден аламын...
Аялдан мээрим жоголсо –
Анчейин жашоо заманың...

Тукумдаш: аял – келечек
Тукумдан чыккан жаңыдан
Туу болор эл-журт адамың
Турмуштан көрүп өзүңдөй
Туурасын жазды каламым.

## КӨЛ СЫРЫ

(Поэма-дастан)

### 1

Мекеним-кыргыз жери: жашыл талааң,
Менменсип Ала-Тоосу булут чалган
Боорунан агып түшсө сансыз салааң
Булактын тунуктугу! Даамы балдан,
Керемет кыялымдан килем токуйм –
Кээ бирде: «Бейишпи!» – дейм унут калган.

Жайлоосу, калың токой, чөбү белден
Жашыл түс мезгилдерге баш ийбеген.

Салкындап жандүйнөң да сергийт экен
Сампарлап ырлар толкуп жан эргүүдөн.
Кайрадан өткөн өмүр келет нечен
Кайрылып жаштыгыма таазим этем.

Күтүрөп баягыдай толгон мал жок
Күнгөйү түркүн гүлгө толгон белем!
Жапайы жан-жаныбар жойлоп кенен
Жарашып токой көркү жетпес ченем.
Кол жайып жаратканда тилеп турдум,
Коргой көр жеримди деп бөтөн көздөн.

Арылап жол бийиктеп ашып төрдөн
Асманга жакын барсаң түтөп өрдөн,
Ажайып укмуштуу бир көл көрөсүң
Аппак нур аруу тилек сыр чөгөргөн,
Аруулап бабалардын доошун тыңшап
Алардын арбайына таазим кылдым.

Асмандан бир ажайып укмуш көрдүм
Арылап күн нурлары батаар кезде:
Аксакал бир карыя ээлеп төрүн,
Ак Чолпон кыз отурат жайнап көзү.
Арыбай ээрчип келет болбос ката
Азыркы ыйык аты Чолпон-Ата,
Алыскы жүз кылымда болгон экен
Айдай кыз Чолпон менен ыйык Ата...

**2**

Чочулап не кылайын эми дайын
Чоо-жайын баяндайын ыйык жайдын:
Чолпон кыз энесинен эрте ажырап,
Чоочуркап калган тура жалгыз жарым.

Чоголдук эне кем да кайдан болсун
Чоңойтуп ата гана болду жакын.

Жашынан Чолпон сулуу атка конду
Жадырап барган сайын айдай толду.
Жандан да шундай сулуу чыгабы – деп,
Жалдырап сугу арткандар кетпей койду.
Жаш жигит жан курбусу болсо мейли
Жанчаркан алам дептир берип тойду.

Байлык да, бийлик дагы болбос жалкы
Баарыдан бийик турар каада-салты …
Байкуш да, атасы да кубанар – деп
Багым деп Чолпон сулуу тутанар эп,
Бааланып берер калың жуучу кетти
Баары бир кан төшөгү жаңырат – деп.

Айтылды баба салты, кандын нээти
Айныбас айттырган соң журттун ээси.
Арга жок кан сөзү эки болбойт десе,
Ары жок, теңи эмес да! – деди кээси.
Аттигин! Кандыгына чиренген жан,
Атамдай карысың деп кантип айтам.
А балким? Сурайынчы атам не дейт,
Алдыртан кыя карап көөнү зилдейт.

Атанын тили кургап, үнү катты,
Аталык намыс түтөп ойго батты.
Аттиң! – дейт, жараткан маа байлык берген
Атылган октой өттү бийлик деген.
Атымды экөөнө тең алмашпастан,
Атандым-акылга бай, сөзгө чечен.
Акылын кыз ниетин байкайынчы
Акыры кызым өзү не дээр экен?

Жазмышка баш ийбеске арга барбы,
Жаалданса бийлиги бар, биз го жарды.
Жан кыйып, жер которуп качкан менен
Жан ата, каным билбейт намыс-арды.
Жабыркап карыганда кор болгончо
Жанчарга токол болуп барган жакшы.
Жалгызың жанга шерик, убай болсун
Жадырап жыргап өткөр жалгыз жанды.

Менин го өттү өмүрүм алда-кайда
Мейкинде сен ачылдың жаңы гана
Мемиреп жашоо күнүм батып барат
Мени кой, жолуң узак, өзүңдү ая?!
Мелтиреп ата кайра ойго батты
Мейли деп өз өмүрүн тилеп жатты.
Менменсип келген жуучу канга барып
Мелжеген кыздын оюн төкпөй айтты...

### 3

Ал кезде тоо ортосу ойдуң экен...
Айбыккан алты дубан эл биригип,
Айланта тосмо чепти курган бекем.
Ар тарап кан Жанчардын калаасы – деп
Арадан жылдар өткөн нечен-нечен.
Алышкан кас душманы ажал тапкан
Айтылуу чеп түбүндө сырттан келген.
Аскасын булут чалган Ала-Тоолор
Айланта чепти курчап турар эле
Ал шаардын чок ортосу капкакталып,
Алдынан кайнар булак чыгар эле.

Кайрылып кыз болжогон күн да келди
Кан Жанчар: Чолпон сулуу кайдасың – деп,
Калтырып калаа-чебин ашты белди.

Калк кейип, душман билсе не болот – деп
Калтаарып кала берди жаман сезип,
Кайрылып качан келет кан айтпады
Кайылдык кан жүрөгүн ээлеп алган
Кайталап жуучу айткан элес келип.

Шол кезде Чолпон белге чыгып алды
Шок жүрөк уйку бербей тынчын алды.
Шоонадай жылтылдаган нурлар чыгат
Шоораттуу чеп-калаага көзүн салды:
Шаарбы же шайтан оюн талаабы – деп
Шаанисин табалбастан таң атырды.
Шаң менен кан кошуну көрүнгөндө
Шатырап… чагылганы тарс атылды.

Аңгыча алда кайдан шамал улуп
Ашуу-бел алай-дүлөй бороон чапкын;
Аптыгып аба жетпей дем кысылып,
Асманга алып учту куюн баарын.
Ашууга жетип-жетпей кошун чөктү.
Ак тоолор этегине кыян агып…
Алты күн, алты түнгө созулган дейт,
Аккан суу, жааган жамгыр долуланып.
Алты шаар, алты дубан калган экен
Алдынан арашаны тик атылып.

Анын азыр айтыш бир топ кыйын:
А бирок асманда экен Чолпон сулуу.
Атадан эч аябай бала сыйын
Азыркы Ыйык-Көлүм жаралган дейт
Астында калган шаарга катып сырын.

Ошондон ушул күнгө таңда-кечте
Ортодон он миң жылдар өтсө дагы
Ободо Чолпон ата, али эсте:
Ордунда мелмилдеген деңиз калып
Ойдундан эч табышпайт ошол шаарды.

Обдулуп толкундары, жээкте калкы
Ортоктош бардыгына аймак алты
Ошол көл Ысык-Көл деп аталганы
Оо, канча орду толбос жылдар акты.
Опасыз адам өтөт, дүйнө калар…
Отурат жерге такыр түшпөй алар
Орду бар жерде дагы ыйыктардын
Орнотуп урпактары күмбөз салар…

## КӨР ЗАМАН

Азыр бизде:
Эмне жакшы, не жаман?
Бай-кедей деп
Иргеп койду бул заман…
Талап-тоноп
Байыгандар – жакшылар,
Адал жашап,
Так жүргөнгө тар заман,

Азыр бизде:
Эмне жакшы, не жаман?
Алдым-жуттум
Акчалуулар бардталып,
Адал жашап
Алганы аз – мен жаман.
Жамандалып,
Жайрады өткөн тең заман.

Азыр бизде:
Эмне жакшы, не жаман?
Абийир калбай
Пейил тарып кууpаган,
Пенде барксыз;

Улуу-кичүү сыйы жок,
Сүткор жакшы,
Дартын айткан эл жаман.

Азыр бизде:
Эмне жакшы, не жаман ?
Маңызы жок
Тантып-оттоп ырдаган,
Ыркырашып
Сөөк талашкан иттерче…
Кыяматка
Келип калган көр заман.

## САЛЫКЧЫ МАЙКӨЗ

Дүйүм тамак: кең дасторкон толтура,
Тегеректеп чоң курсактар олтурат
Кичүү дебей мейманга сый жол тура;
Төрдө Майкөз сөз баштады кеп улап:
– Кичүү дебей аксакал деп сыйладың,
Ал анткени начендикмин! – деп турат
– Ооба, ырас, туура!– дешти карылар
– Сиз аксакал! Сиз – атабыз! – деп кынап.
Андан бетер Майкөз күчөп дардайды
Бооз катындай чоң курсагын көп сылап.
– Энем өлдү, баарың тегиз көрдүңөр;
Ата-энемдей камкор көңүл бөлдүңөр.
Жок болсо да, бир мен үчүн карыздап
Торпок, жылкы, уй жетелеп келдиңер,
Өлсө мейли – өлүмдү берсин карыдан
Мени кошо сый-урматка көмдүңөр!
– Эмне дейт, кокуй!? – шыбырашат кемпирлер:
Кайгырбастан, мал жыйганга кубанып,
Кап арман!? – деп кечээ өлгөн энесин
Кайра туруп, дагы өлсө деп турабы?..

– Кой, шүк!? – деди көзү-башы алактап;
– Иштен айдайт, чалып калса кулагы.
Майкөз дешет өз аты өчүп какшыгы,
Тээ башынан элди соруп, жеп жүрүп,
Көрбөй калган улуу-кичүү, жакшыны.
Ташый берип жогор жакка тапканын
Азыр аның салыкчынын баштыгы;
Жерди алган нечен жүздөп гектарлап;
Жыйнап берет – күздө бышын аштыгы.
Ойдо-тоодо толгон менчик малы бар;
Төлдөй – өлбөйт: арбып туяк ашыгы.
«Мен деген – мен! Соём-жоём!» – деп турат,
Дене-боюн май басып,
Катмарлап көздүн акшыгы...

## СЕКИДЕГИ АК ЧАТЫР

Күнү-түнү кагаз тиктеп олтурам
Күлүп-жайнап көңүл күүсүн толтурам
Кээде мүргүп, жандүйнөмө чок түшсө,
Келген кутту кээде таппай кор кылам.
Кейибестен өткөнүнө мезгилдин
Кээде кейийм кеңдигине теңирдин;
Кай бир жандар кагаз, тамга таанныбай:
«Кыйрат, же!» – дейт, баркы ошол өмүрдүн.

Өтүп барат мезгил-дайра токтобой
Өмүр менен эсептешип чоттобой.
Өткөн менен, кеткен менен иши жок
Өскөндөр бар жандүйнөсү боштогой.
Жанды сабап жазма-кагаз максатым
Жарды жашайм-каралы жок ак затым.
Жандүйнөгө Теңир баркты бергенде –
Жашаар жерим-болмок беле ак чатыр.

## ЖАҢЫ БАГЫТ

Мынчага келди кары – деп.
Санаба менин жашымды.
Кырк жылча жыйнап дары кеп
Таптадым дулдул атымды.
Кумунан иргеп алтынды;
Чыгара турган кез келди
Байгеге кошуп бактымды.

Жаш курак өтүп кетиптир
Изденген түйшүк күн менен
Денемди жылдар жешиптир
Жазмыштан бөлгөн бир ченем.
Жандүйнөм жапжаш, кепкенен;
Жаңыдан баштайм жашоомду
Аңгеме, повесть, ыр… менен.

## КЕЧТЕГИ ОЙЛОР

Өттү-кетти
Кайран күндөр кайрылбай
Өргүп-кайрып
Бу дүйнөнү жай кылбай.
Жан-жашарып
Кыйноо тартып жыргаса,
Дене карып;
От-жалынын кайралбай.

Куш талпынат;
Түшүнө кирип таруусу,
Сызайын дейт
Баягыдай канатта жок каруусу.

Бизге келээр
Кайкып өткөн бир учур;
Чанда болоор
Аны кармап алуусу.

Жан эңсесе –
Жан жыргаткан кумарды,
Денең каалайт
Тынч уктатар бир жайды.
Жаралгандан
Эч бирикпей келишет,
Өзгөрбөгөн,
Түгөнбөгөн бул кайгы.

## ЭЛЕГИЯ

Келмек бар, бу дүйнөгө жашты төгүп,
Көз ирмем, жашоо жалган, пенде көлүк
Кезегиң келген кезде кете бермей…
Көмүлүп жер алдына денең өлүп.
Көрпендем! Көр дүйнөң да опаа болбос,
Канчалык жыйган менен терди төгүп.

Кайрыбас, кайран өмүр кайра тартып,
Кең дүйнө жаралгандан келген тартип.
Кандайдыр, сыйкыр күчкө үмүт артам,
Келчүдөй, Шаршен досум азыр кайтып?!
Келбеди, кайрылбадың, айлар өттү,
Кан жуткан боз мүрзөнү шыбак басып.

Кантели, мындай тагдыр ар башта бар
Кан-жаның, укум-тукум жашта калар.
Жакындар, ага-тууган, уул-кыз эстеп,
Жыт чыгарып, куран окуп, дуба салар

Кайрылбайт, өттү Шакем деген менен
Кай бирде кобурашчу мүнөттөр бар!..

Марина – жан шеригиң, уулуң – Максат,
Минара, Мира кызың салтты барктап,
Чымын жаның айланчыктап мында турар,
Чын дүйнөң бата жайсак кошо алкап.
Мага окшоп жоктоп күйгөн досуң барбы?!
Маңкайган сүрөтүңдү жүргөн сактап.

## АЗГЫРЫЛБА КЫРГЫЗЫМ

Өзүм деген, менчик деген курусун,
Өзүмдүкү, өзүм билем деп турат.
Өзгөнү кой... Өз мекенин унутуп,
Өзүмчүлдө түшүнүк жок эл деген.
Өзгөрүлбөйт ой-тилеги, келе мага бер деген.
Өзүмчүлдө ыйман, урук, улут жок,
Өмүр өтөөр бербей жалаң бер деген.

Ашса дагы көр дүйнөсү башынан,
Ач дүйнөсү тилеп турат дагы деп,
Аяп дайым өз ден соолук ашынан
Андан көрө мага келип турса дейт.
Ага-иниден, балдарынан... баарынан,
Алыш-бериш, берер жагын унутуп,
Ал эзелки аласасын эстей берип таарынган.

Азыр заман – коом өзгөрүп баштагы,
Алдым-жуттум, жеке менчик тамырлап
Аска-зоо да, соодаланып баш дагы,
Акча – өмүр деп, пулга теңеп таштады.
Атадан да, баладан да бийик баалап акчаны.
Азгырылбас-өзгөрүлбөс кыргыз гана түтөөр дейм,
Ал анткени тукум дебейт жандүйнөсү ачканы.

## КЫЛ ЧОКУ

Буруксуйт карагай-чер, тоонун жыты,
Бейиштей, береке дейм тоонун куту.
Бул кылым сени таштап кетерим чын,
Бу жерди нечен басар тукум буту.

Азаарда кыл чокуга келдим чыгып,
Аттигин!? Кеткен экен жаштык жылып.
Алымды жеткичекти бир байкадым –
Апай төш, тик кыяда буттар кызып.

Кайтпадым, эңсеген эрк – талбас денем,
Качандыр... кырк жыл мурда чыккан элем.
Кайыптай сыр дүйнөмдөн күч бергенсиң,
Кыл чокуда көк асманга тийди тобом.

Ыраактан бүлбүл жанып турган менен,
Ысык-Көл теңиримдей ыйык белем!
Ыр сунган укмуш доошун угуп турдум
Ыйык пир – ыр бактына жетпей ченем.

Талаа, төр, бут алдымда жатты кеңип,
Токой-чер тоо боорунда боюн керип...
Таңыркап канат жайып бүркүт каалгыйт,
Тоо уя бош калбастыр кетсе кезип...

## ЖАКШЫ КҮНДӨР АЛДЫДА

Мезгилдер тегеренип – жылдар жылат,
Жашоосу алаксытып – өмүрдөн уурдап.
Пенденин жетилүүсү кыйын экен,
Баскан жол – кээде даңгыр, кээде тайгак.

Кай бирде калбаат, терең ой жүгүртсөң,
Бу дүйнөң жоопсуз калган бир табышмак.

Бардыгын тескеп талдар бир күч барбы?!
Өткөнчө пенде багар чымын жанды.
Куш өмүр кылчайбастан кете берер
Адамзат толук албай колдо барды.
Жол ачып мээрим шамы жанып турар
Барктасаң асыл жандар – адамдарды.

Жашоодо кубаныч бар, кайгы да бар,
Чыдасаң кайтып эмгек, үзүр калар.
Кыйналган оор күндөр унутулуп,
Жанында жарың болсо жарпты жазар.
Кайрылбас өткөн күндөр кете берет,
А бирок алдыда көп жакшылыктар.

# МАЗМУНУ

Кайратман калемдешим........................................................3

**ТООПИР. 1-бөлүм. Проза.**

Тоопир ................................................................8
Асылым ................................................................15
Кара куурдак ................................................................24
Калтар ................................................................33
Анастасия ................................................................42
Өлүк карызы ................................................................62
Канжол ................................................................69
Жаңы кошуна ................................................................79
Тост ................................................................87
Балжан ................................................................97
Ээн дүйнө ................................................................110
Көртай ................................................................120
Сыр ................................................................128
Бекейдин беш миңи ................................................................146
Үчалат ................................................................153
Дулдул ................................................................160
Таяке-жээндин тамашаларынан ................................................................166
Аян ................................................................177
Кантак ................................................................189
Үркүнбайдын үч аңгемеси ................................................................194

**АУРА. 2-бөлүм. Поэзия.** ................................................................211–350

*Көркөм-адабий басылма*

**ЖЭЭНБАЙ ТҮРК КҮЛӨНБЕК УУЛУ**

# ТООПИР

*Тандалмалар*

Редактору *Айдарбек Сарманбетов*
Басманын редактору *Жакин Теңирбергенова*
Корректору *Айгүл Сардарбекова*
Компьютердик калыпка салган *Нурлан Кыдыков*

Терүүгө 15.09.2009-ж. берилди.
Басууга 17.12.2009-ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{32}$. Көлөмү 22 б.т.
Нускасы 1000. Заказ № 406

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек шаары, Жибек жолу пр., 466.